
Ж. Атышов

# Кыргызстандын туризм географиясы



А 92

·Кыргыз Республикасында гуманитардык билим берүүнү өзгөртүү·
ПРОГРАММАСЫ

К. АТЫШОВ

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ТУРИЗМ ГЕОГРАФИЯСЫ

Дар Фонда Сороса-Кыргызстан
Кыргызстан-Сорос Фондусунун белеги
264300

БИШКЕК – 1996

ББК 26. 891. я. 72
А — 32

Бул китеп «Кыргыз Республикасында гуманитардык билим берүүнү өзгөртүү» программасынын талаптарына ылайык Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги менен бирдикте «Кыргызстан — Сорос» фонду тарабынан чыгарылууда.

Программанын спонсору белгилүү америкалык финансист жана философ Жорж Сорос.

«Кыргызстан — Сорос» фонду бул китепке өздөрүнүн ой-пикирлерин, сындары менен сунуштарын айтуучуларга өзүнүн ыраазычылыгын билдирет.

**Атышов К.**

А — 32 Кыргызстандын туризм географиясы: — Б.: 1996—152 б.

ISBN 5—7499—0037—1

**1865080000 / А М 455(11) — 96** **35—1996** **ББК 26. 891. я. 72**

Туризм географиясынын калыптанышы жана өнүгүшү илимий жактан али жеткиликтүү иликтене элек. Китепте туризмдин өнүгүүсүнүн илимий-теориялык өзгөчөлүгүнө жалпы баяндама берилип келип, андан ары Кыргызстанда туризмди калыптандырууга өтө ыңгайлуу табигый шарттар бар экендигине, келечекте туризмдин түрдүү тармактарын, инфраструктурасын, эл аралык туризмди өнүктүрүүнүн концепциясын камтыган маселелерге өзгөчө көңүл бурулат.

Китеп республиканын жогорку жана атайын орто окуу жайларынын студенттерине, ошондой эле туризмди өнүктүрүү ишине ынтызар окурмандарга арналат.

ISBN 5—7499—0037—1 © «Кыргызстан — Сорос» фонду

## КИРИШ СӨЗ

Жыйырманчы кылымдын экинчи жарымынан тартып туризмдин өтө тез өнүгүүсүнөн улам, азыр ал дүйнөлүк экономиканын структурасына, айрыкча көп өлкөлөрдүн чарбасына кыйла таасирин тийгизүүдө. Туризм географиясынын мааниси экономика тармактарынан башка дагы эл аралык саясат, маданият, социалдык чөйрө, илим, билим жагдайында кыйла кеңейип жатат. Кыргызстанда, тилекке каршы, туризмди өнүктүрүү иштери азырынча али начар жүргүзүлүүдө, тоталитардык бийлик учурунда республикада бул багытта тиешелүү адистер даярдалбай, илим изилдөө иштери жетиштүү жүргүзүлбөй, жаратылыш шарттары эң кооз жерлерге чет өлкөлүк туристтердин келишине тыюу салынып келген. Анын үстүнө туризм социалдык-экономикалык жактан өнүгүүнүн мамлекеттик пландарына да өз алдынча тармак катары киргизилген эмес.

Кыргыз жеринин басымдуу бөлүгүн бийик тоо кыркалары ээлейт. Жаратылыш-климаттык шарттары, рекреация байлыктары, геоморфологиялык өзгөчөлүктөрү жагынан бир караганда Альпы тоолоруна кыйла окшоштугу бар. Ырас, Тянь-Шань, Алай тоолору Альпыдан түштүк тарапта жайгашкандыгы, түркүн өсүмдүктөрү, жаныбарлары, өзгөчө тоо капталдарында өскөн жаңгак токойлору, чокусу асман тиреген тоолордун арасында жайгашкан көлдөрү, жаратылыш-рекреация ресурстарынын али начар өздөштүрүлүшү менен кыйла айырмаланат. Калктын эс алуусуна, туристтердин келишине ыңгайлуу шарттарды түзүп, Кыргызстандын келечекте базар мамилелеринин талабына ылайык эл аралык маанидеги туризм борборлору калыптанган, табылга-кирешеси мол кубаттуу мамлекетке айланышына толук негиз бар. Ушундан улам туризмди республиканын экономикасынын приоритеттүү тармактарынын бири катары өнүктүрүү мамлекеттик деңгээлде талданып, атайын иш-чаралар ишке ашырылууда. Мындан үч жыл мурда Кыргыз Республикасынын туризм жана спорт боюнча мамлекеттик коми-

тети (азыр министрлик) уюштурулган. Азыр республикада «Интурист» акционердик коому, үч жүздөй туристтик фирмалар иштеп жатат.

Жаңыдан калыптануу нугундагы туризм тармактарынын ичинен эң келечектүүсү жана кирешелүүсү эл аралык туризм. Аны дүйнөлүк талапка жооп бергидей калыптандыруу талыкпаган эмгекти, билимди талап кылат жана анын экономикалык, социалдык, экологиялык жактан республика үчүн мааниси зор.

Түптөлүп калган туризм индустриясын ийгиликтүү өнүктүрүүгө жана келүүчү туристтерди ойдогудай тейлөө үчүн эң алды менен көптөгөн билимдүү, дасыккан адистер талап кылынат. Мындай такшалган, өз ишин жеткиликтүү, жакшы билген адамдар республикада кыйла тартыштык кылат. Туризм боюнча адистерди даярдоого окуу куралдары жетишсиз. Туризмден кабардар кылуучу мамлекеттик тилде чыккан азырынча бир дагы китеп жок. Ушундан улам окуу жайларындагы география, экономика факультеттеринин студенттерине туризмдин регионалдык өзгөчөлүктөрү, жаратылыш-рекреация ресурстары, өткөндөгү, азыркы жана келечектеги өнүгүүсү жөнүндө тиешелүү маалымат берүү бул окуу куралынын эң башкы милдети болуп эсептелет.

# БИРИНЧИ БӨЛҮМ

## ТУРИЗМДИН ӨНҮГҮШҮ ЖАНА ТУРИЗМ ГЕОГРАФИЯСЫНЫН ЭКОНОМИКАЛЫК ГЕОГРАФИЯ ТАРМАГЫ КАТАРЫ КАЛЫПТАНУУСУ

### 1.1. Туризм географиясы тууралуу жалпы түшүнүк

Кийинки мезгилде туризм индустриясы өтө тез өнүгүп, кирешелүү, өз алдынча олуттуу тармакка айланды. Туризм тармактары азыр дүйнөдөгү калктын басымдуу бөлүгүнүн тигил же бул тиричилигине сүңгүп кирип, кыйла аралашып кеткен. Мындай жагдай бир жагынан, калктын жашоо-тиричилигинин тез жакшыруусуна, илимий-техникалык прогресстин ыкчам өнүгүшүнө, транспорт түрлөрүнүн көбөйүшүнө жана сапатынын оңолушуна тиешелүү болсо, экинчи жагынан, акыл же кара күч эмгегинен чарчап, эс алууга умтулгандардын көбөйүшүнө, ошондой эле ири шаарларда, өнөр жайлуу райондордо экологиялык абалдын начарлап кетишине тыгыз байланыштуу. Ушундан улам азыр туризм тармактарынын ар кайсы илимдер тарабынан ар тараптан, комплекстүү иликтенүүсү да кыйла кеңейип жатат. Мында ар бир илимдин өз алдынча милдети, тиешелүү көздөгөн түпкү максаты бар. Экономисттер туризмди экономиканын бир тармагы катары талдап, анын чарбалык эсеп-кысабынын иштиктүү механизмин иштеп чыгууну, кирешени мол алуунун түрдүү жолдорун табууну көздөшөт. Архитектура адистери курорттордун, эс алуу комплекстеринин, туристтик жана альпинисттик жайлардын, саякаттын ар кыл багыттарынын жергиликтүү жаратылыш, экономикалык шарттарына ыңгайлуу келгидей түрдүү долбоорлорун даярдоону көздөйт. Медицина жаатындагы кызматкерлер туризмдин адамдын ден соолугуна тийиштүү жактарын изилдешет. Ал эми географтар туризм индустриясын аймактар боюнча уюштурууну, башкарууну, калыптандырууну жана комплекстүү өнүгүүсүн иликтейт. Бирок илимдин башка тармактарында изилденген эмгектерди, түрдүү материалдарды дүйнөлүк, өлкө же регион деңгээлинде жыйынтыктоо, кылдат талдоо аркылуу туризмдин башкы багыттарын аныктоо иштери географтарга, туризм географиясынын адистешкен илимпоздоруна гана таандык. Анын үстүнө, туризм географиясын комплекстүү иликтөө туризмге тиешелүү табигый, техникалык,

экономикалык, социалдык жана экологиялык маселелердин көбүн камтыйт.

География илиминин алкагындагы туризм географиясынын ээлеген орду узак мезгилге чейин жеткиликтүү такталбай, талаш-тартыштыкка түшүп келген. Бирок туризм географиясы түпкү тегине, мазмунуна ылайык география илимине карым-катнашы бар тармактарга, атап айтканда, соода географиясына, транспорт географиясына, маданият географиясына, билим берүү географиясына, турмуш-тиричилик жактан тейлөө географиясына, калк географиясына, саясий географияга, медицина географиясына көбүрөөк жакын эле.

XX кылымдын орто чендеринен тартып дүйнөнүн басымдуу региондорунда туризм тармактарынын кулач жайып, тез өнүгүшүнүн жигердүү таасиринен улам түрдүү жыйындар өткөрүлүп, атайын илимий изилдөөлөр жүргүзүлүп, тиешелүү адистерди даярдоого кеңири мүмкүнчүлүктөр түзүлөт. Ушундай ыңгайлуу жагдайдын жаралышы география алкагында туризмди комплекстүү талдоого кеңири жол ачты. Ал эми 1950-жылдардын башында эң алгач АКШнын жана Канаданын илимпоз-географтары туризм географиясы экономикалык географиянын өз алдынча тармагы катары бөлүнүп чыккандыгын коомчулукка жарыялап, анын түпкү маселелерин изилдөөгө аракет кылышкан. Бирок, туризм географиясы дагы жыйырма жылча дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө тейлөө чөйрөсүн камтыган география тармактарынын ичине кирип келген. Ырас, 70-жылдары поляк географтары туризм географиясы экономикалык жана социалдык географиянын өзүнчө тармагы экендигин ар тараптан жеткиликтүү далилдей алышкан. Кийин булар дүйнө жүзүндө алгачкылардан болуп туризм географиясы боюнча окуу китебин чыгарууга жетишкен.

Туризм географиясы азыр экономикалык географиянын эң жаңы тармактарынын бири. Изилдөөчү объектиси — туризм индустриясы. Туризм комплексин аймактар боюнча уюштуруу, калыптандыруу жана келечекте өнүктүрүү анын предмети болуп эсептелет. **Туризм географиясы** — бүт дүйнөнүн, өлкөнүн же региондун туризм индустриясын жаратылыш шарттарына, экономикалык ресурстарына ылайык жайгаштырууну, уюштурууну, башкарууну көздөп, анын өткөндөгү азыркы жана келечектеги өнүгүүсүн комплекстүү изилдөөчү география илиминин тармагы.

Туризм географиясынын теориялык жана методологиялык өзөгүн жергиликтүү, чет элдик географтардын өндүргүч күчтөрдү жайгаштыруу, коомду аймактар боюнча уюштуруу маселелерине байланышкан тектеш илимдерге багытталган эмгектери да түзөт. Мында туризмди өнүктүрүүгө теориялык жактан өбөлгө түзүүчү социалдык-экономикалык формациянын өнүгүү мыйзамдарынан, коом менен жаратылыштын карым-катнашынан жана коомдук

түрдүү агымдар менен табияттын кубулуштарынан тартып, туризмди аймактар боюнча уюштуруу сыяктуу практикалык жактан жеткиликтүү иликтенген материалдар эң эле арбын орун алган.

Географиянын мындай жаңы тармагынын башкы максатына туризм индустриясынын теориялык жана методологиялык өзгөчөлүгүн, жаратылыш, экономикалык, социалдык экологиялык факторлордун ага тийгизген таасирин иликтөө, аны аймактар боюнча уюштуруу жана өнүктүрүүнүн башкы багыттарын аныктоо кирет. Ал эми мындай максатты ишке ашыруу үчүн бир катар милдеттерди чечүү талап кылынат. Алардын эң орчундууларына төмөндөгүлөр кирет: туризмдин түпкү маанисин, социалдык жана экономикалык өзгөчөлүгүн жеткиликтүү иликтөө; экономикалык географиянын жаңы тармагы катары туризм географиясынын теориялык-методологиялык негизин иштеп чыгууну тереңдетүү; жаратылыштык-климаттык шарттарын жана рекреация ресурстарын экономикалык жактан баалоонун негизинде туризм комплекстерин туура жайгаштыруу; экономиканын бир тармагы катары туризм индустриясынын чарба комплексинде ээлеген ордун жана түпкү маанисин жеткиликтүү далилдөө; туризм тармактарынын ич ара карым-катнашын жана алардын бири экинчисине шайкеш келүүсүн тактоо; туризм индустриясынын азыркы абалын, өнүгүү факторлорун жана шартын толук аныктоо; туризм комплекстеринин жана ага тиешелүү бүтүндөй инфраструктуралардын келечегин аймактар боюнча уюштурууну үзгүлтүксүз жакшыртуу; туризм тармактары жайгашкан жерлердин рекреация байлыктарын сарамжалдуу пайдаланууну жана айлана-чөйрөсүн таза сактоону талапка ылайык бышыктоо.

Туризм географиясы өзүнө тиешелүү маселелерди чечүүдө илимдин бир катар тармактарынын корутундуларын пайдаланып, алар менен дайыма тыгыз байланышта болот. Буларга эң алды менен география илими, айрыкча, экономикалык жана социалдык география, физикалык география тармактары, ошондой эле экономика, укук, социология, психология, статистика, демография, архитектура, шаар куруу, экология сыяктуу илим тармактары кирет.

Туризм индустриясын аймактар боюнча уюштурууда анын түрдүү тармактарынын пайда болуусун, жайгашуусун, иштөөсүн жана келечектеги өнүгүүсүн иликтөөдө, экономикалык натыйжалуулугун аныктоодо, көмөкчү чарбаларды жана бүтүндөй инфраструктура комплексинин тигил же бул варианттарын пайдаланууда, туристтердин агымын изилдөөдө, рекламаны кеңири таркатууда экономикалык географиянын туризм географиясына илимий жактан көрсөткөн көмөгү өтө баалуу болуп саналат.

Физикалык география көбүнчөсү туризмге ыңгайлуу жерлердин табигый шарттары, минералдык булактары, дарылык касиети күчтүү баткактары, жаратылыш эстеликтери сыяктуу түркүн ре-

сурстарын комплекстүү баалоодо, жаратылыштын аймактар боюнча комплексинин рекреация тармактарын жайгаштыруудагы потенциалдык мүмкүнчүлүгүн аныктоодо жана түрдүү антропогендик терс таасирлердин алдын алууда чоң роль ойнойт.

Туризм географиясынын аймактык-рекреация системасын изилдөөчү рекреация географиясы менен өтө тыгыз байланышы бар. География илиминин бул тармактарынын түпкү теги жагынан окшоштук жактары көп. Анткени, аймактын рекреациялык мыйзам ченемдүүлүгүнүн калыптануусун, өсүү динамикасын, жалпы түзүлүшүн аймак жана тармактар боюнча дифференцияланышын, ошондой эле интеграцияланышын рекреация географиясы аймактык-рекреация системасынын алкагында талдаса, туризм географиясы буларды аймактык-туристтик комплекстердин деңгээлинде изилдейт. Ырас, туризм географиясы көпкө чейин рекреация системасына тиешелүү туристтик комплекстерди аймактар боюнча уюштурууну изилдеп келгендиктен рекреация географиясынын олуттуу тармагы катары белгиленип жүрөт. Чындыгында, жыл өткөн сайын туризмдин мааниси артууда. «Туризм» термини алгач жөө, жайбаракат сейилдөө маанисинде гана түшүнүлүп келсе, кийин туризмдин тез өнүгүшүнөн улам саякатчылыктын бүт түрүн камтуучу кеңири түшүнүккө ээ болгон сыяктуу эле азыркы туризм географиясы да, рекреация географиясынын алкагынан чыгуу абалына жетип калган өз алдынча тармак катары баалоого болот.

Медицина географиясынын туризмди аймактар боюнча калыптандырууда жана өнүктүрүүдө жаратылыш-рекреация, социалдык-экономикалык жана экологиялык факторлордун рекреанттардын ден соолугуна, эс алуусуна жана эмгектенүүсүнө тийгизген таасирин, түрдүү дарттын таралышын так аныктоого, ошондой эле алардан учурунда алдын алууга кошкон үлүшү зор.

Жалпы экология илими туризм аймактарында дарыланган, эс алган, саякатчылык кылган рекреанттарга айлана-чөйрөнүн табигый шарттарынан жана антропогендик факторлордун тийгизген таасирин так аныктоого көмөктөшөт. Чарба тармактарынын тез өнүгүшүнөн, автомобилдердин көбөйүшүнөн, кен байлыктарды казып алуунун ыкчамдашынан жаратылыштын көп элементтеринин жабыркашы, булгануусу күчөп, курорт-рекреация жайгашкан жерлерге да терс таасирин тийгизүүсүнөн улам экология илиминин туризм географиясынын алкагындагы мааниси күчөп, тиешелүү маселелери дагы көбөйүп жатат.

Туризм географиясын изилдөөдө экономика илиминин кошкон салымы орчундуу. Анткени, көпчүлүк учурда туризм индустриясына тиешелүү бир катар маселелерди географтар экономисттер менен чогуу кароого мажбур болот. Эгерде мындай иштердин айрымдарын география илиминин өкүлдөрү өз алдынча аткарууга

туура келсе, анда аларга баары бир экономика илиминин калыптанып калган ыкмаларын колдонууга туура келет. Мисалы, туризм комплексин калыптандырууга, өнүктүрүүгө жумшалуучу капиталдык салымдын өлчөмүн жана анын натыйжалуулугун так эсептеп чыгууга экономика илимдеринин ыкмалары сөзсүз керектелет.

Туризм географиясын өз алдынча тармак катары иликтөө процессинде география илиминде тактап айтканда, экономикалык жана социалдык географияда кеңири пайдаланылуучу жалпылай жана атайын ыкмаларды пайдалануу үстөмдүк кылат. Буларга системалуу анализ, тарых, логикалык үлгүгө салуу, статистикалык баланс, салыштырмалуулук, картография, классификациялоо, райондоштуруу, экономикалык-математикалык моделдештирүү, маалымат сыяктуу ыкмалар кирет. Жогорудагы ыкмалардын көпчүлүгү туризм индустриясынын өнүгүүсүн сан жана сапат жагынан илимий нукта иликтөөдө тигил же бул өлчөмдө пайдаланылат.

Система ыкмасы, бир жагынан, туризм индустриясынын өнүгүшүнүн, жалпы абалын, башкы багытын иликтөөгө көмөктөшсө, экинчи жагынан, ал туризм тармактарын аймактар боюнча уюштуруунун өзгөчөлүгүн жана келечегин тагыраак аныктоого жардам берет. Ыкманын мындай түрүн көпчүлүк учурда ээлеген аймагы кенен, рекреация ресурсуна бай, тармактары көп жана ар кыл туризм комплексин долбоорлоо ишин жүргүзүү, калыптандыруу, башкаруу жана келечегин аныктоо процессинде колдонуу кыйла үзүрлүү келет. Туризмдин түрдүү иштерин иликтөөнүн система ыкмасы мурдагы СССРдин аймагында жетимишинчи жылдардын башында эле киргизилген.

Экономикалык-математикалык моделдештирүү ыкмасы боюнча туризмди калыптандырууну аймак жана тармак боюнча да талдоого болот. Моделдештирүүнүн мындай түрүнүн практикалык милдетине биринчиден, туристтик комплекске экономикалык жактан анализ жүргүзүү, экинчиден, бул комплекстин бүт тармагын толугу менен экономикалык болжолдоодон өткөрүү, үчүнчүдөн, туризм системасынын бардык баскычы боюнча башкаруу маселесин иштеп чыгуу кирет. Туризм комплексин экономикалык-математикалык моделге салуу азыр ойдогудай жүргүзүлүп жатат деп баса белгилөө али эрте. Анткени, туризмге тиешелүү факторлор менен көрсөткүчтөрдүн көпчүлүгү математикалык эсептөөгө ойдогудай дал келбей калууда.

Картографиялык ыкма туризм индустриясын аймак жана тармактар боюнча системага салууда, сан жана сапат жагынан анализ кылууда, жаратылыш, экономикалык, экологиялык факторлордун маалыматын интегралдуу картографиялык синтезден өткөрүүдө кеңири керектелет. Мындай топтолгон бай маалыматтар туризмге тиешелүү түрдүү карталарды даярдоодо олуттуу орунду ээлеп,

үлгү катары пайдаланылат. Эң негизгиси картографиялык ыкманы туризмдин бүтүндөй системасын же белгилүү бир бөлүгүн иликтөөгө пайдаланса кыйла үзүрлүү болот.

## 1. 2. Туризмдин өнүгүү жолу

Адамзат коомунун өнүгүшүнө туризм иши эзелтен эле олуттуу таасирин тийгизип келген. Ырас, туризмдин мааниси дүйнөлүк коомдук-экономикалык формациялардын жагдайына, өлкөлөрдүн географиялык абалына, жаратылыш шартына, тарыхый эстеликтерине, экономикалык өнүгүшүнө ылайык дайыма өзгөрүп турган. Туризмдин бара-бара жалпы эле адамзат коомунун коомдук-саясий, экономикалык, илим-билим, дин, маданият жагдайына тийгизген таасири кыйла күчөйт.

Жер шарындагы жаратылыш шарты, жайгашкан орду, аймагынын көлөмү, социалдык-экономикалык тарыхый өнүгүү өзгөчөлүгү менен олуттуу айырмаланган өлкөлөрдүн калкынын ич ара карым-катнашынын өзөгүн эчактан бери туризм түзүп келген. Транспорт түрлөрү начар өнүккөн байыркы замандын шартында эле саякатчылык иши тигил же бул деңгээлде өнүгүп, азыркы анын айрым үлгүлөрү ошол учурда эле түптөлө баштаган. Саякатчылардын түпкү максаты коомдун өнүгүшүнө ылайык, убакыттын илгерилешине карата тигил же бул өлчөмдө өзгөрүлүп турган. Эң алгач алардын басымдуу көпчүлүгү жаңы жерлерди, элдерди жана байлыктарды табууга бел байласа, кийин акырындап соода-сатыкка кызыгып, жаратылышы кооз жерлерди, адамзаттын акылынан жаралган байыркы шаарларды, эстеликтерди, дин нугундагы ыйык туткан жайларды, мазарларды кыдыруу кыйла күч алды. Мисалы, биздин доорго чейинки төрт миңинчи жылдарда эле байыркы Египетке жер шарынын көп жерлеринен динди бекем туткан адамдар агылып келе баштаган. Акырындап дале болсо табышмактуу сырлары арбын пирамидаларды көрүүгө кызыккандардын саны кыйла көбөйгөн.

Туризмдин жигердүү өнүгүшүнө байыркы Греция менен Римдин кошкон салымы да өтө арбын. Бул өлкөлөрдүн туризм саясатынын түпкү өзөгүн ошол учурда экономикалык жактан ыкчам өнүгүү ээлеген. Булар жер кыдырып, деңиздерде саякатчылыкты күчөтүшкөн. Деңиз жээгинин ыңгайлуу бөлүктөрүнө порттор курула баштаган. Бөтөнчө, Олимпия шаарында мезгил-мезгили менен өткөрүлүп келген олимпиада, спорттук оюндары, түрдүү фестивалдар туризмдин өнүгүшүнө зор салымын кошкон. Бара-бара жаңы мамлекеттердин пайда болушунан, саясий агымдардын келип чыгышынан, тынымсыз согуштун кесепетинен улам дүйнөлүк экономиканын өнүгүшү кыйла начарлап, анын кесепети туризмге дагы терс таасирин тийгизип келген. Ал учурдагы туризм ишин уюш-

турган демилгечилер тиешелүү өлчөмдө киреше табышкан эмес. Анткени, туризмдин артынан атайын түшүп, үзгүлтүксүз иш жүргүзгөн ишмерлер али калыптана элек болчу.

Азыркы учурдагы туризмдин өзөгү XIX кылымдын башында калыптана баштаган. Дүйнө жүзүндөгү «Томас Кук жана балдары» аттуу алгачкы туристтик фирманы 1841-жылы англичан Томас Кук уюштурган. Адегенде ал Англия аймагында далай ирет саякат ишин уюштуруп, акырындап тажрыйба топтоо менен туристтерди чет өлкөлөргө алып чыгуу кыйла кызыктуу жана кирешелүү экендигин баамдайт. Ушундан улам Томас Кук 1855-жылы Парижде өткөрүлгөн Бүткүл дүйнөлүк көргөзмөгө катышып, соңунан Европанын башка көпчүлүк өлкөлөрүн кыдырып чыгат. Кийин АКШга барып, туризм боюнча тыгыз байланыш түзүп келет. Натыйжада, ал уюштурган туристтик фирма 24 жылдан кийин дүйнөдөгү эң ири жана бай туристтик мекемеге айланат. Акырындап Американын, Азиянын, Европанын, Африканын көп өлкөлөрүндө өз фирмасынын бөлүмдөрүн ачууга жетишкен.

Кийин Томас Куктун соңунан Европанын бир катар өлкөлөрүндө ар кыл багыттагы туристтик фирмалар уюштурула баштаган. Булардын ичинен туризмдин өнүгүү тарыхына белгилүү өлчөмдө из калтырган ишмер Карл Бедекер өзгөчө баса көрсөтүүгө татыктуу. Бул адам Германиянын далай жерин жөө кыдырып, көргөн-билгенин толук ыраатты менен жазып чыккан. Анда транспорт түрлөрүнүн жүрүү убактысы, дарыялардын ыңгайлуу кечмеликтери, жаратылышы, адам акылынан жаралган эстеликтери, түнөктөрү жана тамактануучу жайлары толугу менен көрсөтүлгөн. Кийин ал туристтерге зарыл керектүү шаарлардын пландарын даярдоого өткөн. Бедекердин адегенде Германия, кийин Голландия, Бельгия жана Швейцария боюнча даярдаган жол көрсөткүч китепчелери чыгып, коомчулук тарабынан өтө жогору бааланган. Мисалы, анын Швейцария боюнча чыгарган жол көрсөткүч китепчеси 93 жылдын ичинде (1844—1937-жылдары) 39 ирет толукталып басылганын эле белгилей кетүү жетиштүү.

XIX кылымдын башында туризмди өнүктүрүүнүн негизги өзөгүн жер кыдыртып арбын киреше алуу ээлесе, кийин чет өлкөлөрдөн билим алууга, дарылануу туризмине жана альпинизмди өнүктүрүүгө көңүл бөлүнө баштайт. Бир катар өлкөлөрдө жаратылышы кооз жайларда, минералдуу булагы, дарылык касиети күчтүү баткагы бар жерлерде талапка жооп бергидей курорт, мейманканалар курулуп, жолдор салына баштайт. Тоо аралап, бийик чокуларга чыгып саякат кылгандар арбыган. Ушундан улам 1857-жылы Британиянын альпы клубу уюштурулуп, анын ар мүчөсүнө төрт миң метр бийиктиктеги чокуга чыгуу милдети жүктөлгөн. Бара-бара Европадагы эң бийик Монблан чокусунун тегерегиндеги тоо кыркалары альпинизмдин очогун түзгөн. Кийин дүйнөнүн эң узун тоо

кыркалары, эң бийик чокулары дагы альпинисттердин мекенине айланган. Ал эми дүйнөнүн эң бийик Жомолунгма (Эверест, Сагарматха) чокусуна (8848 м) жергиликтүү Н. Тенцинг жана Жаңы Зеландиялык Э. Хиллари 1953-жылдын май айынын аяк чениинде эң алгач чыгышкан.

XIX кылымдын орто ченинде туризмдин тармактары көбөйүп, тез өнүгө баштайт. Анткени, ошол мезгилде дүйнөнүн экономикасы өнүккөн өлкөлөрдө алгач темир жолдор салынып, буу менен иштеген кыймылдаткычтар ойлонуп табылып, сапаты дурус чоң кемелер пайда болот. Натыйжада, ишмер адамдар, илимпоздор, спорт, искусство чеберлери жер кыдырып, жалпы эле саякатчылыкка кумтар болгондор үчүн бир материктен экинчисине же бир өлкөдөн башка бир өлкөгө каттоо кыйла жеңилдей баштаган. Америка континентинен туристтер Евразия материгиндеги жаратылышы кооз, дарылык касиети күчтүү курортторго, экономикасы өнүккөн мамлекеттерге көп каттай баштайт. Кийинчерээк АКШ жана Канада өлкөлөрүндө туризмдин өнүгүшү күч алат.

XX кылымдын башталышында экономикасы кубаттуу өлкөлөрдө туризм тез өнүгө баштаган. Бул учурда жаңыдан автомобиль транспорту пайда болуп, туризмге белгилүү өлчөмдө таасирин тийгизе баштайт. Эгерде, Англияда 1904-ж. 8,5 миңдей автомобиль болсо, 1914-ж. анын саны 132,3 миңге жетип, анын түрлөрү дагы көбөйгөн. Бирок, темир жолу жана деңиз транспорту туризмдин өнүгүшүндөгү олуттуу таасирин али сактап кала берген. Ошол учурда жүк көтөрүмдүүлүгү 80 тоннага чейин жеткен чоң кемелер курула баштаган. Булар алгач Атлантика океанын жети күндүн ичинде кесип өткөн. Деңиз транспортунун тез өнүгүшүнөн улам АКШдан Европага каттаган туристтердин саны да арбый баштаган. XIX кылымдын аяк ченинде АКШдан 80 миңдей туристтер келсе, 1914-ж. алардын саны 280 миң кишиге жеткен. Алардын көпчүлүгү Франция, Швейцария, Италия сыяктуу өлкөлөрдүн деңиз жээгине, тоо арасында курулган дүйнөлүк маанидеги тейлөөсү кымбат курортторуна келип эс алып турушкан.

Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин туризм иши кайрадан тез өнүгө баштаган. Анткени, илимий-техникалык прогресстин жетишкен ийгиликтеринен улам ошол учурда дүйнөнүн көп бөлүгүндө автомобиль жана авиация транспорту кеңири таралып, алардын үлгүлөрү кыйла жакшыртылган эле. Акырындап туризмдин географиясы дагы кеңейтиле баштаган. Эгерде, согушка чейин туристтердин басымдуусу Италия менен Швейцариянын аймагына келип турса, кийин алар Европанын көпчүлүк өлкөлөрүнө каттоону күчөткөн.

Экинчи дүйнөлүк согуш учурунда эл аралык туристтик байланыш толук токтоп, туризм тармактары материалдык-техникалык жактан олуттуу зыян тарткан. Бөтөнчө мейманкана комплекстери

бир топ кыйроого учураган. Ушундан улам согуштан кийин далай убакыт туризмге тиешелүү мекемелерди калыбына келтирүү үчүн жумшалып, тамак-аш жана туризм боюнча дасыккан адистер кыйла тартыш болуп турган. Ошол кездеги бир катар мамлекеттердеги валютанын жетишсиздиги, бажыканалардагы терс көрүнүштөр, эл аралык кырдаалдын улам кыйындашы да туризмди ойдогудай өнүктүрүүгө кедергисин тийгизип келген эле.

Согуштан кийин туризмди калыбына келтирүүгө далай эмгек, арбын каражат керектигине карабастан, аны жандандыруу зарылдыгын айрым өлкөнүн мамлекеттик ишмерлери, көптөгөн туристтик мекемелери учурунда баамдаган. Анткени, туризмди өнүктүрүү калктын эс алуусуна эле көмөктөшпөстөн, тактап айтканда Европанын көпчүлүк өлкөлөрүн валюта менен белгилүү өлчөмдө, үзгүлтүксүз камсыз кылуучу булак катары да керек эле. Көп аракеттерден кийин туризм кайрадан ыкчам өнүгө баштайт. Эгерде согушка чейин дүйнө жүзүндө жылдык туристтердин саны 19 млн. болсо, 1950-ж. алар 25 млн. жетип, түшкөн киреше 2,1 млрд. долларды түзгөн.

60-жылдары туризм географиясы кыйла кеңейет. Түндүк жана Түштүк Америка өлкөлөрүнүн ортосунда саякаттын ар кыл түрлөрү тез күч ала баштайт. Японияга каттаган туристтердин саны көбөйөт. Европа өлкөлөрүнүн ичинен Италияда, Испанияда, ГФРде, Швейцарияда, Швецияда, Норвегияда, Финляндияда, Австрияда туризм айрыкча тез өнүгө баштаган. Эгерде, дүйнө жүзүндө 1960-ж. туристтердин саны 71 млн. болсо, 1971-ж. алардын саны 168,4 млн. адамга жетип, түшкөн каражат 17,9 млрд. долларды түзгөн. Ошол учурдагы туризмдин тез өнүгүшүнө бир катар факторлор оң таасирин тийгизген. Буларга дүйнөлүк саясий абалдын кыйла калыптануусу, бир катар мамлекеттердин экономикасынын тез өнүгүүсү, транспорт комплексинде, өзгөчө авиация транспортунда илимий-техникалык прогресстин жетишкендиктеринин жигердүү колдонулушу, реактивдүү техникалардын пайда болушу кирет.

Бара-бара туризмдин өнүгүшүнө дүйнөлүк маанидеги мекемелер дагы өз салымдарын кошо баштайт. 1963-ж. Римде өткөрүлгөн Бириккен Улуттар Уюмунун биринчи конференциясында эл аралык туризмдин абалы тууралуу бир катар маселелер каралган. Мында биринчи кезекте, бир өлкөдөн экинчи өлкөгө жыйырма төрт сааттан ашуун убакыт эс алууга, дарылануута, окууга, конференцияга, симпозиумга, дин жана спорт иштери боюнча барган ар бир инсан турист катары эсептеле тургандыгы белгиленген. Кыскасы, атайын иштегени баргандар жана эмгегине жараша иштеп тапканын алгандардан башкасы бүтүндөй чет өлкөлүк турист катары эсептелген.

Ал эми Бириккен Улуттар Уюмунун Генералдык Ассамблеясы-

нын атайын чечими боюнча 1967-ж. «Эл аралык туризм жылы» деп жарыяланган. Ушундан улам дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрүндө чек арадан өтүүчү жагдайлар жөнөкөйлөтүлүп, туристтерди тейлөө кыйла жакшырып, ишкердүү карым-катнаш, жылуу-жумшак мамиле күчөйт. Туризмдин ар кайсы тармактары арбын, алардын ар бири өлкөнүн же региондун жаратылыш шартына, байлыгына, тарыхый эстеликтерине, социалдык-экономикалык, саясий өзгөчөлүгүнө карата өз алдынча калыптана баштайт.

Акыркы жыйырма жылдын ичинде туризм АКШда, Канадада, Европанын көпчүлүк өлкөлөрүндө өтө тез өнүгүп жатат. Кийинки жылдары мындай көрүнүш Азиядагы, Африкадагы жана Латын Америкасындагы экономикасы али начар мамлекеттерге дагы кеңири таралууда. Анткени, туризмди өнүктүрүү аркылуу алынуучу киреше чарбанын башка түрлөрүнө караганда кыйла арбын, экологиялык жактан зыяны өтө аз. Туристтик индустрияга жумшалган капиталдык салымдар орточо эсеп менен 3—4 жылдын ичинде актала тургандыгы далай тажрыйбалардан кийин толук далилденген.

Кийинки жылдары дүйнөнүн көп бөлүгүндө тигил же бул ишкердикке байланыштуу инсандардын ар кайсы тарапка сапар тартуусу күчөп жатат. Ушундан улам бизнесмендердин, ишкерлердин тобун соода-сатык боюнча келишим түзүү, пайда көп түшүүчү жаңы региондор менен таанышуу максатында атайын адистештирилген фирма, компаниялар пайда болду. Булар дүйнөлүк рыноктогу негизги жагдайды дагы учурунда иликтеп, соода жагдайында өнөктөштөрдү табууга, ишитиктүү жолугушууларды уюштурууга, экономикалык ар кыл маалыматтарды чогултууга олуттуу көмөк көрсөтөт. Ушул сыяктуу сапарга чыгуу кесипчилиги бир түрдүү, атайын адистештирилген топторго дагы кеңири таралган. Чет өлкөлөрдөгү дүйнөлүк илимий-техникалык жактан жетишкен ийгиликтерди, алдыңкы өндүрүш тажрыйбаларды үйрөнүү, кесипчилигинин сапатын жакшыртуу, илимий иликтөөлөрүн тереңдетүү максатында өнөр жай ишканалары жана илимий мекемелер өз кызматкерлерин тобу менен жөнөтүп турушат. Туризмдин мындай түрүн пайдалануу кыйла натыйжалуу экендиги практикалык жактан толук далилденген.

Дүйнөлүк туризм тармактарынын ичинен эс алуу туру орчундуу орунду ээлейт. Анын бүт туристтердин 70,0% ушул тармактын үлүшүнө туура келет. Бирок, мындай көрсөткүч төгөрөктүн төрт бурчунда бирдей эмес. Мисалы, Америка континентиндеги эс алгандардын үлүшү 77% түзсө, Африка өлкөлөрүндө бул көрсөткүч 30% гана түзөт. Мындай айырмачылык көбүнчөсү ал мамлекеттеги калктын жашоо-тиричилигине, акчалай кирешесине, жумуш күнүнүн өлчөмүнө жараша болот.

Кыргызстан аймагындагы туризмди өнүктүрүүгө байланышкан

иштер далай кылымды камтыйт. Борбордук Азия аймагындагы Тянь-Шань жана Алай, Памир тоо кыркалары диний маанидеги китепте алгач ирет белгиленген. Бул атактуу «Авеста» китеби биздин доорго чейинки бир миңинчи жылдын баш жагында жазылгандыгы тууралуу уламыштар бар. Кийинчерээк байыркы гректердин тарыхчысы Геродоттун, астроному Птолемейдин, географы жана тарыхчысы Страбондун, кытай элчиси Чжань Цяндын эмгектеринде Окс (Амударыя), Яксарт (Сырдарыя) суулары, кыргыз жергесинин жаратылыш шарттары жөнүндө кыйла так маалыматтар берилген. Айтмакчы, Чжань Цянь ошол кезде «Улуу жибек жолу» менен Орто Азияны аралап өткөндүгүн айгинелеген материалдар сакталып калган. Ушундан улам байыркы кыргыз жергесине эзелтен эле дүйнөнүн көпчүлүк бөлүгүнөн түрдүү кесиптеги саякатчылар үзгүлтүксүз келип тургандыгын, тыгыз карым-катнаш болгондугун ишенимдүү белгилөөгө болот.

Кыргызстандын туристтик-курорт байлыктары жөнүндө эчактан бери эле түрдүү саякатчылардын эмгектеринде баяндалып келген. Алсак, Рычковдун 1770-ж. чыккан «Капитан Рычковдун саякаты» аттуу китебинде Кыргыз Ала-Тоосунун арасындагы жылуу булактары, П. П. Семенов-Тянь-Шаньскийдин 1867-ж. жана Ф. Поярковдун 1898-ж. кол жазмаларында Ак-Суу, Жети-Өгүз, Ысык-Ата минералдуу суулары жөнүндө бир катар материалдар берилген. В. И. Кущеленский болсо Кыргызстандын түштүгүндөгү минералдуу булактарды баяндап келип, Жалал-Абад суусунун дарылык касиетине жана келечегине кеңири токтолгон. Ушундай топтолгон бай материалдар учурунда республикада туризмди калыптандырууга чоң түрткү берген.

XIX кылымдын аяк ченинде Кыргызстандын аймагында сырттан альпинист-туристтердин топтору келип, айрым чокуларга чыга башташкан. Чындыгында, мындай чокулардын далайына жергиликтүү эл эчак эле чыккандыгы түрдүү уламыштардан белгилүү. Ал эми республика аймагында туризмдин башталышы XX кылымдын башталышына туура келет. 1927-ж. тиш доктур О. Гречишкин Пржевальск шаарында Пролетар туризм коомунун бөлүмүн уюштурган. Кийинки жылы математика мугалими М. Студенцов өзү уюштурган чакан тобу менен Кыргыз Ала-Тоосуна далай жолу саякаттап чыккан. Кийин булардын жолун жолдогондор кыйла арбыган. Ушундан улам 1940-ж. Фрунзе шаарында Казакстандын туристтик саякат башкармасы жана республикадагы эң алгачкы туристтер базасы (туристтер үйү) уюштурулган.

Улуу Ата Мекендик согуштан кийин Кыгызстандагы физкультура жана спорт боюнча комитетинде туризм жана альпинизм бөлүмү түзүлгөндөн тартып, республикада туризм жана альпинизм жаатында адистерди даярдоого, анын материалдык базасын түптоого, калк арасында үгүт ишин күчөтүүгө олуттуу көңүл бөлүнө

баштаган. Ал эми 1962-ж. Кыргыз туристтик-саякат башкармасы Кыргыз туризми боюнча совети болуп кайрадан түзүлгөн. Кийин Советтин демилгеси менен Чүйдө, Ысык-Көлдө, республиканын түштүгүндө бир катар туристтик базалар уюштурулган. 1977-жылдан тартып Кыргызстандын туризм федерациясы кайрадан жандандырыла баштаган.

Бара-бара республикага чет өлкөлөрдөн ар кыл туристтердин көбүрөөк келе баштаганынан улам 1969-ж. Фрунзеде «Интурист» акционердик коомунун фирмалык жана Кыргызстан ЛКСМ Борбордук Комитетине караштуу «Спутник» жаштар эл аралык туризм бюросу уюштурулган. Учурунда бул мекемелер республикада эл аралык туризмдин өнүгүшүнө кыйла таасирин тийгизген. Тилекке карщы, союздук маанидеги тиешелүү мекемелер тарабынан Кыргызстанга келүүгө куштар болгон чет өлкөлүк туристтердин көнчүлүгүнө чек коюлуп келген. Ал эми чет өлкөдөн келген туристтер Чүй өрөөнүн кыдырып гана тим болушкан. Алардын республиканын башка аймактарына, айрыкча рекреация ресурстарына эң бай Ысык-Көл, Ош аймактарына өтүшүнө тыюу салынуунун кесепетинен туризм тармактары жеткиликтүү өнүгө албай келген.

## 1. 3. Туризмди өнүктүрүүнүн башкы факторлору

Туризмди калыптандыруу жана өнүктүрүү түрдүү факторлорго тыгыз байланыштуу. Булардын туризм тармактарына тийгизген таасири эң эле түрдүүчө келет да, мезгил агымына ылайык дайыма өзгөрүлүп турат. Адатта, факторлордун басымдуусу жалпы жонунан туризмдин өнүгүшүнүн негизги өзөгүн түзсө, айрымдары көмөкчү катары, кыйыр маанида кала берет. Бирок туризм тармактарынын өзгөчөлүгүнө карата факторлордун дагы тийгизген таасири кыйла өзгөрүлөт. Алсак, альпинизмди уюштуруу чокулары асман тиреген тоо кыркаларысыз, курорт комплексин жайгаштыруу адамга жагымдуу климаты, дарылык касиети күчтүү минералдуу булактарысыз жана баткактарысыз мүмкүн эмес болсо, пансионаттарды, эс алуу үйлөрүн, туристтер мейманканасын курууга климат шарты дурус жерлердин болушу эле жетиштүү. Ошондуктан, туризмге тиешеси бар факторлордун бардыгы төмөндөгүдөй үч топко ажырайт: жаратылыш факторлору, тарыхый-маданий факторлору, социалдык-экономикалык факторлор.

Жаратылыш факторлору (географиялык абалы, рельеф, климат, суу жана токой ресурстары, минералдуу булактар, дары баткактар, табигый үңкүрлөр жана эстеликтер, улуттук парктар, коруктар ж. б.) туризмдин өнүгүшүнө олуттуу таасирин тийгизет. Эс алууга баруучу же саякатка чыгуучу ар бир рекреант эң алды менен ал жердин жаратылыш шартын, табигый-туристтик потен-

...дын, спорт менен машыгууга, аңчылыкка, балык уулоого, сейилдөөгө канчалык жарамдуулугун иликтейт. Ошондуктан туризм тармактарын жайгаштыруу көбүнчөсү ал жердин жаратылыш-рекреация байлыктарынын түрүнө, сапатына, өлчөмүнө ылайык аныкталат.

Туризмдин ийгиликтүү өнүгүшүнө адатта материктин, өлкөнүн же региондун географиялык абалы олуттуу таасирин тийгизет. Дүйнөлүк маанидеги мыкты курорттор менен туристтик жайлардын көпчүлүгү учурунда ыңгайлуу деңиз, көл жээктеринде, өнөр жайы, транспорт түрлөрү дурус өнүккөн региондорго жакын, жаратылыш-ресурстарга бай тоо кыркаларында, токойлуу аймактарда, айрым аралдарда жайгаштырылган. Алсак, кезегинде Батыш Европанын чок ортосунда, экономикасы өнүккөн өлкөлөрдүн аймагынан орун алган Альпы тоо кыркаларында, Жер Ортолук жана Кариб деңиздеринин алабында көптөгөн туристтик жайлардын, курорттордун, эс алуу жана спорт борборлорунун курулушуна географиялык ыңгайлуу абалдары эң орчундуу мааниге ээ болгон. Ырас, тигил же бул региондун географиялык абалы дайыма эле түбөлүктүү эмес. Ал тарыхый кырдаалга, өндүргүч күчтөрдү жайгаштырууга, өнүктүрүүгө, транспорт, экология факторлорунун таасирине карата өзгөрүүгө дуушарланып турат.

Туризм тармактарынын өнүгүшүнө тигил же бул региондун рельефинин дагы кыйла мааниси бар. Жеринин бети мейкиндик же бийиктиги боюнча канчалык айырмаланса, жаратылыш шарты дагы ошончолук өзгөрүлөт. Мындай айырмачылык рекреация ресурстарынын таралышына, сапатына жана туризм индустриясынын тармактар боюнча бөлүнүшүнө, адистештирүүгө, келечекте жигердүү өнүгүшүнө зор таасирин тийгизет.

Рельеф жаратылыш-рекреация ресурстарынын фундаменти, түпкү өзөгү. Ал түрдүү байланыштарды туризм индустриясына кетерүү үчүн өздөштүрүүнү жеңилдетип же кыйындатат. Мындай олуттуу айырмачылык тоолуу аймактардын рельефинде даана байкалып, кыйла таасирдүү. Тоолуу жердин ландшафты өтө ар түрдүүлүгү, татаалдыгы жагынан бөтөнчөлөнүп, туризмдин мекеме, ишканаларын жайгаштыруунун наркын арбытып, кошумча каражатты талап кылат. Тоо рельефи калыптанып калган туризм комплексине да олуттуу терс таасирин тийгизет. Мисалы, Альпы кырка тоолоруна барган туристтердин ичинен жылына 400 киши жок болуп турат. Булардын басымдуу көпчүлүгүн альпинисттер, жылгаңык тебүүчүлөр түзөт. Кырсыктын мындай түрү дүйнөнүн башка көп жерлеринде да кайталанып турат.

Тоолуу аймактын рельефинин көрсөткүчтөрүнүн ичинен жердин абсолюттук жана салыштырмалуу бийиктигинин туризм индустриясына тийгизген таасири өтө олуттуу. Жер бетинин төмөнтөн өйдө карай бийиктеген сайын жаратылыш-климат шарты бир

кыйла өзгөрүлүп, туризм тармактарынын тигил же бул түрүн жайгаштырууну аныктайт.

Климат жаратылыш факторлорунун олуттуу бөлүгүн ээлейт. Анын башкы элементтерине күн шооласы, жаан-чачын, атмосфера басымы, абанын, кыртыштын нымдуулугу, абанын оошу, гидросфера басымы кирет. Климат ресурсунун адамдардын ден соолугуна тийгизген таасири учурунда байыркы грек медицинасынын негиздөөчүсү Гиппократтын (биздин доорго чейинки 370-жылдарда) эмгектеринде кеңири белгиленген. Ошондуктан азыр туризмдин тигил же бул долбоорлоо жумуштарын даярдоодо климат факторлорун толук эсепке алууга олуттуу көңүл бөлүнөт.

Белгилүү аймакта туризмди өнүктүрүү, ал жердин эс алууга, саякат ишине ыңгайлуу климат шартынын адамдын ден соолугуна канчалык жагымдуулугуна жана узактыгына тыгыз байланыштуу болот. Ал эми туризмге жергиликтүү климаттын калыптануусу, аймактын кеңдик жана бийиктик боюнча жайгашкан абалы, деңиз жээгине алыс же жакындыгы, жеринин бети, өсүмдүктөрү, кар менен моңгунун өлчөмү, ошондой эле абанын булгануусу олуттуу таасирин тийгизет.

Суу ресурстары туризмдин бир топ түрүнө, тактап айтканда, сууга түшүүгө, балык уулоого кемеде же кайыкта сейилдөөгө, суу спортунун бүт түрүн өнүктүрүүгө зор таасирин тийгизет. Бирок, суу туризминин өнүктүрүүнүн да өзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрү бар. Жел кайык же кол кайык туризмин өнүктүрүүгө чоң көл, дарыя, суу сактагыч, ошондой эле деңиздин шамалдан далдоодогу булуңдары ыңгайлуу келип, спорттун бул түрүнө көпчүлүк каалоочу ынтызарлар үчүн машыгууга ушул жагдай туура келсе, тоо арасындагы агымы катуу, жер шарты татаал дарыяларды өздөштүрүүгө тажрыйбалуу туристтер гана чыга алат.

Туризмди өнүктүрүүдө токой тилкелери да жаратылыш факторлорунун ичинен көрүнүктүү орунду ээлейт; бул региондун табигый байлыгын калыбына келтирүүгө көмөктөшүүчү түрүнө кирет. Токойлуу жерлер атмосферада кычкыл тектин арбышына, шамалды басаңдатууга, жылдык жана сутка ичиндеги температуранын жумшаруусуна көмөк көрсөтүп, туристтердин келишине, ден соолуктарын чыңдоосуна өзгөчө өбөлгө түзөт. Токой аймагындагы карагай, жыгач түрлөрү, андагы өскөн өсүмдүктөр жана байырлашкан жаныбарлары (козу карын, жаңгак, жер жемиш, көбүргөн, ышкын, териси, мүйүзү баалуу эт алынуучу жаныбарлар ж. б.) туризмдин тигил же бул түрүн ийгиликтүү өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Ал эми токой аралына жайгаштырылган дүйнөлүк маанидеги курорт мамлекеттери эң эле арбын.

Туризмди өнүктүрүү, айрыкча курорт комплекстерин калыптандырууда минералдуу булактар менен дары баткактар жаратылыш факторлорунун ичинен эң орчундуу орунду ээлейт. Туризм тар-

мактарынан курорт чарбасы киреше табуу жагынан азыр эң башкы орунда турат. Жер шарында минералдуу булактардын негизинде курулган курорт жайлары эң эле көп. Булардын ичинен Чехиядагы Карловы Вары, Болгариядагы Жисар, Румыниядагы Малмаш, Грузиядагы Цхалтубо, Баржоми, Украинадагы Трускавец, Россиядагы Ессентуки, Пятигорск, Кисловодск, Белокуриха, Кыргызстандагы Жалал-Абад, Жети-Өгүз курорттору баса белгилей кетүүгө татыйт.

Туризмдин өнүгүшүнө табигый үңкүрлөрдүн кошкон салымы да өтө зор. Көпчүлүгү сууда эрүүчү тоо тектеринин (акиташ, гипс, доломит ж. б.) эрип же жуулуп кетишинен улам пайда болот. Мындай табигый үңкүрлөр жер шарынын региондорунда эң эле көп кездешет. Мөңгү, муздардын арасынан орун алган үңкүрлөр да кыйла арбын. Айрым үңкүрлөргө учурунда тиешелүү каражат жумшалып, туризм ишине чегерилип, азыр киреше алып келгендери да бар. Таш доорунда табигый үңкүрлөрдү адамдар турак-жай, монастырь, храм жана чеп катары кеңири пайдаланышкан. Ушундай максатка керектелген үңкүрлөрдүн басымдуусу Индияда, Румынияда, Болгарияда, Түркияда, ошондой эле Крым, Кавказ, Орто Азия тоолорунда жайгашкан.

Табигый үңкүрлөр узундугу, тереңдиги жана кооздугу жагынан бири экинчисинен олуттуу айырмаланат. Дүйнөдөгү эң узун үңкүр АКШдагы Мамонт үңкүрү. Ал Кентукки штатындагы Луисвилл шаарына жакын жайгашкан. Узундугу 232 км келип, түпкүрүндө сокур кара чегиртке, жөргөмүштөр, таманындагы көлмөлөрдө сокур балык менен рактар байырлайт. Ал эми жер шарындагы эң терең үңкүр Франциядагы Пьер-Сен-Мартен үңкүрү. Бул Испаниянын чек арасына жакын Батыш Пирей тоо кыркасынан орун алган. Тереңдиги 1343 м. Туристтер көбүнчөсү табигый үңкүрлөргө кооз сталактиттерди, сталагмиттерди, агын сууларды жана көлдөрдү көргөнү келишет.

Тарыхый-маданий факторлору (археология, тарых, архитектура эстеликтери, көргөзмөлөр, музейлер, театрлар, улуттук искусство борборлору, өлкөнүн же региондун этнографиялык өзгөчөлүктөрү, кол өнөрчүлүк ж. б.) туризм тармактарынын көпчүлүк түрүн калыптандыруунун негизин түзөт. Бул адамзаттын акыл уюткусунан, далай кылым карыткан тарыхый өнүгүүсүнөн улам келип чыккан укмуштуудай түркүн жасалгаларды, эстеликтерди көрүүгө келген туристтердин жана саякатчылардын саны жыл сайын көбөйүп жатат. Ушундан улам тарыхый ири эстеликтер жайгашкан жерлерде туризмге тиешелүү инфраструктура дагы ылдам өнүгүүдө. Эң алды менен буларга саякат мекемелери, транспорт түйүндөрү, туризм борборлору кирет.

Туризмди өнүктүрүүгө тиешелүү тарыхый-маданий байлыктарга эзелтен бери сакталып келген түрдүү объектилер, ошондой

эле көздүн кумарын кандырган эстетикалык мааниси терең курулуш, жасалгалар дагы кирет. Алардын ар биринин өз алдынча артыкчылыктары, туристтерге жаккан өзгөчөлүктөрү бар.

Калктын убакыт илгерилеген сайын маданий, билим деңгээли жогорулап, табылга, кирешеси арбып, жол киренин арзандашынан улам дүйнөгө көз карашын кеңейтүү жана рухий байлыгын байытуу максатында түрдүү тарыхый эстеликтерди кыдырган саякатчылардын саны арбып жатат. Көбүнчөсү алар Рим, Венеция, Лондон, Париж, Флоренция, Таллин, Самарканд, Бухара, Суздаль сыяктуу тарыхый эстеликтерге эң бай шаарларга каттайт. Кийинки кезде туристтердин Грециядагы Парфенон храмына, Афиныдагы храмга, Акрополго, Египеттеги пирамидаларга, сфинкстерге (денеси арстанга, башы адамдыкына окшош жомоктогудай эстелик), Санкт-Петербургдагы Эрмитажга жана ага жакын жайгашкан Петродворецке, Москвадагы Кремлге, Римдеги Форумга, Лондондогу Тауэрге, Индиядагы Тадж-Макалга, Прагадагы сепилге кыйла көп келүүдө.

Айрым өлкөлөрдөгү тигил же бул тарыхый архитектуралык, маданий эстеликтер эле шаардын, туристтердин очогуна айлангандыгы белгилүү. Алсак, Лондондогу Англиянын королдору, мамлекеттик ишмерлери, эң көрүнүктүү (И. Ньютон, Ч. Дарвин, Ч. Диккенс ж. б.) адамдары коюлган көрүстөндү көргөнү жылына төгөрөктүн төрт бурчунан 2 миллиондон ашуун туристтер келсе, Испаниянын Гренада шаарынын чыгышында XIV — кылымдын аяк ченинде салынган Альгамбра чеп-сарайына жыл сайын 1 миллиондон арбын, Прагадагы Кремлге 3 миллиондон көп туристтер каттап турат.

Дүйнөлүк туризмдин өнүгүшүнө этнографиялык төмөндөгөн жайлардын кошкон салымы да арбын. Буларга эң алды менен тарыхый-архитектуралык эстеликтери жайгашкан жерлер, элдин турмушун чагылдырган көргөзмөлөр жана музейлер, улуттук майрамдар, оюндар, улуттук ашканалар, тамак-аш түрлөрүн даярдоочу, меймандарды тосуу, узатуу ырымдарын өткөрүүчү, элдик кол өнөрчүлүк, кол менен жасалуучу буюмдарды чыгаруучу мекеме, ишканалар кирет.

Дүйнө жүзүндөгү бүтүндөй элдердин ар биринин өз алдынча этнографиялык өзгөчөлүгү, туристтерди кызыктырган борборлору бар. Ырас, мындай туризмге тиешелүү фактордун таасири бардык өлкөлөрдө же региондордо бирдей эмес. Бир аймакта нукура элдик кол өнөрчүлүк дурус өнүксө, дагы бир жерде улуттук майрамдарды өткөрүү өзгөчө орунду ээлейт. Ал эми бай этнографиялык өзгөчөлүгүн даана жана жеткиликтүү чагылдырган регион катары Түндүк Кавказды үлгү катары белгилөөгө болот. Бул жерде жайгашкан этнографиялык объектилердин жалпы санына жана түрүнө тең келүүчү регионду дүйнө боюнча табуу кыйын.

Туризмдин социалдык-экономикалык факторлоруна негизинен эмгек, жер, финансы ресурстары жана саясий абал кирет. Булардын ар биринин туризм тармактарына кошкон салымы, өзгөчөлүгү жана тыгыз карым-катнашы бар.

Жер шарында бара-бара калктын көбөйүшүнөн улам туристтер жана аларды тейлеген эмгек ресурстары дагы кошо артууда. Эмгек ресурстары туризмге түздөн-түз тиешелүү мекемелерден тышкары, соода, коомдук тамактануу, транспорт, турмуш-тиричилик жактан тейлөө, спорт жайлары сыяктуу көмөкчү чарбаларды өнүктүрүүгө кыйла керектелет. Мисалы, америкалыктардын иликтөөлөрү боюнча АКШда жайгашкан мейманканадагы 1000 туристти тейлөөгө 279 жумуш орду, ошондой эле кошумча тармактарын тейлөө үчүн 107 жумуш орду талап кылынат. Ал эми эмгек ресурстары мейманкана, эс алуу үйлөрүнө караганда курорт, санаторийлерде бир топ арбын керектелет. Алсак, ар бир эс алуучу же дарылануучу туристти тейлөөгө төрт киши чегерилет. Бул туризм эмгек ресурстарын эң көп керектөөчү чарба тармактарына кире тургандыгын толук далилдейт.

Экономикасы өнүккөн өлкөлөрдө калктын өсүшүнөн улам эс алууга, саякатка чыгууга ыңгайлуу жерлердин үлүшү кыйла азайып баратат. Мындай көрүнүш көбүнчөсү өнөр жай тармактары жакшы өнүккөн ири шаарларда, кен байлыктарды арбын иштетүүчү региондо жашаган калкка көбүрөөк тиешелүү. Булардын басымдуу көпчүлүгү адатта жаратылыштын табигый жагдайы али дурус сакталган чет өлкөлөрдөгү жерлерге саякат кылууга дилгир. Батыш Европадан чет мамлекеттерге саякатка чыгуучу туристтердин кыйла бөлүгүн телегейи тегиз өнүккөн Германия, Англия, Норвегия, Швеция, Дания, Франция сыяктуу өлкөлөрдүн калктары ээлейт. Алардын көпчүлүгү Жер Ортолук, Адриат жана Кара деңиз жээктерине жылдын жылуу мезгилинде барып эс алышат.

Эзелтен эле адамзаттын бүт тиричилигине пайдаланып келген жаратылыш ресурстарынын башкы түрлөрүнүн бири жер байлыгы болуп эсептелет. Жер ресурсу бир жагынан, туризм тармактарына тиешелүү маданий-тарыхый фактордун алкагындагы ландшафт ресурсу катары эсептелсе, экинчи жагынан жер туризм ишканаларын, мекемелерин жайгаштырууга аянт катары керектелип, натыйжада ал социалдык-экономикалык факторлорго кирет.

Туризм тармактарын жайгаштыруунун өзгөчөлүгүнө карата жер ресурсун керектөөнүн өлчөмү дагы айырмаланат. Жалпысынан туризм жаратылыш шарттары дурус жерлерди арбын пайдалануучу чарба тармактарынын катарына кирет. Алсак, пансионат, эс алуу үйүн жайгаштырууда, бир орунга орто эсеп менен 130 чарчы м, эс алуу базасына — 110 чарчы м, кемпингге — 150 чарчы м аянт керектелет. Имарат тургузууга ыңгайлуу, туристтердин ар-

бын келишине табигый өзгөчөлүктөрү бар жер аянттарынын наркы кыйла кымбат турат. Мисалы, Жер Ортолук деңизинин жээгинен орун алган Франциянын эң мыкты курортторунун бири, туристтик борбору Ницца аймагындагы бир гектар жердин наркы азыр 15 млн. америкалык долларга чейин жетет.

Туризмди өнүктүрүүнүн негизги экономикалык негизин финансы ресурсу түзөт. Анткени, бир жагынан туризм комплекстерин жайгаштыруу арбын каражатты талап кылса, экинчи жагынан, саякатка чыккан ар бир турист барган жерине, эс алган убакытынын өлчөмүнө ылайык чыгаша тартат. Ошондуктан, туризмди ийгиликтүү өнүктүрүү калктын жашоо деңгээлине, тапкан каражатына тыгыз байланыштуу. Өлкөнүн эли канчалык бай болсо, саякатка чыккан туристтердин саны ошончолук арбын болушуна шарт түзүлөт.

Жер шарындагы экономикасы мыкты өнүккөн мамлекеттерде калктын тапкан кирешесинин көбөйүшү менен кошо күндөлүк жашоого кеткен каражаттын үлүшү дагы артат. Анткени, тейлөө мекемелеринде, тамак-аш жайларында, дүкөндөрдөгү кийим-кечек, продуктулардын баасы бул өлкөлөрдө кыйла кымбат турат. Ушундан улам, дүйнөдөгү АКШ, Германия, Япония, Англия, Франция сыяктуу экономикасы мыкты өнүккөн мамлекеттердин өкүлдөрү өз өлкөсүндө жашаганга караганда, чет жерде, айталык, Кыргызстанда турист катары белгилүү убакыт туруп кетүүсү бир топ арзанга түшөт.

Туризм эзелтен эле тынчтыктын элчиси. Эл аралык жагдайды жөнгө салуу, калыптандыруу, бейкутчулукту сактоо, дүйнө элдеринин достугун, карым-катнашын бекемдөө, элчиликтин маанисин күчөтүү жагынан туризмдин кошкон салымы арбын. Ал эми дүйнөнүн белгилүү региондорунда же бир мамлекет менен экинчисинин ортосунда түрдүү себептерден улам ишенимдин кетиши же кооптонуунун күчөшү, өлкө ичиндеги саясий кырдаалдын курчушу туризмдин өнүгүшүнө кедергисин тийгизип, туристтердин саякатка чыгуусу толук токтогонго чейин барат.

Белгилүү аймактагы жаратылыш, тарыхый-маданий жана социалдык факторлордун басымдуу элементтери бири экинчисине шайкеш келип, оң таасирин тийгизген учурда туризм индустриясы тез өнүгүп, түйүндөрү уюштурулат. Ырас, жогорудагы белгиленген көп түрдүү факторлордун убакыттын агымына жараша туризм тармактарына тийгизген таасири дагы өзгөрүлүп турат. Айрым учурда бир нече фактордун терс таасиринен улам, ал жерде туризмдин тигил же бул тармагын калыптандыруу мүмкүн болбой калуусу дагы күтүлөт.

## 1.4. Туризмди калыптандыруунун регионалдык өзгөчөлүгү

Кийинки учурда туризм индустриясын дүйнөлүк деңгээлде аймактык (регионалдык) жактан комплекстүү иликтөө күч алууда. Анткени туризмдин тез өнүгүшү коомдук эмгектин бөлүнүшүн кыйла тереңдетип, экономиканын башка тармактарына, калктын жашоосуна олуттуу таасирин тийгизип жатат. Ушундай жагдайдан улам азыр чакан туристтик комплекстерден тартып дүйнөлүк маанидеги туризм индустриясы калыптанган региондордун абалын, келечегин жеткиликтүү билүү үчүн эл аралык маанидеги түрдүү мекемелер да чегерилип, жакшы натыйжаларын берүүдө.

Региондордун туризм индустриясын изилдеген эл аралык мекемелер менен ишканалардын ичинен эң башкы орун Бириккен Улуттар Уюмуна жана ага тиешелүү адистештирилген мекемелерге таандык. Жыйырма жылдан ашуун убакыттан бери бул уюм туризмдин комплекстүү регионалдык жалпы программасын иликтеп, дүйнөлүк бай тажрыйбаны пайдалануу аркылуу, анын регионалдык деңгээлдеги методологиялык негизин түзүү боюнча олуттуу иштерди аткарууда.

Бириккен Улуттар Уюму учурунда туризм индустриясынын нугунда бүт дүйнөнү Европа, Түндүк Америка, Латын Америкасы, Азия, Африка, Австралия жана Океания деген географиялык ири региондорго бөлгөн, ырас, булардын ар бири ич ара түрдүү өзгөчөлүктөрүнө ылайык чакан райондорго ажырайт.

Дүйнөлүк туристтик региондордун өнүгүшү эң эле түрдүүчө. Экономиканын мындай кирешелүү тармагы Европа, Түндүк Америка аймагында жакшы жолго коюлган. Эң орчундуу очокторун Жер Ортолук деңиз, Кара деңиз, Кариб деңизинин жээк тилкелери жана Альпы тоо кыркалары ээлейт. Азыр бүтүндөй туристтерден түшкөн кирешенин 80% жакыны бул региондорго туура келет.

Европа азыр туризм индустриясынын «мекеси». Дүйнөлүк туризмдин 64% саякаттоо, жалпы түшкөн валюталардын 55% ашуусу ушул регионго таандык. Европа башка региондорго туристтерди жөнөтүү жана күтүп алуу жагынан да көрүнүктүү орунду ээлейт. Учурунда туризмдин ийгиликтүү калыптануусуна региондун ыңгайлуу географиялык абалы, жаратылыш рекреация байлыгы, экономикалык, социалдык, тарыхый-маданий, рухий жактан топтолгон потенциалы, саясий туруктуулугу, транспорт түрлөрүнүн тез өнүгүшү олуттуу көмөк көрсөткөн.

Туризм тармактары мыкты өнүккөн Европа аймагы жаратылыш-рекреация ресурстарына кыйла бай. Айрыкча, адамдын ден соолугуна жагымдуу минералдуу булактары, дарылык касиети күчтүү баткактары, деңиз жээгиндеги табигый кумдуу тилкелери, туризмдин ар кандай, айрыкча, спорттун тышкы түрлөрү, альпинизмди уюштурууга өтө ыңгайлуу тоо кыркалары регион ресур-

тарынын түпкү өзөгүн түзөт. Ырас, региондун табигый байлыктарынын таралышы өлкөлөр боюнча бирдей эмес. Рекреация ресурстарына бай, жаратылыш-климаттык шарты рекреанттарга өтө жагымдуу деңиз жээктери арбын жерлерге Италия, Франция, Испания, Югославия сыяктуу өлкөлөрдү, тоо арасында туризмди өнүктүрүүгө ыңгайлуу шарты жетиштүү жерлерге болсо Альпы тоо кыркасынан орун алган мамлекеттердин аймагын кошууга болот.

Европа регионунда туризмдин ийгиликтүү өнүгүшүнө эзелтеден топтолгон бай жана ар кыл тарыхый, архитектуралык комплекстердин, эстеликтердин тийгизген таасири өтө олуттуу. Салыштырмалуу чакан аймакта түрдүү улуттун, көп мамлекеттин жайгашуусу, калктын маданий, билим деңгээлинин артыкчылыгы, дүйнөнүн башка бөлүктөрү менен тыгыз байланышууга шарттын жетиштүүлүгү дагы туризмдин калыптануусуна олуттуу үлүшүн кошууда. Европа өлкөлөрүнүн улам биринде эл аралык маанидеги олуттуу конференция, конгресс, симпозиум, фестиваль, спорт, семинар сыяктуу жыйындардын тез өткөрүлүп турушу туристтердин төгөрөктүн төрт бурчунан агылып келишине өбөлгө түзүүдө.

Европада жайгашкан калк дүйнөнүн башка элдерине караганда кыйла саякатчы келет. Региондон саякатка чыккан туристтердин саны 1985-ж. 185,6 млн. киши болсо, ал 1990-ж. 256,8 млн. жеткен, же ушул мезгилдин ичиндеги жылдык өсүшү 5,0% түзөт. Бул жерде туристтердин басымдуу көпчүлүгү Европанын ичинде, бир өлкө кийинкисине саякат кылууга көнүп калышкан. Азыр европалык туристтердин 90% ке жакыны ушул региондун ичинде саякатчылык кылса, калгандары Америкага, Чыгыш Азияга, Тынч океан аймактарына жана Африкага сапар тартат.

Мындай туризм тармактары жакшы өнүккөн региондун саякатка жумшаган каражат өлчөмү мамлекеттер боюнча өтө айырмаланат. Жыл сайын жумшалган каражаттын көптүгү жагынан Германия, Англия жана Франция сыяктуу өлкөлөр алдыңкы орунду ээлейт. Ал эми Германиядан саякатка чыккан туристтер жылына 30 млрд. америкалык долларды чыгымдайт же бул көрсөткүч жалпы европалык 24%, дүйнөлүк 13% чыгымды түзөт. Бул жагынан кийинки орундар Италияга, Грецияга, Финляндияга, Испанияга таандык.

Региондун аймагынан орун алган Франция, Италия, Швейцария жана Австрия өлкөлөрү туризм индустриясынын өтө тез өнүгүшү жагынан эле айырмаланбастан, курорт-рекреация комплекстерин курууга жарактуу жаратылыш байлыктары боюнча дагы өзгөчөлөнүп турат. Алсак, Франциянын туризм борборлорунун түпкү өзөгүн Альпыдагы, Пиренейдеги, Жер Ортолук деңиз жээгиндеги, Бретань жарым аралындагы, Италиянын Тиррен, Адриат, Лигурий деңиздеринин жээгиндеги, Альпыдагы, Аппенинде-

ги, ал эми Швейцария жана Австриянын Альпы тоо кыркасынын батыш, чыгыш бөлүгүндөгү түмөндөгөн курорттор, эс алуу жайлары, мейманкана, мотель, кемпинг, альпинизм жайлары түзөт.

Европа регионундагы туризм индустриясынын тез өнүгүшү жаратылыш-климаттык шарты дурус деңиз жээктери менен арасын токой каптаган тоо кыркаларын өздөштүрүүгө тыгыз байланыштуу.

Дүйнөнүн башка региндорунан өзгөчө, Европанын түндүк жана борбордук бөлүгүнөн Жер Ортолук деңизинин күнөстүү жээгине жыл сайын миллиондогон рекреанттар келип эс алышууда. Келечекте туризмдин агымы азыркыдан да кыйла күчөй тургандыгы белгиленип жатат. Анткени, Жер Ортолук деңизи жаратылыш-рекреация ресурсунун сапаты, молдугу жагынан эле өзгөчөлөнбөстөн, ириде, анын ыңгайлуу географиялык абалынын, транспорт түйүндөрүнүн, түрдүү археологиялык, тарыхый жана архитектуралык эстеликтеринин, комплекстеринин анчалык чоң эмес аймакта удаалаш жайгашуусу жагынан да олуттуу артыкчылыгы бар. Мындай туризмди өнүктүрүүгө өтө ыңгайлуу районду дүйнөнүн башка бөлүктөрүнөн жолуктуруу өтө кыйын. Бул аймакта жыл сайын дүйнөнүн 30% жакын, Европа өлкөлөрүнүн 50% арбын туристтери саякатчылык кылып, ден соолуктарын чыңап кетишүүдө.

Альпы тоо кыркалары Европа регионундагы рекреация потенциалы өтө өздөштүрүлгөн орчундуу райондордун бири. Бул тоо кыркасы 1200 км созулуп, туурасы 300 км чейин жетип, жети өлкөнүн — Австрия, Италия, Франция, Швейцария, Германия, мурдагы Югославия, Лихтенштейн — аймактарынан орун алган. Альпы тоолорунун жалпы аянты 180 миң чарчы км. Тилекке каршы, Европада жайгашкан мындай тоо кыркаларынын рекреация ресурстары учурунда өтө чаржайыт пайдаланылып келген. Ал кезде ар түрдүү туристтик комплекстерди тоо кыркаларынын табигый шартын толук иликтебей эле жайгаштыруу, чет өлкөлөрдөн бай адамдарды тартуу аркылуу валютаны арбын топтоо, көп пайда көрүү саясаты үстөмдүк кылган. Натыйжада, тоонун жаратылышын сактоо алкагында далай орду толгус кемчиликтер кетирилген эле. Азыр дүйнөнүн ар кайсы бөлүгүнөн бул аймакка жыл сайын 150 млн. чейинки туристтер келип турат. Туристтерди жайгаштырууга даярдалган орундардын саны 3 млн. ашуун. Көп орчундуу маселелердин ичинен экологияга тиешелүү иштер олуттуу мааниге ээ болууда.

Альпы тоо кыркалары жайгашкан өлкөлөрдүн курорт-рекреация байлыктарынын туризмди өнүктүрүүгө пайдаланылуусу бирдей эмес. Мындай айырмачылык негизинен ал өлкөнүн эл аралык аймактык эмгек бөлүштүрүүдөгү ээлеген ордуна, жаратылыш-рекреация ресурстарынын сапатына, санына, инфраструктурасы

нын абалына, ошондой эле тоо ээлеген жердин географиялык абалына тыгыз байланыштуу. Мисалы, азыр Австрия Альпы тоо кыркасынын 35% бөлүгүн ээлейт да, ал жерге 1000 жакын, Италия болсо ал жердин 21% камтып, 200 ашуун туризмдин кыш мезгилине ылайыкталган борборлорун жайгаштырууга жетишкен.

Түндүк Америка региону АКШ менен Канаданын туристтик индустрия комплекстерин камтыйт. Дүйнөлүк туризмдин өнүгүшүнөн түшкөн валютанын өлчөмү жагынан бул регион Европадан кийинки экинчи орунду ээлейт. Туризм регион экономикасынын олуттуу тармактарынын бири катары кийинки мезгилде тез калыптанып жылдык өнүгүү темпи 5—7% чейин жетүүдө.

Туризм индустриясын Түндүк Америка регионунда кыйла тез өнүктүрүүгө потенциалдык мүмкүнчүлүктөр эң эле арбын. Региондун географиялык абалы өтө ыңгайлуу. Түндүк Муз, Тынч жана Атлантика океандары регионду тегерете курчап, туризмге олуттуу таасирин тийгизет. Жээктеринде туризмдин түрдүү тармактарын жайгаштыруу улантылып жатат. Аймактын өтө кеңендиги, жаратылыш байлыктарынын ар түрдүүлүгү, археологиялык, тарыхый жана архитектуралык эстеликтердин молдугу, экономикасынын, инфраструктура тармактарынын мыкты өнүгүшү туризмге олуттуу таасирин тийгизет. Дүйнөнүн көп өлкөлөрүндөгү англис тилинде сүйлөгөндөрдүн басымдуу көпчүлүгү АКШ, Канада өлкөлөрүн өз көздөрү менен көрүүгө, карым-катнаш жасоого умтулуусу дагы туризмдин өнүгүшүнө бир топ көмөктөшүүдө.

АКШнын дүйнөлүк туризм индустриясына кошкон салымы кыйла арбын. 1993-ж. эле бул өлкө туризм тармактарына жумшаган каражаты 211 млрд. жеткен же улуттук дүң продуктусунун 6,4% түзгөн. АКШга чет мамлекеттерден келген 22 млн. туристтен жылына 10 млрд. доллар киреше түшөт. Бул көрсөткүч жагынан өлкө дүйнөдө биринчи орунду ээлейт. Ырас, америкалыктардын туризмден тапкан кирешеси менен жумшалган чыгашасынын ортосунда али олуттуу айырма бар. Ушундан улам АКШ өкмөтү учурунда чет мамлекеттерге чыгуучу туристтердин санын азайтуу максатында атайын чараларды дагы көргөн. Бирок эч жыйынтык чыгара алган эмес. Азыр америкалык туристтердин саны жыл өткөн сайын көбөйүп жатат.

Америкалык туристтердин теңинен көбү Канада, Мексика сыяктуу коңшу өлкөлөргө барып турушкан. Ошол эле учурда бул мамлекеттердин туристтеринин басымдуу көпчүлүгү АКШга каттайт. Ырас, азырынча АКШда өлкө ичиндеги туризмдин өнүгүшү күч алган. Жыл сайын 160 млн. ашуун туристтер өз аймагында, көбүнчөсү менчик машиналары менен саякатчылык кылышат. Буларды 1 млн. ашуун компания тейлейт. Ырас, басымдуусу чакан мекемелер. Ушунун өзү эле туризм дурус жолго коюлгандыгын

толук айгинелейт. Мисалы, АКШнын 39 штатында туризм чарбасынын башкы үч тармагынын бирин ээлейт.

Дүйнөлүк туризм алкагында Латын Америкасынын ээлеген орду али жупуну. Анын башкы себептери төмөндөгүдөй факторлорго тыгыз байланыштуу: калк жыш жайгашкан жана туризм дурус жолго коюлган дүйнөнүн Европа, Азия сыяктуу региондорунан кыйла алыс жайгашуусу; көпчүлүк өлкөлөрүнүн экономикасынын начардыгы жана калкынын тапкан кирешесинин, жашоотиричилигинин өтө төмөндүгү; региондун бир топ бөлүгүндө саясий туруктуулуктун калпыстыгы; туризм индустриясынын калыптануусунун кечендеши, айрыкча, анын инфраструктура системасынын өтө начардыгы; туризм тармактарын тейлеген мыкты кадрлардын жетишсиздиги.

Кийинки мезгилде региондун Мексика жана Кариб деңизинин алабында жайгашкан мамлекеттеринде туризм индустриясы тез өнүгүп, дүйнө элдеринин кызыгуусун пайда кылууда. Латын Америкасындагы өлкөлөрдөн Европага каттаган туристтердин санын Испания, Англия, Франция сыяктуу өлкөлөрдүн туристтери ээлейт. Африка, Азия, Австралия жана Океания менен туризм боюнча региондун карым-катнашы кыйла эле начар.

Туризм индустриясынын өнүгүшү жагынан Азия азырынча Европа жана Түндүк Америка региондорунан кийинки орунду ээлейт. Азия өлкөлөрүнө дүйнөнүн башка бөлүктөрүнөн жылына 10 млн. ашуун туристтер каттайт. Эң башкысы Азия эзелтен альпинизмдин «мекесине» айланган. Келечекте келүүчү туристтердин саны кыйла көбөйө тургандыгы белгиленүүдө. Мындай жигердүү божомолду төмөндөгүдөй факторлор дагы толук ырастайт. Азия туризм тармактары эң мыкты өнүккөн Европа региондорунун капшытында жайгашкандыгы; дүйнөдөгү туристтик региондордун ичинен Азия аймагынын кенендиги жана рекреация байлыктарынын молдугу жагынан башкы орунду ээлегендиги; жаратылыш шарты туризмди өнүктүрүүгө өтө ыңгайлуу жана адамзаттын бүтүндөй басып өткөн жолун чагылдырган адамдын тунук акылынан жаралган археологиялык, тарыхый, архитектуралык, маданий, этнографиялык эстелик байлыктарынын түрдүүлүгү жана эң эле көптүгү; Азия аймагында дүйнөлүк маанидеги мусулмандардын Мекке, Медина сыяктуу зыяратка баруучу ыйык жайларынын жайгашкандыгы; жер шарындагы көптөгөн кырка тоолордун эң бийик чокуларынын Азияда жайгашкандыгы; региондогу жайгашкан улуттардын көп түрдүүлүгү жана эзелтен калыптанган алардын элдик эң бай үрп-адаттары.

Азияга келүүчү туристтердин басымдуу көпчүлүгүн Европадан Англия, Германия, Франция, Италия, Голландия, Бельгия, Норвегия, Швеция өлкөлөрү, ошондой эле АКШ, Канада, Жаңы Зеландия, Австралия ээлейт. Ал эми Сауд Аравиясында жайгашкан

Мекке менен Мединага келгендердин саны жыл сайын тез өсүүдө. Региондон дүйнөнүн башка бөлүктөрүнө каттаган туристтердин саны акырындап көбөйүп жатат. Булардын басымдуусун Азиянын түштүк-чыгыш жана түштүк-батышындагы аймактардын туристтери ээлейт. Азияга келген жана андан кеткен туристтердин көпчүлүгү авиация транспортунан пайдаланышат.

Африка дүйнөлүк туризм региондорунун бири. Кийинки мезгилде туризм индустриясы бул жерде тез өнүгүүдө. Ырас, азырынча Африкага бир жылда 4 млн. туристтер келүүдө. Алардын басымдуу көпчүлүгүн Франциянын, Англиянын, Германиянын, Швециянын, Норвегиянын, АКШнын туристтери ээлейт.

Дүйнөлүк туризм индустриясынын алкагынан алганда Африканын көп артыкчылыктары бар. Андай артыкчылыктарына эң алды менен төмөнкүлөрдү кошууга болот: материктин туризм тармактары эң жакшы өнүккөн Европа жана Азияга жакын жайгашуусу; климаттын бүт учурдагы жылуулугу; деңиз жээктериндеги өтө сапаттуу, таза кумдуу тилкелеринин созулуп жатышы; дүйнөнү таңкалдырган жаныбарлары менен өсүмдүктөр дүйнөсү, археологиялык, тарыхый, архитектуралык жана маданий эстеликтери; табигый калыбын толук сактап калган улуттук сейил бактарынын, коруктарынын арбындыгы ж. б.

Африканын көп өлкөлөрүндө туризмди жергиликтүү жаратылыш, экономикалык жана социалдык потенциалын жеткиликтүү өздөштүрүү аркылуу өнүктүрүүгө көңүл бөлүнүп, олуттуу жылыштар болууда. Туризм индустриясын жигердүү уюштуруудан улам кирешени арбын алган өлкөлөрдүн саны убакыт өткөн сайын көбөйүүдө. Айрым Танзания, Кения, Египет, Марокко, Маврикий, Тунис, Мадагаскар сыяктуу мамлекеттердин экономикасынын келечеги туризмден түшкөн кирешеге тыгыз байланыштуу. Ушундан улам бул аталган өлкөлөрдүн бардыгында туризм министрлигинин башчысы дайыма өкмөт курамына киргизилип жүргөндүгү тууралуу маалыматтар бар.

Австралия жана Океания дүйнөлүк туризм региондорунан чет жакта жайгашкандыгына карабастан кийинки мезгилде экономиканын мындай тармагы тез өнүгүп жатат. Австралияга Жаңы Зеландия, АКШ, Англия, Канада, Германия, Япония сыяктуу өлкөлөрдөн көпчүлүк туристтер эс алып, сейилдөөгө келишет. Ал эми Австралиянын туристтери көбүнчөсү Жаңы Зеландия, АКШ, Канада, Сингапур, Гонконг, Япония, Таиланд, Италия, Франция, Греция, Англия, Испания мамлекеттерине каттайт.

Австралия жана Океания туризм региону кыйла келечектүү. Бул аймакта рекреация түрдүү ресурстары эң эле арбын. Башкыларына төмөндөгүлөр кирет: жайдыр-кыштыр эс алууга ыңгайлуу деңиз суусу, жээгиндеги табигый кум тилкелери; суу бөлгүч тоо кыркасынын курорт-климаттык потенциалы; түрдүү өсүмдүктөрү

жана укмуштуудай бай жаныбарлар дүйнөсү; жылына өткөрүлүүчү, калыптанып калган эл аралык маанидеги фестивалдар, ярмаркалар, ат жана суу спортунун ар кыл түрлөрү. Эң башкысы региондун туристтик инфраструктурасы жана түрдүү жасалгалары эл аралык талапка жооп бергидей, сапаттуу даярдалган.

### 1.5. Туризм индустриясынын экономикалык мааниси

Туризм индустриясы акыркы отуз жылдын ичинде өтө эле тез өнүгүп, кыйла кеңейип, азыр дүйнөлүк экономикага, ошондой эле жер шарындагы көпчүлүк өлкөлөрдүн жана айрым ири региондордун чарбасына олуттуу таасирин тийгизип жатат. Убакыт өткөн сайын экономика алкагында анын мааниси кеңейип, эл аралык саясатка, маданиятка, социалдык чөйрөгө дагы олуттуу үлүшүн кошууда.

Туризм тармактарынын мааниси келечекте азыркыга караганда кыйла жогорулайт. Анткени, дүйнөлүк экономиканын өнүгүшүнөн, эл аралык соода-сатыктын, тышкы экономика байланышынын кеңейишинен, транспорт байланыш түрлөрүнүн жакшыруусунан, дүйнөлүк жана олуттуу региондордун чарбаларын ич ара интеграциялоонун, интернационалдуулуктун күчөшүнөн улам экономикалык, чарбалык муктаждыктан чыккан байланыштын саны, түрү олуттуу арбыйт. Ушундай эле жигердүү саамалык илим, билим, маданият тармактарына дагы кеңири таралышы туристтердин көбөйүшүнө көмөк көрсөтөт.

Жер шарындагы өлкөлөрдүн экономикасына туризмдин тийгизген таасири жана андан түшкөн кирешенин өлчөмү эң эле түрдүүчө. Бүткүл дүйнөлүк Туристтик уюмдун маалыматына ылайык жер шарында 15 мамлекет туристтик тейлөө жагынан эң мыкты адистештирилген топко кирет. Буларда экспортко караганда туристтерди кабыл алуудан түшкөн киреше өлчөмү бир нече эсеге көптүк кылат. Мындай топко нымдуу субтропик, тропик тилкелериндеги аралдарда жайгашкан Барбодос, Сейшель Аралдары Республикасы сыяктуу чакан мамлекеттер кирет. Ал эми 45 мамлекеттин туризмден түшкөн кирешесинин өлчөмү экспорттун төрттөн бирин ээлейт. Булардын негизги өзөгүн, Австрия, Испания, Португалия сыяктуу айрым өлкөлөрдү кошпогондо, экономикасы али начар, жаңыдан өнүгүү жолуна түшкөн мамлекеттер түзөт.

Туризм тармактары калкты иш менен камсыз кылуу маселесин чечүүгө да олуттуу таасирин тийгизет. Мындай жагдай жумушсуздардын саны арбын, экономикасы начар өнүккөн өлкөлөрдө даана байкалат. Америкалык адистердин маалыматтарына ылайык, туризм индустриясында азыр 101 млн. киши эмгектенип же жер шарындагы калктын ар бир он алтынчысы туура келет. Туризм

комплекси жерди, эмгек күчүн арбын талап кылуучу тармактардын катарына кирет. АКШда туризм 4,6 млн. кишини иш менен камсыз кылса, Батыш Европадагы туристтерди тейлеген мейманканалар комплекстеринде эле 7 млн. ашуун киши эмгектенет. Ал эми туризм индустриясы жакшы өнүккөн өлкөлөрдө туристтерди тейлөөгө калктын олуттуу бөлүгү тартылган. Мисалы, Франциянын 10%, Италия, Швейцариянын 15% калкы туризм чарбачылыгында иштейт.

Туризм индустриясы Европадагы, Түндүк Америкадагы туризм тармактары эчактан дурус өнүккөн өлкөлөрдүн калкын иш менен кандай камсыз кылса, Африка, Азия жана Латын Америкасындагы өнүгүү жолундагы мамлекеттердин элинин жоон тобун дагы жумушка чегерүүдө. Ушундан улам дүйнөнүн көп бөлүгүндө туризм тармактарын тейлей турган эң сапаттуу кызматкерлерди, жалпы эле адистештирилген жумушчу күчүн даярдоого олуттуу көңүл бөлүнөт. 1989-ж. өткөрүлгөн Гааго Декларациясында бул маселе тууралуу төмөндөгүдөй белгиленген: «Туризмдин сапаты... сунуш кылынуучу тейлөөнүн сапатына тыгыз байланыштуу. Ошондуктан, туризм индустриясына жана туризмди өнүктүрүү талабына толук жооп берүүчү билим эң башкы орунду ээлейт». Кадрларды даярдоо эл аралык жана регионалдык масштабда жүргүзүлөт. Атайын адистештирилген далай окуу жайлары уюштурулган. Алардын көпчүлүгү туризм индустриясы мыкты өнүккөн Европа жана Түндүк Американын өлкөлөрүндө жайгашкан. Мындай окуу жайларынын басымдуусун министрликтен тартып түрдүү ири мекемелерге чейин тейлейт. Мисалы, айрым мейманкана жана ресторан корпорацияларынын өздөрүнүн окуу жайлары бар.

Туризм индустриясы дүйнөлүк экономиканын эң кирешелүү тармактарынын бири. Бүткүл дүйнөлүк Туристтик Уюмдун 1991-ж. маалыматы боюнча жер шарында чет элдик 448,5 млн. турист катталып, түшкөн каражаттын өлчөмү 260,7 млрд. долларды түзгөн. Ал эми 1961-ж. 75,3 млн. туристтен 7,3 млрд. доллар түшкөн. Чет өлкөлүк адистердин маалыматына ылайык XXI кылымдын башында дүйнөлүк экспорттун алкагында наркы боюнча туризм индустриясы биринчи орунга чыгат. Нефть, газ жана автомобиль комплекстери болсо кийинки орундарга жылат.

Туризм тармактарынын эл аралык алмашуулардагы үлүшү кыйла көбөйүп, соода саясатындагы мааниси артылууда. Дүйнөлүк экспорттолуучу товардын жана тейлөөнүн 6,0% соода ишиндеги тейлөөнүн 25—30% туризмдин энчисине туура келет. Бир катар мамлекеттерде тышкы соода жүгүртүүдөн түшкөн кирешенин басымдуусу туризм тармактарына таандык. Мындай туристтик бизнес Мексиканын 45%, Испаниянын 42%, Португалиянын 28%, Австриянын 23% валюталык кирешесин алып келет. Айтмакчы,

Канада экспортко жөнөткөн буудайына караганда туризм тармактарынан көбүрөөк киреше. алат.

Туризм комплекстерине жумшалуучу каражаттын өлчөмү, адатта, өтө арбындыгына карабай, анын кайтарымдуулугу экономиканын башка тармактарына караганда кыйла тез жүрөт.

Туризмден түшкөн акчалай каражат кирешеге айланып, андан ары карай улуттук экономиканын түрдүү тармактарында жүгүртүлөт. Экономисттердин маалыматы боюнча туризмден түшкөн акчалай каражат жыл ичинде беш эсеге чейин же андан дагы арбын жүгүртүүгө түшөт. Туризмдин жигердүү өнүгүүсү чарбанын башка түрлөрүнүн пайда болушуна, өркүндөшүнө дагы олуттуу таасирин тийгизет. Биринчи кезекте, буларга тоолуу жерлерге тебүүгө ыңгайлуу жылгаяк жасалгаларын чыгаруу, кол өнөрчүлүктү өркүндөтүү, улуттук буюмдарды арбытуу ж. б. кирет. Медициналык жактан тейлөөнүн түрү, саны арбыйт.

Туризм индустриясын калыптандыруу жана келечекте ийгиликтүү өнүктүрүү көпчүлүк учурда жаратылыш байлыгына, бөтөнчө экономикалык абалына тыгыз байланыштуу. Туризм тармактарын тейлөөнү дүйнөлүк стандартка жеткирип жана ошол деңгээлде кармап турган өлкөлөр эң эле аз. Буларга туристтердин басымдуу көпчүлүк бөлүгүн кабыл алуучу жана экономикалык, социалдык жактан өтө мыкты өнүккөн мамлекеттер кирет жана алардын тапкан табылгалары да арбын келет. Туризм индустриясынын тармактары калыптанган же жаңыдан уюштурулуп жаткан өнүгүү жолундагы өлкөлөрдө жагдай кыйла башкача. Анткени, экономикасы начар өнүккөн мындай мамлекеттер да туристтерди тийиштүү деңгээлде кабыл алуу үчүн эл аралык талапка жооп бергидей тейлөө сервистерин даярдоосу зарыл. Мындай учурда, дүйнөдө калыптанып калган шартты түзүү максатында, туристтер керектөөчү тамак-аш менен түрдүү товарларды булар сырттан ташып келүүгө аргасыз болушат. Мамлекеттин экономикалык абалы канчалык начар, калкынын билими тайкы болсо, туристтерди тейлөөгө керектүү ар кыл жасалгалар, товарлар ошончолук сырттан көп сатылып алынат да, түшүүчү кирешенин үлүшү кыйла төмөндөйт. Ал эми тиешелүү чарба тармактары жеткиликтүү өнүкпөй кала берет. Дүйнөлүк банктын жүргүзгөн эсебине ылайык, туристтерди тейлөөгө керектүү товарларды сырттан сатып келүүгө жылдык табылган акчанын 55% чейинкиси сарпталып турат. Көбүнчөсү бул өлкөнүн экономикасынын деңгээлине, ошондой эле туризм индустриясынын тармактарын өнүктүрүүгө жергиликтүү байлыктарды жеткиликтүү пайдаланууга тыгыз байланыштуу болот.

Дүйнөлүк туризмдин тез өнүгүшү айыл жеринде жашаган калктын кирешесин дагы кыйла арбытууга көмөгүн тийгизип жатат. Элеттиктер азыр туристтерди экологиялык жактан таза

тамак-аш, жер-жемиштер жана түнөк жайлар менен камсыз кылууну бир топ тездетип, натыйжада кирешелери дагы арбып жатат. Мисалы, Италиянын айрым райондорундагы фермерлер жылына өндүрүүчү жашылча, жер жемишинин 20%, эт сүт продуктуларынын 30—40% келген туристтерге жана туристтик ишканаларга, фирмаларга сатып турат. Ал эми Европа өлкөлөрүнүн айрымдарындагы айылдарда бир түнөк жай үчүн алынуучу таза киреше гектар жердин кирешесине татый тургандыгы илимий жактан жеткиликтүү далилденгендигин белгилей кетүү жетиштүү.

Жер ресурсу адамзаттын бүт тиричилигине олуттуу таасирин тийгизген чексиз байлык. Муну чарбанын бүт тармактары керектейт. Жер аянтынын бир бөлүгү шаар курууга ыңгайлуу, келечектүү болсо, башка бир бөлүгүнө туризм комплексин жайгаштыруу пайдалуу келет. Ырас, айрым учурларда жерди чарбанын кайсыл тармагына пайдалануу туура, натыйжалуу экендиги боюнча ача пикирлер чыгып жүрөт. Ушул сыяктуу талаш-тартыш айыл чарба жана туризм тармактарынын ортосунда да пайда болуп отурат. Мындай шартта ошол жерди пайдалануунун салыштырмалуу экономикалык натыйжалуулугу иликтенилип, жыйынтыгында чарбанын, тигил же бул тармагынын пайдасына чечилет. Айтмакчы, Англиянын түштүк райондорунда ушул багытта кеңири изилдөө иштери жүргүзүлүп, жерди айыл чарбасына караганда туризм тармактарына пайдалануу экономикалык жактан кыйла пайдалуу экендиги толук далилденген.

Туризм индустриясы тышкы экономикалык байланыш маселелерин туура чечүүгө да олуттуу салымын кошот. Экономикасы дүйнөлүк деңгээлде өнүккөн мамлекеттердин илимпоздору, адистери туризмдин саякатчылык түрүн күчөтүү экспорттун тез өнүгүшүнө, натыйжалуулугун арттырууга чоң салым киргизерин эчактан бери эле баса белгилеп келишкен. АКШнын туристтери дүйнөнүн башка бөлүктөрүн кыдырууга чыгымдалган доллары, кийин көпчүлүгү Американын товарларын сатып алууга пайдаланыла тургандыгы илимий жактан толук далилденген. Саякат туризми, товарларды экспортко чыгарууга окшоштук жагы бар. Анткени, чет өлкөдөн келген туристтер көпчүлүк учурда түрдүү тейлөө иштеринен пайдаланып, өтө баалуу товарларды сатып алышат. Ушундан улам туризмди «көрүнбөгөн экспорт» деп атап коюшат. Окумуштуулардын маалыматы боюнча, туризм индустриясы жакшы өнүккөн шаарга келген 100 миң турист эки сааттын ичинде эле 350 миңден ашуун долларын чыгымдай тургандыгы аныкталган.

Дүйнөлүк туризм индустриясынын алкагында экономикасы дурус өнүккөн мамлекеттердин тапкан пайдасынын үлүшү арбын. Анткени, бул өлкөлөргө келген туристтердин басымдуу көпчүлүгү дүйнөгө эчактан даңкы чыккан ири фирма, компаниялардын тигил

же бул сапаттуу товарларын сатып алуусу көнүмүш адатка айланып калган. Алсак, Италиянын бут кийимдери, Франциянын косметикалык буюмдары, Япониянын видеотоварлары жана фотоаппараттары, Швейцариянын сааттары, Англиянын ичимдиктери, Түштүк Чыгыш Азия өлкөлөрүнүн радио жана видеотоварлары туристтер арасында кеңири керектелип жүрөт.

Чет өлкөдөн келген туристтердин түпкү кызыкчылыгын кылдат иликтөөдө маркетингдин мааниси өтө зор. Анткени, төгөрөктүн төрт бурчунан келген саякатчылардын көздөгөн максаты, калыптанып калган өзгөчөлүктөрү бар. Алсак, Япониядан келген туристтердин басымдуу көпчүлүгү кыска убакыттын ичинде тынбай далай жерди кыдырууга, көп нерсени көрүүгө аракет кылышат. Америкалыктар туризмдин көңүл ачуу, оюн-зоок, саякат жана эс алуу түрлөрүн анча-мынчадан болсо да бирин-экинчисине шайкеш келүүсүн көбүрөөк каалайт. Ал эми италиялык туристтер көбүнчөсү көңүл ачууну көздөсө, жашы илгерилеп калган европалыктар башка өлкөлөргө барып гольф ойногонду жактырышат. Туристтердин ушундай талаптарын, өзгөчөлүктөрүн жеткиликтүү иликтөө, туура чечүү кирешенин арбышына, туризм тармактарынын натыйжалуулугунун артылышына өтө үзүрлүү таасирин тийгизген.

Көп өлкөлөрдө кийинки мезгилде келген туристтерди жергиликтүү элдин үйлөрүнө жайгаштыруу кыйла кеңейип жатат. Мындай ыкма, бир жагынан, экономикалык жактан үнөмдүүлүгү менен айырмаланса, экинчи жагынан туристтерге ошол жердин жаратылыш шартын, улуттун өзгөчөлүгүн, үрп-адатын, тарыхын, экономикалык абалын билүүгө, дос күтүүгө, конокко чакырууга ыңгайлуу жагдай түзүлөт. Ушундай тейлөөдөн туристтердин ичинен көбүнчөсү жаштар, мектеп окуучулары, каражаты ченелүү үй-бүлөлөр пайдаланат. Ушундай эле ыкманы Кыргызстандын калкынын басымдуу көпчүлүгү да пайдалануулары кыйла ыңгайлуу. Жергиликтүү үйдө жашаган турист мейманканада тургандардан каражатты орто эсеп менен 20% аз төлөйт.

Туризм индустриясын келечекте ийгиликтүү өнүктүрүү жана экономикалык натыйжалуулугун арттыруу туризм комплекстерин реконструкциялоо, модернизациялоо, колдогусун кеңейтүү, тейлөө маданиятын жакшыртуу, жергиликтүү жаратылыш-климат шарттарын, курорт ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу аркылуу туризмдин жаңы, кирешелүү түрлөрүн кеңейтүү менен тыгыз байланыштуу. Дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө мындай саамалыкты ишке ашыруу үчүн төмөндөгү: туризмдин материалдык-техникалык базасын эл аралык талапка толук жооп бергидей абалга жеткирүү; туризм индустриясын чарбанын башка тармактары, биринчи кезекте, транспорт, жеңил өнөр жайы, айыл чарбасы, соода, тейлөө системасы менен байланышын күчөтүү; туристтик базардын

конъюктурасын, талап жана сунуштун жагдайын комплекстүү иликтөө; жаратылыш шарттарын жана байлыктарын туризм тармактарын өнүктүрүүгө жеткиликтүү пайдаланууда экологиянын талаптарын толук эске алуу; туризм алкагындагы иштеген кадрлардын сапатын жакшыртуу, жаңы окуу жайларын уюштуруу; туризмдин натыйжалуулугун арттыруу максатында дүйнөлүк деңгээлдеги жаңы маалыматтарды, илимий талдоолорду керектөө; туризмге арналган эл аралык жыйындарды өткөрүү; илим менен техниканын жетишкендиктерин туризм ишине жеткиликтүү киргизүү; маалымат алууну кеңейтүү, рекламанын ар кыл түрүн кеңири жайылтуу маселелерин чечүү талап кылынат.

# ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

## ТУРИЗМ ГЕОГРАФИЯСЫНЫН ИЛИМИЙ-ТЕОРИЯЛЫК ӨЗӨГҮ

### 2.1. Туризмди өнүктүрүүнүн илимий-методикалык өзгөчөлүгү

Туризмдин өнүгүшү эзелтен бери эле өлкөлөрдүн ич ара саясий кырдаалын жакшыртууга, калктын маданий, рухий байлыгын арттырууга, экономикалык жактан тиешелүү киреше алууга олуттуу өбөлгө түзүп келген. Туризм индустриясы азыркы базар мамилелеринин шартында дүйнөлүк экономиканын эң кирешелүү тармактарынын бири болуп, айрым өлкөлөрдө кирешенин түпкү өзөгүнө айланып отурат. Ушундай жагдайда туризмдин потенциалына, натыйжалуулугуна тиешелүү методикалык маселелерди жеткиликтүү иликтөө жана баа берүү олуттуу мааниге ээ болууда.

Туризм индустриясын ойдогудай калыптандыруу, материалдык базасын даярдоо, экономикалык натыйжалуулугун арттыруу көбүнчөсү анын түрдүү тармактарынын ич ара байланышын, потенциалдык мүмкүнчүлүгүн, келечектеги олуттуу багыттарын комплекстүү иликтөөгө карата болот. Туризмдин өнүгүшүнө, экономикалык көрсөткүчтөрүнө таасирин тийгизген факторлорду жеткиликтүү анализдөө жана чет өлкөлүк тажрыйбаларды жыйынтыктоо дагы ушундай экендигин толук ырастайт. Туризм калыптанган тигил же бул регионго рекреанттардын дайыма агылып келишин камсыз кылуунун потенциалдык мүмкүнчүлүгү бир катар факторлордун тийгизген таасирине тыгыз байланыштуу. Өлкөнүн же региондун жаратылыш шартына, табигый байланыштарына, алган ордуна, тарыхый, маданий, архитектуралык эстеликтерине, саясий абалына, экономикасынын өнүгүү деңгээлине, транспорт түрлөрүнө карата тигил же бул фактордун туризмге тийгизген таасири өзгөрүп турат. Ошондуктан, тиешелүү факторлорду комплекстүү иликтөө региондогу туризм комплекстеринин тармактарын туура жайгаштырууга, ресурс потенциалын натыйжалуу пайдаланууга, саякат маршруттарын жигердүү уюштурууга олуттуу көмөк көрсөтөт. Ырас, мындай туризмге тиешеси бар факторлор толугу менен атайын даярдалган программанын негизинде, бир нече бөлүкчө аркылуу иликтенет.

Белгилүү өлкөнүн же региондун туризм индустриясын калып-

тандырууга ошол жердин саякатчыларды өзүнө тартуучу жара
тылыш, археологиялык, тарыхый, маданий, этнографиялык потен
циалын түрдүү ыкмалар менен комплекстүү иликтөө олутту
мааниге ээ. Буларга төмөндөгүлөр кирет: байыркы замандан ушу
мезгилге чейинки басып өткөн жолу, тарыхый, маданий эстелик
тери, архитектура, археология комплекстери жана алардын рек
реациялык жактан мааниси, көрсөтүүгө жарамдуулугу; туристти
маршрутка кирген музейлерди, учурдагы архитектуралы
ансамблдердин ички сыры, жалпы абалы, ошондой эл
туризм тармактарынын материалдык базасынын абалы, өнү
гүү деңгээли; жаратылыш-климат шарттарын, рекреаци
ресурстарын (минералдуу суулар, дары баткактар, таби
гый эстеликтер, токой тилкелери ж. б.) туризмдин тиешелүү тар
мактарын жайгаштырууга жана өнүктүрүүгө чегерүү үчү
экономикалык жактан баалоо; улуттук үрп-адатты кеңири кам
тыган элдик кол өнөрчүлүктүн ар кыл түрлөрүн кеңейтүү, турист
тердин көңүлүн буруучу, бирок унутта калган элдик сувени
жасалгаларды кайра жандандыруу; эзелтен бери сакталып келге
улуттук ашкана сырларын толук өздөштүрүү; жаныбарлар дү
нөсүн туризмдин ишчилик кылуу, балык уулоо түрлөрүн өнүктү
рүүгө чегерүү; туризм комплекстеринде учуру менен өткөрүлүүч
майрамдарга, оюн-зоокторго, түрдүү жыйындарга жергиликтү
калктын этнографиялык өзгөчөлүктөрүн, үрп-адаттарын, кийим
кечектерин, бий, музыкаларын арбын пайдалануу.

Туризм индустриясын өнүктүрүүнүн потенциалдык өзөгү
түзүүчү мындай факторлордун карым-катнашын, өзгөчөлүгүн, келе
чегин толук, комплекстүү иликтөөдөн кийин жана алардын ту
ризмдин тигил же бул тармагын калыптандырууга шайма-ша
келе тургандыгын чечүү эң олуттуу маселе. Мындай ылгоо учу
рунда факторлордун экономикалык, социалдык, маданий, эколо
гиялык мүмкүнчүлүгү толук эске алынат. Мисалы, тоо чокула
рынын бирине туристтерди ташуу максатында асма жол салу
экономикалык жактан кыйла натыйжалуу болгондугу менен эко
логиялык кайчылыктар пайда болушу мүмкүн. Мындай учурд
курулуш тууралуу маселе толук токтойт же дагы бир башка жол
дору каралат.

Туризм индустриясынын тармактарынын иштөөсү жыл мезги
лине карата өзгөрүлүп турат. Мындай жагдай көбүнчөсү регион
дун жаратылыш климаттык шартына, рекреация ресурстарын
байланыштуу болот. Тоолуу аймактарда туризм кыш мезгилинд
үстөмдүк кылса, деңиз, көл жээктеринде рекреанттар үчүн жа
айлары ыңгайлуу. Ал эми адамзат акылынан жаралган археоло
гиялык, тарыхый, архитектуралык эстеликтер туризм ишине жыл
дын бүт мезгилинде чегерилүүгө тийиш.

Туризм комплекстерине рекреанттардын жайдыр-кыштыр үз

гүлтүксүз келишин камсыз кылуу, анын натыйжалуу иштешине олуттуу көмөк көрсөтөт. Дүйнөлүк топтолгон тажрыйбаларга ылайык, биринчи кезекте төмөндөгүлөргө: аба ырайынын тийгизген таасирин төмөндөтүү максатында туризм мекемелеринде ыңгайлуу жагдай түзүүгө; туристтерди тейлөөчү түрдүү жайларды уюштурууга; жылдын бүт мезгилинде саякатчыларды түрдүү архитектуралык, тарыхый, маданий эстеликтер менен тааныштырууну кеңейтүү максатында туризм комплекстерин шаарларда жайгаштырууга; жайдыр-кыштыр саякатчылар арбын өтүүчү маршруттарга туризм мекемелерин көбүрөөк уюштурууга; сезон басаңдаган учурларында туризм комплекстерин съезддерди, симпозиумдарды, жыйындарды, ошондой эле майрамдарды өткөрүүгө, көчмө базарларды, спорттук мелдештерди уюштурууну күчөтүүгө; курорт райондорунда жылуу минералдуу булактарды, дары баткактарды кышкысын пайдаланууга ыңгайлуу жайларды, деңиз, көл суулары толтурулган кышкы бассейндерди арбын курууга көңүл буруу зарыл.

Туризм комплекстеринин натыйжалуулугу туризмдин бүтүндөй материалдык-техникалык базасын даярдоого жумшалган капиталдык салым менен комплексте эс алган туристтерден жылына түшүүчү кирешенин айырмасынан чыккан көрсөткүчү боюнча аныкталат. Ал эми келечекте киреше алуу үчүн каражат негизинен: мейманкана, мотель, кемпинг сыяктуу туризм мекемелерин курууга; археологиялык, тарыхый, архитектуралык эстеликтерди реставрациялоого; тамактануучу атайын жайларды салууга; сувенирлерди жасоочу ишканаларды жана сатуучу мекемелерди уюштурууга; маданий эс алуучу жана спорт комплекстерин салууга; жол курууга; реконструкциялоого, транспорттук тейлөөчү ишканаларды тургузууга; инженердик жабдууларды, кампаларды, коммуналдык ишканаларды курууга, уюштурууга жумшалат.

Жумшалган капиталдык салымдардын жыйындысы туристтик ресурстарды өздөштүрүүгө, саякатчыларды, эс алуучуларды тейлөөчү ишкана жана мекемелерди жайгаштырууга чыгымдалган каражаттын бүт суммасы боюнча аныкталат. Ал эми туризм комплексинин экономикалык натыйжасы туризм мекемелерине келип эс алуучу рекреанттардын санына, тейлөөнүн деңгээлине жараша түшкөн кирешенин өлчөмүнө ылайык аныкталат. Туризмдин натыйжалуулугу, адатта, социалдык жана экономикалык өңүттөн иликтенет. Ырас, кийинки мезгилде айрым окуучулар туризмдин натыйжалуулугун экономикалык-географиялык пункта талдоого аракет кылууда. Чындыгында, туризмдин социалдык-экономикалык жана экономикалык-географиялык натыйжалуулугунун түпкү өзөгү бар. Ошондуктан, мындай орчундуу маселени тигил же бул жакка оодара берүүнүн деле анчалык зарылчылыгы жок.

Туризмди натыйжалуу калыптандырууну жана өнүктүрүүнү иликтөө эки багытта жүргүзүлөт. Биринчиси, туризм тармактарын иштетүүгө керектелүүчү жаратылыш-рекреация ресурстарын сарамжалдуу пайдаланууга багытталат. Мында эң башкысы рекреация ресурстарын жеткиликтүү өздөштүрүүдөн түздөн-түз алынуучу натыйжага жана анын үлүшүн көбөйтүүнүн жолдоруна багытталат. Экинчиси, тиешелүү капиталдык салымды бир нече туристтик комплекстин ичинен кайсыга жумшоого ылайыктуулугун же канчалык деңгээлде актай тургандыгын аныктоого багытталат. Мындай шартта туризм комплексин кыйла жакшыртууга, чарбалар аралык байланышты багыттоого, рекреанттардын ден соолугун чыңоого кетүүчү кошумча каражаттын дагы эсеби алынат. Андыктан, туризмден түздөн-түз түшкөн натыйжадан башка, кыйыр алынган натыйжа дагы эсепке киргизилет.

Экономиканын башка тармактарындагыдай эле туризм индустриясынын натыйжалуулугунун бирдиктүү көрсөткүчү жок жана болушу да мүмкүн эмес. Ал эми материалдык өндүрүштөн белгилүү эмгек, каражат жумшалып даярдалган товар, продукциянын эсеп-кысабын дайыма тактоого мүмкүн болсо, туризм тармактарында мындай ыкмада жыйынтык чыгаруу кыйын. Анткени, экономиканын мындай өзгөчө тармагына жумшалган эмгек жыйынтысы рекреанттардын ден соолугунун жакшыруусу, таануумаданий, эстетикалык тарбия деңгээлинин жогорулашы сыяктуу көрсөткүчтөр аркылуу чагылдырылат. Ушундан улам туризмге кеткен материалдык, акчалай жана эмгек чыгашаларын нарк түрүндө эсептеп чыгарууга мүмкүн эмес. Булар социалдык натыйжа категориясына эчактан бери эле караштуу болуп келген. Андыктан, туризмдин натыйжалуулугуна байланыштуу маселелерди талдоо учурунда, анын экономикалык маанисинин тегерегинде эле калуу жетишсиздик кылат. Туризмди өнүктүрүүнүн экономикалык көрсөткүчторүн анын социалдык жагдайы менен тыгыз байланыштырып кароо илимий-методикалык жактан туура экендиги илимпоздор тарабынан эчак эле далилденген. Туризмди өнүктүрүүнүн социалдык жана экономикалык натыйжалуулугун аныктоо ошол учурунда эң эле түрдүү факторлорду эсепке алууга, түпкү маанисин жеткиликтүү иликтөөгө зор түрткү берет.

Туризм комплексинин жалпы кирешесинин көлөмү анын ар бир мекемесиндеги туристтерди тейлөөдөн түшкөн кирешенин жалпы суммасы боюнча аныкталат. Ырас, түрдүү рекламага, административдик башкарууга жумшалган каражат мындай учурда чыгарылып ташталат. Туризм индустриясынан түшүүчү кирешенин так санын аныктоодо төмөндөгүдөй формула колдонулат:

$$П = \sum_{i=1}^{n} \{ [т \cdot к \cdot д - T \cdot (1 - L_1)] + [T_{i-1}Д - T_{i-1})] + T_i L_i \} - (P_i, Б_i),$$

$$P_i = \frac{З_i}{П} \cdot К,$$

Pi — бир түрдүү рекреация ресурстарынын чогундусу; Зi — рекреация ресурстарынын бүт запасы; К — убактылуу коэффициенти (рекреация ресурстарын баалоо үчүн); П — ресурстарды керектөө ченеми.

Экономикалык жактан баалоонун кийинки баскычында рекреация ресурстарынын бүт түрүнүн жыйындысы аныкталып, туризмдин тигил же бул тармактарына ылайыкталып өздөштүрүлөт. Көпчүлүк учурда рекреация ресурстарынын бир нече түрүнүн жыйындысы туризм комплексин калыптандырууга, натыйжалуулугун арттырууга кыйла көмөктөшөт. Ырас, рекреация ресурстары түрү, сапаты, жайгашкан орду, тийгизген таасири, келечеги жагынан бири экинчисинен олуттуу айырмаланат.

Белгилүү региондун рекреация ресурстарынын ар бир элементин натуралай түрүндө жана наркы боюнча баалоону эки баскычтын соңу катары тактап чыккандан кийин, буларды бирдиктүү интегралдык көрсөткүчкө которуу, башкача айтканда, ресурстарды комплекстүү баалоону жүргүзүү зарылчылыгы пайда болот. Көрсөткүчтөрдөн алынуучу эсеп ар ресурстун элементине өз алдынча, «тараза» коэффициентин эсепке алуу аркылуу жүргүзүлөт. Туризм индустриясы тармактарын адистештирүү процессинде рекреация ресурстары менен жалпы камсыз болушунан тышкары, ар элементтин туризм чарбасындагы түпкү мааниси эсепке алынат. Бул коэффициенттер тиешелүү элементтердин экономикалык жактан бааланышын толук көрсөтүп, атайын чарбалык же социалдык-экономикалык маанисин интегралдык баалоо аркылуу чагылдырат. Илимий-техникалык прогресстин жетишкен ийгиликтеринен улам жаратылыш-рекреация ресурстарынын айрым элементтеринин экономикалык маңызы, экологиялык абалы өзгөрүлсө, анда тиешелүү коэффициенттин мааниси дагы өзгөрүлөт. Региондун жаратылыш-рекреация ресурстарын интегралдык баалоону аныктоого төмөндөгүдөй формула пайдаланылат:

$$П_1 = \sum_{i-1}^{n} K_i P_i,$$

$П_1$ — жаратылыш-рекреация ресурстарын наркы боюнча интегралдуу экономикалык баалоо; $К_1$ — тигил же бул ресурстун коэффициенттик мааниси; $Р_1$ — рекреация ресурстарынын жыйынтыкталган көлөмү: n — рекреация ресурстарынын элементтеринин саны.

Региондун жаратылыш-рекреация ресурстарынын жыйындысын экономикалык жактан баалоонун бирдиктүү методикалык ыкмасы катары рентанын өзөгүнөн чыккан экономикалык натыйжа керектелет. «Экономикалык натыйжалуулугу» термини азыркы баалр

мамилелеринин шартында рекреация ресурстарынын экономикалык натыйжалуулугун жыйынтыктап эсептөөгө кеңири пайдаланылып жатат. Тиешелүү өлчөмдөгү алынган натыйжа, адатта, рекреация ресурсун иликтөөгө, өздөштүрүүгө, туризм тармактарына пайдаланууга жумшалган каражатты чыгарып таштагандан кийинки калган сумманын негизинде келип чыгат. Рекреация ресурсунун бир нече түрүнөн чогуулай алынуучу экономикалык натыйжанын өлчөмүн тагыраак аныктоо кыйла татаал жумуш жана конкреттүү ресурстардын тигил же бул өзгөчөлүгүнө жараша болот. Ушундан улам, жогорудагы белгиленген интегралдуу экономикалык баалоо ыкмасынын нугунда рекреация ресурсунун экономикалык натыйжасын табуу боюнча методикалык негизин парк түрүндө иштеп чыгуунун олуттуу мааниси бар.

Белгилүү региондун жаратылыш-рекреация ресурстарын курорт, эс алуу жайларында пайдалануудан алынуучу жылдык экономикалык натыйжаны төмөндөгү формуланын жардамында чыгаруу ыңгайлуу:

$$H_i = \sum_{j-1}^{n} P_i - S_i,$$

$H_i$ — жаратылыш-рекреация ресурстарын пайдалануудан алынуучу экономикалык натыйжа; $P_i$ — жаратылыш-рекреация ресурстарынын жыйынтыкталган көлөмү; $K_i$ — тигил же бул ресурстун коэффициенттик мааниси; $S_i$ — жаратылышты коргоого кеткен чыгым; n — жаратылыш-рекреация ресурстарына тиешелүү элементтердин саны.

Жаратылыш-рекреация ресурстарынын түрлөрүнөн жана запастарынан туризмге пайдалануудан түшкөн салыштырмалуу натыйжасын тактоо соңунан, аларды туризм тармактарына керектөөдөн алынуучу социалдык-экономикалык натыйжанын үлүшүн баалоого толук мүмкүнчүлүк түзүлөт. Жаратылыш-рекреация байлыктарын тактап айтканда, бальнеологиялык ресурстарын экономикалык жактан баалоонун негизги өзөгүн атайын такталган балансы — запасы түзөт.

Региондун жаратылыш-рекреация байлыгын, биринчи кезекте, табигый курорт ресурстарын экономикалык жактан баалоодо айрым өзгөчөлүктөрү эске алынат. Анткени, аларды пайдалануудан алынуучу экономикалык натыйжаны чыгаруу жалпы чарбанын деңгээлинде талданат да, жаратылыштын башка ресурстарынан айырмаланып, эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн артылуусуна; оорусыркоо санынын азайышына, бейтапканаларда, ооруканаларда жумшалган каражаттын өлчөмүнө ж. б. тийгизген таасири эсепке кирет.

## 2.3. Туризм индустриясын классификациялоо

Туризм индустриясы XX кылымдын орто ченинен тартып дүйнөлүк чарбанын алкагында өз алдынча тармак катары калыптанган. Акыркы отуз жылдын ичинде туризм тармактары кыйла кеңейип, көп өлкөлөрдө олуттуу өнүгүп жатат. Келечекте түшкөн киреешесинин көлөмү жагынан туризм дүйнөлүк чарба тармактарынын ичинен эң башкы орунга чыгып, жер шарындагы калктын жашоо-тиричилигине олуттуу таасирин тийгизе тургандыгын түрдүү мамлекеттердеги таанымал адис-илимпоздор ийне-жибине чейин иликтеп, тиешелүү жыйынтык чыгарууда.

Туризмди өнүктүрүүгө ыңгайлуу, жаратылыш-рекреация шарты дурус жерлерге келүүчү саякатчылардын тиешелүү талабын, мүдөөсүн орундатууга, жайгаштырууга, сейилдетүүгө, эс алдырууга, чарбалык жактан ыңгайлаштыра өздөштүрүлүп, түрдүү чаралар көрүлөт. Ушундан улам туризмдин өз алдынча чарбачылыгы, комплекси калыптанып, ал ич ара түрдүү, түпкү мааниси бир тармактарга ажырайт. Ырас, региондун жер шартына, рекреациялык ресурстарынын түрдүүлүгүнө, экономикасынын өнүгүү абалына карата туризм тармактарынын калыптануусу дагы кыйла өзгөрүлөт.

Туризм индустриясынын ички өзгөчөлүгүн, түзүлүшүн, түпкү маңызын жеткиликтүү иликтөөдө аны эң алды менен классификациялоонун теориялык-практикалык мааниси өтө олуттуу. Туризмдин түрү боюнча классификациялоо туризм чарбасын аймактар боюнча уюштурууну жана өнүктүрүүнү, материалдык-техникалык базасын бышыктоону алдын алуу, туристтер арбын талап кылуучу тейлөө чөйрөсүн учурунда тактоо сыяктуу талылуу маселелерди илимий негизде чечүүгө көмөктөшөт. Бирок, туризмди классификациялоо кыйла түйшүктүү иш. Анткени, убакыт өткөн сайын туризм индустриясынын тармактары арбын, өндүрүштүк байланышы күчөп, көмөкчү чарбачылыгы өнүгүүдөн улам туризмдин ачык, даана түрүн ажыратуу кыйындап жатат.

Туризм тармактарынын көздөгөн максаты, жайгашкан жери, негизги багыты, саякаттын мезгили, мөөнөтү, башкы маршруттары сыяктуу түрдүү көрсөткүчтөрү боюнча классификацияланат. Саякатка чыгуучу туристтердин көпчүлүгү адатта, бир нече максатты беттейт да, алардын ичинен бири эң башкы орунду ээлейт. Мисалы, альпинисттин түпкү мүдөөсү — беттеген тоо кыркасындагы эң бийик чокуга чыгуу жана айлана-чөйрөсүн иликтөө. Албетте, альпинист саякат учурунда басып өткөн шаар же археология эстеликтери менен жакшылап таанышып алуу максатынын да коюлушу, ушундан улам туризмди классификациялоодо алардын түрүнө жана беттеген башкы максатына түздөн-түз байланыштуу болот.

Туризмдин формасы жана түрү эң эле ар кыл келип, алардын калыптануусу түрдүү факторлордун тийгизген таасирине байланыштуу. Эң алды менен буларга төмөндөгүлөрдү кошууга болот: калктын материалдык жактан камсыз болуу өлчөмү; жылдын жылуу, ыңгайлуу учурдагы мезгилде калктын бош убактысы жана узактыгы; рекреанттардын курагы, жынысы, саякатчылар маршруттарынын же туризм комплекстеринин жаратылыш-климат шарты, рекреация потенциалы ж. б.

Көздөгөн максаты жана саякатчылардын беттеген багыты, агымы боюнча туризм улуттук жана эл аралык болуп эки чоң топко ажырайт. Ар биринин өз алдынча милдети, тиешелүү өзгөчөлүгү бар. Өз өлкөсүнүн ичинде эс алуу, саякатчылык кылуу, жаккан жерлерине, шаарларга, түрдүү эстеликтерге баруу, спорт менен машыгуу максатында туруктуу жашаган жеринен убактылуу оол кетүүчү рекреанттардын тобу ички туризмдин өзөгүн түзөт. Ал эми бир өлкөдөн экинчи бир өлкөгө саякатчылап келген рекреанттардын тобу болсо эл аралык туризмдин түпкү өзөгүн ээлейт. Белгилүү өлкөдөгү төлөө балансына тийгизген таасири жагынан туризмдин мындай тобу ичинен активдүү жана пассивдүү болуп экиге бөлүнөт. Эгерде өлкөдөн тышка саякатчылар чыкса пассивдүү туризм, тескерисинче, бул мамлекетке саякатчылап келгендер болсо активдүү туризм деп аталат.

Туризмди классификациялоодо улуттук жана эл аралык туризм деп так, жеткиликтүү бөлүп көрсөтүү кыйла татаал. Анткени, булардын ич ара жалпы окшоштуктары, карым-катнашы, бири экинчисине жасаган көмөгү сыяктуу ажырагыс жактары бар. Улуттук жана эл аралык туризм тармактары ошол региондун же бүтүндөй өлкөнүн жаратылыш-рекреация потенциалын, материалдык-техникалык жактан калыптанган ресурстарын бирдей пайдаланышат. Ырас, булардын айырмачылыктары туризм тармактарын тейлөө комплексинде даана байкалат. Бул негизинен өлкөнүн экономикасынын өнүгүшүнө, улуттун өзгөчөлүгүнө, үрп-адатына, салтына, туризм индустриясынын калыптануу деңгээлине тыгыз байланыштуу.

Өлкө же региондун деңгээлинде туризм индустриясынын чарбасын калыптандыруу адатта, ар тараптан, комплекстүү иликтенет. Туризмдин улуттук жана эл аралык бөлүгү бири экинчисине дайыма эриш-аркак болуп турат. Ырас, өлкөнүн экономикасына, туризм индустриясынын жалпы абалына карата булардын бири туризмдин негизги көрсөткүчтөрү боюнча башкы орунду ээлейт. Эл аралык туризм тармактарынын өнүгүшү дүйнөлүк же ири региондордогу саясий кырдаалдын абалына тыгыз байланыштуу. Туризм комплекси дурус калыптанган мамлекеттердин биринде ички, тышкы саясий абал кыйындаса, анда бул өлкөгө чет жерден келүүчү туристтердин агымы кыйла тыйылып, айрым учурда то-

дугу менен токтойт. Эл аралык туризм ушундай чөгүп турган абалында улуттук туризм тармактары туризм индустриясынын бүтүндөй чарбачылыгын тигил же бул өлчөмдө дайыма көтөрмөлөп материалдык-техникалык базасынын кадимкидей сакталуусуна оң таасирин тийгизип турат. Атайын иликтенген маалыматтарга ылайык, азыр дүйнөлүк туризм агымынын 80% ке чейинки үлүшү улуттук туризм тармактарына туура келет. Албетте мындай көрсөткүч төгөрөктүн төрт бурчунда бирдей эмес. Мисалы, АКШнын элинин көпчүлүгү өз өлкөсүндө саякатка чыкса, Европа өлкөлөрүндөгү элдер, тескерисинче, башка мамлекеттерди кыдырууга калып алып калган.

Улуттук туризмдин өнүгүшү дүйнөлүк алкактан алганда бир кылка эмес. Бул мамлекеттин жаратылыш-рекреация ресурстарына, экономикасынын өнүгүшүнө, эң башкысы, өкмөттүн туризм боюнча жүргүзгөн түпкү саясатына тыгыз байланыштуу. Анткени, убакыт илгерилеген сайын туризмдин экономикалык мааниси күчөп, көп өлкөлөрдө мунун тармактарын тез калыптандырууга олуттуу көңүл бөлүнүп жатат. Чындыгында, улуттук туризмден чет өлкөлүк валюта түшпөйт, бирок, туризм индустриясынын бүт системасына олуттуу таасирин тийгизип турат.

Туризм уюштуруу жагынан пландаштырылган жана өз алдынча болуп экиге бөлүнөт. Атайын жолдомонун негизинде бир же бир нече өлкөгө, регионго белгилүү мөөнөткө чейин саякатчылык кылуучу топ пландаштырылган туризм деп аталат. Мындай учурда туристтер түнөк жай, ашкана, тейлөөнүн тиешелүү түрлөрү, транспорт жагынан жолдомонун шартына ылайык камсыз кылынат. Бир өлкөгө же регионго атайын жолдомосуз эле жалгыздап жана топтошуп алып саякатка чыгуучулар өз алдынча туризмдин өзөгүн түзөт. Мындай кезде туристтер саякаттын башынан аягына чейинки тейлөөгө байланыштуу маселелерди өз алдынча чечип, түнөк жайдын жагдайына карата өз чатырларын, мейманкана, мотель, кемпинг сыяктуу жайларды пайдаланышат. Туристтердин тамактануу, соода-сатык жана транспорт маселеси саякат маршруттарынын өзгөчөлүгүнө карата чечилет.

Саякатка чыгуучу мөөнөтү жана узактыгына карата туризм кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү болуп бөлүнөт. Белгилүү бир рекреация комплексине же шаарга жылдын бүт мезгилинде салыштырмалуу бирдей туристтердин тынбай келиши туруктуу туризм деп аталат. Ал эми ушундай көрүнүш жайкысын же кышкысын кыйла үстөмдүк кылса, бул сезондуу туризмге таандык. Туризмдин бул тармагы ичинен бир сезондуу жана кош сезондуу болуп ажырайт. Жылдын жылуу же суук учурунда туристтердин үстөмдүк кылышы бир сезондуу туризмди пайда кылса, жайкысын кышкысындай эле туристтердин салыштырмалуу бирдей санда келүүсү кош сезондуу туризмдин негизин түзөт. Ырас, жер

шарынын мелүүн алкактарында жайгашкан өлкөлөрдүн басымдуусунда бир сезондуу туризм үстөмдүк кылса, жыл мезгили дайыма бирдей жылуу, ысык тропик тилкелеринде орун алган мамлекеттердин аймагындагы туризмдин өнүгүшүн тигил же бул сезонго ыйгарып кароого туура келбейт.

Туризм индустриясын комплекстүү классификациялоодо, анын башкы тармактары ич ара негизги жана көмөкчү чарбага ажырайт. Булар бири экинчиси менен өтө тыгыз байланышта келип, өздөрүнө таандык өзгөчөлүктөрү бар. Жалаң туристтерди тейлөөгө адистештирилген турбаза, курорт, мейманкана, кемпинг сыяктуу мекеме же ишканалар туризмдин башкы объектилерин түзөт. Ал эми көпчүлүк жол, транспорт, ресторан, дүкөн, коммуналдык, турмуш-тиричилик жана маданий жактан тейлөө мекемелери сыяктуу объектилер болсо көмөкчү чарба катары туристтерге тигил же бул өлчөмдө керектелет.

Туристтик база — туристтердин узак жана кыска мөөнөттүү эс алуусуна ылайыкташтырылып даярдалган мекемелер. Көбүнчө алар шаар айланасында, жаратылыш-рекреация шарты дурус жерлерде жайгаштырылат. Мындай базаларда тамак-аш сатуу, спорт буюмдарын убактылуу берүү, түрдүү маданий жана ден соолукту чыңоого байланышкан иштер жүргүзүлөт. Рекреация байлыктары (минералдуу суулар, дары баткактар ж. б.) кеңири керектелет. Балдарга эмгек, спорт жана эс алууга кошумча жайларды даярдоо кыйла үзүрлүү жана ыңгайлуу экендиги тажрыйбадан келип чыккан. Базада туристтерди саякатка чыгарууга тиешелүү теориялык жана практикалык жактан даярдоо иштери дагы жүргүзүлөт.

Туристтик комплекс — туризм ишине тиешелүү жана аны тейлөөчү имарат, мекеме, ишканалар жыйындысы. Ага мейманкана, мотель, ресторан, кафе, бар, пляж, стадион, спорт аянты, суу бассейни, кинотеатр ж. б. кирет. Комплекстин мындай түрүн жайгаштырууда жаратылыш-рекреация ресурстары жана экономика тармактарынын өзгөчөлүктөрү толук эске алынат.

Курорт — эс алууга жагымдуу жаратылыш-рекреация ресурстары (минералдуу суу, дары баткак, климат ж. б.) жана аларды пайдаланууга керектүү шарты бар имараттар комплекси. Мындай жайга туристтер көбүнчөсү дарыланууга, ден соолугун чыңоого, эс алууга келишет. Пайдаланган ресурстарынын түрүнө жана жайгашкан географиялык абалына карата адистештирилет. Жаратылыш-рекреация ресурстарына жана жайгашкан жеринин аянтына, келүүчү туристтердин агымына ылайык курорттун көлөмү, келечеги аныкталат.

Кемпинг — автотуристтерди жайгаштырууга жана маданий тиричилик жактан убактылуу тейлөөгө ыңгайлаштырылып даярдалган атайын жайлар. Адатта кемпинг түнөк жай, автомобиль ток-

тоочу аянт, ашкана, спорт аянтчасы, дүкөнү сыяктуу зарыл тейлөөлөрдү камтыйт. Ал айрыкча белгилүү туристтик жүрүштөр кеңири жайылтылган аймактарда, курорт-рекреация комплекстеринде, токой арасында, шаар айланасында жайгаштырылат.

Ботель — суу туристтерин жылы бою тейлөөчү туризм мекемеси. Бул кеме сымал мейманкана же турбазага окшошуп кетет. Көбүнчөсү тоңбогон деңиз, көл жээктерине жайгаштырылат. Чакан кемелерди сактоочу жайлары жана туристтердин сууда сүзүүгө пайдалануучу түрдүү жасалгалары, техникалык жактан тейлөөчү приборлору жайгашкан имараттары болот.

Туризм индустриясынын материалдык базасын калыптандырууда туристтер талап кылуучу шарттардын көпчүлүгү эске алынат. Ырас, туристтердин бүт мүдөөсүн белгилүү бир туризм комплексинин чегинде толук чечүү эч мүмкүн эмес. Ушундан улам туризм индустриясы өлкөнүн же региондун географиялык абалына, жаратылыш-рекреациялык жана экономикалык потенциалына, археологиялык, тарыхый, архитектуралык эстеликтердин сапатына, санына, көздөгөн максатына ылайык ар кыл түрлөргө ажырайт.

Дүйнөлүк далай жыйындарда иликтенип, талкуулардан өткөндөн кийин туризм индустриясын түрү боюнча курорт-дарылануу туризми, саякат туризми, спорт туризми, илимий туризм, иштиктүү туризми, дин маселесине байланышкан туризм, промысел туризми, этникалык туризмге ажыратуу илимий жактан туура экендигине адистер ынанышкан.

**Курорт-дарылануу туризми** туризм индустриясынын эзелтеден бери калыптанган тармактарынын бири. Анын көбүнчөсү географиялык абалы ыңгайлуу, табигый-рекреация байлыктары (минералдуу суулары, дары баткактары, адамга жагымдуу климат шарттары, деңиз же көлгө түшүүгө жеткиликтүү жагдайы ж. б.) мол региондордо калыптанат. Ушундай түрдүү, бирин экинчиси толуктаган дарылоо факторлорунун таасиринен улам жер шарынын көпчүлүк региондорунда эң мыкты курорт жайлары калыптанып, жыл сайын миндеген туристтерди кабыл алууда. Буларга Италиядагы Лидо, Соренто, Капри; Франциядагы Ля-Бурбуль, Гранд-мартт, Ментона, Виши; Грузиядагы Гагра, Баржоми, Цхалтубо; Кыргызстандагы Жалал-Абад, Жети-Өгүз, Ысык-Ата; Россиядагы Сочи, Ялта; Германиядагы Висбаден, Наугейм, Эмс, Дур-Кхейм; Чехия, Словакиядагы Карлови-Вари, Франтишкове-Лозне, Марианске-Лазне, Лукачовице, Пьештяни; Болгариядагы «Алтын кум»; Австриядагы Баден, Иснбрук, Лиени сыяктуу курортторду кошууга болот.

Курортторго келүүчү рекреанттарды бүтүндөй эле оору-сыркоодон айыгуу үчүн келген туристтердин катарына кошууга болбойт. Алардын арасында курорт ресурстарын толук пайдалануу аркы

луу ден соолугун чыңоо менен бирге эле, ошол региондун жаратылыш байлыктарын, археологиялык, тарыхый, архитектуралык, этнографиялык өзгөчөлүктөрүн, жергиликтүү элдин улуттук каада-салтын жакындан көрүүгө, кылдат таанышууга дилгир туристтер эң арбын кездешет. Ошондуктан, туризмдин мындай түрүн курорт жайларында дарылануу алкагынан кыйла кеңири кароо талап кылынат.

**Саякат туризми.** Туризмдин бул түрү туристтерди саякат ыкмасында дүйнөдөгү көзгө көрүнүктүү жана көрүнбөөчү нерселерден бүтүндөй кабардар кылууга көмөктөшөт. Буларга табигый, тарыхый, маданий, археологиялык, этнографиялык, архитектуралык эң ири жана кайталангыс эстеликтер, түбаса жайлар, спорттук олуттуу мелдештер, театрлар, сүрөт жана улуттук кол өнөрчүлүк көргөзмөлөрү, эл аралык фестивалдар кирип, туризмдин өнүгүшүнө орчундуу салымын кошот.

Саякат туризмине транспорттун бүтүндөй түрү керектелет. Буларды пайдалануу саякат кылуучу жерлердин жагдайына карата олуттуу өзгөрүлөт. Алыс жакка тез кетүү үчүн самолёт ыңгайлуу болсо, белгиленген маршрутту кеңири, ойдогудай акырындык менен кыдырып таанышууга автомобиль керектелет, техника жетпеген жерлерине ат минүү же жөө басып өтүү кыйла үзүрлүү. Дүйнөлүк океанда, деңиздерде же ири көлдөрдө кеме менен сүзгөн туристтердин саны убакыт илгерилеген сайын арбып жатат.

**Спорт туризми** туризмдин тез өнүгүп жаткан түрлөрүнүн бири. Бул дүйнөлүк, эл аралык, улуттук мааниде өткөрүлүүчү спорттук түркүн мелдештерди, ошондой эле жөө жүрүштү, тоо кыялай кыдырууну, кайыкта, катерде сүзүүнү, жылгаяк, велосипед, мотоцикл тебүүнү, ат минүүнү, автомобилде жүрүүнү камтыйт.

Жер шарында жалпысынан бейпилдиктин өкүм сүрүшү, илимий-техникалык прогресстин ыкчамдашы туризм спортунун тез өнүгүшүнө олуттуу көмөк көрсөтүп жатат. Жыл сайын дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө өткөрүлүүчү спорттун кышкы, жайкы ири мелдештери улам арбып, аларга каттаган туристтердин саны кыйла өсүп, киреше арбын түшүүдө. Ушундай ири жыйындарга катышууга бел байлап, чоң спорттун артынан түшкөн жаштардын саны азыр кыйла арбын.

**Илимий туризм.** Бул туризмдин эң келечектүү түрлөрүнүн бири. Эл аралык илимий-техникалык байланышты кеңейтүү максатын көздөйт. Дүйнө өлкөлөрүнүн көпчүлүгүндө көптөн бери тигил же бул актуалдуу маселе боюнча симпозиум, конгресс, конференция, чогулуш, семинар өткөрүү жана тиешелүү жыйынтык чыгаруу адатка айланган. Азыр жер шары боюнча жылына өткөрүлүүчү мындай эл аралык маанидеги орчундуу жыйындардын саны 3,5 миңден ашуун. Конгресске катышкандардын ар биринен түшкөн валютанын өлчөмү туризмдин башка тармактарындагы

өкулдөргө караганда 2—3 эсеге арбындык кылат. Ал эми туризм индустриясынан түшкөн валютанын 10% ушул илимий туризмдин үлүшүнө туура келет. Ушундан улам туризмдин мындай түрүн өнүктүрүү үчүн дүйнө өлкөлөрүнүн басымдуу көпчүлүгү көптөн бери эле олуттуу иштерди аткарууда. Айрым туристтик фирмалар, компаниялар жалаң эл аралык маанидеги ушундай жыйындарды окорууго, илимий талдоолорду иликтөөгө адистештирилген.

**Иштиктүү туризм,** туризм индустриясынын эң көрүнүктүү түрлөрүнүн бири. Бул дээрлик бир максатты беттеген же кесипчиликтери бир адамдарды бириктирет. Туристтердин мындай тобунун түпкү кызыкчылыгы экономиканын түрдүү тармактарынын нугунда жаткандыктан улам жылдын жылуу же суук мезгилдери булар үчүн олуттуу мааниге ээ болбойт. Саякатка чыгуу топтолгон, чечүүнү талап кылуучу маселелердин деңгээлине ылайык жүргүзүлөт. Иштиктүү туризмдин негизи эл аралык жана улуттук маанидеги көргөзмө жана ярмарка уюштурууга, өткөрүүгө атайын келген туристтердин көбөйүшүнөн улам башталган. Кийин көп өлкөлөрдө коммерциялык жайлардын, базарлардын көбөйүшү ишкер адамдардын саякатка чыгуусун кыйла арбыткан. Иштиктүү туризмдин азыр күч алып турган мезгили.

Кийинки учурда кесипчиликтери окшош адамдардан топтолгон туристтердин агымы күч алып жатат. Булар адатта атайын даярдалган программалардын жана маршруттардын негизинде саякат жасайт. Мындай атайын уюштурулган топтор кесипчиликтерине байланышкан иштер, жетишкендиктер менен эле алек болуп келбестен, ириде барган өлкөнүн же региондун, шаардын жаратылыш өзгөчөлүгү, туристтик түрдүү байлыктары, жергиликтүү элдин үрп-адаты, кол өнөрчүлүгү жагынан дагы толук кабардар болууга, өздөрү кыдырып көрүүгө тиешелүү шарттарды түзүүгө аракеттенишет.

**Дин маселесине байланышкан** туризм азыр дүйнө жүзүнүн көп бөлүгүндө кеңири таралган. Жер шарындагы эң кадыр-барктуу, көптөн бери калыптанып калган жана туристтер үзбөй каттаган дин борборлоруна Сауд Аравиясындагы ислам дининин негиздөөчүсү Мухаммед пайгамбардын киндик каны тамган, мусулмандардын (сунниттердин) Кааба ыйык храмын, ажылык (зыярат) кылып баруучу эң башкы жайы жайгашкан Меке шаарын, Мухаммед пайгамбардын күмбөзү жайгашкан мусулмандар сыйынуучу жайы Медина (толук аталышы — Мединат-Расул-Аллах же Мединат-ан-Наби) шаарын жана дүйнөлүк католик чиркөөсүнүн борбору, Рим папасынын резиденциясы, Ыйык Петр собору (дүйнөдөгү эң чоң храм) орун алган Ватикан шаар-мамлекетин кошууга болот. Ушундай дүйнөлүк диндердин уюткусу болгон жайларга жыл сайын миллиондогон туристтер барып сыйынып турат. Жөн эле кызыгып, көрүү үчүн барган саякатчылар дагы эң эле

арбын. Мындай дин нугундагы ыйык жерлерге адамдарды жеткирүү жагын камсыз кылуу үчүн атайын туристтик ири компаниялар, фирмалар жана уюмдар эчак эле уюштурулган.

**Промысел туризми** кийинки кезде дурус өнүгүп жатат. Бул аңчылык кылуу, балык уулоо, тоо, токой кезип, ышкын, козу карын, сарымсак жапайы жер-жемиш, жаңгак ж. б. чогултууну каалаган туристтердин тобун камтыйт. Туризмдин мындай түрүнүн ичинен аңчылык кылуу кыйла кеңири таралып, аңчы-туристтерден түшкөн каражаттын, валютанын үлүшү дагы арбын. Айрым мамлекеттерде аңчылык туризмин билгичтикте уюштуруп, аңчылардын келүүсүнө ыңгайлуу шарт түзүү аркылуу кирешени мол алып жатышат. Ырас, жердин шартына, жаратылыш-рекреация комплексинин өзгөчөлүгүнө карата дагы айрым жагдайлары өзгөрүлөт. Мисалы, деңиз жээгинен орун алган өлкөлөрдө балык уулоо туризми үстөмдүк кылып, токой тилкелери көп мамлекеттерде аюу, каман, карышкыр, түлкү сыяктуу жаныбарларга аңчылык кылуу туризми кеңири таралган. Аңчылык туризмине байланышкан иштерди туура уюштуруу жаратылыш байлыгын сарамжалдуу пайдаланууга, азык-түлүк, каражат маселесин тигил же бул деңгээлде туура чечүүгө олуттуу көмөк көрсөтөт.

**Этникалык туризм** байыртадан калыптанган туризмдин бир түрү. Анын негизин чет өлкөдөгү же башка региондордо жашаган урук-туугандарынан кабар алууга, ата-энесинин киндик каны тамган жерлерди кыдырууга чыккан туристтер ээлейт. Көбүнчөсү булар бирден, экиден же чакан топ болуп барышат. Бир кезде, туристтер жакын туугандарын, ата-энесин же алардын киндик каны тамган аймактарды көрүүгө барса, азыр алардын небере, чөбөрөлөрү ата-тегинин мекенин кыдырууга аттанышат. Мындай жагдай кошумча мейманканаларды курууну, тейлөөнүн башка тармактарын кеңейтүүнү талап кылууда.

# ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

## КЫРГЫЗСТАНДА ТУРИЗМДИ ӨНҮКТҮРҮҮНҮН НЕГИЗГИ ШАРТТАРЫ ЖАНА АЗЫРКЫ АБАЛЫ

### 3. 1. Туризмди өнүктүрүүнүн жаратылыш шарттары

Туризм индустриясынын тармактарын калыптандырууга жана ийгиликтүү өнүктүрүүгө жаратылыш шарттары олуттуу таасирин тийгизет. Жаратылыш шарттары көпчүлүк учурда туристтик-рекреация комплексинин тигил же бул түрүн жайгаштырууну, адистештирүүнү аныктайт. Ушундай жагдай Кыргызстанга да түздөн-түз тиешелүү.

Кыргызстандын аймагы Тянь-Шань тоо кыркаларынын батыш жана Памир-Алай тоо кыркаларынын түндүк-чыгыш бөлүктөрүнөн орун алган. Республиканын территориясынын 93% 1000 метрден, 70% аянты 2000 метрден жогорку бийиктикте жайгашкан. Бийиктик алкактын көрсөткүчү боюнча Кыргызстан дүйнөдөгү эң бийик тоолуу региондордун катарына кирет. Мисалы, Тажикстандын 43,8%, Грузиянын 19,4%, Армениянын 40,6%, Азербайжандын 9,9%, Афганистандын 39,4%, мурдагы Югославиянын 0,5% аянты 2000 метрден жогорку бийиктикте орун алган. Кыргыз жеринин абсолюттук бийиктиги 394 метрден 7439 метрге чейин жетип, орточо бийиктиги 2750 метрди түзөт. Ушундай жагдайды эске алып, курорт-туризм боюнча дүйнөдөгү эң мыкты адистердин бири В. А. Александров XX кылымдын отузунчу жылдарынын башында Кыргызстандын аймагын «Азиянын Швейцариясы» деп атап кеткен. Чындыгында эле Тянь-Шань кырка тоолорунун жаратылыш-климат шарты, табигый-рекреация байлыктары, геоморфологиялык өзгөчөлүктөрү жагынан альпы тоо кыркаларына айрым жалпы окшоштуктары бар. Албетте, Тянь-Шань тоолору Альпыдан кыйла түштүк тарапта жайгашкандыгы, бийик тоолорго таандык түркүн өсүмдүктөрү, жаныбарлары, тоо капталдарын тегиз каптаган арчалары, жаңгак токойлору, минералдык суулары, баткактары, табигый үңкүрлөрү, тоолорду аралап өткөн суулары, көлдөрү, жаратылыш-рекреация ресурстарынын али начар өздөштүрүлүшү, экологиялык жактан салыштырмалуу тазалыгы менен кыйла өзгөчөлөнөт. Жаратылыш шартынын ушундай бийиктик

боюнча өзгөрүлүшү жана түрдүүлүгү туризмди өнүктүрүүгө ыңгайлуу шарт түзөт.

Кыргызстандын тоолуу аймагынан ландшафттын ар кыл түрү орун алган. Табиятынын кооздугу, тоо ландшафтынын сапаты жана түрдүүлүгү, жаратылыш-рекреация ресурстарынын молдугу, адамдын ден соолугуна тийгизген дарылык касиетинин күчтүүлүгү боюнча республика аймагында 100 дөн ашуун жер аныкталган. Алардын басымдуу көпчүлүгү деңиз деңгээлинен 1000—2000 м бийиктик алкагында жайгашкан. Буларга, Ысык-Көл кылаасы, Фергана тоо кыркасындагы табигый жаңгак жана арча токой тилкелери, Абшир, Кара-Шоро, Арсланбап, Сары-Челек, Ысык-Ата, Ак-Суу, Жети-Өгүз, Ала-Арча, Соң-Көл, Чаткал, Талас сыяктуу жаратылыш комплекстери кирет. Айрымдарына азыр туризмдин бир катар курорттору, санаторийлери жана эс алуу мекемелери жайгаштырылган.

Кыргызстандын тоолуу аймагынын климаттык шарты туризм тармактарын калыптандырууга олуттуу таасирин тийгизет. Климаты кескин континенталдуу келип, кургакчылык үстөмдүк кылат. Жыл мезгили бири экинчисинен олуттуу айырмаланып турат. Анткени, республиканын тоолуу аймагы Евразия материгинин борборундагы чөл зонасында жайгашып, дүйнөлүк океан жана деңиздерден кыйла алыс. Ушундай жагдайдан калыптанган жаратылыш-рекреация потенциалынын молдугу жана түрдүүлүгү республикада туризмдин ар кыл тармактарын бийиктик алкактар боюнча өнүктүрүүгө ойдогудай шарт түзөт.

Тоолуу жерлердин климатынын адамдын ден соолугуна, эмгек өндүрүмдүүлүгүнө тийгизген таасири бийиктик алкактар боюнча айырмаланат. Тоо канчалык бийиктеген сайын атмосферанын басымы төмөндөп, адамдын дем алуусу кыйындайт, кандын составындагы кычкыл тектин үлүшү кыйла төмөндөйт. Натыйжада адам түтөкко чалдыгып, денеси шалдырайт, энтигүү пайда болуп, жүрөктүн согушу катуулайт, уйкусу качып, тамакка табити тартпай калат. Ырас, түтөк дүйнөдөгү ири тоо кыркаларында түрдүү бийиктиктен тартып кармай тургандыгын адистер учурунда жетишерлик аныкташкан. Алсак, оорунун мындай түрү Альпы жана Кавказ тоо кыркаларында 3000 м, Тянь-Шанда 3500 м, Андыда 4000 м, Памир жана Гималайда 5000 м бийиктиктен тартып башталат. Ал эми бир эле тоо кыркасында оорунун мындай түрү жылдын жылуу мезгилине караганда кышкысын салыштырмалуу төмөнкү бийиктикте кездеше тургандыгы илимий жактан аныкталган. Тоо жаратылыш-климат шартынын ушундай өзгөчөлүгү республиканын туризм тармактарын калыптандырууга чейин тиешелүү ишти жүргүзүү учурунда эске алынат.

Кыргызстандын жаратылыш-климаттык шарттары туризм тармактарын жайгаштырууга жана өнүктүрүүгө жалпысынан ыңгай-

луу. Адистердин талдоосуна ылайык республиканын аймагы төмөндөгүдөй бийиктик климат алкактарына ажырайт: тоо этеги жана бөксө тоо (394—1000 м); орто тоо (1000—2000 м); бийик тоо (2000 метрден жогору). Булардын ичинен орто тоо бийиктик алкагы ич ара төмөнкү (1000—1500 м) жана жогорку бөлүгүнө (1500—2000 м) ажырайт. Ушундай тоо алкактарынын бийиктешинен улам абанын температурасы төмөндөп, атмосферанын басымы жогорулай баштайт. Такталган маалыматтарга ылайык ар бир 100 м бийиктикте абанын температурасы орточо 0,6—0,8 градуска төмөндөйт. Мисалы, Фергана тоо кыркасынын түндүк бөлүгүнүн 1000 м бийиктикке чейинки аралыктын орточо температурасы 25—28°, түштүк-батыш капталындагы — 1000—1500 м бийиктикте — 22—25°, 1500—2000 м — 18—22°, 2000—2500 м — 15—18°, 3500 м жогору 0,5° түзөт.

Кыргызстандын материктин түпкөрүндө жайгашуусунан улам анын аймагына күндүн тийиши кыйла узак (жылына 2537—2880 саат), асман чайыттай ачык болуп, күн радиациясы жалпысынан бир топ интенсивдүү (115,2 кВт/куб метрге чейин жетет), жылдын жылуу мезгили узакка (жылына 188 күнгө чейин) созулат. Күн радиациясынын басымдуу үлүшү жылдын жылуу мезгилине (май-июль) туура келет.

Кыргызстанда абанын жылдык орточо температурасы тоо этектеринде 10—13°С, бийик тоолуу райондордо — 8°С түзөт. Бийиктик алкактын абанын температурасына тийгизген таасири айрыкча жылдын жылуу учурунда даана байкалат да мейкиндик боюнча өзгөрүлөт. Республиканын түштүк-батышында температура түндүк бөлүгүнө салыштырмалуу кыйла жогору келет. Фергана өрөөнүнүн этегинде июль айынын температурасы 25—27°С жетсе, Борбордук Тянь-Шандын 3600 м бийиктик алкагында температура 4°С чейин төмөндөйт. Эң жогорку температура (43—44°С) Чүй боорунда жана Фергана тоо кыркасынын этегинде кездешет. Ал эми эң суук жер бийик тоолуу Ак-Сай өрөөнү. Бул жерде температура — 53,6°С чейин жеткен. Күндүн бир кылка тийбеши, аба температурасынын олуттуу өзгөрүлүшү туризм тармактарын жайгаштырууга, аларды адистештирүүгө олуттуу таасирин тийгизет.

Кыргызстан бийик тоо кыркаларынын эсебинен Борбордук Азиядагы эң нымдуу аймак болуп эсептелет. Жыл ичинде орточо эсеп менен 200—900 мм жаан-чачын түшөт. Республика боюнча жана Фергана тоо кыркаларынын түштүк-батыш капталдарында эң көп жаайт, (2000 мм чейин), Ысык-Көлдүн батышында эң эле аз (100 мм) жаайт. Республикада кардын түшүүсү да бийиктик алкак жана мейкиндик боюнча өзгөрүлүп турат. Кар тоо этектеринде 90 күнгө чейин жатса, бийик тоолуу жерлерде 200 күнгө чейин кетпейт да туризмдин кышкы түрлөрүн өнүктүрүүгө шарт түзөт.

Кыргызстандын климат шарттары бийиктик алкактары сыяктуу эле региондору боюнча дагы олуттуу айырмаланат. Бул көбүнчөсү аймактык географиялык абалына, деңиз деңгээлинен бийиктикте жайгашуусуна, ошондой эле жаратылыштын айрым жергиликтүү факторлорунун тийгизген таасирине тыгыз байланыштуу келет.

Туризм тармактарын жайгаштырууга тийгизүүчү таасири жагынан Ысык-Көл өрөөнүнүн жаратылыш климат шарты республикада өзгөчө орунду ээлейт. Көл ички Тянь-Шандын түндүк бөлүгүндө жайгашкан. Өрөөн климаты жалпысынан мелүүн континенталдуу келип, көлдүн тийгизген таасири кыйла күчтүү. Көлдө суу температурасынын жана туздуулугунун айырмасына жараша аралашып жайдыр кыштыр тоңбойт. Ушундай өзгөчөлүгүнөн улам көлдө катуу суук же өтө ысык байкалбайт. Жээктеринде тоо-деңиз климатынын элементтери пайда болуп, натыйжада климат менен дарылоого толук мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Ысык-Көл өрөөнүнүн жайы жылуу келип, Караколдо июлдун орточо температурасы 16,9°С, Тамгада 17,5°С. Кышы жумшак келип, төрт айга чейин созулат. Көл жээгинде январдын орточо температурасы — 2—5,7°С. Жыл ичинде күндүн тийиши өрөөн боюнча 2670—2880 саатка чейин жетет. Ушундай көрсөткүчү жагынан көл Кавказдын Кара деңиз жээктеринен (Сочиде — 2253), Крымдан (Ялтада — 2250), Балтика боюнан (Ригада — 1812) кыйла дурус абалды ээлейт. Көл жээгиндеги жылдын жылуу мезгили салыштырмалуу узак. Борбордук бөлүгүндө жылына орточо 185 күнгө, чыгышында 102 күнгө чейин жетет. Өрөөн жылдык жаан-чачындын түшүүсү боюнча олуттуу айырмаланат. Көлдүн чыгыш жээгинде жылдык жаан-чачындын саны 400—500 мм жетсе, батыш бөлүгүндө 200 мм ашпайт.

Ысык-Көл өрөөнүндө туризм индустриясын өнүктүрүүгө бийиктик алкактарынын жана регионалдык климат шартынын тийгизген таасири эң эле түрдүүчө келет. Көл жээгинин борбордук, чыгыш, түштүк-чыгыш жагы жана түштүк жагы түштүк-батыш бөлүгүнө салыштырмалуу рекреациялык жактан өтө баалуулугу менен өзгөчө айырмаланат. Жалпысынан алганда, өрөөн ичинде тоо-деңиз климатынын калыптануусу, табиятынын өтө кооздугу, минералдуу булактары менен дары баткактарынын түрдүүлүгү жана молдугу, абасынын өтө арбын иондошуусу сыяктуу шайкеш келүүсү көл жээгинде келечекте дүйнөлүк маанидеги туризм комплексин калыптандырууга зор өбөлгө түзөт.

Кыргызстандын түштүк бөлүгү туризм тармактарына тийгизген жаратылыш климат шартынын түрдүүлүгү жагынан республикада олуттуу орунду ээлейт. Ал Түштүк-Батыш Тянь-Шань жана Алай-Түркстан табигый областынын аймагында жайгашкан. Республиканын түштүгү Фергана өрөөнүнүн 13% жакын үлүшүн

ээлейт. Эң бийик жери Чоң Алай кырка тоосундагы дүйнөдөгү бүтүндөй альпинисттерге белгилүү Ленин атындагы чоку (7134 м), эң төмөн жери Лейлек районунун аймагында жайгашкан. Фергана тоо кыркаларынын этегинде ойдуңдуу түздүктөр, адырлар жана түрдүү дөңсөөлөр көп кездешет. Тоо кыркаларын негизинен чоң өрөөндөр менен капчыгайлар бөлүп турат.

Климаттык шарты бийиктик алкак боюнча өзгөрүлүп, адамдын организмине оң таасирин тийгизет. Эң башкысы Фергана тоо кыркаларынын этеги күнөстүү келип, Испания, Италиянын түштүгү, Болгария, Грузия, Азербайжан жана Армения өлкөлөрү менен бирдей кеңдикте жайгашкан. Жыл ичинде тийген күн нурунун молдугу (жылына 2800 саат) жагынан Түркмөнстандагы Байрам-Али климаттык курорту менен катар турат. Бул жерде күндүн жылуу илеби жети айдан ашуун убакытка созулат. Республиканын түштүгүндөгү климаттык шарттын кыйла түрдүүлүгүнөн жана дурустугунан улам бийиктик алкактын бардыгында жыл бою климат менен дарылоого, Арсланбап, Кара-Алма сыяктуу жаңгак токойлорунда туризмдин эс алуу тармактарын, бийик тоо кыркаларында аңчылык жана альпинизм мекемелерин жайгаштыруу каралууда.

Чүй өрөөнү жана Кыргыз Ала-Тоо кыркасынын түндүк каптал-дарынын жаратылыш-климат шарты туризмдин көпчүлүк тармактарын жайгаштырууга олуттуу таасирин тийгизет. Өрөөн Түндүк, Тянь-Шандын кырка тоосунан орун алган. Жалпы аянты 32 миң чарчы км же республиканын 6,2% аймагын ээлейт. Өрөөн деңиз деңгээлинен 500—1300 м бийиктикте жайгашкан жана андан жогору карай кыргыз Ала-Тоо кыркасы орун алган. Климаты континенталдуу келип, жай мезгили кургак жана ысык, ал эми кышы кыйла мелүүн-суук. Тоолуу аймагы бийиктик климаттык алкактар боюнча олуттуу өзгөрүлөт. Күндүн жылуу мезгили 180 күнгө чейин созулат. Июль айынын орточо температурасы 20—25°C, январдыкы — 5—9°C. Жаан-чачындын орточо түшүүсү 400—600 мм жетип, тоону карай анын үлүшү кыйла көбөйөт.

Чүй өрөөнүнүн жаратылыш ландшафты бийик алкак боюнча кыйла өзгөрүлөт. Алсак, 500—1000 м бийиктикти жартылай чөл, куургакчыл талаа жана 1000—1600 м — талаа, 1600—1990 м — шалбаалуу талаа, 1990—12700 м — токойлуу-талаа, шалбаа —2700—3100 м созулуп, 3100—3500 м — альпы, 3500 м жогору гляциалдык-нивалдык алкак ээлейт. Ушундай даана байкалуучу бийиктик алкактардын ичинен 1000—1500 м тилке туризм индустриясынын бир катар тармактарын калыптандырууга өтө ыңгайлуу экендиги жеткиликтүү аныкталган. Ал эми Ала-Арча, Шамшы, Кегети, Кемин капчыгайларынын рекреациялык шарты республикада көрүнүктүү орунду ээлейт.

Кыргызстандын аймагында жайгашкан жаратылыш-климаттык

бийиктик алкактарынын ичинен туристтердин дарылануусу, эс алуусу үчүн эң жагымдуу бөлүгү 1000—2000 м аралыктагы тилкени ээлейт. Бул жерде жылына 300—334 күн эс алууга, 2,5—3,5 айдан ашуун сууга түшүн, күнгө күйүүгө, кышкысын жылгаяк тебүүгө, спорттун башка дагы бир түрлөрүн өнүктүрүүгө ыңгайлуу шарттар бар (1-таблицаны караңыз). Чындыгында, бийиктик тилкенин ар биринин туризм тармактарын жайгаштырууда өзүнө таандык өзгөчөлүгү, кайталангыс артыкчылыгы бар. Алсак, республиканын тоо этегиндеги 1000 метрге чейинки бийиктик алкагында жайгашкан шаарлардын тегерегинде кыска мөөнөттүү, дем алыш күндөрүнө ыңгайлуу туризм мекемелерин куруу азыркы учурдагы маселенин олуттуу өзөгүн ээлесе, альпинисттердин очогун бийик тоолуу ак кар, көк муз каптаган чокулардан башка жерде уюштуруу эч мүмкүн эместиги белгилүү. Ошондуктан, тоолуу жердин климат шарттары менен ресурстарын туризм тармактарын өнүктүрүүгө багыттап баалоо учурунда бийиктик алкактардын аймактык өзгөчөлүгү да жеткиликтүү эске алынып жүрөт.

*1-таблица*

**Кыргызстандын жаратылыш-климат шартынын региондук өзгөчөлүгү**

| Региондор | Туризм тармактарын өнүктүрүүгө ыңгайлуу мезгилдин узактыгы (күндүн саны) | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Сууга түшүү | Климаттык ден соолук чыңоо | Кыска мөөнөттүү эс алуу | Кышкы шартта: кардын жатышы | Кышкы шартта: жагымдуу аба ырайынын кайталанышы |
| **Ысык-Көл ойдуңу** | | | | | |
| Көл жээгинин борбордук бөлүгү (2000 м чейин) | 70—95 | 85—92 | 320—334 | 24—39 | 20—35 |
| Көл жээгинин чыгыш жагы (2000 м чейин) | 50—60 | 70—94 | 312—326 | 97—116 | 83—92 |
| Тоо капчыгайлары 2000 м жогору | — | 56—65 | 290—305 | 112—179 | 97—109 |
| **Чүй өрөөнү** | | | | | |
| Тоо этегиндеги алкак | 135—140 | 145—155 | 282—320 | 84—91 | 70—84 |
| Орто тоо алкагы | — | 55—65 | 200—250 | 150—256 | 125—170 |
| **Фергана тоо кыркасынын этеги** | | | | | |
| Тоо этегиндеги алкак | 140—150 | 160—175 | 295—320 | 39—85 | 25—75 |
| Орто тоо алкагы | 85—110 | 84—120 | 300—330 | 96—130 | 70—170 |
| Бийик тоо алкагы | — | 54—63 | 205—310 | 120—209 | 121—180 |

Кыргызстандын туризм индустриясына зор таасирин тийгизүүчү жаратылыш-климат шарты туризмдин эс алуу жана спорт боюнча кышкы түрлөрүн да өнүктүрүүгө кыйла ыңгайлуу келет. Мындан Тянь-Шань тоо кыркаларынын 1000—2500 м бийиктиктеги алкагы бөтөнчө айырмаланат. Бул алкактагы кардын калыңдыгы 30—40 см, айрым жерлеринде бир топ калың келет. Мисалы, Ысык-Көлдүн чыгышында кардын калыңдыгы 60—80 см, Фергана тоо кыркасынын капталдарында болсо 150 см чейин жетет. Кардын жатышы 100—150 күнгө чейин созулат. Кардын калыңдыгы жана анын көпкө чейин жатышы рельефтин бийиктигине, тоо капталдарынын ыңгайлуу өзгөчөлүгүнө карата ич ара айырмаланат. Орто тоо бийиктик алкагында туризмдин кышкы түрлөрүн калыптандырууга Ысык-Көлдүн чыгыш бөлүгүнүн, Кыргыз Ала-Тоосунун түндүк капталдарынын, Фергана тоо кыркасынын капталдарынын климаттык шарттары өтө ыңгайлуу (1-таблицаны караңыз).

Кыргызстанда жаратылыш шарттарынын туризм индустриясынын тармактарын калыптандырууга терс таасирин тийгизүүчү факторлорунун эң башкысын жер титирөө, кар көчкү, сел, жер көчкү ээлейт.

Дүйнөнүн сейсмикалык картасындагы маалыматка ылайык республиканын туризм боюнча келечектүү Талас өрөөнү, Кыргыз Ала-Тоосунун батыш бөлүгү 7—8 балл, Чүй, Ысык-Көл өрөөндөрү, Фергана тоо кыркасынын этеги, Күнгөй жана Тескей Ала-Тоо кыркалары 8—9 балл тилкесинде орун алган. Республиканын азыр 70% аймагы, 90% ашуун калкы бар башкы өнөр жай жана туризм объектилери 9 балл тилкесинде жайгашкан.

Кыргызстанда сейсмикалык жактан өтө кооптуу төмөндөгүдөй үч регион бар: Кыргыз Ала-Тоосунун түндүк капталдары жана Чүй өрөөнү, Тескей Ала-Тоо, Фергана тоо кыркасынын этеги жана Нарын дарыясынын төмөнкү алабы. Бул аймактарда туризм тармактарынын басымдуу чарбасы, Ысык-Көл курорт району орун алган. Ошондон улам республиканын аймагында туризм объектилерин жайгаштырууга чейин ал жерди микросейсмикалык чалгындоодон өткөрүшөт. Мындай ыкманы пайдалануу, биринчиден, сейсмикалык ар бир балл курулушту кыйла кымбаттатып, объектинин экономикалык натыйжалуулугун төмөндөтсө, экинчиден, тигил же бул өлчөмдөгү кетирилген калпыстыктар бир учурда каргашалуу, ордун толгус кырсыкка алып келүүсү ыктымал.

Кыргызстан көчкү арбын жүрүүчү региондорго кирет. Акыркы 10—15 жылдын ичинде республика аймагында 32 миң көчкү жүрүп, чарбага олуттуу зыян келтирген. Айрыкча февраль жана март айларында көп байкалат. Бул тоолордо кокусунан болуучу табигый кырсыктардын бири. Адатта, көчкү тоо кыркаларында кардын калың түшүүсүнөн, тез эришинен, жаан-чачындын тоңголок тарткан карды жибитишинен улам пайда болот. Көчкү республика-

нын жаратылыш комплексине, чарба тармактарына, туризм индустриясына зор зыян келтирет. Тоолуу райондордо көчкүнү басаңдатуу же болтурбай коюу максатында капталдарга көчөттөр тигилип, карагай, бадалдарды кыркууга толук тыюу салынган. Айрым мерчемдүү жерлерге учурунда атайын даярдалган темир тосмолор орнотулган.

Кыргызстанда сел жаратылыштын катаал кырсыктарынын бири. Республиканын басымдуу бөлүгүндө селдин жүрүшү күтүлөт. Бул көбүнчөсү тоолуу аймактарда капысынан пайда болуп, суу менен кошо ылай, ташты агызып коркунучтуу келет. Селдин басымдуу көпчүлүгү апрель — август айларынын ичинде жүрөт. Негизинен токой тилкелери жок, өсүмдүктөргө жарды, такыр капталдарда нөшөрлүү жаандан жана мөңгү кардын ыкчам эришинен пайда болуп, узакка созулбайт. Бирок, жаратылыш комплексине терс таасирин тийгизип, экономикага, туризм тармактарына олуттуу зыян келтирип турат.

Кыргызстанда жер көчкүнүн жүрүшү көбүнчөсү Фергана, Чаткал, Алай, Түркстан тоо кыркаларынын этектериндеги адырларда, дарыя алабында кайталанат. Кийинки жылдары республиканын түштүгүндө көчкүнүн мындай түрү тез-тез кайталанып, өлүм-житимге алып келүүдө. Тоо капталдарынан же дарыя, деңиз жээктеринен тоо тектеринин тигил же бул өлчөмдө келкилей төмөн жылышы көчкүнүн өзөгүн түзөт. Жаратылыштын мындай кырсыгы көбүнчөсү табигый шарттын өзгөрүшүнөн жана адамдын айрым калпыс иштеринен улам пайда болот. Курулуш ишин жүргүзүүдө ал жердин геологиялык шартын жетишсиз иликтөө, тоо капталдарындагы өсүмдүктөр менен токой тилкелерин ыксыз кыркуу көчкүнүн жүрүшүн ылдамдатууда. Бул айдоо жерине, өнөр жай ишканаларына, айыл-кыштак, шаарларга, туризм базаларына, курортторго ж. б. олуттуу зыян келтирет.

## 3. 2. Рекреация ресурстары

Табигый байлыктарды сарамжалдуу, билгичтик менен пайдалануу, дарылануу, эс алуу үчүн керектөө республиканын калкынын жалпы эмгек өндүрүмдүүлүгүн кыйла жогорулатууга, оорусуркоонун үлүшүн кескин азайтууга, чет өлкөлөрдөн туристтердин арбын келүүсүнө олуттуу таасирин тийгизет. Азыр Кыргызстандын курорт, эс алуу үйлөрүндө рекреация байлыктарын кеңири пайдаланып, тийиштүү өлчөмдө дарылоо аркылуу жүрөк кан-тамыр оорусуна чалдыккандардын теңине жакынын, дем алуу органдарына тиешелүү сыркоонун 40% ин, нерв, сөөк-муун дартынын 30% ин, аш казаны оорулуулардын 20% ин айыктырууга болору илимий жактан толук аныкталган. Албетте, телегейи-тегиз келишкен түркүн дартка даба болуучу туризмдин рекреация мекемеле-

рин калыптандыруу, ал жердин табигый шартына, ресурстарынын сапатына, санына, запасына жана таралышына жараша олуттуу айырмаланат.

Рекреация байлыктарынын орчундуусуна минералдуу суулар кирет. Азыр республиканын аймагында физикалык-химиялык кошулмалары ар кыл, сапаттуу 130 дан ашуун минералдуу булактар, бургулоодон табылган минералдуу суулар бар. Булардын потенциалдык өлчөмү суткасына 81,9 миң куб метрге жетет. Дарылык касиети, молдугу жагынан алардын айрымдары дүйнөгө эзелтен таанымал минералдуу жана жылуу булактардан кем калышпайт. Борбордук Азия өлкөлөрүнүн ичинен Кыргызстан минералдуу сууларынын молдугу менен олуттуу айырмаланат.

Кыргызстандын минералдуу булактарынын көпчүлүгү жергиликтүү элге эзелтен бери эле белгилүү болуп, айрымдары дарылanууга, ичүүгө пайдаланылып келген. Республикадагы суулардын дарылык касиети күчтүү, алардын көбү булак түрүндө кездешет. Айрым учурда бургулоо аркылуу дагы табылат. Минералдуу сууларда күкүрт, иод, бром, темир сыяктуу элементтер жана көмүр кычкыл, күкүрт, водород газдары арбын кездешет. Адатта, суулар химиялык жана газ составы боюнча ич ара бир нече топко ажырайт. Иондук составына жана температурасына карата айырмаланышы да туристтерди тейлөө жагынан олуттуу мааниси бар. Суулар түрлөрүнө ылайык курорттордо, туристтик базаларда ичүүгө, тамакты чайкоого, ванна жана бассейндерге кеңири пайдаланылууда. Ал эми суусунун составында кальций иондору кездешкен булактар бөйрөк жана табарсыктан бактерияларды, майда таштарды, кумду сүрүп чыгууга керектелет.

Кыргызстандагы бардык минералдуу суунун айрымдары азыр адамдын организмине жагымдуулугу жагынан атайын, комплекстүү медициналык иликтөөдөн өткөрүлүп, мамлекеттик комиссия тарабынан жарактуу деп бекитилген (2-таблицаны караңыз).

Азыр минералдуу суулардын такталган жалпы запасынын өлчөмү суткасына 14,4 миң куб м, же республикадагы ушуга чейин табылган бүт минералдуу суунун 24,0% ке жакынын түзөт. Минералдуу суулар аймактар боюнча бир кылка жайгашкан эмес. Булардын 42% запасы республиканын түштүгүндө, 34% — Ысык-Көл ойдуңунда, 15% — Ички Тянь-Шанда, 9% Чүй өрөөнүндө табылган.

Сапаттуу, ири жана колдонууга ыңгайлуу аймактардан жаңы минералдуу булактарды ачуу боюнча иликтөө иштери тынымсыз жүргүзүлүүдө. Анткени булактардын басымдуу көпчүлүгү өнөр жайы дурус өнүккөн, калкы жыш жайгашкан жерлерден алыс, жаратылыш шарты татаал бийик тоолуу аймактарда орун алган. Ырас, азырынча өздөштүрүлгөн булактар али жеткиликтүү пайдаланылбай, жаратылыштын баалуу байлыгы жөн эле төгүлүп чачылууда. Мисалы, дарылык максатта Ысык-Атанын — 5,5%,

Жыргалаңдын — 2,8%, Жалал-Абаддын — 7,4%, Ак-Суунун — 4,3% суусу араң керектелүүдө. Чолпон-Ата минералдуу суусун эсеп-чоту жок керектөөнүн кесепетинен табигый деңгээли 4—5 метрге чейин төмөндөп кеткен.

Дүйнөлүк илимий-техникалык прогресстин тез өнүгүшү, айлана-чөйрөнүн улам барган сайын булганууусунун шартында ден соолукту чыңоо, түрдүү дарттан арылтууда бөтөлкөгө атайын куюлган минералдуу сууларды арбын чыгаруу жана ыңгайлуу баада сатуу базар экономикасынын түпкү мүдөөсүнө дал келет.

*2-таблица*

**Кыргызстандагы атайын иликтөөдөн өткөрүлгөн минералдуу суулар**

| Суунун аталышы | Суткалык запасы, куб. м. | | Темпера-турасынын өлчөмү, °С | Бир литр-деги минералдуулугу, грамм | Пайдаланылышы |
|---|---|---|---|---|---|
| | тастыкталганы | болжолдуусу | | | |
| Жети-Өгүз | 445,2 | 1484,0 | 35—40 | 3—11,5 | Курортто |
| Чолпон-Ата | 3118,0 | 10393,0 | 41—53 | 16,0 | Санаторийде, эс алуу үйүндө |
| Жыргалаң | 1728,0 | 5670 | 43,0 | 7,5 | Курортто |
| Ак-Суу | 1555,0 | 2880,0 | 57,7 | 0,3 | Санаторийде |
| Барбулак | 216,0 | — | 40,0 | 4,0 | Бөтөлкөгө куюлат |
| Жарташ | 247,0 | — | 8,0 | 1,5 | —»— |
| Бишкек | 466,0 | — | 39,0 | 8,3 | —»— |
| Кара-Шоро | 2000 | | 9,0 | 4—12 | —»— |
| Жалал-Абад | 1814,0 | 6071,0 | 39,0 | 1,2—7,5 | Курортто бөтөлкөгө куюлат |
| Ысык-Ата | 2203,0 | 7344,0 | 55 | 7,5 | Курортто |
| Жыйынтыгы | 14392,0 | 33842,0 | | | |

Кыргызстан минералдуу сууну куюунун санын жана түрүн арбытуу боюнча дүйнөдөгү эң келечектүү райондордун бирине кирет. Азыр жылына суу куйган заводдордон чыгарылган 30 млн. го жакын бөтөлкө калктын минерал суусуна керектөөсүн камсыз кылуудан али алыс. Ошол эле мезгилде бөтөлкөгө суу куйган заводдун же цехтин кубаттуулугу жеткиликтүү пайдаланылбай келүүдө. Алсак, 1994-ж. республика боюнча 22,3 млн. бөтөлкө суу даярдалып же заводдордун жалпы кубаттуулугунун 59,0% араң ишке чегерилген. Калктын белгилүү үлүшүнүн минералдуу сууга карата керектөөсү Кавказдан алынуучу суунун эсебинен жабылып келген.

Бирок кийинки учурда ташылып келинүүчү суунун өлчөмү башка өлкөлөрдөгү талаш-тартыштыктардан улам азаюуда. Мисалы, 1984-ж. бизге 3080 миң бөтөлкө суу алынып келсе, 1988-ж. болгону 1901,2 миң, 1991-ж. бери карай бир дагы бөтөлкө суу түшкөн эмес.

Келечекте калкты минералдуу суу менен жеткиликтүү камсыз кылууга жана чет мамлекеттерге экспорттоого даярдоо үчүн республиканын чегиндеги жаратылыш минерал сууларынын запасы жетиштүү, сапаты жагынан азыркы талапка толук жооп берет. Айтмакчы, колдо бар маалыматтарга ылайык республикадагы жайгашкан минералдуу булактардан жылына 1 млрд. бөтөлкөгө жакын суу куюп алууга потенциалдык запасы жетет. Ичүүгө жарамдуу минералдуу булактардын ичинен Чатыр-Көл, Безбелчир-Арашан, Ак-Суу, Кара-Шоро, Жалал-Абад сыяктуу суулары запасынын молдугу, дарылык касиети менен өзгөчөлөнөт. Тилекке каршы азыр потенциалдык запастын 3,2% өздөштүрүлүүдө.

Азыркы керектелип жаткан минералдуу булактардын суусун жеткиликтүү пайдалануу жана жаңыларын өздөштүрүү менен келечекте бөтөлкөгө куюлуучу минералдуу сууну 240—250 млн. го жеткирүүгө толук мүмкүнчүлүк бар. Миинералдуу булактардын ичинен эң сапаттууларынын бири Кара-Шоро минералдуу булагы болуп эсептелет.

Кара-Шоро булактарына дарылык касиети, запасы жагынан Орто Азия жана Казакстан чөлкөмүндө теңдешүүчү минералдуу суу жок. Булактар Жазы өрөөнүндө, деңиз деңгээлинен 2600—3100 м бийиктикте орун алган. Суусу муздак келип, составы жагынан Кисловодскинин Боржоми, Ессентуки № 4, 17 жана Армениянын Арзни булактарына окшош келет. Кыргыз Республикасынын геология жана минералдык ресурстар министрлигинин маалыматына ылайык Кара-Шоро суу запасынын суткалык өлчөмү 2,6 миң куб м же республикада табылган көмүр кычкыл минерал сууларынын 11,7%ин түзөт. Азыр бул булактардан жылына 1 млн. бөтөлкөгө жакын суу куюлуп алынат. Мындан тышкары келип-кетип ичкен жергиликтүү элдин жана башка өлкөлөрдөн атайын келгендердин аягы үзүлбөйт. Келечекте Кара-Шоро минералдуу суусунан 100 млн. бөтөлкө суу алууга анын потенциалы жарамдуу.

Кара-Шоро минералдуу суусуна Орто Азия боюнча муктаж болгон кишилердин санынын көбөйүшүн жана анын өтө сапаттуулугун эске алып, жакынкы жылдары суу куюп алуунун өлчөмүн кеминде 45—50 млн. бөтөлкөгө жеткирүү каралууда. Бул үчүн илим менен техниканын акыркы жетишкендиктерин кеңири пайдалануу аркылуу булактарга жакын жерге бөтөлкөгө суу куйган заводду жайгаштыруу азыркы талапка, ириде, суунун табигый сапатын сактап калууга туп келет.

Кыргызстан дарылык касиети бар баткактарга да бай. Баткактын дарылык касиетин Египет, Индия, Иран сыяктуу чыгыш өлкө-

лөрүндө эзелтен бери эле пайдаланып, медициналык жактан изилденип келгендигин ырастаган кол жазмалар сакталып калган. Кийин баткак менен дарылоо дүйнөнүн көп өлкөлөрүнө кеңири таралган.

Баткактардын дарылык касиети, алардын физикалык-химиялык түзүлүшүнө тыгыз байланыштуу келет. Мындай баткактар деңизде, көлдө, сазда, булак аккан жана жанар тоодо пайда болуп, составындагы органикалык заттардын өлчөмүнө ылайык минералдык жана органикалык баткактарга ажырайт. Ушундан улам баткактын адамдын организмине тийгизген таасири анын радиоактивдүүлүгүнө, электрлик жана физикалык, ошондой эле химиялык, биологиялык касиетине ылайык өзгөрүлөт. Адатта, баткак атайын туристтик жайларда тазартылып, белгилүү өлчөмдө жылытылып, дененин тиешелүү жерлерине жыйырма минута убакытка жабылып, ал тери аркылуу нерв учтарын дүүлүктүрүп, организмде биологиялык заттарды пайда кылууга жетишет.

Азыр республикада баткактын 13 кени белгилүү. Алардан азыр Чолпон-Ата (запасы 14,1 миң куб м), Жыргалаң (371,6 миң куб м), Ак-Чий (23,4 миң куб м), Сары-Ой (6,8 миң куб м), Камышановка (161,5 миң куб м), Кадамжай (1,6 миң куб м), Жалал-Абад (18,5 миң куб м) ылайлары түрдүү туристтик жайда пайдаланылууда. Ал эми Кара-Ой (1,7 миң куб м), Кызыл-Суу (2741 миң куб м), Алабука-Нарын (671 миң куб м), Чимбай (4142,7 миң куб м), Ясси (179,3 миң куб м), Арсланбап (19,1 миң куб м) баткактары келечекте керектөө каралууда.

Республикадагы дары баткактардын жалпы өлчөмү 5225,0 миң куб метр. Басымдуу көпчүлүгү Ысык-Көл жээгинде, Чүй жана Кочкор өрөөндөрүндө жайгашкан. Булардын ичинен Ысык-Көл жээгинен табылган дары баткактардын сапаты дурус, рекреациянын башка жаратылыш байлыктарына шайкеш келип, өлчөмү арбын, же республикадагы бардык баткактардын запасынын 70% ин түзөт. Дары баткактын ичинен 5 баткактын өлчөмү толук атайын изилдөөдөн өткөрүлүп, мамлекеттик комиссия тарабынан бекитилген. Булардын жалпы көлөмү 573,1 миң куб м, же бардык баткактын 11% запасын түзөт. Курорттордо жана ооруканаларда 1994-ж. 2,1 миң куб метр дары баткагы керектелип, же атайын эсепке алынган бардык баткактын 0,3%ин түзөт.

Кыргызстандын жаратылыш-рекреация ресурстарынын ичинен Ысык-Көлдүн жээгиндеги кумдуу тилкелер олуттуу орунду ээлейт. Акыркы эсептөөлөргө ылайык азыр 600 км ашуун көл жээгиндеги кум тилкенин ичинен 120 км же 2440 миң чарчы метр эң мыкты жана сапаты дурус (I жана II категориядагы) бөлүгүнө кирет. Олуттууларын Кой-Көл, Кара-Ой, Сары-Ой, Чоктал, Бостери, Кой-Сары, Чолпон-Ата, Боз-Бешик ж. б. тилкелери ээлейт. Булар сапаты, өлчөмү жагынан эле айырмаланбастан, туризм чарбачылы-

гына чегерилиши жагынан да кыйла айырмаланат. Айрымдарында туристтер али аз болсо, кээ бирлеринде белгиленген өлчөмдөн кыйла арбын.

Атайын көп изилдөөлөрдүн натыйжасында республиканын аймагынан 400 ашуун табигый үңкүр табылган. Көлөмү, узундугу, тереңдиги, орун алган жайы жана рекреациялык мааниси жагынан бири экинчисинен олуттуу айырмаланат жана туризмди өнүктүрүүгө зор таасирин тийгизет. Айрымдарынын дарылык касиети дагы күчтүү келет. Алардын басымдуу көпчүлүгү республиканын түштүк бөлүгүндө жайгашкан. Булардын ичинен узундугу 10 км келген «Канигут», терендиги 240 метрге жеткен «Ферсман», өтө кооз «Хайдаркан» менен «Кадамжай», «Чил-Майрам», «Чил-Устун», «Төө-Моюн», «Чаткал», «Сандалаш», «Ала-Мышык» сыяктуу үңкүрлөр олуттуу айырмаланат.

Табигый үңкүрлөрдүн арасынан туризмди өнүктүрүүдө көпчүлүк көрсөткүчтөрү жагынан Чил-Устун үңкүрү Орто Азиядагы эң кооз үңкүрлөрдүн бири. Үңкүр калк жыш отурукташкан Ош областынын Араван районунда деңиз деңгээлинен 1100 м бийиктикте жайгашкан. Узундугу 380 м, ичинде уюп калган, түрдүү көлөмдөгү минералдар арбын жана таза көл бар. Үңкүр XI кылымдан бери белгилүү. Ичинен сакталып калган байыркы жазуулар арбын кездешет. 1975-жылдан тартып көзөмөлгө алынган.

Кыргызстанда айрым оорулардын түрлөрүн айыктырууга жарактуу үңкүрлөр да бар. Дарылоонун мындай ыкмасы дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө эчактан бери белгилүү. Атагы алыска тараган, дарылык касиети мыкты үңкүрлөргө туристтер жер шарынын көп жеринен келгендиги тууралуу маалыматтар арбын. Ушундан улам климат шартынын дарылык касиети бар табигый же кен казылып алынган үңкүрлөрдө, шахталарда оорунун айрымдарын дарылоочу медицина илиминин спелеотерапия аттуу тармагы пайда болгон. Көбүнчө ага астма жана гипертония ооруларына чалдыккандар кабыл алынып, дарылоо 5—6 жумага созулат.

Кийинки жылдары спелеотерапияны өнүктүрүү максатында республикада Чоң-Туз, Желди-Суу, Кетмен-Төбө туз кендери, Ак Турпан, Жидали, Ферсман табигый үңкүрлөрү комплекстүү изилденген. Айрымдары туризм ишине кеңири пайдаланылып жатат. Алдын ала изилденген маалыматтарга караганда республикада Байбиче-Тоо, Ала-Мышык, Алай, Чаткал жана Түркстан тоо кыркаларында далай дарттан арылууга жарай турган табигый үңкүрлөр бар.

Кийинки кезде туризмди өнүктүрүүдө жаратылыштын кооз көрүнүштөрүнүн ичинен үңкүр сыяктуу эле тоодогу табигый шаркыратмалар дагы олуттуу мааниге ээ болууда. Кыргызстан шаркыратмалардын саны, сапаты жагынан дүйнөдө алдыңкы орун

дарды ээлейт. Алсак, Арсланбап шаркыратмасы Саяп тоолорунда жайгашкан Кинзелюк шаркыратмасы сыяктуу эле бийиктиги жагынан өлкөдө башкы орунду ээлейт. Булардын ар биринин бийиктиги 300 м ге жетет.

Кыргызстандын тоо кыркалары мумиёго да бай. Бул теги биологиялык чайыр сымал табигый заттын касиети тууралуу байыркы дарыгер, философтордун эмгектеринде көп кездешет. Кобүчө Аристотель, Абу-бакир Раби ал-Бухарон, Мухаммед Закарие Рази, Абу-Али ибн-Сина, Бируни, Мухаммед, Табиб, Мухаммед Арзани, Мухаммед Хусейн Ширази, Садик Али Разави сыяктуу өз доорунун эң мыкты адамдары мумиёнун түпкү сырын ачууга көп эмгек жумшашкан.

Анын мумиёнун алтын, күмүш, коло сымал үч түрү табылган. Бул келки түрүндө кездешип, жыты бальзамдыкы сыяктуу. Түпкү өзөгүн органикалык жана органикалык эмес заттар, гиппур, бензой кислотасы, аминокислота, мом, чайыр ошондой эле өсүмдүктүн түрдүү калдыктары түзөт. Кыргыздар мумиёну сөөктүн сыныгын бүтүрүүгө, сезгенгенде, ашказан дартка чалдыкканда дагы ушул сыяктуу ооруларга эзелтен кенири пайдаланып келгендиги «Манас», ошондой эле кенже эностордо кездешет. Тянь-Шань тоо кыркаларынан табылган мумиёго кызыккан чет өлкөлүк туристтер көбөйүп жатат.

Жаратылыш-рекреация ресурстарын так эсепке алуу, аларды келечекте комплекстүү жана натыйжалуу пайдалануу үчүн илимий жактан жеткиликтүү такталган экономикалык баалоо талап кылынат. Жаратылыш ресурстарын экономикалык баалоого арналган илимий эмгектердин кийинки жылдары арбын чыгышы, атайын адистердин даярдалышы дагы бул маселенин чарба тармактарын өнүктүрүүгө олуттуу таасирин тийгизе тургандыгын толук ырастайт.

Кыргызстандын жаратылыш-рекреация ресурстарын түрлөрү боюнча экономикалык жактан баалоону эки баскычта жүргүзүү ыңгайлуу. Баалоонун алгач баскычында бир түрлүү рекреация ресурстарын, кийинки баскычында ал ресурстардын жыйындысын баалоо методикалык жактан туура.

Республикада атайын эсепке алынган минералдуу суулар, дары баткактардын жалпы запасы, көл жээгиндеги табигый кумдуу тилкелер экономикалык жактан баалоонун жыйынтыгына ылайык, байлыктын жалпы өлчөмү жылына 15,8 млн. туристтердин эс алуусуна, дарылануусуна жете тургандыгы адистер тарабынан эсептелип чыккан. Ушундан улам республика аймагында келечекте туристтердин, эс алуучулардын үлүшүн кыйла арбытууга толук мүмкүнчүлүк бар. Адатта, курорт же эс алуунун тармактарына тиешелүү мекемелерди жайгаштырууда айрыкча минералдуу суу, дары баткак жана табигый кумдуу жээктер

Кыргызстандагы туризм мекемелери пайдаланган жаратылыш байлыктарынын өлчөмүнө ылайык жергиликтүү акимчиликтин казынасына каражат которуу иши али жолго коюла элек. Тийиштүү каражаттардын негизги бөлүгү материалдык өндүрүштүн эсебинен бөлүнүп жаткандыктан, жергиликтүү акимчиликтер өз аймагында туризм комплексинин тигил же бул түрүн кеңейтүүгө, өнүктүрүүгө анчалык кызыкпай, тескерисинче кедерги кылууда. Ошондуктан келечекте пайдаланылган рекреация ресурсуна бир ирет толук же мөөнөтү бүткөнчө ижара ыкмасында жыл сайын төлөөнү киргизүүнүн механизмин иштеп чыгууну ылдамдатуу зарыл.

Кыргызстандын бай жаратылыш-рекреация ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу менен келечекте кубаттуу туризм индустриясын калыптандыруу жана республиканын социалдык-экономикалык жактан өнүгүшүн тездетүү үчүн төмөндөгү маселелерди биринчи кезекте чечүү каралууда: жаратылыш-рекреация ресурстарынын бардык түрүн экономикалык жактан комплекстүү баалоо, сарамжалдуу пайдалануу жана айлана-чөйрөнү коргоонун негизги багыттарын камтыган схема даярдоо; азыркы туризм мекемелерин бүтүндөй учур талабына ылайык келгидей реконструкциялоо; республикалык жана эл аралык маанидеги курорт, санаторий, эс алуу үйлөрүн салууну, туризм маршруттарын, альпинисттердин лагерин учур талабына ылайык уюштурууну тездетүү; келечекте калыптануучу рекреация тармактарын тейлөөгө керектүү жоон-топ адистерди эмитеден жергиликтүү (түпкү) элдин ичинен даярдоо; жаратылыш-рекреация факторлору дурус аймактарында курорт-рекреация комплексинин учур талабына төп келүүчү ири мекемелерин жайгаштыруу; туризмдин айрыкча, курорт, саякат, альпинизмге тиешелүү курулуштарын, инфраструктура тармактарын эл аралык талапка төп келгидей, сапаттуу болуу үчүн чет мамлекеттик айрым тажрыйбалуу мекемелер менен шарнакташа иш алып барууну күчөтүү; туризм мекемелерине жаратылыш ресурстарын пайдалангандыгы үчүн белгилүү өлчөмдө төлөө-шартын киргизүү; тиешелүү жерлерге кемпинг, мотелдерди, ботелдерди жана автотуристтерди жайгаштыруучу жайларды куруу; ресторан, бар, кафе, бөтөнчө улуттук ашканага ылайыкташкан түрлөрүн курууну күчөтүү; туристтик мекемелерди тейлөөчү адистерди даярдоочу жана чет тилди жеткиликтүү үйрөтүүчү борборлорду калыптандыруу; республиканын туризм индустриясынын келечегин жеткиликтүү чагылдырган чет тилдердеги мазмундуу рекламаларды даярдоону тездетүү.

### 3.5. Туризм алкагындагы рекламанын орду

Кыргызстанга чет өлкөлүк капиталды тартууда жана туристтердин арбын келишин камсыз кылууда реклама олуттуу мааниге ээ. Мындай туризмди өнүктүрүү ыкмасын дүйнөнүн көп өлкөлөрү учурунда жигердүү колдонуп, экономикалык ийгиликтерге жетишкен. Реклама туризм маркетингинин ыкмаларынын ичинен башкы орундардын бирин ээлейт. Ошондуктан республикада туризм индустриясын ийгиликтүү өнүктүрүү жана натыйжалуу пайдалануу үчүн эң алды менен чет мамлекеттерде көптөн бери топтолгон рекламанын тажрыйбасын кеңири керектөө учур талабына туура келүүдө.

Реклама ич ара жалпы жана коммерциялык болуп экиге бөлүнөт. Жалпы реклама өлкөнүн түрдүү жетишкендиктерин, жаратылыш-рекреация потенциалын, туризмдин башкы тармактарын, келген туристтердин санын, экологиялык жактан аймактын өтө тазалыгын жалпыга маалымдоону көздөйт. Ал эми туристтик кызыктуу маршруттарды сунуш кылуу, убактысын, баасын, рекреанттардын так санын көрсөтүү, тактап айтканда конкреттүү иштерди жүргүзүү коммерциялык рекламанын башкы максатына кирет. Кыргызстанда рекламанын ушундай түрүн келечекте колго алуу кыйла натыйжа алып келе тургандыгында күмөн жок. Рекламанын коомчулукка тийгизген таасири, атаандаштык убакыт илгерилеген сайын күчөп, жумшалуучу каражаттын өлчөмү арбып жатат. Дүйнө өлкөлөрүнүн рекламага чыгымдалган каражаты экономикасынын өнүгүшүнө, калктын жашоо-тиричилигине, табылгаларынын өлчөмүнө жараша айырмаланат. Мисалы, АКШ рекламага жылына 140 млрд. доллар, Германия 45 млрд. марка чыгымдайт. Ал эми атактуу «Пепси кола» компаниясы Майкл Жексонго 1988-ж. ар бири 30 секундга ылайыкталган рекламага төрт жолу катышып бергендиги үчүн 7 млн. фунт стерлинг төлөп берген. Мындай рекламага байланышкан түрдүү жөрөлгөлөр жер шарында эң эле арбын.

Коммерциялык реклама кыска, бирок мазмундуу, көңүлгө төп келгидей, так, туристтердин назарын өзүнө тарта алгыдай, рекреация ресурстарынын сапатын ачык көрсөтө алгандай болуш керек. Эң негизгиси реклама туризм аймагын жана көрсөтүлүүчү тейлөөнүн сапатын, түрдүүлүгүн туристтерге толук жеткирип, алардын кызыгуусун күчөтүп, келишине олуттуу таасирин тийгизет. Ушундан улам ар бир турфирма же компания өздөрүнүн иштиктүүлүгүн, жетишкен ийгиликтерин, саякатчыларга жагуучу өзгөчөлүктөрүн, кыдыртуучу маршруттарынын негизги түрлөрүн реклама аркылуу кабардар кылууга аракетин жана каражатын жумшайт. Туризм индустриясы өнүккөн өлкөлөрдө же региондордо эс алуучуларды, саякатчыларды өзүнө арбын тартуу жана жетиш-

түү өлчөмдө киреше табуу үчүн ар бир турфирма чымырканып иш жүргүзүп, тымызын атаандашуу күчөйт, сапаттуу реклама даярдоого мажбурлайт. Мындай жагдай азырынча Кыргызстанда түзүлгөнгө али эртелик кылат. Бул келечекте туризм тармактарынын өнүгүшүнө, саякатчылардын арбын келишине тыгыз байланыштуу көрүнүш.

Туризм боюнча сапаттуу, мааниси терең жана кенен реклама даярдоо кыйла татаал, жооптуу иш. Муну тажрыйбасы арбын, туризм бизнесиндеги талапты таамай баамдаган, атайын билими бар адистер даярдайт. Реклама каражатты арбын талап кылат, кымбатка түшөт. Ошондуктан турфирмалар тиешелүү сумманы түпкү мааниси кызыктуу, бир караганда түшүнүктүү жана көздүн жоосун алгандай жарашыктуу, кооз даярдалган рекламаларга сарптоого аракет кылышат. Туризм ишинде рекламаны бир эки жолу берип тим болбостон, далайга чейин үзгүлтүксүз жүргүзүү кыйла натыйжалуу экендиги практикалык жактан толук далилденген. Ырас, реклама канчалык кымбат турса жана узакка чейин берилсе, туризмден ошончолук арбын киреше түшөт деп бирбеткей талдоо мүмкүн эмес. Бүткүл дүйнөлүк туристтик уюмдун маалыматы боюнча 90-жылдары туристтерди өз өлкөсүнө келүүгө үгүттөгөн рекламаларды даярдоого берүүгө жана таратууга Канада — 20,1, Германия — 7,9, Ямайка — 3,7, Бермуд аралдары — 6,0, Бельгия — 7,8, Финляндия — 3,4, Сингапур — 6,5 млн. доллар жумшаган. Ал эми рекламага чыгымдалган ар бир доллардан Канада чет мамлекеттерден келген саякатчылар аркылуу 113,4, Германия — 89,4, Ямайка — 66,0, Бермуд аралдары — 43,7, Белгия — 32,4, Финляндия — 22,7, Сингапур — 13,9 доллардан киреше алган.

Дүйнө өлкөлөрү боюнча рекламага жумшалган жана тапкан кирешелерин бирин экинчиси менен салыштырууда түпкү өзгөчөлүктөрүн жеткиликтүү иликтөө талап кылынат. Анткени ар бир мамлекеттеги мындай көрсөткүчтөргө эң эле түрдүү факторлор таасирин тийгизет. Алсак, айрым өлкөлөрдө жогоруда көрсөтүлгөн каражаттын бир бөлүгү мамлекет ичиндеги туризмдин артыкчылыктарын өз калкы үчүн үгүттөөгө керектеп, алардын чет өлкөлөргө чыгышын азайтууга аракет кылышат. Мындан тышкары, алар башка ишканалардын, тактап айтканда транспорттук мекемелердин жана коммерциялык туристтик бюролордун рекламага жумшаган каражаттарын эсепке албайт. Чындыгында мамлекеттик деңгээлдеги туризмди өнүктүрүүгө бул мекемелердин дагы кошкон салымы кыйла арбын.

Азыр рекламанын негизинен төмөндөгүдөй үч түрү бар: информация жагын камсыз кылуу (туризмге карата муктаждык жана аны кеңири жайылтуу); туризм тармактарына кардарларды калыптандыруу (саякатчылардын туризм комплексине келишине

шарт түзүү, алардын түпкү мүдөөсүн аныктоо); комплекстерге келген туристтердин дурус ойдо, ыраазы болуп кайтышын камсыз кылуу жагдайы (эс алууга карата даярдалган артыкчылыктарын баса көрсөтүү ж. б.). Ал эми рекламанын мындай түрлөрүн ыгына карата дүйнө өлкөлөрүнө, региондорго таратуу үчүн көпчүлүк учурда телевизор жана радио программалары, газета, журналдарды, туризм боюнча атайын уюштурулган көргөзмөлөр, чыгарылган китепчелер, буклеттер, плакаттар, картосхемалар, пландар, каталогдор, кинофильмдер, видеокассеталар кеңири керектелип, келген туристтерге чогулуш өткөрүү, конференция симпозиум же түрдүү жолугушууларды уюштуруу өткөрүлөт. Айрым учурда турфирманын белгиси коюлган майда-барат (сувенир, блокнот, ручка, папка, значок, открытка, календарь, пакет ж. б.) буюмдар бекер берилет. Биздин республикада да туризмди өнүктүрүү жана саякатчылардын арбын келишине багытталган реклама иштери белгилүү өлчөмдө ишке ашырылып жатат. Мисалы, Кыргыз Республикасынын туризм жана спорт боюнча комитети (азыр министрлик) 1994-ж. эл аралык туризмди калыптандырууга арналган ири симпозиум уюштурду.

Туризм индустриясы кыйла дурус өнүккөн дүйнөнүн бир катар мамлекеттеринен коноктор келип жүйөлүү сунуштарын ортого салышкан. Улуу жибек жолу, Манас эпосунун 1000 жылдык маарекесине карата туризм боюнча бир катар рекламалар даярдалды.

Келүүчү туристтердин түпкү мүдөөсүн учурунда табуу, алардын эс алууга келүүчү жеринен толук кабар берүү жана ишенимдүү көз караштарын бышыктоо рекламанын негизги мыйзамы болуп саналат. Ал эми туризм жайларына саякатчылардын келишине көмөктөшүү рекламанын эң олуттуу милдетине кирет. Бул маселени рекламада төмөндөгүдөй жолдор менен пайдаланат: туризм тармактарын тейлеген фирмалардын кайрымдуулук иштерин, экология маселесине байланышкан пикирин так чагылдыруу; эс алуу учурунда саякатчыга жакшы ой калтырууга жетишүү; жаңы уюштурулган же көптөн бери калыптанып калган туризм комплексинде туристтердин тигил же бул маселе боюнча иренжип калуусуна бөгөт түзүү.

Туризм индустриясынын алкагында рекламаны ийгиликтүү уюштуруу жана жайылтуу үчүн төмөндөгү иштерден баштоо талапка ылайык: туризмге тиешеси барлардын тобун аныктоо (туристтер, фирмалар, ортомчулар, камсыздандыруучу компаниялар ж. б.); фирманын жаратылыш-рекреация потенциалын, туризм ресурстарынын мүмкүнчүлүктөрүн, финансылык, коммерциялык максатын, ой-пикирин айкындаган маалымат топтоо; эс алууга келүүчүлөрдүн жашын, жынысын, социалдык абалын, турмуш-тиричилик деңгээлин, үрп-адатын, билимин, жаңылыктарды кабыл-

доосун аныктоо; атаандаштардын барын же жогун, алардын санын, туризмдеги ээлеген ордун, мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо; фирманын келечектеги коммерция нугундагы түпкү максатын жеткиликтүү иликтөө ж. б.

Реклама кыйла натыйжалуу болушу жана алдыга коюлган маселелердин туура чечилиши үчүн туристтердин эс алуу, саякатка чыгуу, оюн-шоокко дилгирлиги, социалдык жагдайы, жашы сыяктуу өзгөчөлүктөрүнө карата иш жүргүзүү талап кылынат. Бул жагынан Гарри Картердин «Рекламанын натыйжалуулугу» аттуу китебинде бизнес алкагында иштеген менеджерге (башкаруучу) кереги тийүүчү рекламанын 15 эрежесинин олуттуу мааниси бар. Бул төмөндөгүлөрдү камтыйт: жөнөкөйлөтүп айтуу; кызыктуу кылып айтуу; түз жана так айтуу; ишенимдүү айтуу; туура ой жүгүртүүгө жетишүү; фактыны колдоно билүү; кыска сүйлөөгө үйрөнүү; акыйкаттыкка жана кең пейилдүүлүккө ыктоо; башкалардан айырмаланган оригиналдуулукка аракет кылуу; атаандаштардын аты-жөнүн же фирмаларын так атоо аркылуу салыштырып талдоодон колдон келишинче оолак болуу. Булардан тышкары төмөндөгүдөй кеңештерди кулакка бекем түйүп алып, пайдадан башка зыяны жоктугун турмуш өзү ырастап олтурат: реклама жаатында иштегендердин туристтерге жасаган мамилесинен чыныгы досчулуктун, кам көрүүчүлүктүн, ыкластуулуктун, мажбурлообочулук эмкиин дайыма сезилип турганы зарыл; реклама дайыма далилдүү жана турмушка шайкеш келгидей болушу учур талабы.

Белгилүү бир топко же калк катмарына кайрылууну мүмкүн болушунча арбын кайталоо туризм рекламасынын башкы эрежелеринин бири. Коммерциялык ой-пикирдин түпкү өзөгүн, максатын ыгы келген жерде жана жайларда (басма беттеринде, радиодо, телевизордо ж. б.) кайталай берүү кыйла үзүрлүү келет. Реклама компаниясын уюштурууда, өткөрүү маалында анын элге канчалык жетип жатканын, натыйжалуулугун жеткиликтүү иликтоо, жыйынтык чыгаруу башкы факторлордун бирине айланууда. Анткени берилген реклама туристтерге тийиштүү таасирин тийгизе албай калса, аны андан ары каражат жумшап улантуунун зарылчылыгы жок болуп калышы мүмкүн же тескерисинче күчөтүүгө туура келет.

Азыркы учурда туризм иштерин рекламалоого почтонун мүмкүнчүлүгүн кеңири пайдалануу күчөп жатат. Байланыштын мындай түрү кыйла арзан келип, арбын жооп алууга жана тескерисинче кеңири жооп берүүгө өтө ыңгайлуу. Рекламанын бул тармагынын төмөндөгүдөй үч өзгөчөлүгү бар: туризмге кызыккандарга конкреттүү түрдө сунуш кылуу мүмкүнчүлүгү; үгүт ишин оң чечүү үчүн керектүү материалдардан толук маалымат берүү жагдайы; жиберилген сунушка келүүчү жооптун кепилдүүлүгү,

Кайрылуу каттары аркылуу жөнөтүлүүчү маалымат (каталог, проспект, баракча) белгилүү бир туризмге кызыккан адамга тиешелүү болгондуктан, анын пайдалуулугу, кыйла жогору келет. Туризм рекламасына муктаж мекеме же конкреттүү кишилерди так билүү, учурунда табуу жана тиешелүү маалымат менен камсыз кылуу өтө маанилүү.

Реклама туризм индустриясын өнүктүрүүнүн эң башкы факторунун бири катары кароого толук арзыйт. Ушундан улам адистер көпчүлүк учурда рекламаны «бешинчи бийлик» катары дагы белгилеп жүрүшөт. Ырас турфирманы жогорку даражага көтөрө турган дагы, ага орду толгус зыян келтире турган да реклама. Мааниси жагынан тайкы же апыртма, жалган маалымат келе турган туристтерди иренжитип, алардын үмүтүнө, ишенимине шек келтирүүсү мүмкүн. Демек келүүчү сунуштар кайталанбай, токтоп калат. Ал эми «Реклама этикасын» реклама берүүчүлөр, рекламаны аткаруучулар, басып чыгаруучулар бүтүндөй сактоосу зарыл. Этиканын туура сакталуусун реклама практикасынын эл аралык кодекси дайыма көзөмөлгө алып турат. Кайрымдуулук, карапайым чындык жана акыйкаттуулук бул кодекстин башкы принциби. Ушундай рекламанын этикасын сактоо боюнча Кыргызстанда эмитен иш жүргүзүү зарыл.

Туризм рекламасын калыптандырууда алардын ылайыктуу түсүн ылгоонун да олуттуу мааниси бар. Рекламанын тигил же бул түсүнүн адамдардын сезимине тийгизген таасири узактан бери изилденип келүүдө. Бул багытта далай эмгектер даярдалып, практикалык жактан пайдаланылып жатат. Айтмакчы, дүйнө жүзүндөгү өлкөлөрдө, элдерде түстөрдүн улуттук деңгээлде калыптанып калган, түрдүү маанини берүүчү өзгөчөлүктөрү бар. Америкада кызыл түстү сүйүүнүн, сарыны гүлдөөнүн, жашылды үмүттүн, көктү ишенимдин, акты тазалыктын, караны татаалдыктын жана өзгөчө кырдаалдын белгиси катары кабыл алышат. Кытайда кызыл түс кайрымдуулукту жана кайраттуулукту, кара түс ак ниеттүүлүктү, ак түс эки жүздүүлүктү жана жалганчылыкты билгизет. Индияда түстүн үч түрү бөтөнчө айырмаланат. Анткени, ак түс индустардын Шива кудайынын, кызыл түс Брахма кудайынын, жашыл түс Вишну кудайынын жүзүн айгинелейт. Ал эми Болгарияда бозомук жашыл жана күрөң түстөр, Пакистанда ачык жашыл түс, Австрияда жашыл түс, Голландияда кызгылт сары жана көк түстөр үстөмдүк кылат. Кыргыздарда эзелтен бери эле көк түс кеңири таралган. Ушундан улам туризмге тиешелүү рекламаны даярдоодо жана жөнөтүүдө дүйнө өлкөлөрүндөгү үстөмдүк кылган жана ыйык туткан түстөрдү жеткиликтүү иликтөө, эске алуу өтө маанилүү.

## 3.6. Туризм жана экология

Жыйырманчы кылымдын аяк ченинде дүйнөлүк деңгээлде калктын, илим менен техниканын тез өсүшүнөн улам чарба тармактарында жаратылыш байлыктарынын ар кыл түрүн пайдалануу өтө арбып жатат. Мындай көрүнүш Кыргызстандын жаратылыш ресурстарын керектөөгө да толук тиешелүү. Табигый байлыктарды экстенсивдүү ыкмада коромжу пайдалануу экономикалык жана экологиялык жактан дагы базар мамилелеринин шартында толук жарамсыз, калпыс экендиги азыр толук ашкереленип олтурат. Андыктан эл чарба тармактарына жаратылыштын бүт байлыктарындай эле рекреация ресурстарын керектөөдө интенсивдүү ыкмага толук өтүү, сарамжалдоо аркылуу үнөмдүү пайдалануу, айлана-чөйрөнү таза сактоонун экономикалык ыкмасына толук өтүү иши тигил же бул өлчөмдө жүргүзүлүп жатат. Ушундан улам табигый кооз жерлерди, рекреация курорт ресурстарын туризм индустриясын калыптандырууга чегерүү жана айлана-чөйрөнү коргоо республиканын жаратылыш комплексин сарамжалдуу пайдалануу маселесинин олуттуу бир бөлүгүнө айланууда. Ырас, туризм тармактары жаратылышка тийгизген терс таасиринин өлчөмү жагынан өнөр жай, айыл чарба, транспорт комплекстерине тең келбейт. Бирок, туризм индустриясын калыптандырууда экологиянын тигил же бул олуттуу, кыйла эмгек жумшап иштөөнү талап кылган маселелери келип чыгат. Анткени, курорт, эс алуу, альпинизм жайларын салууда, турист маршруттарын калыптандырууда жаратылышка түрдүү өлчөмдө, көбүнчөсү терс таасирин тийгизет. Андыктан ал региондун туризм тармактарынын өзгөчөлүгүн жер шартына ыңгайлай алдын ала иликтөө аркылуу түрдүү калпыстыктан арылтууга, табигатты жакшыртууга тиешелүү чаралар көрүлөт.

Жаратылыш-рекреация байлыктарын өздөштүрүүдө калпыс, өгөй мамиленин ылдамдашынын кесепетинен улам миллиондогон жылдардын ичинде акырындык менен калыптанган экосистеманын түрдүү элементтерине олуттуу доо кетирип, келечекте тилекке каршы, ушундай терс көрүнүштүн күч алуусу күчөй тургандыгын атайын илимий иликтөөлөр да толук ырастап жатат. Мындай калпыстык адамзат коому жаратылыш ресурстарын узак мезгилге чейин бекер, түгөнгүс табылга катары үнөмсүз жумшап, өндүрүштү өнүктүрүүгө, туризмди калыптандырууга ашкере, ыксыз керектеп, айлана-чөйрөнүн булгануусуна анча маани бербегендиктен, өндүргүч күчтөрдү өнүктүрүү жана илимий-техникалык прогресстин артыкчылыктарын жеткиликтүү колдонбоонун кесепетинен келип чыккандыгы тарых барактарынан кеңири белгилүү.

Адатта, өндүргүч күчтөрдү жайгаштыруу жана өнүктүрүү канчалык кеңейген сайын жаратылыш, рекреация ресурстары көп

керектелип, айлана-чөйрөгө адамдын тийгизген таасири ошончолук күчөйт. Мындан 25—30 жыл мурда Кыргызстанда жаратылышы жабыркаган аймактарга Чүй боорунун жана Фергана тоо кыркасынын этегиндеги өнөр жай тармактары дурус өнүккөн жерлери гана кирген. Кийин экономиканы, туризм тармактарын өнүктүрүүгө жаратылыш байлыктары кыйла арбын керектелишинен улам, азыр республиканын аймагында абасы, суусу, кыртышы таза, өнөр жай ишканаларынан чыккан таштандысы жок регионду табуу кыйын. Келечекте бийик тоолуу аймактардагы кен байлыктардын ар кыл түрлөрүн казып алуу жана иштетүүнүн кыйла кеңейишинен калдыктын саны арбып, туризм тармактарын кеңейтүүгө кошумча жерди пайдалануудан улам экологиялык калпыстыктар келип чыгат. Албетте, туризмди өнүктүрүү жаратылыш комплексине бир жагынан оң, экинчи жагынан болсо терс таасирин тийгизет. Туризм комплекстерин калыптандырууну алдын ала илимий жактан жетиштиктүү иликтөө, тоо этектеринде көчөттөрдү арбын отургузуу, кыртыштын сапатын үзгүлтүксүз жакшыртуу, сугат ишин көзөмөлгө алуу, коруктарды уюштуруу, рекреация ресурстарын ыктуу пайдалануу сыяктуу иштерди билгичтикте жүргүзүү жаратылышты байытып, көркүн ачат. Жаратылыш байлыктарын чаржайыт керектөө, сууну, кыртышты, абаны булгоо, токойду ыксыз жок кылуу, жер эрозиясын күчөтүү сыяктуу иштер тескерисинче, айлана-чөйрөгө кыйла зыян келтирет. Кыргызстанда жаратылыш-рекреация потенциалын пайдалануунун тилекке каршы ушундай экинчи калпыс түрү үстөмдүк кылат.

Келечекте илимий-техникалык прогресстин азыркыдан ыкчам өнүгүшү, өнөр жай тармактарынын, энергетика жана транспорт комплекстеринин, туризм индустриясынын кыйла кеңейиши, калктын, айрыкча, шаарларда отурукташкандардын көбөйүшү негизинен жаратылыш байлыктарынын жаңы түрлөрүн өздөштүрүүнүн эсебинен жүргүзүлөт. Булар айлана-чөйрөгө, тактап айтканда, абага, өсүмдүккө, кыртышка, сууга, жаныбарлар дүйнөсүнө олуттуу таасирин тийгизет. Мындай калпыстыкты алдын алууга учурунда тиешелүү өлчөмдөгү каражат каралбаса, экономикалык ыкмалардын механизми иштелип чыгып, практика жүзүндө чегерилбесе жана ыйластоочу ишканаларда жөнгө салуу, көзөмөлдөө иштери жетиштиктүү жүргүзүлбөсө, анда республиканын туризм индустриясын өнүктүрүүгө өтө ыңгайлуу, тоолуу аймагынын жабыркаган жаратылышын калыбына келтирүү, жакшыртуу кыйла татаал маселеге айланат.

Кыргызстандын аймагында мындан ары карай жаратылыш рекреация ресурстарынын жабыркашы, айлана-чөйрөнүн булгануусун кескин төмөндөтүү экологиянын эң олуттуу маселеси болуп саналат. Ушундан улам базар экономикасынын нугундагы өзүн-өзү башкаруу жана каржылоо саясатына ылайык туризм мекеме-

леринин пайдаланган жери жана курорт ресурстары үчүн келечекте тиешелүү өлчөмдөгү акы төлөөнү киргизүүсү жаратылыш байлыгын сарамжалдуу пайдаланууга жана айлана-чөйрөнү сактоого бир кыйла өбөлгө түзөт.

Кыргызстанда минералдуу сууларды жана дары баткактарды сарамжалдуу пайдалануу жана коргоо туризмди өнүктүрүү алкагында олуттуу орундардын бирин ээлейт. Республиканын аймагындагы сапаты, химиялык составы, запасы жагынан бири экинчисинен олуттуу айырмаланган 100 ашуун минералдуу булактын азыр жыйырмасы туризм тармактарына чегерилген. Булар пайдалануу жагынан дагы олуттуу айырмаланат. Мисалы, азырынча Ысык-Ата минералдуу суусунун 5,5%, Жыргаландын 2,8%, Жалал-Абаддын 7,4%, Ак-Суунун 4,5% запасы эле керектелет. Суулардын калган бөлүгү төгүлүп-чачылып, коромжу болууда. Айрым булактардын оозу жабылып ташталган.

Азыр республикада табылган 14 дары баткак кенинин теңи курорттордо, эс алуу жайларында керектелип жатат. Алардын запасынын басымдуу көпчүлүгү Ысык-Көлдө жайгашкан. Булардын көпчүлүгү комплекстүү иликтөөдөн өткөрүлүп, эксплуатациялык запасы толук эсептелинип чыккан. Тилекке каршы бир катар дары баткактарынын экологиялык жагдайы кыйын абалда калып, кеп жайгашкан жерге мал жайган учурлар, көл жээгиндеги баткактарды өз алдынча келген туристтер тебелеп-тепсеп жүргөнү арбын кездешет. Экологиялык жактан ушундай оор абалда калган кендин бири республиканын түштүгүндө жайгашкан Чымбай дары баткагы. Кеп орун алган жерлерге учурунда далай химиялык жер семирткичтер чачылып, айдоого айландырылып, малга тебеленген. Мындай терс көрүнүш азыр деле кайталанып жатат.

Кыргызстандын аймагында жайгашкан альплагерлерди жана жылгаяк тебүүчү базаларды эл аралык талапка ылайык келгидей кеңейтүү, жакшыртуу, жаңыларын куруу аркылуу арбын пайда алып, экономиканын өнүгүшүнө көмөк көрсөтүү азыркы базар мамилелеринин шартындагы башкы маселелердин бири. Республикада жайгашкан тоо кыркаларындагы чокуларды жеткиликтүү өздөштүрүү аркылуу альпинисттердин эл аралык ири комплекстерин уюштурууга толук мүмкүнчүлүктөр бар. Бирок, тоо арасынан орун алган альплагерлердеги жана жылгаяк тебүүчү базалардагы экологиялык жагдай эмитен эле бир топ олуттуу маселеге айланган. Эң башкы орунду азыр туристтер менен альпинисттер калтырган түрдүү таштандыларды чогултуу, жабыркаган өсүмдүктөрдү калыбына келтирүү жана жаңыларын өстүрүү, тоо кыялаган чыйырларды, жолдорду иретке салуу, жаратылыш факторлорун туура пайдалануу сыяктуу иштер ээлейт. Мисалы, туристтердин айрым топтору таштандыларын мөңгүлөрдүн кобулдарына тыштаган же шагылдарга көмүп салган учурлар арбын кездешет,

Ушундан улам республикада жаратылышты коргоо жана эл аралык альпинизмди туура өнүктүрүү боюнча Альпы жана Гималай тоо кыркаларындагы топтолгон тажрыйбаларын иликтөө, тиешелүү жыйынтык чыгаруу кыйла пайдалуу. Бийик тоолуу туризмди өнүктүрүү Альпы тоолорунда мындан жүз жыл илгери, Гималайда 20—25 жыл, Тянь-Шань жана Памир-Алай тоо кыркаларында 5—10 жыл мурда башталган.

Азыр бийик тоолуу туризмди калыптандыруудан улам экологиялык жактан оор абалы, калдыктарынын арбыны боюнча дүйнөдөгү тоо кыркаларынын ичинен башкы орунду Альпы ээлейт. Мында келип кетүүчү туристтердин, альпинисттердин кылган терс иштери өрөөндөрдүн таманынан тартып бийик чокуларга чейин даана байкалат. Табигаттын таасиринен миллион жылдардын ичинде пайда болгон тоолор сыяктуу, адамдын терс таасиринен улам ондогон жылдардын ичинде эле түрдүү таштандылардан, калдыктардан дагы жасалма тоолор пайда болуп калууда. Мисалы, Альпынын Веттерштайн тоосунун капталдарында 50 минден ашуун бош, дат баскан консерва банкалары жыйылып жатат. Ал эми Баварияддагы жылгаяк тебилүүчү атайын даярдалган жолдордун жээктериндеги ар бир чарчы метр жерде туристтерден калган таштандылардын элүүгө жакын түрү кездешет. Ушундай экологиялык кашыстыктан арылуу максатында швейцариялыктар туристтер көп өтүүчү тоо капталдарына, капчыгайлардагы мерчемдүү жерлерге узундугу жетимиш метр келген мүшөктөрдү жайгаштырган. Булар ар кандай таштандыларга толгон кезде вертолет же асма жол менен төмөн карай түшүрүлүп турат.

Альпы тоо кыркаларындагы саякатчылар эң арбын келүүчү жайларда, түрдүү маршруттарда тоону беттеген ар бир туристке азыр өзүлөрүнүн таштандыларын чогултууга сыйымдуулугу 5—10 литр келген мүшөктөрдү беришет. Атайын иликтөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча булардын ичинен 70% жакын саякатчы өздөрү менен кошо топтолгон таштандыларын алып келе тургандыгы аныкталган. Ушундай түрдүү ыкмалардын кеңири пайдаланылышына карабастан Альпы тоолорундагы экологиялык жагдай жыл өткөн сайын начарлап баратат.

Жер шарындагы эң бийик Гималай тоо кыркасындагы туризм, альпинизм потенциалын интенсивдүү өздөштүрүү мындан жыйырма жыл мурун башталган. Ушул мезгилдин ичинде бийик тоолуу туризмдин ресурстарынын басымдуусу өздөштүрүлгөн. Далай кемчиликтер кетирилгендигине карабастан айрымдары учурунда иликтенип, тиешелүү жыйынтык чыгарылган. Мында да Альпы тоо кыркаларындагыдай эле туристтерден, альпинисттерден калган таштандылар учурунда толуп кеткен. Эвересттеги Кхму мөңгүсүндөгү таштандылардын көлөмү үйүлүп жаткан ири келки таш, шагылдардан да бийик көтөрүлүп кеткен учурлар кездешкен.

Азыр туристтер арбын келүүчү жерлерде жана жаратылышы кооз капчыгайларында табигый парктар уюштурулган. Мындай жерлер атайын көзөмөлгө алынып, илимий изилдөө иштери жүргүзүлүп, экологиялык жагдайына карата келүүчү туристтердин саны учурунда теске салынып турат. Натыйжада экологиялык жактан туристтерге, альпинисттерге жоопкерчилик күчөтүлүп, Гималай тоо кыркаларында жыйналбай калган таштандылар кыйла азайтылган.

Рекреация ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу жана коргоодо мамлекеттик деңгээлдеги жаратылыш парктарын, заказниктерди жана коруктарды кеңейтүү, жаңыларын уюштуруунун экономикалык, экологиялык олуттуу мааниси бар.

Табигый комплекси али олуттуу өзгөрүлбөгөн, түрдүү байлыктарга, тарыхый эстеликтерге бай, мамлекет тарабынан көзөмөлгө алынган, эс алууга, туристтердин белгилүү өлчөмдө келишине ыңгайлаштырылып даярдалуучу аймактар жаратылыш парктарынын өзөгүн түзөт. Бул табигый ландшафттан тышкары, иштетилген жерлерди, негизинен илим, тарых жана маданиятка зарыл керектүү айыл чарба аянттары, архитектуралык жактан бай кыштактары камтыйт. Табигый кооз жерлерди толук сактоо, туристтердин келишине, эс алуусуна, аралап көрүп чыгуусуна шарт түзүү, айлана-чөйрөнү коргоого байланыштуу тарбия иштерин кеңейтүү, көчөттөрдү отургузуу жаратылыш паркынын башкы милдеттерине кирет. Ич ара мамлекеттик, райондук жана жергиликтүү парктарга ажырайт.

Жаратылыш комплексинин толугу менен же айрым элементтеринин корукка алынган аймактары заказник деп аталат. Заказниктин мындай түрүндө жерди чарба иштерине пайдалануу атайын даярдалган эреженин нугунда жүргүзүлөт. Булар ич ара жаратылыш ресурстары, жаратылышты коргоо, жаратылыш-рекреация жана комплекстүү заказниктерге ажырайт. Жер шарында заказниктердин мындай түрү эң эле арбын. Алардын басымдуу көпчүлүгүн мергенчилик: ботаника, геология заказниктери ээлейт.

Адатта, чарба иштерине чегерүүдөн толук бошотулган жана табигый шарты кооз, анчалык өзгөрүлө элек жер аянттары корук деп аталат. Жаратылыш комплексинин бүтүндөй же айрым түрлөрүн кадимкидей сактоо, байытуу, калыбына келтирүү жана жалпы эле экологиялык көрсөткүчтөрүн жакшыртуу башкы максат болуп саналат. Корук илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө кеңири пайдаланылат. Ушундан улам көпчүлүк учурда коруктарды табияттын лабораториясы деп да атап жүрүшөт. Булардын жалпы аянты адатта орто эсеп менен 30—70 миң гектардан ашпайт. Калкы жыш отурукташкан аймактарда коруктардын аянты 5—10 миң гектарды ээлейт.

Кыргызстандын аймагында азыр корукка алынган 75 объекти

жана жаратылыш комплекси орун алган. Булардын арасында 4 корук, бир жаратылыш паркы, 2 комплекстүү заказниги, 16 аң улоо заказниги, 10 токой заказниги, 21 ботаника заказниги жана 19 жаратылыштын (геологиялык заказниктер) эстеликтери бар. Жаратылыш коруктарынын жалпы аянты 622,7 миң гектарды түзөт. Келечекте бир катар жаратылыш парктарын уюштуруу жагы да белгиленип жатат.

Ысык-Көл мамлекеттик коругу 1948-ж. көлдүн уникалдуу жаратылыш ландшафт комплексин коргоо жана кыштоочу, тыныгуучу канаттууларды сактоо максатында уюштурулган. Корук деңиз деңгээлинен орточо эсеп менен 1607 м бийиктикте орун алган. Жалпы аянты 17,3 миң гектар жерди ээлейт. Мунун ичинен 15 миң гектары көлгө тиешелүү. Ысык-Көл коругу сононун (жапайы өрдөктүн бир түрү) мекени катары эл аралык маанидеги тизмеге кирген. Көл жээгинде канаттуулардын ак куу, калак тумшук өрдөк, тырсылдак чүрөк, боз өрдөк, арам өрдөк, ак чардак, каз, чил, бөдөнө, кыргоол, кекилик сыяктуу 98 түрү мекендейт. Кышкысын келген канаттуулар кыйла эле арбын. Көлдө балыктын 22 түрү кездешет. Жаныбарларынан кашкулак, түлкү, күзөн, коён арбындык кылат. Жыл өткөн сайын көл жээгинде туризм тармактарынын өнүгүшү, калктын көбөйүшү жаратылыш-рекреация шартына, байлыктарына, айрыкча жаныбарлар, өсүмдүктөр дүйнөсүнө терс таасирин тийгизип жатат.

Сары-Челек мамлекеттик коругу республиканын түштүгүндөгү Жаңы-Жол районунун аймагында жайгашкан. Жаратылышы дүйнөдөгү эң кооз жайлардын бири, деңиз деңгээлинен 1200—1247 м бийиктикте орун алган. Ал табигый өскөн жаңгак токойлорун сактоо, кеңейтүү максатында 1959-ж. уюштурулган. Жалпы аянты 23,9 миң гектарды ээлейт. Көпчүлүк бөлүгүн жаңгак токою каптап, орто ченинде Сары-Челек көлү жайгашкан. Корук өсүмдүктөргө, жаныбарларга өтө бай келет. Көлдүн айланасындагы жаратылыш шарттарынын ар түрдүүлүгү, кооздугу, байлыгы, дүйнө жүзүндө сейрек кездешүүчү өсүмдүктөрү менен жаныбарларынын илимий жактан иликтөөгө кызыктуулугу, чарбалык, туристтик мааниси эске алынып, ал 1978-жылдан бери карай биосфера коругуна айландырылган. Мында туризм мекемелери жайгашкан. Келечекте туристтердин арбын келүүсү күтүлүүдө.

Ала-Арча жаратылыш паркы кыргыз Ала-Тоосунда, деңиз деңгээлинен 1600—2300 м бийиктикте орун алган. Бишкек шаарынан 35 км түштүк тарапта жайгашып, 19,4 миң гектар жерди ээлейт. Ал Ала-Арча капчыгайынын жаратылыш комплексин толук коргоо, жакшыртуу жана туристтердин эс алуусуна шарт түзүү максатында 1976-ж. уюшулган. Кыргыз Ала-Тоосундагы башка капчыгайлардан парк табигый шартынын түзүктүгү боюнча олуттуу айырмаланып турат. Өсүмдүк, жаныбарларга кыйла бай. Кап-

чыгайдын деңиз деңгээлинен 2000 м бийиктигинде Ала-Арча альпинисттер лагери орун алган. Жыл өткөн сайын бул жерге келген туристтер менен альпинисттердин саны көбөйүп жатат. Парктын ичин чет өлкөлөрдөн келген сыйлуу меймандарга да көрсөтүү кийинки жылдары көнүмүш адатка айланууда.

Келечекте Чоң-Ак-Суу жаратылыш паркын уюштуруу каралууда. Күңгөй Ала-Тоонун борбордук бөлүгүндө, деңиз деңгээлинен 1800—3300 м бийиктикте жайгашкан. Парктын жалпы аянты 20 миң гектар жерди ээлейт. Түрдүү өсүмдүктөргө, жаныбарларга бай келет. Жаратылыш байлыктарын сактоо, туризм ишин билгичтик менен пайдалануу, Кыргызстандын кызыл китебине кирген аркар, кулжа, марал, илбирс, бүркүт, каракур сыяктуу жаныбарларга көз салуу жана белгилүү өлчөмдө шарт түзүү паркты уюштуруунун түпкү өзөгүн түзөт.

Кемин аңчылык заказнигин кеңейтүү аркылуу келечекте Чоң-Кемин мамлекеттик паркын уюштуруу белгиленип жатат. Ал Күңгөй Ала-Тоосунун түндүк-батыш капталында, деңиз деңгээлинен 1340—3200 м бийиктикте жайгашкан. Жеринин көпчүлүгүн узун чөптүү шалбаа, шалбаа-бадалдуу токой тоо капталдары ээлейт. Жаратылыш ландшафты бийиктик алкак боюнча олуттуу айырмаланып, өсүмдүктөргө, жаныбарларга бай келет. Чоң-Кемин суусунун алабынын жаратылыш комплексин сарамжалдуу пайдалануу, коргоо, туризмдин тиешелүү тармактарын өнүктүрүү паркты калыптандыруунун негизин түзөт.

# ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ

## КЫРГЫЗСТАНДЫН АЙМАГЫН РЕКРЕАЦИЯЛЫК ЖАКТАН РАЙОНДОШТУРУУ ЖАНА ТУРИЗМДИН КЕЛЕЧЕГИ

### 4.1. Рекреациялык райондоштуруу

Кыргызстандын тоолуу аймагынын шартында туризм-рекреация комплекстерин кыйла натыйжалуу жайгаштыруу жана өнүктүрүү көбүнчөсү ал жердин регионалдык өзгөчөлүгүн комплекстүү жана жеткиликтүү иликтөөгө, рекреация ресурстарын экономикалык жактан так, илимий негизде баалоого жараша болот. Ал эми рекреация ресурстарын комплекстүү эсепке алуу, өздөштүрүү деңгээлин тактоо, айлана-чөйрөнү таза тутуу ишин иликтөөнү аймактык ич ара бөлүнүштөрү боюнча кароо кыйла үзүрлүү келет.

Туризм индустриясынын регионалдык өзгөчөлүгүн анализдөө жана тактоо ишинде азыркы учурда пайдаланылып жүргөн ыкмалардын ичинен рекреациялык жактан райондоштуруунун олуттуу мааниси бар. Бул өз учурунда республиканын жаратылыш-рекреациялык потенциалын сарамжалдуу пайдалануу аркылуу туризм индустриясын туура жайгаштырууга жана өнүктүрүүгө, анын башкы тармактарын аймактык өзгөчөлүгүн эске алуу аркылуу билгичтикте уюштурууга, экономиканын социалдык жактан өнүгүү ченемин жана көлөмүн аныктоого тиешелүү салымын кошот. Ушундан улам Кыргызстандын аймагын рекреациялык жактан райондоштуруунун илимий жана практикалык мааниси келечекте кыйла күчөйт.

Рекреациялык райондоштуруу илимий талдоо менен эле чектелип калбастан, эң башкысы анын практикалык жактан дагы эң олуттуу маанге ээ болушунда. Мисалы, рекреация потенциалын экономикалык баалоонун жыйынтыгы, бир жагынан туризм объектилерин техникалык-экономикалык жактан аныктоого керектелсе, экинчи жагынан ал туризм индустриясынын тармактарын жайгаштыруу жана өнүктүрүүнүн схемасын даярдоого кеңири колдонулат. Ушундан улам рекреация ресурстары түрдүү жана бай, туризм тармактары дурус өнүккөн жерлерди рекреациялык жактан райондоштуруу талап кылынат. Ал эми рекреация потенциалы жарды, туризм мекемелери ченелүү аймактарда райондоштуруунун анчалык деле зарылчылыгы болбойт.

Рекреациялык жактан райондоштуруу экономикалык райондоштуруунун олуттуу бөлүгү катары эки мааниге ээ. Ал бир жагынан изилденүүчү кубулуш, тактап айтканда рекреация аймактык жактан уюштуруунун аспабы катары каралса, экинчи жагынан туризмди аймак боюнча уюштуруунун айрым баскычтарынын чагылдырылышы катары белгиленет. Бул жагдайлар райондоштуруунун милдети аймакты тиешелүү райондорго эле ажыратуу менен чектелбестен, ошондой эле ар райондордун айырмачылыктарын, потенциалдык ресурстарын, туризмдин азыркы абалын, келечектеги өнүгүү мүмкүнчүлүгүн иликтөөгө дагы толук чегерилет.

Белгилүү аймактын рекреация ресурстарынын потенциалын жана регионалдык жаратылыш өзгөчөлүгүн ар тараптан комплекстүү эсепке алуу үчүн азыр туризм комплекстерин калыптандыруунун нугунда бир катар илим-изилдөө иштери, долбоорлоо жумуштары аткарылып жатат. Мындай туризмге тиешелүү татаал, комплекстүү маселени туура чечүүгө рекреациялык жактан райондоштуруу жаатындагы эмгектенип жаткан географтар, экономисттер, медиктер, геологдор, архитекторлор, инженерлер, социологдор, экологдор чегерилген. Булардын ар биринин өзүлөрүнө, адистигине тиешелүү изилдөө милдети, аткаруучу жумушу бар. Ал эми түпкүлүгү бир максатты көздөйт.

География илиминде белгилүү бир өлкөнү же регионду тармактык экономикалык райондоштуруунун теориялык маселелери али жеткиликтүү иликтене элек. Ал эми айыл чарбасы, өнөр жайы, транспорт, социалдык чөйрө сыяктуу чарба тармактарынын өзгөчөлүгү боюнча райондоштуруунун ичинен туризм нугундагы даярдалган материалдар кыйла аздык кылат.

Мурдагы СССРдин аймагын бүт камтыган рекреациялык райондоштуруу эң алгач Б. Н. Лиханов менен В. С. Преображенский тарабынан жүргүзүлгөн. Райондоштуруунун түпкү өзөгү катары булар аймактагы туризм тармактарына тиешелүү мекеме, ишканалардын жыштыгын жана бүтүндөй өлкөнүн керектөөсүн камсыз кылууга ээлеген ордун эсепке алган. Жыйынтыгында авторлор өлкөнүн ичин да адегенде төрт чоң зонага ажыратып, соңунан алардын ар бирин райондорго бөлүп чыгышкан. Ал эми З. А. Каменова туристтерди кабыл алуу жана тейлөөнү жакшыртуу максатында өлкө аймагын төмөндөгүдөй зоналарга бөлүп чыккан: туристтерди кабыл алуу жана анын материалдык-техникалык базасын түзүү негизинен жөнгө салынып, калыптанып калган зона; туристтерди кабыл алууга даяр жана туризмдин материалдык-техникалык базасын уюштурууну ишке ашыруу жагынан тактaлган зона; материалдык-техникалык базасын жакын арада калыптандырууга жаратылыш-рекреация потенциалы ыңгайлуу зона; туристтерди мүмкүн келечекте өзүнө буруучу зона.

Рекреациялык жактан райондоштурууну түрдүү баскычтар

боюнча караган иштер дагы бар. Алсак, Е. А. Котляров рекреациялык райондоштурууну төмөндөгүдөй төрт баскычта караган: республика (край, область); район; рекреациялык жактан ыңгайлуу жерлер; рекреациялык чакан район. М. С. Мироненко менен И. Т. Твердохлебов рекреациялык райондоштурууну рекреациялык зона (аймак), рекреациялык район (макрорайон), рекреациялык подрайон (мезорайон), рекреациялык чакан район, рекреациялык пункт сыяктуу баскычтарга ажыратууну сунуш кылышкан. Ушундай мазмундагы иштер учурунда Кыргызстандын аймагы боюнча дагы аткарылган. Республиканын өкмөтүнүн атайын токтому менен 1970-ж. рекреациялык жактан райондоштуруу иши жүргүзүлүп төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарылган: союздук маанидеги рекреациялык район (Ысык-Көл ойдуңу); минералдуу булактардын жана дары баткактардын базасында калыптанган республикалык маанидеги рекреациялык район (Чүй өрөөнү жана республиканын түштүгүндөгү айрым жерлер); жаратылыш-климат шарты дурус жерлерде жайгаштырылган дарылоо, эс алуу мекемелерин камтыган жергиликтүү маанидеги район. «Кыргызгипрострой» долбоорлоо институту учурунда республиканын аймагын туризмди өнүктүрүүгө тийгизүүчү таасирине карата төмөндөгүдөй үч районго ажыраткан: туризмди өнүктүрүүгө жаратылыш шарты, рекреация ресурстары кыйла ыңгайлуу район; туризмди уюштурууга рекреациялык шарты ченелүү район; туризмди өнүктүрүүгө ыңгайсыз район.

Кыргызстандын аймагын экономикалык райондоштуруу боюнча материалдар С. Н. Рязанцевдин, В. Ф. Павленконун, К. О. Оторбаевдин ж. б. окумуштуулардын илимий эмгектеринде кеңири берилген. Өндүргүч күчтөрдү жайгаштыруу жана өнүктүрүүнүн келечегин жалпылай иликтөө боюнча ушул эмгектерде чагылдырылган принциптерге ылайык туризм индустриясын өнүктүрүү жагынан республиканын аймагы 5 районго ажырайт (5-таблицаны караңыз). Анын үстүнө республиканын аймагындагы райондор географиялык абалы, жаратылыш шарты, рекреация ресурстары, туризм комплекстери, экономикалык өнүгүшү, социалдык, экологиялык жагдайы, иши кылып басымдуу көрсөткүчтөрү боюнча бири экинчисинен олуттуу айырмаланып турат. Ушундай ыкмада райондорго ажыратуу ар биринин азыркы туризм тармактарынын абалын, рекреация потенциалынын мүмкүнчүлүгүн жана келечектеги туризмдин олуттуу тармактарынын өнүгүү өзгөчөлүгүн, республиканын туризм индустриясынын алкагындагы ээлеген ордун аныктоого олуттуу көмөк көрсөтөт. Рекреациялык райондордун ичинен туризмди өнүктүрүүгө жаратылыш шарты, ресурстары, кооз капчыгайлары, эстеликтери, көлдөрү, суу сактагычтары, шаарлары, кыштактары боюнча Ысык-Көл, Чүй, Ош олуттуу орунду ээлейт.

*5-таблица*

**Кыргызстандын рекреация райондорунун келечектеги туристтик мааниси**

| Туристтик мааниси | Рекреация райондору жана алардын туристтик комплекстери | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Чүй | Ысык-Көл | Талас | Түштүк Кыргызстан | Тянь-Шань |
| Эл аралык | Бишкек, Ала-Арча, Бурана, Кегети, Ысык-Ата, | Каракол, Чолпон-Ата, Чоң-Кызыл-Суу, Ак-Суу, Жети-Өгүз, Боз-Тери, Кан-Теңири, Жеңиш (чоку). | Манас күмбөзү, Саймалуу-Таш. | Ош, Өзгөн, Сары-Челек, Арсланбап, Ленин чокусу, Токтогул, Абшир. | Таш-Рабат, Чатыр-Көл, Соң-Көл. |
| Улуттук (республикалык) | Аламүдүн, Чоң-Кемин, Кара-Балта, Ак-Суу, Сокулук, Суусамыр. | Балыкчы, Чоң Ак-Суу, Музтаг, Арашан, Барскоон, Кажы-Сай, Жууку, Корумду, Чок-Тал, Боом, | Талас, Беш-Таш, Каракол, Киров (суу сактагычы) | Кыргыз-Ата, Кызыл-Үңкүр, Көк-Арт, Жазы-Тар, Афлатун, Сох, Шахимардан, Хасан-Сай, Падша-Ата | Нарын, Он-Арча, Жогорку Нарын, Орто-Токой, Көкө-Мерен. |

Рекреациялык жактан райондоштуруу, эң ириде, республиканын туризм тармактарынын калыптандырыуусунун жана өнүгүшүнүн негизги багытын чагылдыруу менен бирге табигый шарты, рекреациялык ресурстары, тарыхый жана райондордун ички өзгөчөлүктөрү сыяктуу түрдүү жагдайдагы аймактык эмгек бөлүштүрүүнүн өзгөрүшүн жана социалдык, экологиялык абалына тийгизген таасирин иликтейт. Анткени, убакыттын илгерилешинен, туризм, структурасынын ич ара айырмалануусунан, жаратылыш-курорт байлыктарынын олуттууларын өздөштүрүүгө карата тигил же бул рекреациялык райондун чек арасы өзгөрүлүп, биринен экинчисине ооп-кыйып болуп турат.

Адатта, туризм тармактарын калыптандырууга жаратылыш-климат шарты ыңгайлуу келген, табигый, тарыхый, архитектуралык ресурстарга бай, тигил же бул өлчөмдө калыптанып калган туризм комплекстери бар белгилүү аймак рекреация району деп аталат. Мындай район көбүнчөсү 50—150 км аралыктагы же

андан арбын территорияны камтыйт. Бул аймакта жайгашкан курорт, эс алуу жана саякат жайлары ич ара жаратылыш-рекреациянын факторлорунун таасирине, өзгөчөлүгүнө ылайык тыгыз байланышта болот. Унаа түрлөрү, тейлөө тармактары, суу, энергия системалары толугу менен райондун рекреация комплексин тейлөөгө ылайыкташтырылат. Бардык жагынан шайма-шай калыптанган рекреация районунун өз алдынча башкаруу системасы, айыл чарба, өнөр жай ишканалары: курулуш, транспорт, турмуш-тиричилик, маданий ж. б. жагынан тейлеген көмөкчү чарбачылыгы дагы болот.

Жеринин табигый шартынын өзгөчөлүгүнө карата дүйнө жүзүндөгү рекреация райондору негизинен тоолуу жерде жана деңиз жээгинде калыптануучу болуп эки чоң топко бөлүнөт. Тоолуу аймактан орун алган туризм мекемелери, курулуштар тобу тоо рекреация районунун өзөгүн түзөт. Жер шарында мындай райондордун саны эң эле арбын. Кыргызстандагы рекреация райондорунун басымдуусу ушул топтун ичине кирет. Жаратылыш-рекреация байлыгы, жеринин шарты, өздөштүрүлгөн өлчөмү жана келечеги жагынан алар кыйла айырмаланат. Тоолуу жерлерде рекреация комплекстерин калыптандыруу учурунда жаратылышын жеткиликтүү талдоону, экологиялык өзгөчөлүгүн, потенциалдуу мүмкүнчүлүгүн даана билүүнү талап кылат. Туризм тармактары эң эле түрдүүчө келип, комплекстеринин кубаттуулугу чакан болот. Дүйнөнүн айрым өлкөлөрүндө тоолуу шартын, рекреациялык өзгөчөлүгүн толук изилдебей туруп эле арбын пайда табуунун артынан бир учурда сая түшкөндүн кесепетинен улам, азыр айрым аймактарынын жаратылышы олуттуу зыянга учурап, экология маселеси менен алек болуп калышты. Ал эми туризм индустриясынын жер шары боюнча эң кеңири таралган түрүн деңиз жээгиндеги туристтик райондор ээлейт. Мындай райондордо чарбанын түрдүү тармактары көбүнчөсү эс алуучу туристтерди тейлөөгө адистештирилет. Калыптанган комплекстеринин көлөмү деңиз же көл жээгинин узактыгына, жаратылыш-рекреация ресурстарынын өлчөмүнө, сапатына, табигый-климаттык шартына, географиялык абалына, экономика тармактарынын өлчөмүнө, сапатына, табигый-климаттык шартына, географиялык абалына, экономика тармактарынын өнүгүшүнө тыгыз байланыштуу. Деңиз жээгинде калыптанган рекреация райондорунун уюштуруу ишин дурус жолго коюудан, эс алуучуларды ойдогудай тейлөөдөн арбын киреше алынат. Кыргызстандын шартындагы туризмди өнүктүрүүдө Ысык-Көл курорт району келечекте ушул топтун ичинен орун алууга ылайыктуу. Азыр дүйнөнүн айрым өлкөлөрүндө, ири региондорунда туризмден пайданы арбын алуунун артынан сая түшүүнүн кесепетинен рекреация байлыктарына орду толгус доо кетип, айлана-чөйрө тез булганып жатат.

Рекреация райондору ээлеген аймагы, жаратылыш-экономикалык потенциалы, туризмди өнүктүрүүгө шарт түзүүчү түрдүү факторлору, эс алуучулардын саны жана жайгаштыруу өзгөчөлүгү, туризм индустриясынын калыптанган жана келечекте өнүгүү структурасы, адистештирилүүсү жагынан олуттуу айырмаланат. Булардын өнүгүшүнө аймактарында калыптанган социалдык чөйрөнүн тармактарынын дагы жигердүү мааниси бар. Рекреациялык райондордогу туризмдин өнүгүшү менен жаратылыш-рекреация потенциалынын шайкеш келбестиги жагынан да кыйла айырмаланат. Мисалы, азыр Кыргызстандын рекреация райондорундагы бүтүндөй ресурстарынын 11% запасы өздөштүрүлүп, анын нугунда белгилүү өлчөмдө туризм тармактары калыптанган. Ырас, мындай көрсөткүч райондор боюнча дагы айырмаланат. Ушундан улам республиканын аймагындагы райондордо туризм индустриясын калыптандырууга байланыштуу олуттуу иштер бар.

## 4.2. Ысык-Көл курорт районунун келечеги

Жаратылыш-рекреация потенциалынын түрдүүлүгү жана сапаты жагынан Ысык-Көл курорт району дүйнөлүк маанидеги туризм регионлорунун катарына кирет. Келечекте туризм индустриясынын башкы өзөгү негизинен санаторий, курорт, саякат жайлардын басымдуусу көл айланасындагы бай минералдуу булактар, дарылык касиети күчтүү баткактардын нугунда өнүгөт. Ал эми бийик тоолуу аймактарында туризмдин аңчылык чарбасын жана альпинизмди өнүктүрүү үстөмдүк кылат. Ырас, туризмди калыптандырууда эң башкысы көл жана анын таасиринен пайда болуучу климат шартына тыгыз байланыштуу. Келечекте көлдүн айланасына курулуучу туристтик мекемелери бир эле учурда 100 миңден ашуун эс алуучуларды, саякатчыларды кабыл алууга ылайыкталып же жалпы орундун саны азыркыга караганда бир нече эсеге арбыйт.

Ысык-Көл курорт районун (ЫКР) калыптандырууга жаратылыш факторлорунун ичинен олуттуу орунду көл жана анын жээгинин климаттык шарты ээлейт. Көлдүн аянты 6,2 миң чарчы км, узундугу 178 км, эң жазы жери 60 км. Эң терең жери 668 м, орточо терендиги 278,4 м. Деңиз деңгээлинен 1608 м бийиктикте орун алган. Суусу тоңбойт, туздуу. Жайкысын суусунун температурасы 29°С чейин жетет. Климаттык шарты тоолуу «деңиз» климатына окшош келип, адамдын организмине өтө жагымдуу. Кыш айлары салкын келип жайкысын жылуу. Адатта, январь айынын температурасы — 2 — 9°С, июлдуку — 19—25°С.

Ысык-Көл жээги табигый өсүмдүктөргө бай келип, туризмдин калыптануусуна эстетикалык жактан олуттуу таасирин тийгизет.

Бийиктик алкактар боюнча өсүмдүктөр дүйнөсү кыйла өзгөрүлөт. Тоолордун арасынан тянь-шань карагайы, шилби, карагат, ит мурун, четин, арча, бөрү карагат ж. б. орун алган. Туризмди өнүктүрүүгө өтө ыңгайлуу, табияты кооз жана токойлуу аянттары арбын жерлерге Алтын-Арашан, Каракол, Барскоон, Чоң-Кызыл-Суу, Түргөн-Ак-Суу, Чоң жана Кичине Жаргылчак сыяктуу капчыгайларын кошууга болот.

ЫКРнун калыптандырууга бул жердин бай жана түрдүү жаратылыш-рекреация ресурстары олуттуу таасирин тийгизет. Айрыкча, көлдүн суусун, бальнеологиялык ресурстарын жана тоолуу климат шартын комплекстүү, эриш-аркактыкта пайдалануу аркылуу эл аралык маанидеги арбын каражат алып келүүчү туристтик ар кыл мекеме жана ишканаларды жайгаштырууга толук мүмкүнчүлүктөр бар.

Азыр райондун аймагынан 32 минералдуу булак табылган. Булардын жалпы запасы суткасына 24,2 миң куб м. Ар бир булак жайгашкан жери, суусунун запасы, минералдуулугу, температурасы, дарылык касиети өздөштүрүлүшү жагынан олуттуу айырмаланат. Бардык суулардын ичинен ушул тапта 4 минералдуу булактын запасы атайын иликтенип, комиссия тарабынан бекитилген же жалпы запастын 34,6% ээлейт. Запасынын молдугу жагынан Жыргалаң (секундасына 20 литр), Алтын-Арашан (15 литр), Тосор (15 литр), Тура-Суу (13 литр), Ак-Суу (12 литр) сыяктуу минералдуу булактар айырмаланат.

Кыргызстандагы табылган 15 дары баткактын жетиси Ысык-Көлдүн аймагында жайгашкан. Эң келечектүүсү жана чоңу Покровка баткагы. Жалпы зонасы 2741,0 миң куб. м же республикадагы баткактын 62,5% ээлейт. Сапаты жагынан дүйнөдөгү эң мыкты дары баткактарынан кем калбайт. Дары баткактардын ичинен үчөө азыр курорт, санаторий жана ооруканаларда кеңири колдонулуп жатат. Булардын арасынан эң чоңу Жыргалаң кени. Ал «Жыргалаң» санаторийине жакын жайгашкан. Дарылык касиети күчтүү, запасы 371 миң куб. м же Ысык-Көлдөгү бардык баткактын 13,3% түзөт.

Туризм индустриясын өнүктүрүүдө түрдүү жаратылыш ресурстарынын ичинен жер маселеси олуттуу орунду ээлейт. Бул багытта учурунда бир катар иштер даярдалган. Алсак, 1972-ж. Ысык-Көл курорт районунун аймактык планировкасынын долбоорунун негизги шарттары, 1984-ж. Кыргызстандын эс алуу, туризм, жаратылыш парки, коруктарын жайгаштыруу жана өнүктүрүүнүн генералдык схемасы иштелип чыккан. Ушундай жыйынтыкталган, комплекстүү иликтенген иштердин маалыматы боюнча Ысык-Көл ойдуңунда бир эле учурда 233 миң киши эс алууга болот. Туризм тармактарын жайгаштырууну ишке ашырууда антропогендик жактан калпыстык кетпегидей эсеп-кысап дагы толук жүргүзүлгөн.

Туризм комплекстерин өнүктүрүүгө бөлүнүүчү 9400 гектардын ичинен санаторийлик курорт жана узак мөөнөттүү эс алуу жайларына — 6070, кыска мөөнөттүү эс алуу жана балдар эс алуучу жайлар, санаторийлерге — 2730, бийик тоолуу туризм жана альпинизм борборлоруна 600 гектар жер туура келет. Көл жээгиндеги туризмге ыңгайлуу жер аянттарынын ичинен, ландшафтык-климат шарты боюнча түндүк жана чыгыш бөлүгү бөтөнчө айырмаланат, сууга түшүп, күнгө кактануу үч айга чейин созулат.

Атайын иликтенген маалыматтарга ылайык ЫКРнун потенциалдык мүмкүнчүлүгү ресурстардын түрүнө, сапатына жараша олуттуу айырмаланат. Көл жээгинде табигый кумдуу аянттарда бир эле учурда 1200 миң турист эс алууга болсо, минералдуу булактар 22 миң кишини, ичүүгө керектелүүчү суу 500 миң кишини камсыз кылууга жарайт. Ал эми Ысык-Көл ойдуңунун жаратылыш-рекреация ресурстарынын негизги түрлөрүнүн бүтүндөй потенциалы 737 миң туристти бир эле учурда жайгаштырууга толук мүмкүнчүлүгү бар.

Жаратылыш шарты дурус, рекреация ресурстарынын потенциалы жетиштүү региондордо индустриясынын бир нече тармактарын камтый турган ири комплекстерди калыптандыруу социалдык, экономикалык жактан кыйла натыйжалуу экендигин дүйнөлүк деңгээлде топтолгон бай тажрыйба толук ырастайт. Ушундай жагдайды толук чагылдырган мисалдардын бири катары Альпы тоо кыркаларындагы туризмдин өнүгүүсү иликтөөгө ылайыктуу. Европанын борбордук бөлүгүнөн орун алган бул тоо кыркаларына жыл ичинде эс алганы 250 млн. чейин туристтер келет. Сезон учурунда бул жакка 10 млн. саякатчылар каттайт. Региондогу жергиликтүү жашаган калктын саны 7 млн. жетет. Кыскасы, туристтердин келиши айрым мезгилде 20 млн. чейин чукулдап барат. Ал эми Альпы тоо кыркаларынын жалпы аянты 180 миң чарчы км же Кыргызстандын аймагынан 10% кичинелик кылат. Дагы бир мисал. Балатон көлү бир күндө 600—800 миң туристти кабыл алууга жарайт. Кийинки жылдары бул жерге 1200 миңге чейин эс алуучулар келгендиги белгиленген. Көлдөн түшкөн киреше Венгрия боюнча чет өлкөлүк туризмден жыйналуучу валютанын үчтөн бирин түзөт. Чындыгында Балатон көлү Ысык-Көлдөн аянты жагынан 10,5 эсе кичине, терендиги боюнча 63,8 эсе тайыздык кылат. Ырас, кийинки мезгилде кирешени арбын алуу максаты күчөгөндөн улам Альпы кырка тоолорунда жана Балатон көлүндө антропоген факторлору терс таасирин тийгизип, экологиялык жактан олуттуу маселелер да келип чыккан.

Ушундай дүйнөлүк деңгээлде туризм боюнча топтолгон түрдүү тажрыйбалар Ысык-Көл курорт районунун жаратылыш-рекреация, социалдык-экономикалык жана экологиялык потенциалы али арбын экендигин толук ырастайт. Андыктан, долбоорлоо, илимий

иликтөө иштерине ылайык, келечекте көл кылаасында туризм, курорт жайлары көбөйүп, эс алуучулардын саны кыйла жогорулайт. Ушуга байланыштуу жаратылыш-рекреация ресурстарын сарамжалдуу жана комплекстүү пайдалануу, туризм тармактарын эл аралык талапка жооп бергидей калыптандыруу, экономикалык натыйжалуулугун арттырууга жетишүү, туристтерди тамак-аш, жашылча жемиш жагынан камсыз кылуу, туризмге тиешелүү көмөкчү чарба комплекстерин ойдогудай өнүктүрүү, айлана-чөйрөнү таза сактоо, экологиялык калпыстыкты кетирбөө сыяктуу маселелерди убагында чечүү талап кылынат.

Азыр ЫКРнун аймагында туризм тармактарынын 109 мекеме, ишканалары жайгашкан. Алар жылына 244,1 миң кишини кабыл алууга жарайт. Көл жээгинде калыптанган 43,2 миң орундун ичинен 3 миңи жылдын бүт мезгилинде иштейт. Туризм комплекси тармактык жана аймактык жактан да ич ара олуттуу айырмаланат. Жалпы орундун азыр 85,5% узак мөөнөттүү эс алуу мекемелерине тиешелүү келип, курорт-саякат ишине байланышкан туристтик ишканалар кыйла аздык кылат. Жаратылыш-рекреация потенциалынын өзгөчөлүгүнө жана туризм тармактарынын жайгашуусуна карата көл айланасы түндүк, чыгыш жана түштүк рекреация райончолоруна ажырайт.

Көл жээгиндеги түндүк курорт райончосунда бүтүндөй райондогу пансионаттын 82,9%, спорттук эс алуу жайларынын 77,7%, саякат базаларынын 80,0% жайгашкан. Алардын басымдуусу Чоктал балдар курортунда (25%), Бостери курортунда (17,6%), Корумду курортунда (12,1%), Кара-Ой курортунда (9,3%) жана Чолпон-Ата курортунда (9,4%) курулган. ЫКРнун санаторий-курорт мекемелеринин 8,8% чыгыш курорт райончосунун аймагына тиешелүү. Мында Ак-Суу, Койсары балдар курорттору, Жети-Өгүз, Жыргалаң, Кара-Булуң, Жуук курорттору сыяктуу көрүнүктүү туристтик мекемелер орун алган. Райончонун жайгашкан жеринин жаратылыш-климат шарты, рекреация ресурстары өтө түрдүү келгендиктен, мында курорт жайларынан сырткары, бийик тоолуу туризмди жана альпинизмди калыптандырууга толук шарттар жетиштүү. Бул аймактан туризмдин кыйла кызыктуу жана түрдүү маршруттары өтөт. Көлдүн түштүгүндөгү курорт райончосунда бардыгы 9 курорт-эс алуу жайлары бар. Бул ЫКРнун жылдык келген туристтеринин 4,6% түзөт. Рекреация мекемелеринин ичинен Тамга санаторийи айырмаланып турат.

Райондо жайгашкан туризмдин түрдүү мекемелери негизинен 30—35 жыл илгери курулган. Көпчүлүгү эски, тейлөө сервиси өтө жупуну келип, азыркы туристтердин талабына жооп бербейт. Басымдуу көпчүлүгү жайкысын эле иштеп, экономикалык жактан алганда пайдасы жок. Учурунда салынган имараттар архитектуралык абалы боюнча жергиликтүү регионалдык өзгөчөлүккө дал

келбейт. Көмөкчү чарбалары начар өнүккөн. Туризм тармактарын тамак-аш менен камсыз кылууга байланыштуу маселелер да али арбын.

Келечекте калыптануучу ЫКРнун туризм тармактарынын санаторий-курорт, эс алуу жана саякатчылар, бийик тоолуу туризм, альпинизм мекемелери жана ишканалары толугу менен түрдүү минералдуу суулардын, дары баткактардын, жаратылыш-климат шарты кооз көл жээктеринин, тоо капчыгайларынын жана чокуларынын нугунда калыптанат. Туризм индустриясында олуттуу орунду пансионаттар, санаторийлер, эс алуу үйлөрү, саякат мекемелери, балдар эс алуучу жайлары, спорттук эс алуу базалары ээлейт. Курорт мейманканасы, мотель, ботель жана кемпинг сыяктуу туризмдин жаңы мекемелери жайгаштырылат.

Ысык-Көл аймагында келечекте өз алдынча жогоруда белгиленген үч ири курорт райончолорун калыптандырууну күчөтүү каралууда. Буларга түндүк райончосу борбору Чолпон-Ата шаары, чыгыш райончосу борбору Каракол шаары, түштүк райончосу борбору Тамга айылы.

Жаратылыш-климат шартынын дурустугу жана келечектүүлүгү жагынан башкы орун түндүк курорт райончосуна таандык. Мында келечекте бир эле мезгилде 48 миң туристти кабыл алуу белгиленген. Башкы өзөгүн Чолпон-Ата курорту (36,5 миң орун), Чоктал (7,5 миң орун), Ысык-Көл саякат жана спорт зонасы (4,5 миң орун) жана Чырпыкты эс алуу зонасы (1,0 миң орун) ээлейт. Чыгыш курорт райончосу келечекте 38,8 миң орунга ылайыкталып, Кара-Булуң курорту (13,0), Каракол (6,0), Жети-Өгүз курорту (2,5) сыяктуу туризм борборлорун камтыйт. Ал эми түштүк курорт райончосунда келечекте бир эле учурда 16 миң туристти кабыл алып, орчундууларына Барскоон курорту (7,7), Ак-Терек кыска мөөнөттүү эс алуу зонасы (3,7), Кажы-Сай эс алуу зонасы (3,0) жана Ак-Чий эс алуу зонасы (1,8) кирет. Бул негизинен көл жээгиндеги жаратылыш-рекреация ресурстарынын базасында курулуучу комплекстердин жыйындысын камтыйт. Мындан тышкары бийик тоо шартындагы туризм түрлөрүн жана альпинизмди өнүктүрүүгө да кыйла резервдер бар. Ушундан улам көл айланасында туризм индустриясын калыптандыруу маселесин иликтөөдө бийиктик ландшафт алкактарынын өзгөчөлүгүн, рекреациялык мүмкүнчүлүгүн, ошондой эле жаратылыш-экологиялык, социалдык-экономикалык, административдик байланыштарын кошо эсепке алуу белгиленип жатат.

Келечекте ЫКРда туристтердин, эс алуучулардын санын кыйла көбөйтүү жана эл чарбалык натыйжалуулугун арттыруу жыл мезгилдерине тыгыз байланыштуу. Туризм комплекстеринин көпчүлүгү күн жылуу учурда эле 3—4 ай иштейт, калган мезгилде бүт бош калууда. Ошондуктан көл айланасында курулуучу курорт.

пансионат, спорт базаларын, мотель, ботель, кемпинг, саякат мекемелерин жылдын бардык мезгилинде иштегидей уюштуруу аркылуу жаратылыш-экономика потенциалын жеткиликтүү пайдаланууга, туристтердин каалаган учурда келишине, арбышына шарт түзүү каралууда.

Кооздугу жана жаратылышынын түрдүүлүгү жагынан дүйнө өлкөлөрүнө таанымал көл кылаасында туризм-курорт комплекстерин эл аралык талапка толук жооп бергидей деңгээлде калыптандыруу зарыл болууда. Бул багытта республиканын атайын бийлик органдары, жалпы эл коомчулук тиешелүү иштерди аткарууда. Туризмдин экономиканын келечектеги олуттуу тармактарынын бири экендиги такталды. Туристтик фирмалар, компаниялар уюштурулуп жатат. Келечектүү мындай тармактын негизги өзөгүн, албетте Ысык-Көл курорт району ээлейт. Мында туризм индустриясын өнүктүрүүнү учурунда чечүү үчүн төмөнкү маселелерди ишке ашыруу белгиленип жатат: эл аралык стандартка толук жооп берүүчү туризм комплекстерин өнүктүрүүгө, социалдык-өндүрүштүк инфраструктурасын жана тейлөө тармактарын уюштурууга тиешелүү өлчөмдөгү каражатты кыска мөөнөттүн ичинде табуу; жаратылыштын алтын, сурьма, сейрек кездешүүчү элементтер сыяктуу кен байлыктарын өздөштүрүүдөн, аңчылык туризминен, альпинизмден түшүүчү валютанын ушул белгилүү бөлүгүн пайдалануу; туризм тармактарынын алкагында эл аралык экономикалык байланышты күчөтүү жана ишкерлик, бизнес ыкмаларын кеңири жайылтуу аркылуу каражат табуу.

Ысык-Көл курорт районун келечекте калыптандыруу эки баскычта өткөрүлөт. Туризм индустриясын өнүктүрүүнүн алгачкы баскычында чет өлкөдөн келген туристтер кызыгуучу, кирешелүү арбын алып келүүчү, курууга каражатты аз талап кылуучу тармактардан баштоо, экологиялык калыстыкты азыртадан кетирбөө каралууда.

Келечекте ЫКРнун Чолпон-Ата жана Жети-Өгүз курортторунун аймагында туризмдин борборлору жайгаштырылат. Булардын ар бири 5 миң адамга ылайыкталып, карамагында санаторий, пансионат, саякатчылар жайы, минералдуу суу жана баткак менен дарылоочу бөлүмдөрү, көмөкчү чарбалары болот. Мындай борборлорду Ысык-Көлдүн жээгине жайгаштыруу кыйла ыңгайлуу келип, өз алдынча курулуучу чакан туристтик мекемелерге караганда каражат жалпы жонунан аз кетип, жаратылыш-рекреация байлыктарын комплекстүү пайдаланууга көмөктөшүп, киреше арбын алынат. Эң башкысы булардын административдик-чарбалык башкаруусу бир колго топтолуп, карамагында тоо шартындагы спорт түрлөрүн, саякатчылыкты, альпинизмди, мөңгүлөрдө жылгаяк тебүүнү, ошондой эле кышкысын сууга түшүүчү бассейндерди курууну уюштурууга толук шарт түзүлөт. Бул борборлордун суу,

жылуулук, энергия менен камсыз кылынуусу адатта комплекстүү жүргүзүлөт.

Адистердин түрдүү иликтөөлөрүнө ылайык мындай туризм борборлорун жаратылыш-климат шарттарын жана түрдүү рекреация ресурстарын сарамжалдуу пайдалануунун негизинде калыптандырууга жана чет өлкөлүк туристтерди тартууга көлдүн чыгыш жээги кыйла ыңгайлуу жана натыйжалуу болору аныкталган. Жети-Өгүз курорту тарапта келечекте курулуучу туризм борборунда бир эле мезгилде 5 миң киши эс алууга шарт түзүлсө, анда бул жалпысынан 1500 миң туристтик күндү түзүп, жылдык түшкөн киреше 115 миң долларга жетет. Жумшалуучу капиталдык салымдар 4—5 жылдын ичинде кайтарылат. Ушундай жалпылай эсептелген материалдар көлдүн айланасына эл аралык мааанидеги туризм борборлорун уюштуруу зарылчылыгын жана кыйла киреше алына тургандыгын, регионду валюта менен белгилүү өлчөмдө камсыз кылууга шарт түзүлө тургандыгын толук ырастайт. Бул белгиленген туризм борборлорун ийгиликтүү калыптандыруу жана өнүктүрүү экономикалык натыйжадан тышкары, эл аралык маданий, иштиктүү, илимий-техникалык байланыштын күчөшүнө олуттуу көмөк көрсөтөт. Ал эми Ысык-Көлдүн жээгине мындай туристтик борборлордун далайын курууга жаратылыш-рекреация потенциалы, экологиялык абалы толук туруштук берет.

Деңиз же көл жээктеринде туристтик ири борборлорду куруу жана өнүктүрүү экономикалык жактан кыйла үзүрлүү экендигин эл аралык маанидеги далай тажрыйбалар толук ырастайт. Мисалы, дүйнөлүк туризм индустриясы жыл ичинде тейлөөчү 1,5 млрд. рекреанттын (булардын ичинен 300 млн. киши чет өлкөлүк туристтер) 50% көбү деңиз жана көл жээгиндеги аймактарга туура келет. Мындай көрсөткүч айрым өлкөлөрдө кыйла жогору. Алсак, Бельгияда 80%, Англияда 75% түзөт. Адистердин атайын даярдаган маалыматтарына ылайык дүйнөдөгү деңиз, көлдөрдүн рекреация ресурстарын толук өздөштүрүүдөн алынуучу жылдык экономикалык үнөмдүн өлчөмү 120 млрд. долларга жетет. Дүйнө боюнча эл аралык туризмден жылына түшүүчү 50 млрд. доллардын көпчүлүгү азыр деңиз жана көл жээгиндеги аймактарга тиешелүү. Келечекте бул көрсөткүч бир нече эсеге арбыйт.

Келечекте көл жээгине туризмдин кубаттуу комплекстерин калыптандыруу бир катар экономикалык, экологиялык, өндүрүштүк, социалдык жана илимий сыяктуу комплекстүү маселелердин учурунда чечилишин ылдамдатат. Эң алды менен туризм-курорт жайларынын материалдык-техникалык базасын эл аралык талапка жооп бергидей курууга, туризмди тейлөө кызмат түрлөрүн кыйла арбытууга, мында иштегендердин деңгээлин жана айлык акысын жогорулатууга көмөктөшөт. Ири комплекстерди уюштуруу, ошондой эле көл жээгиндеги туризм мекемелериндеги эс алуунун жыл

ичиндеги иштөө мөөнөтүн узартуу, курорт жайларын көл айланасында бир кылка жайгаштыруу, рекреация ресурстарына чарбачылыктын тийгизген терс таасирин басандатуу, туризм тармактарынын социалдык-экономикалык натыйжалуулугун арттыруу маселелерин туура чечүүгө дагы олуттуу таасирин тийгизет.

Ысык-Көл аймагынын бир катар жерлерине, айрыкча жаратылышы кооз, рекреация ресурстарына бай капчыгайларда, төрлөрдө туризмдин чакан комплекстерин, мекемелерин куруу белгиленип жатат. Буларга негизинен чакан мейманкана, кемпинг, мотель, ботель жана боз үйдү кошууга болот. Чет өлкөдөн келген меймандардын басымдуусу боз үйгө жана анын жасалгаларына өтө кызыгып, убактылуу жашап күтүүгө дагы ынтызарлар арбын. Ошондуктан көл кылаасында каражатты аз жумшап, арбын пайда алууга ыңгайлуу тоолуу шарттагы туризм тармактарын (жылгаяк тебүү, ат минүү, жөө кыдыруу ж. б.), аңчылык спортун жана альпинизмди өнүктүрүүдө эң жакшы жасалган боз үйлөрдү кеңири пайдалануу зарыл болууда. Жер шартына, рекреация байлыктарынын өзгөчөлүгүнө карата туризмдин мындай комплекстерин калыптандырууну Италия, Түркия, Франция, Япония, Испания сыяктуу өнүккөн өлкөлөрдүн тажрыйбасы көрсөткөндөй көбүнчөсү чакан бизнесте иштегендер үзүрлүү жүргүзүүдө. Ушундан улам ЫКРнун туризм индустриясын өнүктүрүүнүн концепциясын даярдоодо мамлекеттик деңгээлде курулуучу ири комплекстер менен бирге, акционердик коомдор, майда ишканалар, кооперативдер тейлей турган туристтик чакан мекемелерди уюштурууну дагы кеңири кароо зарыл.

Ысык-Көл курорт районунда азыркы эл аралык талапка жооп бергидей, телегейи тегиз туризм индустриясын калыптандырууга ири өлчөмдөгү каражат талап кылынат. Мындай арбын акчаны азыркы экономикалык жактан тартыш болуп жаткан учурда республиканын өкмөтү жакында болуп берүүгө жарамсыз. Көл кылаасына туризмдин эң мыкты комплекстерин куруу жана дүйнөнүн көп бөлүгүнөн эс алуучулардын, саякатчылардын арбын келиши үчүн эң алды менен Кыргызстанга кызыккан, экономикасы дурус өнүккөн Япония, Түркия, АКШ, Германия, Италия, Франция, Англия сыяктуу өлкөлөр менен биргелешкен туристтик мекемелерди уюштуруу, чет элдик ыңгайлуу каражаттарды алууну изилдөө иштери аткарылып жатат. Ушундай ыкманы келечекте кеңейтүүнү туризмдин олуттуу тармактарын калыптандыруудан башка дагы бир катар маселелерди убагында, туура чечүүгө көмөктөшөт. Буларга төмөндөгүлөрдү кошууга болот: рекреация ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу жана айлана-чөйрөнү таза сактоо; туристтерди жана жергиликтүү калкты тамак-аш, жашылча-жемиш менен камсыз кылууга жарактуу агроөнөр жай комплекстерин уюштуруу; курорт аймагында экологиялык жактан зыяны жок ишканаларды жайгаштыруу жагын тактоо; калкты иш менен кам-

сыз кылуу, эмгек ресурстарын натыйжалуу пайдаланууга туризмге байланыштуу иштерди жайылтууга рекламанын мүмкүнчүлүгүн кеңири билгичтикте керектөө ж. б.

## 4. 3. Чүй рекреация районун калыптандыруу өзгөчөлүгү

Убакыт илгерилген сайын Кыргызстандын көпчүлүк региондорунда туризм комплексинин алкагындагы ар кыл мекемелердин саны арбып, эс алууга, курортторду, пансионаттарды жайгаштырууга жарактуу кооз, жаратылыш-климат шарты ыңгайлуу жерлер улам кеңири керектелип жатат. Ушундай туризмдин түрдүү тармактарын өнүктүрүүгө ыңгайлуу шарттары жетиштүү райондордун катарына Чүй өрөөнү дагы кирет.

Чүй рекреация районунда ушул тапта жыл сайын 100 миң адам эс алат. Туризм мекемелеринин саны 50дөн ашуун келип, мындагы орундун саны 10,5 миң турист жайгашууга ылайыкталган. Ырас, кийинки мезгилдеги республиканын базар мамилелеринин шартындагы экономикалык убактылуу кыйынчылыкка байланыштуу бул аймактагы туристтердин саны кыйла кыскарып кеткен. Өрөөндүн жаратылыш-рекреация потенциалы бир эле учурда 400 миңден ашуун туристтерди кабыл алууга шарты бар.

Чүй рекреация районунун жаратылыш-климат шарты түрдүүчө келип, туристтерди өзүнө тартуучу ажайып кооз жерлери арбын. Тоо арасындагы жана өрөөн ичиндеги бир катар көлдөр, шаркыратмалар, сапаттуу минералдык булактар, дары баткактар, ошондой эле экономикалык-географиялык абалынын ыңгайлуу жагдайы туристтердин келишине кыйла өбөлгө түзөт. Эң алды менен мында туризмдин кышкы, жайкы спорттук-эс алуучу, санаторий-курорттук мекемелерин жайгаштыруу кыйла натыйжалуу болот.

XXI кылымдын башы ченде Чүй рекреация районундагы туризм комплексинин жалпы санын 50 миң орунга, анын ичинен жылдын бүт мезгилинде иштей турганын 25 миң орунга жеткирүү каралууда. Келечекте калыптануучу туризм комплексинин негизги өзөгүн шаарлардагы эл аралык талапка жооп берүүчү мейманканалар, курорт-санаторийлер, жылгаяк тебүү базалары, минералдуу булактардын жана дары баткактардын негизинде дарылоочу жайлар ээлейт. Мындан тышкары шаарлардын ичинде, биринчи кезекте Бишкекте, алардын айланасында сууга түшүүгө ылайыктуу көлмөлөрдү куруу, сейил бактарды арбын уюштуруу каралууда.

Чүй рекреация району туризм тармактарынын азыркы, ошондой эле алардын келечекте өнүгүшү боюнча ич ара борбордук жана чыгыш болуп эки районччого ажырайт. Булар жаратылыш шарты, жеринин бетинин түзүлүшү, табигый-рекреация байлыкта-

рынын түрү, көлөмү, туризм мекемелеринин жайгашуусу, ошондой эле келечекте өнүгүшү жагынан дагы бир экинчисинен кыйла айырмаланат.

Борбордук рекреация райончосунун жаратылыш-климат шарты туризмдин бир катар тармактарын өнүктүрүүгө кыйла ыңгайлуу. Аймагында түрдүү көлдөр, шаркыратмалар, минералдуу, жылуу булактар, дары баткактар дагы бар. Туризм мекемелери райончонун аймагында бир кылка жайгаштырылган эмес. Ушундан улам рекреация ресурстарын өздөштүрүүнүн деңгээли дагы түрдүүчө келип, тоо этегиндеги жерлери бир топ дурус өздөштүрүлгөн.

Бул райончонун чегиндеги Кыргыз Ала-Тоосунун түндүк капталынын капчыгайларынын жаратылыш шарты кыйла кооз келип, түрдүү рекреация ресурстарына бай. Капчыгайлардын айрымдарында учурунда туризмдин чакан мекемелери жайгаштырылган. Булар эс алуучулардын, жылгаяк тебүүчүлөрдүн белгилүү эле үлүшүн тейлөөгө жарамдуу. Ушундай оош-кыйыштык, шарттын жоктугу жылы бою, айрыкча кышкысын шаарлыктарга, чет элден келген туристтерге даана сезилет.

Кыргыз Ала-Тоосунун этегинен орун алган кышкысын эс алууга, жылгаяк тебүүгө ылайыкталган Чоң-Таш зонасы Бишкек шаарында жашагандардын эле муктаждыгын толук камсыз кылууга жарамсыз. Түрдүү жасалгалары, тейлөө иштери азыркы шарттын талабына толук жооп бербейт. Бул жерге кар анчалык калың түшпөйт жана ал 2—3 айга чейин жатат. Жеринин бети түзөңчө келип, тоо шартындагы жылгаяк тебүү спортунун бир катар түрлөрүн юштурууга кедерги болууда. Ушул эле учурда тоо шартындагы туризмдин ар кыл түрлөрүнө кызыккандар, чет өлкөлөрдөн келгендер кыйла көбөйүп жатат. Кезегинде Бишкек шаарындагы айрым ишкана, мекемелердин жетекчилеринин демилгесинде Ала-Арча, Аламүдүн, Норус, Оруу-Сай сыяктуу капчыгайларда жылгаяк тебүү жайлары уюштурулган. Каражаттын тартыштыгынан мындай курулган туристтик жайлардагы жасалгалар кыйла жупуну келип, эс алуучулардын көпчүлүгүн тейлөөгө кубаттуулуктары жетишпейт. Чет өлкөлөрдөн келүүчү туристтерди ойдогудай тосуп, күтүп алууга жеткиликтүү шарттар жок.

Кыргыз Ала-Тоосунан орун алган капчыгайлардын жаратылыш климат шарттары, ландшафттык өзгөчөлүктөрү, туризмдин түрлөрүн өнүктүрүүгө ыңгайлуулугу жагынан Алма-Атанын айтылуу Медеосу, Тбилисинин Бакурианиси, Ташкенттин Чимганы жайгашкан жерлерден олуттуу айырмаланып турат. Анын үстүнө туризмдин кышкы жана жайкы түрлөрүн уюштурууга Кыргыз Ала-Тоосунун табигый абалы толук жооп берет. Бөтөнчө Ала-Арча жана Чуңкурчак капчыгайларында туризмдин айрым тармактарын дүйнөлүк деңгээлде салууга жеринин жагдайы, кокту-колотторү толук жооп берет. Анын үстүнө бул капчыгайлар Бишкек, Токмок,

Кара-Балта шаарларынан анчалык алыс эмес жайгашып, жолу да жакшы салынган.

Кыргыз Ала-Тоосундагы Ала-Арча капчыгайы Бишкек шаарынан 30 км алыстыкта жайгашкан. Мындан жыйырма жылдан ашуун мурда Ала-Арча капчыгайы жаратылыш паркына айландырылган. Ошондон бери далай бак-дарактар тигилип, түрдүү жаныбарлардын саны көбөйүп жатат. Ушундай табигый байлыгын арттыруу, жакшыртуу багытындагы саамалык келечекте дагы улантылат. Ал эми дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй, мындай жаратылыш комплекси кооз жерлерде туризмдин эс алуу түрлөрүн уюштуруу кыйла пайдалуу, натыйжалуу экендиги эчак эле аныкталган.

Келечекте Ала-Арча капчыгайынын ичинин жаратылыш комплексинин өзгөчөлүгүн эске алуу менен туризм чарбачылыгына чегерүү каралууда. Курулуучу түрдүү объектилердин эң негизги өзөгүн асма жолдор ээлейт. Бул капчыгайдын деңиз деңгээлинен 1700 м бийиктигинен башталып 4000 м бийиктикке чейинки 30 км аралыкты камтыйт. Капчыгай ичин жайкысын ат, төө менен ошондой эле жөө кыдырууга, ал эми кышкысын жылгаяк, чана тебүүгө пайдалануу белгиленип жатат. Мындан тышкары капчыгайдын төр жагында Ала-Арча альплагери жайгаштырылган. Ал азыр күнүнө 180 альпинистти кабыл алууга жарайт. Келечекте бул спорт комплексин дүйнөлүк талапка ылайык келгидей деңгээлде Аламүдүн суусунун баш жагына куруу каралууда. Анткени ушул аймакта Кыргыз Ала-Тоосунун эң бийик Аламүдүн чокусу (4895 м) жайгашкан.

Ала-Арча жана Аламүдүн капчыгайларынын ортосунан Чуңкурчак өрөөнчөсү орун алган. Жаратылыш шарты кооз келип, 100 чарчы км жакын жерди ээлейт. Негизги бөлүгү 1300—1600 м бийиктикте жайгашып, туризмдин айрым түрлөрүн өнүктүрүүгө табигый шарты кыйла ыңгайлуу. Төр жагында төрт мөңгү жайгашкан. Жалпы аянты 13,0 чарчы км жакын. Бул аймактагы Көгүчкөн-Сугат шаркыратмасына Бишкек, Токмок шаарларынан эс алуучулар үзбөй каттап турушат. Чуңкурчактын ичи азырынча түрдүү курулуштан бош келип, туризмдин бир катар түрлөрүн калыптандырууга табигый шарты өтө ыңгайлуу. Ушундан улам өрөөнчөдө келечекте бир учурда 5 миң туристти кабыл алууга жарагыдай мейманкана комплексин, жылгаяк тебүүчү жайларды куруу каралган.

Келечекте Чүй өрөөнүнүн өнөр жайлуу борборлорунда курорт-рекреация комплексинин ичинен жаратылыш байлыктарын кеңири чегерүү аркылуу дарылоо, эс алуу маселеси олуттуу орундардын бирин ээлейт. Булардын ичинен минералдуу булактарды жана дары баткактарын пайдалануу аркылуу атайын ден соолукту чыңоочу жайларды куруу олуттуу мааниге ээ болууда. Ушундай жара-

тылыштын адам баласына өтө керектүү байлыктарынын бирине Бишкек шаарынын астынан табылган эки минералдуу сууну кошууга болот.

Бишкектин минералдуу сууларынын бири учурунда бир нече жыл бою шаардын оорунканаларында пайдаланылып келген. Суунун суткалык дебити 466 м³ келип, температурасы 39,0—39,8°С. Өзүнүн химиялык составы жагынан дүйнөдөгү мыкты курорттордо керектелүүчү минералдуу сууларга кыйла окшошуп кетет. Көбүнчөсү тамак сиңирүүчү органдарды, сөөк жана нерв ооруларын, ошондой эле жатындын сезгенүүсүн айыктырууга пайдалануу кыйла натыйжалуу келет. Ушундан улам келечекте Бишкек шаарында минералдуу суу жана дары баткак менен дарылай турган атайын 600 орундуу поликлиника куруу каралууда.

Чүйдүн чыгыш рекреация райончосунун башкы өзөгүн келечекте Чоң-Кемин жаратылыш-рекреация сейил багы түзөт да, өз алдынча үч тилкени камтыйт. Бул жерлерде бир эле учурда 50 миңге жакын туристтердин келишине ыңгайлуу шарт түзүү каралууда. Рекреация тилкелеринен эң олуттуусу жаратылыш-рекреация сейил багы болуп саналат. Туризм мекемелеринин басымдуусу кыска мөөнөттүү эс алууга ыңгайлаштырылып курулмакчы. Мындан тышкары Чоң-Кемин суусунун сол жээгине жайкысын эс алууга адистештирилген туристтердин 1300 орундуу (анын ичинен 350 оруну жылы бою иштей турган) шаарчасын жайгаштыруу каралып жатат.

Бурулдай суу сактагычынын аймагында 17 миң туристти кабыл алууга эсептелген эс алуу тилкесин куруу белгиленген. Туризм мекемелеринин басымдуу көпчүлүгү эс алууга ылайыкталып, суу сактагычтын жээгине кум төгүлүп, атайын жайлар даярдалып, балык кармоочу жерлер уюштурулат. Суу сактагычтын төмөн жагындагы Ысык-Көл курорт районуна жана Шабдан кыштагына кетүүчү жолдун кесилишине 1600 орундуу мотель куруу ылайыктуу экендиги такталган.

Кыргыз Ала-Тоосунун түндүк капталындагы Ысык-Ата капчыгайында келечекте курорт эс алуу тилкеси калыптанат. Бул жерде азыр минералдуу суунун негизинде Ысык-Ата курорту иштейт. Деңиз деңгээлинен 1775 м бийиктикте жайгашкан. Жергиликтүү калк аны эзелтен бери эле «Арашан» деп атап келишкен. Суунун дарылык касиети элге илгертен белгилүү. Азыр суунун температурасы 48—55°С келип, суткалык дебити 2200 куб метрге жетет. Келечекте курортто бир эле мезгилде 1000 киши дарыланып, эс алууга ыңгайлуу жагдай түзүлүп, тиешелүү имараттар курулат.

Чүйдүн чыгыш рекреация райончосундагы эс алуу тилкелеринин ичинен келечекте эң ирилерине Шамшы капчыгайы кирет. Капчыгайы кууш жана тик капталдуу келип, узундугу 40 км аралыкка чейин созулуп жатат. Баш жагын 31,0 чарчы км жерди ээлеген 25

мөңгү каптап жатат. Келечекте калыптануучу эс алуу тилкеси негизинен Чүй-Токмок шаарынын, Ысык-Ата, Чүй административдик райондорунун калкын, ошондой эле чет өлкөлөрдөн келген туристтерди тейлейт. Мында бир эле учурда 2000 туристти кабыл алууга жарагыдай эс алуу үйлөрүн, пансионат, жайкы эс алуучу шаарчаларын куруу белгиленип жатат.

Чүй боорунда калыптануучу борбордук жана чыгыш рекреация райончолорунун иштеши шаарлар менен айылдардын социалдык-экономикалык абалына дагы түздөн-түз олуттуу оң таасирин тийгизет. Анткени, туризмди өнүктүрүүгө багытталган курулуштун белгилүү өлчөмүн коомдук тамактануу жайлары, маданий-тиричилик жана соода-сатык мекемелери ээлейт. Мындай азыркы эл аралык талапка толук жооп бергидей түрдүү көмөкчү тармактардын пайда болушу областтын калкын тейлөөнү кыйла жакшыртып, кошумча керектелүүчү финансылык, материалдык жана эмгек ресурстарын үнөмдөөгө түрткү берет.

Райондун туристтик-рекреация комплексин калыптандыруу эки баскычта жүргүзүлөт. Биринчи баскычында өрөөндүн элин, ошондой эле чет өлкөдөн келүүчү туристтерди тосуп алууга зарыл керектүү курулуштарды жайгаштыруу каралган. Мында эң алды менен Чоң-Таштагы, Спартак жана Төмөнкү Ала-Арча суу сактагычтарындагы, 5-ГЭСтеги, Ысык-Атадагы, Аламүдүндөгү эс алуу жайларын кеңейтүү жана жакшыртуу, ошондой эле Чуңкурчак, Ала-Арча, Воронцовка, Бурулдай, Кегети, Шамшы, Ак-Суу сыяктуу рекреация ресурстарына бай жерлерди эл аралык туризм талабына толук ылайык келгидей өздөштүрүү белгиленген. Бул баскычтын ичинде район боюнча рекреация комплексинин өзөгү калыптанып, жалпы тейленүүчү орундун саны 24 миңден ашып, анын ичинен 15 миңдей орунду жайдыр-кыштыр иштөөгө, туристтерди кабыл алууга адистештирилет.

Райондун туристтик-рекреация комплексин калыптандыруунун экинчи баскычында жогорудагы биринчи баскычта толук өздөштүрүлбөгөн эс алуу тилкелерин аягына чейин бүткөрүү каралган. Бул мезгилдин ичинде төмөндөгүдөй бир катар олуттуу туристтик жайларды жайгаштыруу иликтенген. Негизгилерин, Орто-Сай айылы ченден Кыргыз Ала-Тоосунун төрүнө чейин асма жол куруу, Чоң-Арык айылынын түндүк бөлүгүндө телемунара, 2000 орундуу туристтик мейманкана, 1000 орундуу мотель бүткөрүү, Чуңкурчак жана Аламүдүн эс алуу тилкелеринде асма жолдорду тартуу ээлейт. Ошентип Чүй рекреация районунда келечекте жалпы көлөмү 54,0 миң орунга (анын ичинен 26,0 миңи жайдыр-кыштыр иштөөчү) ылайыкталган, дүйнөлүк стандартка төп келүүчү туризм борбору пайда болот.

## 4. 4. Түштүк Кыргызстан рекреация районунун келечеги

Кыргызстандын түштүгүнүн жаратылыш-климаттык шартынын түрдүүлүгү эң алды менен рельефи тоолуу келип, бийиктик алкактуулук даана байкалат. Ушундан улам аймагынын 90% ашуун бөлүгүн бөксө, орто жана бийик тоолуу алкак ээлеп жатат. Эң бийик жери Чоң Алай кырка тоосундагы Ленин атындагы чоку (7134 м). Кыргызстандын башка рекреация райондорундай эле мында да туризм мекемелеринин көпчүлүгү деңиз деңгээлинен 1000—2000 м бийиктиктеги тилкеде жайгашкан. [Келечекте республиканын бул аймагында альплагерлерден, саякатчылардын чакан түнөк, тыныгуу жайларынан тартып учур талабына, эл аралык деңгээлге жооп бергидей ири курортторду, туризм комплекстерине чейин калыптандырууга жаратылыш-рекреация байлыктары толук жооп берет.]

Райондун аймагынын климаты континенталдуу. Климаттын шартына географиялык абалы, жеринин бети жана сырттан ооп келүүчү аба массалары олуттуу таасир тийгизет. Жайкысын ысык, кургакчыл, жазы жана күзү нымдуу келип, кышы салкын. Климаты бийиктик алкактар боюнча кескин айырмаланып, туризмди калыптандырууга олуттуу таасирин тийгизет.

Түштүк Кыргызстандын аймагындагы тоолор мөңгүлөргө бай. Алардын басымдуу көпчүлүгү Чоң Алай кырка тоосундагы Корженевский, Ленин атындагы, Корумду, Кызыл-Агын мөңгүлөрү (жалпы аянты 650,2 чарчы км), Түркстан тоо кыркасындагы Ак-Суу, Райгород, Зардалы, Кишемиш, Шуровский мөңгүлөрү (151 чарчы км), Кичи-Алай кырка тоосундагы Ак-Тоо, Гезарт, Карагай, Егорова мөңгүлөрү (122,8 чарчы км). Фергана тоо кыркасында мөңгүлөрдүн көлөмү чектелүү. Бийик тоолуу аймактарында көчкүлөр жүрүп турат. Булар туризм тармактары жайгашкан жерлерде өтө коркунучтуу. Жаратылыштын ушундай зыяндуу таасири Фергана тоо кыркаларынын этегинде даана байкалат.

Түштүк Кыргызстан рекреация аймагында республиканын калган рекреация райондоруна салыштырмалуу мөңгүлөрдүн арбындыгынан, жаан-чачын көп жаагандыктан улам дарыялардын саны арбын. Эң ирилерине Нарын, Кара-Дарыя, Кызыл-Суу, Ак-Буура, Көк-Суу, Касан-Сай, Чаткал, Исфайрам-Сай, Сох сыяктуу суулар кирет. Булардын орточо жылдык агымы 29,9 млрд. куб м же республикада агын суунун 65,0% түзөт. Суулары мөңгү, кар, жаан жана булактардан куралат. Жаратылыштын мындай байлыгын чарбачылыкка сарамжалдуу пайдалануу максатында Нарын, Көгарт, Араван-Сай, Исфара, Кара-Үңкүр, Пачат, Куршаб, Кичи-Алай сыяктуу дарыяларга суу сактагычтар курулган. Агын суулар жана гидроэнергетика ресурстарынын райондун жалпы эле эконо-

микасын, ошондой эле туризм тармактарын өнүктүрүүдөгү мааниси өтө олуттуу.

Рекреация району жер астындагы сууларга, минералдуу, жылуу булактарга жана көлдөргө бай. Республикадагы табылган минералдуу суулардын теңинен көбү ушул аймакта жайгашкан. Араван, Ноокат, Өзгөн-Куршаб сыяктуу өрөөндөр жер астындагы сууларынын запасы жагынан кыйла айырмаланат. Булар сугатчылыкка азыр кеңири чегерилген. Кара-Шоро, Жалал-Абад, Таш-Көмүр, Кызыл-Карагач, Кочкор-Ата, Майлы-Суу, Чоңгара, Ош сыяктуу көптөгөн минералдуу суулар жана жер астынан табылган булактардын, Сары-Челек, Кулун, Кара-Суу, Көк-Ала көлдөрүнүн туризм чарбачылыгын уюштурууда мааниси зор.

Райондогу орточо бийиктик алкактын (1200—2200 м) чегиндеги Фергана, Чаткал тоолорунун нымдуу түштүк-батышындагы жаңгак токойлорунда жер астындагы суулар кеңири таралып, кара күрөң топурак үстөмдүк кылат. Өсүмдүктөргө бай. Көбүнчөсү жаңгак токойлору, айрым жерлеринде алма, алча, клён, бадал черлери басымдуулук кылат. Арасында шилби, ит мурун, аса-муса, миндаль, инжир, тал, кайың кездешет. Токой байлыктарын сарамжалдуу пайдалануунун экономикалык, ошондой эле рекреациялык жактан чоң мааниси бар.

Карагайлуу токойлор 1600—3000 м бийиктиктеги Алай тоо кыркасынын чыгышында, Чаткал тоосунда, Тар дарыясынын алабында арбын учурайт. Арча токойлору Алай жана Түркстан тоолорундагы 3200 м бийиктикке чейин таралган. Токойлуу алкакты субальпы шалбаасы (2500—3500 м) жана өсүмдүктөрү алмаштырат.

Жаратылыш шартынын бийиктик алкак боюнча өзгөрүлүшү рекреация тилкелеринин жаныбарлар дүйнөсүнө дагы олуттуу таасирин тийгизет. Жартылай чөлдүү жерлерде — күзөн, чычкан, кош аяк, торгой, чакчыгай, кара боор, кескелдирик, жылан; талаада — түлкү, коён, сокур чычкан, кекилик, үкү, кыргоол, кара курт, музоо баш; токойлордун арасында — карышкыр, түлкү, аюу, кундуз, кашкулак, суусар, сүлөөсүн, каман; канаттуулардын, курт-кумурсканын түрү эң эле арбын, бийик тоолордо — тоо эчки, илбирс, эчки, теке, аркар, суур, канаттууларынан — бүркүт, кузгун, жору кездешет. Ырас, жаныбарлар бийиктик алкактардын биринен экинчисине оошуп кеткендиги байкалат. Жаратылыштын мындай байлыгын туризмдин аңчылык түрүн өнүктүрүүгө жана тери даярдоого адистештирүүнүн чарбалык мааниси өтө олуттуу.

Түштүк Кыргызстан жаратылыш-рекреация ресурстарынын түрү жана потенциалдык мүмкүнчүлүгү, сапаты жагынан республиканын башка райондорундай эле орточо бийиктик алкактагы (1000—2000 м) жерлери кыйла айырмаланып турат. Ушундан улам мындагы жаратылыш-рекреация байлыгын жеткиликтүү өздөштүрүү аркылуу келечекте өз алдынча Чаткал жана Ноокат-

Өзгөн рекреация райончолорун калыптандыруу аныкталган. Райончолордун ар биринин өз алдынча бөтөнчөлүгү, рекреация байлыгынын чеиеми, өздөштүрүлүшү, келечеги бар. Бул райончолор толугу менен калыптангандан кийин бир эле мезгилде 64,1 миң туристти кабыл алууга жарайт. Жалпы тармактарынын ичинен эң башкы орундарды туристтик мекемелер, спорттук-эс алуу жайлары, пансионаттар жана санаторийлер ээлейт. Мисалы, келечекте мындагы рекреация комплекстериндеги бүт орундун 63% туристтик мекемелерге тийиштүү болот.

Республиканын түштүгүндөгү туризм тармактарында мындан ары карай олуттуу өзгөрүүлөр болот. Келечекте эс алуу үйлөрүнүн үлүшү азыркыдан кыйла төмөндөйт да, тескерисинче, туризм, спорт — ден соолукту чыңдоо, санаторий, пансионат мекемелеринин ээлеген орду бир топ жогорулайт. Мындай оош-кыйыштык негизинен жергиликтүү жаратылыш-рекреация байлыктарын кеңири өздөштүрүүдөн улам келип чыгат. Жалпысынан мындагы туризм комплексинин көлөмү 2010-жылдары азыркы учурга салыштырганда 4,5 эсеге көбөйөт. Ушундан улам региондогу бир катар социалдык-экономикалык, биринчи кезекте, жаратылыш-рекреациянын уникалдуу, кайталангыс кооз жерлеринин потенциалын туризм ишине чегерүүнү билгичтикте талдоо, айлана-чөйрөнү булгануудан алдын ала арылтуу маселесин так чечүү зарыл болууда. Анткени, жыл өткөн сайын республиканын түштүгүндөгү экологиялык түрдүү калпыстыктар арбып жатат. Көпчүлүк жерлерде сел жүрүп, адырларда жер көчкү болуп, табигый токой тилкелеринин аянты кыскарууда. Жергиликтүү элдин эс алуусун, чет өлкөлөрдөн келүүчү туристтерди сапаттуу азык-түлүк, жер жемиш, өнөр жай товарлары, улуттук түрдүү жасалгалары, сувенирлери менен камсыз кылуу дагы өтө олуттуу маселелердин катарына кирет.

Түштүк Кыргызстан рекреация районунун жаратылыш-потенциалынын түрдүүлүгүнө, географиялык абалынын өзгөчөлүгүнө, бир кылка жайгашпагандыгына ылайык келечекте аймакты туризм жагынан өнүктүрүү дагы кыйла айырмаланат. Көп жылдык атайын иликтөөлөрдөн кийин республиканын бул рекреация районунда жыйырмадан ашуун өз алдынча туризм тилкелерин калыптандырууга толук мүмкүнчүлүк бар экендиги аныкталган. Буларга Кара-Үңкүр, Чаткал, Абшир-Сай, Жазы, Кара-Суу, Афлатун, Арсланбап, Өзгөн, Кара-Кулжа, Сары-Челек, Ак-Буура, Чил-Устун, Кыргыз-Ата, Кассан-Сай, Шахимардан, Исфайрам-Сай, Сох, Тар, Рават, Кызыл-Үңкүр, Көк-Арт, Падыша-Ата сыяктуу жерлер кирет. Алар табигый-рекреация мүмкүнчүлүгү, келечекте ээлеген орду жагынан бири экинчисинен олуттуу айырмаланат. Мындан тышкары райондун аймагына ар кыл маанидеги тарыхый-архитектуралык түрдүү эстеликтер жайгашкан. Ушундай табигый шарты ыңгайлуу, рекреация ресурстарына бай жерлердин көп болгонду-

гуна карабастан райондун аймагында учур талабына толук жооп бергидей, эл аралык мааниге ээ болуп калган бир дагы туристтик борбор, тилекке каршы алиге чейин калыптана элек.

Келечекте Түштүк Кыргызстан рекреация районундагы Кара-Үңкүр туризм комплексин эң ири эс алуучу жайлардын бирине айландыруу каралууда. Ал Фергана тоо тизмегинин түштүк-батышында жайгашып, өрөөн ичинин табигый шарты ушунчалык кооз келип туризм тармактарын өнүктүрүүгө өтө ыңгайлуу келет. Мында узак мөөнөткө ылайыкталган эс алуу үйлөрүн, пансионаттарды, жайкы эс алуучу шаарчаларды, туризмдин дагы ар кыл тармактарын жайгаштыруу белгиленген. Кара-Үңкүрдүн жаратылыш-климат шарты бийиктик алкак боюнча олуттуу айырмаланып, туризмдин түрдүү тармактарын калыптандырууга чоң өбөлгө түзөт. Туризм комплексинин өзөгүн азыркы эл аралык талапка жооп бергидей 300 орундуу мейманкана, байланыш түйүнү, эрте-ли-кеч эс алуучу жайлар (бассейн, сауна, спорт зал ж. б.), тамак-аш даярдоочу жерлери, суу энергия берүүчү объектилери, жылгаяк тебилүүчү жана асма жолдор, административдик-чарба иштерин жүргүзүүчү жайлар ээлейт. Мындан тышкары капчыгайдын Жалал-Абад шаарына жакын жайгашуусу, автомобиль жолунун дурустугу, жогорку кубаттуулуктагы электр линиясынын жакындыгы, ошондой эле эл аралык деңгээлде туризм мекемелерин жайгаштырууга кызыккан кардарлардын, мекемелердин бар экендиги да олуттуу мааниге ээ болууда. Ушундай ыңгайлуу жагдайлардын арбындыгы келечекте мында тоолуу шарттагы спорттук туризмдин олуттуу борборун калыптандырууну кыйла тездетмекчи. Анын үстүнө эчактан калыптанып калган Арсланбап туризм комплексинин коңшулаш жайгашуусу дагы өзүнүн жигердүү оң таасирин тийгизет.

Кара-Үңкүр туризм борбору жайдыр-кыштыр иштөөгө адистештирилет. Кышкысын мында жылгаяк тебүүгө, жайкысын болсо жөө, ат менен кыдыруу, тоо туризминин айрым түрлөрүн, альпинизмди өнүктүрүүгө ыңгайлаштырылат.

Нарын дарыясынын төмөнкү агымына курулган беш суу сактагычтын (Токтогул, Шамалды-Сай, Таш-Көмүр, Күрпсай жана Үч-Коргон), ошондой эле курулуп жаткан Камбар-Ата суу сактагычынын негизинде эс алуу жайларын калыптандыруу каралган. Туризмдин мындай келечектүү тилкесиндеги мекемелер узак мөөнөттүү, ошондой эле кыска мөөнөттүү тармактарга ажырайт. Туристтерди кабыл алуунун өлчөмү 2,1 миң орунга ылайыкталып, негизинен Жалал-Абад областындагы калкты, ошондой эле коңшулаш Өзбекстандан, Тажикстандан, чет өлкөлөрдөн келгендерди тейлөөгө адистештирилет.

Түштүк Кыргызстан рекреация районун калыптандырууда олуттуу орундун бирин Жазы дарыясынын алабы ээлейт. Бул Фергана

тоосунун түштүк-батыш капталында жайгашкан. Алабынын жалпы аянты 2,6 миң чарчы км. Жазы капчыгайынын ичинин жаратылыш шарты кыйла кооз келип, рекреациянын түрдүү байлыктарына бай келет. Бул аймакта Орто Азия боюнча таш көмүрдүн эң ири кени табылган. Ал эми деңиз деңгээлинен 2200—2400 м бийиктикте Кара-Шоро минералдуу суусу жайгашкан. Адистердин пикири боюнча бул суу ашказан, ичеги, нерв ооруларын айыктырууга жардам берет. Ушундан улам келечектеги Жазы туризм комплексинин негизин 1000 орунга эсептелген Кара-Шоро санаторийи ээлейт. Негизинен чоң кишилердин жана балдардын тамак сиңирүүчү органдарын айыктырууга адистештирилет. Мындан тышкары бул аймакта асма жолдорду, туризмдин түрдүү тармактарын жайгаштырууга потенциалдык мүмкүнчүлүктөр бар. Санаторий менен минералдуу суу чыгаруучу заводду курууга 21,4 млн. сом капиталдык салым жумшалып, анын кайтарымы 4—5 жылга созулат.

Кыргызстандагы жаратылыш байлыктарына бай, эң кооз жерлердин бири Сары-Челек көлүнүн айланасы болуп саналат. Ал Чаткал кырка тоосу менен Ат-Ойнок кырка тоосунун кошулган жеринде жайгашкан. Жалпы аянты 130 чарчы км. Мында табигый жаңгак-мөмө-жемиш токою (жаңгак, алма, алмурут, алча, карагай, кайың ж. б.) кеңири таралган. Түрдүү жапайы жаныбарларга да бай келет. Ушундан улам бул аймактагы Сары-Челек жаратылыш паркына удаалай туризм комплексин калыптандыруу каралган. Келечекте туристтик база, кемпинг, пансионат, чакан меймканалар курулуп, парктын ичиндеги түрдүү жаныбарларды сүрөткө тартып алууга уруксат берилүүчү атайын жерлер даярдалат.

Түштүк Кыргызстан рекреация районундагы эң ири туризм комплекси келечекте Арсланбап, Кара-Алма жерлеринде калыптанат. Ал жерлер Фергана тоо кыркасынын түштүк-батыш капталында жайгашкан. Жаратылышынын кооздугу жагынан дүйнөдө сейрек кездешүүчү жайлардан болуп эсептелет. Мында келечекте 46 миң орунга эсептелинген Арсланбап, Кара-Алма курорттору жана Урумбаш-Саты, Орток эс алуу ири тилкелери калыптанат. Булардын ичинен жаратылыш-рекреация ресурстарына байы жана келечектеги эң ирдүүсү Арсланбап курорту болуп саналат. Муну акырындап тоолуу жердеги курорттордун ичинен дүйнөлүк мааниге көтөрүүгө толук, бардык жагынан мүмкүнчүлүктөр бар.

Түштүк Кыргызстан рекреация районунун шартында аңчылык туризмин өнүктүрүүнүн экономикалык мааниси өтө зор. Түрдүү жаныбарларга бай, жаратылыш шарты кооз жерлерге эң алды менен Афлатун, Кара-Суу, Кызыл-Үңкүр, Салам-Алик сыяктуу тилкелерди кошууга болот. Булардын ар бирин келечекте эл аралык маанидеги аңчылардын комплексине айландырууга шарттар толук жетиштүү.

## 4. 5. Тянь-Шань рекреация району

Келечекте Тянь-Шань рекреация районунда туризм тармактарын калыптандыруу жергиликтүү жаратылыш-климат шартынын өзгөчөлүгүнө ылайык жүргүзүлөт. Бул район түштүк жана түштүк-чыгышынан Кытай Эл Республикасы менен чектешип, азыркы базар мамилелеринин шартында эл аралык маанидеги туризмдин айрым түрлөрүн өнүктүрүүгө акырындап олуттуу таасирин тийгизет. Бул рекреация району Нарын областын толук камтыйт да, 50,2 миң чарчы км жерди ээлейт. Жеринин басымдуу көпчүлүгү бийик тоолуу келип, 2000—4000 м бийиктикте Кочкор, Жумгал, Ат-Башы, Нарын, Чатыр-Көл, Ак-Сай, Арпа өрөөндөрү жайгашкан. Климаты кескин континенталдуу, кышкысын суук кыйла узакка созулат, жайы бир топ салкын жана кыска келет. Ушундан улам аймакты рекреациялык жактан өздөштүрүү тарыхы анчалык бай эмес.

Рекреация районунун жаратылыш-климаттык шарты өтө түрдүүчө келип, учурунда химиялык составы ар кыл минералдуу суулар табылган. Тоо арасындагы минералдуу суулардын саны азыр 15 булактан ашуун. Туризм тармактарын калыптандыруудагы эң келечектүүлөрүнө Кара-Кече, Чатыр-Көл, Безбелчир-Арашан, Ала-буга-Нарын, Көкө-Мерен, Чет-Куганды сыяктуу минералдуу сууларын кошууга болот. Айрымдары азыр жергиликтүү калк тарабынан дарылык маанide керектелип жүрөт. Ал эми учурунда Без-Белчир-Арашан минералдуу суусу «Арашан» деген ат менен Нарын шаарында бөтөлкөгө куюлуп сатылган. Бул суу Ат-Башы кырка тоосунда деңиз деңгээлинен 3000 м бийиктикте жайгашкан. Көбүнчөсү ичүүгө жана ичеги-карын ооруларын дарылоого кеңири пайдаланса болот. Жалпы болжолдуу запасы суткасына 500 куб. метрди түзөт.

Келечекте рекреация районундагы туризм тармактарын жайгаштыруунун олуттуу аймактарынын бирине Нарын дарыясынын ортоңку агымынын алабын кошууга болот. Ал негизинен Нарын областынын батыш бөлүгүн ээлейт. Мында физикалык-химиялык составы жана дарылык касиети ар кандай 9 минералдуу булак табылган. Ушундан улам бул жерлерде туризмдин ар кыл мекемелерин жайгаштыруу жаратылыш-рекреация ресурстарынын, эң алды менен минералдуу суулардын өзгөчөлүгүнө ылайыкташтырып жүргүзүү иликтенген. Жаңыдан уюштурулуучу мындай туризм комплексинде бир эле учурда 10 миң киши эс алууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Рекреация курулуштарын толук бүткөрүүгө 19,0 млн. сом керектелет. Кийин бардык объектилер ишке берилгенден кийин жылына алынуучу чарбалык натыйжа 3,5 млн. сомду түзөт.

Нарын дарыясынын ортоңку агымынын алабына жайгашуучу туризм мекемелерин келечекте кыйла кеңейтүүнү бул жердин

жаратылыш климат шарты, ресурстарын баалоонун жыйынтыгы дагы толук ырастайт. Туризмдин көпчүлүк тармактарын бирин экинчисине ыктаптырып, шайма-шай келгидей рекреация ресурстары арбын, биринчи кезекте, минералдуу булактар табылган жерлерде жайгаштыруу боюнча бир катар иштер даярдалган. Ушундай ыңгайлуу, туризм ишин өнүктүрүүгө келечектүү жердин бири катары Сал суу сактагычынын айланасын белгилөөгө болот. Суусунун физикалык-химиялык составы кыйла бай Угут жана Кызыл-Белес минералдуу булактары да ушул жерде орун алган. Келечекте Угут айылына жакын аймакта 300 орунга эсептелген, азыркы талапка жооп бергидей санаторий, ошондой эле кемпинг, мотель, туристтик база жана аңчылардын жайларын жайгаштыруу каралган. Бул рекреация мекемелеринин ичинен Угут айылына жакын салынуучу туристтик базанын социалдык-экономикалык зор мааниси бар. Анткени, Нарын шаарынан ушул айыл аркылуу келечектеги Кара-Кече, андан ары карай Кочкор шаарчаларына автомобиль жолу аркылуу катнаш башталат. Ал эми Нарын дарыясына курулуучу суу сактагычтар аркылуу жүргүзүлүүчү чакан кемелер да ушул эле Угут айылынын чегинен өтүшү белгиленген. Ушундай эле эң маанилүү орунду келечекте курулуучу кемпингдер дагы ээлейт. Себеби республиканын түштүгүнөн жана Өзбекстандан, Тажикстандан автомобиль менен келечекте Ысык-Көл курортуна келүүчүлөр бүтүндөй Угут айылын аралап кетет. Ушундай ыңгайлуу жагдай жалпы эле рекреация районунун аймагында автотуризмдин өнүгүшүн ылдамдатып, Нарын шаарында жана чоң айылдарда мейманканаларды, мотелдерди жайгаштырууну тездетет.

Тянь-Шань рекреация районунун аймагында туризм тармактарын өнүктүрүүгө өбөлгө түзүүчү факторлордун бири катары тарыхый-архитектуралык мурастар кызмат кылат. Райондун аймагында Таш-Рабат, Кошой-Коргон, Шырдакбектин шаарчасынын урандылары, таш доорунда калыптанган адамдардын турак-жайлары (Он-Арча) сыяктуу түрдүү эстеликтер жайгашкан. Булардын ичинен көрүнүктүүсү Таш-Рабат кербен сарайы Ал XV кылымда жалаң келки таштан курулган. Негизинен Орто-Азиядан Кытайга өтүүчү соодагерлердин жана жолоочулардын эс алуучу түнөк жайы катары пайдаланылып, учурунда Улуу жибек жолунун калыптануусуна үзүрлүү салымын кошкон. Азыр ал чет өлкөлөрдөн келген туристтердин дагы чоң кызыгуусун пайда кылууда.

Рекреация районунун аймагындагы жаныбарлар дүйнөсү саны жана түрү жагынан республиканын башка жерлеринен кыйла айырмаланып турат. Ушундай ыңгайлуу жаратылыш шартынын бийик тоолуу өзгөчөлүгүнөн улам регион аймагында туризмдин аңчылык кылуу түрүн өнүктүрүүгө олуттуу көңүл бөлүнүп жатат. Жаныбарларынан — аркар, тоо эчки, карышкыр, илбирс, суусар,

түлкү, коён, суур, сары чычкан; канаттууларынан болсо бүркүт, улар, кыргоол, чил, кекилик бийиктик алкактардын өзгөчөлүгүнө жараша кеңири таралган. Көлдөрүндө (Соң-Көл, Чатыр-Көл) өрдөк-каздын түрү арбын. Жаныбарлар дүйнөсүнүн потенциалдык мүмкүнчүлүгүнө карата келечекте аңчылык туризминин бир катар түрлөрүн, эң алды менен эзелтен калыптанып калган улуттук аң уулоону күчөтүү зарылчылыгы келип чыгууда. Аңчылыктын куш салуу, бүркүткө карышкыр, түлкү тептирүү, тайганга коён, түлкү, карышкыр, кыргоол алдыруу сыяктуу түрлөрүнө таңданган, кызыккан чет өлкөлүк туристтер эң эле арбын.

### 4. 6. Талас рекреация району

Келечекте өлкөбүздүн түштүгүндөгү, Ысык-Көл кылаасындагы жана Чүй боорундагы рекреацияга бай жерлерге туристтердин кыйла көп келиши айкын болууда. Ушундан улам туризмдин айрым тармактарын республиканын рекреация ресурстары жетиштүү, жаратылыш-климат шарты талапка жооп бергидей республиканын калган региондорунда да өнүктүрүү каралып, комплекстүү иликтенип жатат. Туризм тармактарын калыптандырууга тиешелүү жаратылыш, социалдык-экономикалык шарты бар ушундай аймактардын ичине Талас рекреация району да кирет.

Талас рекреация району республиканын түндүк-батышында жайгашкан. Аянты 11,5 миң чарчы км. Жаратылыш шарты түрдүүчө келет. Талас Ала-Тоосунун түндүк капталында жана анын чыгышындагы Кыргыз Ала-Тоосуна уланган жеринде 160 чарчы км аянтты ээлеген 215 мөңгү жатат. Климаты континенталдуу келип, январь айынын орточо температурасы 7—8°С, июлдуку болсо 14—21°С. Райондун аймагы суу ресурсуна бай. Башкы агын сууларына Талас, Үч-Кошой, Каракол, Күркүрөө дарыялары жана алардын куймалары кирет. Жалпысынан 3,0 чарчы км жакын элүүдөй көл орун алган. Эң чоңдоруна Беш-Таш, Айдың-Көл, Ор-Казган, Жылкыбай, Табылгы сыяктуу көлдөрдү кошууга болот.

Талас рекреация району Тянь-Шань рекреация району сыяктуу эле жаратылыш-климаттык шартынын ыңгайлуулугуна, белгилүү өлчөмдө ресурстардын орун алышына карабастан туризм тармактары али начар өнүгүүдө. Ушундан улам бул райондун аймагына адегенде жергиликтүү элдин эс алуусун камсыз кылууну иштеп чыгуу, акырындап чет өлкөдөн келүүчү туристтерди өзүнө тартуучу туризм тармактарын калыптандырууну колго алуу боюнча атайын иликтөөлөр жүргүзүлгөн эле.

«Манас» эпосунун 1000 жылдык мааракесинин Талас жергесинде ийгиликтүү өткөрүлүшү бул аймакта эл аралык туризмдин келечекте жигердүү өнүгүшүнө чоң түрткү берди. Чет өлкөлөрдөн келген сыйлуу меймандар, ынтызаар туристтер Талас өрөөнүндө-

гү Манастын күмбөзүнө куран окутушуп, тойго карата атайын даярдалган «Манастын ордосу» комплекси, жаратылышы кооз жерлери менен толук таанышып, жылуу пикирде кайтышты. Кыскасы тойдун жүрүшү Кыргызстан үчүн дүйнөлүк маанидеги рекламага айлангандай эле болду.

Талас жергеси жаратылыштын, тарыхтын, археологиянын түрдүү эстеликтерине эң эле бай. Келген чет элдик туристтер үчүн Манастын үңкүрү, Ак-Үңкүр, Талас шаарына жакын жайгашкан орто кылымда курулган Ак-Дөбө шаарчасы, Беш-Таш көлүнүн жээгиндеги таштан чегилген түрдүү айкелдер, жасалгалар, Ничке-Сай капчыгайынан табылган байыркы мезгилдеги адамдардын буюм-тайымдары, Күркүрө-Суудагы, Чиймелүү-Таштагы аскага чегилген ар кыл сүрөттөр, чиймелер, байыркы түрк жазма эстеликтери зор кызыгууну пайда кылууда. Келечекте ушундай жаратылыштын кооз жерлерин, адам колунан жаралган түрдүү тарыхый, архитектуралык курулуш, жасалга, эстеликтерди район боюнча ирети менен кыдырып чыгуунун атайын жолдору аныкталууда. Туризмдин мындай ат же төө, автомобиль менен, ошондой эле жөө кыдыруу түрүн өнүктүрүү үчүн эң алды менен Талас шаарында саякатчылардын мейманканасын, Беш-Ташта жана Чат-Базарда туристтердин түнөк, эс алуу жайларын, Киров суу сактагычынын жээгине пансионат куруу зарыл болууда.

Талас рекреация районунун аймагында аңчылык туризмин өнүктүрүүнүн дагы экономикалык олуттуу мааниси бар. Мында жаныбарларынан — аркар, тоо эчки, карышкыр, түлкү, суур, аюу; канаттууларынан — кыргоол, кекилик, чил, бөдөнө, көгүчкөн ж. б. бар. Ушундан улам келечекте Каракол, Үч-Кошой, Беш-Таш сыяктуу аңчылык чарбаларынын негизинде эл аралык талапка толук жооп бергидей аңчылык туризмин калыптандыруу зарыл.

# БЕШИНЧИ БӨЛҮМ

## КЫРГЫЗСТАНДЫН ТУРИЗМ ИНФРАСТРУКТУРАСЫН ДҮЙНӨЛҮК ТАЛАПКА ЫЛАЙЫК КЕЛГИДЕЙ ӨНҮКТҮРҮҮ МАСЕЛЕСИ

Туризм комплексинин тармактарын толук калыптандыруу жана андан ары ийгиликтүү өнүктүрүү тигил же бул өлкөнүн экономикалык абалына олуттуу оң таасирин тийгизип келгендигин дүйнөлүк бай тажрыйба жеткиликтүү ырастап олтурат. Жер шары боюнча калыптанган эл аралык туризм тармактарынан азыр жылына түшкөн кирешенин көлөмү 250 млрд. доллардан ашуун. Бул көрсөткүч Индиянын жылдык тапкан кирешесинен арбындык кылат. Мындай арбын табылганын келишине туризм комплекстеринин инфраструктурасынын сапаттуу даярдалышы өзгөчө орунду ээлейт. Ушундан улам Кыргызстанда келечекте туризмди өнүктүрүүнү, айрыкча анын материалдык-техникалык базасын бышыктоону, инфраструктура тармактарын ойдогудай калыптандырууну мамлекеттик деңгээлде көзөмөлгө алуу, комплекстүү иш жүргүзүү каралууда. Мындай саамалыктын башатына эң алды менен эмгек ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу, транспорт комплексинин өзгөчөлүгүн эске алуу, соода-сатыкты, медициналык жана турмуш-тиричилик жактан тейлөөнү жакшыртуу, кадрларды даярдоо, реклама, маалымат ишин, сувенир чыгарууну калыптандыруу, чет өлкөдөн келүүчү туристтерди түрдүү кокустуктардан сактоо, туризм тармактарынын жаратылыш шартына тийгизүүчү таасирин иликтөө сыяктуу маселелер кирет.

Туризм тармактарын учур талабына ылайык келгидей өнүктүрүүгө эмгек ресурстарын сарамжалдуу пайдалануунун дагы олуттуу мааниси бар. Туризм комплексине тиешелүү чарбачылыктарды (курорт, санаторий имараттарын тургузууга, аларды ишке берүү, соңунан тейлөө, сувенир чыгаруу сыяктуу көмөкчү ишканаларды калыптандыруу ж. б.) өнүктүрүүгө түрдүү деңгээлдеги даярдыгы бар адистер, жумушчулар эң арбын керектелет. Алсак, америкалык адистердин эсеп-кысабына ылайык АКШга келген ар 1000 туристти тейлөө үчүн бир эле учурда 279 киши түздөн-түз туризм мекемелерине чегерилип, мындан бөлөк дагы 107 киши көмөкчү

чарбаларына керектелет. Ырас, туризм тармактарынын өзгөчөлүгүнө карата чегерилүүчү жумушчу кызматкерлердин саны дагы олуттуу айырмаланат. Санаторий, курорт, мейманкана сыяктуу мекемелерде эмгек ресурсу эс алуу жайларына, саякат базаларына караганда кыйла аз керектелет. Ушундан улам Кыргызстанда туризмдин келечекте жеткиликтүү өнүгүшү калктын ишке чегерилишине кыйла көмөктөшүп, жумушсуздуктун азайышына, улуттук байлыктын арбышына олуттуу таасирин тийгизет.

Келечекте Кыргызстанда туризмдин тез калыптанышы далай көмөкчү чарбалардын өнүгүшүнө түрткү берет да эмгек ресурстарын арбын талап кылат. Мындай жагдай айрыкча Ысык-Көлдө, Чүй өрөөнүндө жана республиканын түштүк бөлүгүндө даана байкалат. Ырас, эмгек ресурстарын пайдалануу туризм тармактарынын өзгөчөлүгүнө кыйла байланыштуу келет. Мисалы, санаторий-курорт тармактарындагы иштегендердин басымдуу бөлүгүн аялдар түзсө, тоо туризминде, альпинизмде тескерисинче эркектер арбын чегерилет.

Туризм комплекстеринин түрдүү тармактарын эмгек ресурстары менен камсыз кылуу калктын аймак боюнча жайгашуусуна жана жыштыгына кыйла байланыштуу келет. Мындай жагдай Кыргызстанга да түздөн-түз байланыштуу. Анткени калкынын 65% ашыгы деңиз деңгээлинен 1000 м бийиктикке чейинки республиканын 6,4% аймагынан орун алган. Ушул эле бийиктикке чейинки жерлерде өнөр жай ишканаларынын, темир жана автомобиль жолдорунун басымдуу бөлүгү жайгашып, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн көпчүлүк түрү өстүрүлөт. Ал эми республиканын жаратылыш-рекреация потенциалынын 22,0% деңиз деңгээлинен 1000—2000 м бийиктикте орун алган. Келечекте туризм тармактарынын олуттуу бөлүгү ушул бийиктик алкакта калыптанат. Ушундан улам бул жерлерде курорт, пансионат, санаторий, мотель сыяктуу туризмдин көптөгөн мекемелерине кошумча эмгек ресурстары өтө көп керектелет.

Келечекте республиканын тоолуу райондорунда туризм тармактарын өнүктүрүү жергиликтүү элди тиешелүү иш менен эле камсыз кылбастан, алардын экономикалык жана социалдык жактан тез оңолушуна, дүйнөнүн көп жерлери менен байланыш жасоого ыңгайлуу жагдай түзөт. Бул багытта, Австрия, Швейцария, Франция, Италия, Түркия, мурдагы Югославия сыяктуу өлкөлөрдүн тоолуу аймактарындагы туризм ишине чегерилген калктын тажрыйбасын Кыргызстанга кеңири пайдалануу олуттуу мааниге ээ.

Кыргызстанда туризм комплексин ойдогудай калыптандыруунун олуттуу маселелеринин бирин тиешелүү өлчөмдө, эл аралык талапка жооп бергидей тейлөөчү кызматкерлерди, билимдүү, такшалган адистерди даярдоо ээлейт. Азырынча республика боюнча туризмдин базар мамилелеринин алкагындагы өзгөчөлүктөрүн

жеткиликтүү түшүнгөн, чет өлкө менен ойдогудай алака түзүүгө жараган адамдар эң эле аз. Ал эми мындай телегейи-тегиз адистерди арбын даярдоо үчүн далай каражат, талыкпаган иштерди аткарууга туура келет. Ырас, республиканын айрым окуу жайларында туризм тармактарына керектүү адистерди даярдоо максатында атайын бөлүмдөр ачылып жатат. Ушундан улам университеттерде, институттарда, колледждерде туризм боюнча кадрларды даярдоону төмөндөгүдөй багыттарда жүргүзүү туура экендиги дүйнөлүк тажрыйба аркылуу эчак эле далилденген. Буларга эң алды менен кадрларды илимий иш жүргүзүүгө, долбоорлоо-иликтөө иштерин аткарууга, уюштуруу-башкаруу иштерине аралашууга жана мектептерде, жогорку окуу жайларына керектүү мугалимдерди даярдоо кирет. Кыргызстандын шартында тиешелүү өлчөмдө, сапаттуу кадрларды калыптандыруу, жалпы эле туризмди өнүктүрүү үчүн ушундай ыкманы колдонуу зарылдыгы мамлекеттик деңгээлде аныкталган. Мындай олуттуу саамалыктын башаты Кыргыз Республикасынын туризм жана спорт министрлигинин алдында илимий-окуу борборун уюштуруу болуп саналат.

Кыргызстанда туризм тармактарын ийгиликтүү өнүктүрүү транспорт комплексинин жеткиликтүү, сапаттуу калыптанышына тыгыз байланыштуу. Келечекте келген, кеткен туристтердин арбышы транспорт тармактарын кыйла кеңейтүүгө, жакшыртууга олуттуу түрткү берет. Ырас, туристтерди транспорт түрлөрү менен камсыз кылуу өлкөнүн же белгилүү бир региондун географиялык абалына, жаратылыш шартынын өзгөчөлүгүнө, ошондой эле ал аймакты чарбалык жактан өздөштүрүү деңгээлине да тыгыз байланыштуу болот. Туризм комплексине тиешелүү транспорт, жалпы эле транспорт системасындагыдай кургактыктагы, суу жана аба транспорт түрлөрүнө ажырайт. Бул транспорт түрлөрү улуттук жана эл аралык маанидеги туризмдин өнүгүшүнө, өзгөчөлүгүнө карата олуттуу айырмаланат.

Кыргызстан өз алдынча өлкөгө айлангандан бери аба жолу тез өнүгүп жатат. Дүйнөнүн көпчүлүк мамлекеттеринен республикага келип жаткан ишкер адамдар, көрүнүктүү ишмерлер, жолоочулар жана атайын туристтик жолдомолор менен келгендердин басымдуу көпчүлүгү самолётторду пайдаланууда. Келечекте транспорттун мындай түрү азыркыдан кыйла арбын керектелет. Анткени, республиканын дүйнө өлкөлөрү менен тышкы экономикалык, саясий, туристтик байланышы мындан дагы күч алат.

Эчактан калыптанып калган дүйнөлүк бай тажрыйбага ылайык аба аркылуу жалпы эле жүргүнчүлөрдү, анын ичинде туристтерди ташуунун аралыгы менен билеттин баасынын ортосунда көпчүлүк учурда карым-катнаш жоктугу маалим. Алсак, бирдей эле аралыкты камтуучу Аддис-Абеба — Лагос жана Мехико — Ванкувер шаарларына каттаган самолеттордун билет баасы бири-биринен

олуттуу айырмаланат. Мында биринчи маршруттун баасы 1240 долларга жетсе, кийинкисиники — 700 долларды түзөт. Бул сыяктуу айырмачылыктар дүйнө региондорунда эң эле арбын кездешет. Мындай жагдайдын келип чыгышына тигил же бул мамлекеттин экономикалык, социалдык өнүгүү деңгээли, басып өткөн жолу олуттуу таасирин тийгизет. Ушундай өңүттөн алып караганда Кыргызстанга келүүчү туристтердин басымдуусу аба жолу аркылуу каттайт. Ал эми тоолуу республика дүйнөдөгү туризм комплекстери өнүккөн Европа, Америка континенттеринен 5—8 миң км алыстыкта жайгашкан. Мындай аралыктагы самолёттун билетинин баасы 1—3 миң долларды түзөт. Бул жагынан алып караганда түштүк, Түштүк-чыгыш жана чыгыш Азия региондорунан туристтердин Кыргызстанга келиши Европага же Америкага караганда кыйла жакын келип, арзанга түшөт. Мисалы, Токиодон Мексикага чейин 11,5 миң км, Токиодон Лондонго чейин 9,5 миң км, Токиодон Лимага дейре 15,5 миң км, келечекте республиканын ушундай географиялык жана транспорт өзгөчөлүгүн туризм комплексин калыптандырууда толук эске алуу каралууда.

Тоолуу өлкөнүн шартында туристтерди тейлөө боюнча автомобиль транспорту олуттуу орунду ээлейт. Келечекте Кыргызстанда туризмди ийгиликтүү өнүктүрүү үчүн далай иштерди аткарууга туура келет. Эң алды менен эл аралык талапка толук жооп бергидей автомобиль жолдорун салуу, анын мерчемдүү жерлеринде туристтерди ойдогудай тейлөөчү мотелдерди, кемпингдерди, ресторандарды, шам-шум этүүчү жайларды куруу каралууда. Бул жагынан алганда айрым чет өлкөлөрдүн жетишкен ийгиликтерин жеткиликтүү иликтөө, бай тажрыйбасын пайдалануу кыйла пайдалуу. Мисалы, Австрияга келген бүт туристтин 85% автотуристтерге таандык. Мындай көрсөткүч Италияда — 76%, Испанияда — 68%, Түркияда — 43%, Грецида — 19% жетет.

Туризмди өнүктүрүүдө республиканын автомобиль жолдорун жакшыртуунун жана сапаттуу, экологиялык талапка толук шайкеш келгидей автомобиль түрлөрүн көбөйтүүнүн экономикалык жактан кыйла артыкчылыктары бар. Автомобиль транспорту туристтерди жакын аралыкка ташууга өтө ыңгайлуу келип, кыдырууга, каалаган жерине токтоп, жаратылыштын ажайып кооз жерлери, тарыхый түркүн эстеликтер менен жеткиликтүү таанышууга толук мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Келечекте Кыргызстандын жаратылыш шартынын өзгөчөлүгүнө ылайык автомобиль туризминин жекече жана уюшкан түрүн өнүктүрүү ылайыктуу. Туризм тармактары дүйнөлүк деңгээлде өнүккөн өлкөлөрдө да ушундай нукта калыптангандыгын ырастаган арбын материалдар бар. Автотуризмдин тез өнүгүшүнөн улам бул тармакты тейлеген түрдүү көмөкчү чарбалары дагы калыптанат.

Автомобиль туризмин өнүктүрүүгө байланыштуу жол салуу жана аны туура пайдалануу орчундуу маселелердин бирин ээлейт. Туристтер көп каттаган жолдордун сапаты дурус келип, жээктери таза жана кооз болушу зарыл. Кийинки мезгилде жолдун жээктерин ыңгайына жараша жашылдандыруу, тартипке келтирүү, дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрүнө кеңири таралып жатат. Ушундай ыкманы биринчи кезекте Кыргызстандын түштүгүндөгү, Чүй өрөөнүндөгү, Ысык-Көлдүн жээгиндеги жолдорго пайдалануу өтө керек. Жолдун жээктеринде менчик машиналарды техникалык жактан тейлөөчү ыңгайлуу станцияларды, автозаправкаларды, автомобилдерди жууган жайларды, гараждарды жетиштүү санда жайгаштыруунун да экономикалык жактан чоң үлүшү бар.

Дүйнөлүк туризм комплексин калыптандырууга темир жолдун да өтө олуттуу мааниси бар. Кийинки мезгилде бир катар өлкөлөрдүн темир жолдору кыйла жакшыртылып жатат. Азыр электрлештирилген жолдун үлүшү бир кыйла көбөйүп, автоматташтыруу күч алып, жүргүнчү ташыган поезддердин жасалгалары жакшырып, ылдам жүрүү жагы кыйла оңолууда. Кыргызстандын жери тоолуу келгендиктен темир жол транспорту начар өнүккөн. Келечекте республиканын түндүгү менен түштүгүн темир жол аркылуу туташтыруу долбоору даярдалган. Бул жол бүткөрүлсө өлкөнүн экономикалык жактан өнүгүшүнө, туризм тармактарынын калыптануусуна зор үлүшүн кошот. Тилекке каршы мындай темир жолду курууга көп каражат керектелет.

Келечекте Кыргызстанда туризмди ийгиликтүү калыптандыруу, эл аралык деңгээлге көтөрүлүү үчүн атайын туризм тармактарын тейлеген транспорт түрлөрүн өнүктүрүү зарыл. Бул багыттагы жүргүзүлүп жаткан иштер, эл аралык маанидеги топтолгон тажрыйба эң эле арбын. Туризм тармактарында кийинки мезгилде кеңири керектелип жаткан транспорт түрлөрүн калыптандырууда региондун табигый шарты толук эске алынып, экологиялык жактан тазалыгы иликтенет. Туризмди тейлөөгө ылайыкталган транспорт түрлөрү кадимки автомобиль, темир жол, суу жолдоруна салыштырмалуу чакандыгы, өзгөчөлүгү, эң башкысы экологиялык тазалыгы менен айырмаланат.

Кыргызстандын жеринин тоолуу шартында асма жолдорду куруу, жел толтурулган шарларды даярдоо жана пайдалануу, спортту кеңири керектөөнүн мааниси өтө олуттуу. Туристтерди, айрыкча альпинисттерди ташууга вертолётторду кеңири колдонуу ыңгайлуулугу жагынан айырмаланат.

Келечекте туризм тармактары мыкты калыптанган аймактарда транспорттун экологиялык жактан тазалыгын жеткиликтүү көзөмөлгө алуунун социалдык-экономикалык жактан мааниси өтө чоң. Бул жагынан чет өлкөлөрдүн көпчүлүгүндөгү топтолгон тажрыйба иликтөөгө, иш жүзүндө жеткиликтүү пайдаланууга толук арзыйт.

Мисалы, экономикасы дурус өнүккөн мамлекеттерде ыш-түтүндү белгиленген өлчөмдөн ашыкча чыгаруучу автомобилдерди туризм өнүккөн жерлерде эле эмес, өнөр жайы дурус калыптанган аймактарда да пайдаланууга эч качан жол берилбейт. Ушундай жакшы саамалыктарды республиканын аймагына кеңири жайылтуу келечектеги орчундуу иштердин бири катары белгилөөгө арзыйт.

Кыргызстан гидроэнергетика ресурстарына кыйла бай. Айрым бөлүгү өздөштүрүлүп, азыркы учурда экономикалык жактан кыйла пайдасын тийгизип жатат. Ушундай бай жана гидроэнергиянын белгилүү үлүшүн келечекте туризм комплекстеринде керектөөнүн олуттуу мааниси бар. Республика аймагындагы темир жолдун бардыгын, биринчи кезекте Бишкек — Балыкчы темир жолун электрлештирүү жана автомобиль менен Ысык-Көл курорт районуна ташылуучу жүргүнчүнүн, жүктүн көпчүлүк бөлүгүн темир жолдун үлүшүнө чегерүү азыркы олуттуу маселелердин катарынан орун алууда жана чечүүчү маселеге айланууда.

Келечекте Ысык-Көлдү айланта троллейбус жүргүзүү каралууда. Мындай олуттуу долбоор эки баскычта жүргүзүлөт. Алгач, экологиялык жактан эң таза, түбөлүктүү транспорттун мындай түрү көлдүн түндүк жээги аркылуу Балыкчы, Чолпон-Ата жана Каракол шаарларын камтыйт. Кийинки баскычында Каракол, Бөконбаев жана Балыкчынын ортолору туташтырылып, Жети-Өгүз курортко чейин дагы троллейбус жүргүзүлөт. Көл жээгин тегерете туристтерди кыдыртууга, жүктөрдү ташууга атайын троллейбустар даярдалат. Мындан тышкары Ысык-Көл кылаасында ошондой эле республиканын туристтер арбын келүүчү жерлеринде келечекте электромобилдерди, чакан электробустарды кеңири колдонот.

Дүйнөлүк маанидеги туризмдин транспорт комплексинин келечектүү түрлөрүнүн бирин асма жолдор ээлейт. Жолдун мындай түрү негизинен тоолуу аймактарда кеңири таралган. Алсак, азыр тоо туризминин түрлөрү жакшы өнүккөн Австрияда 200 ашуун асма жолдор ишке берилген. Ушундай эле азыркы талапка толук жооп бергидей асма жолдор Швейцария, Франция, Германия, Италия өлкөлөрүнө тиешелүү Альпы кырка тоолорунда да эң эле арбын. Кыргызстандын бийик тоолуу, туризм ресурстары мол аймактарында асма жолдордун ар кыл түрлөрүн салууга ыңгайлуу жерлер жетиштүү. Мындай туризмди өнүктүрүүгө керектүү жолдорду Кыргыз Ала-Тоо кыркаларындагы, Күңгөй жана Тескей Ала-Тоолорундагы, Фергана жана Чаткал тоо кыркаларындагы капчыгай, төрлөрдө куруу кыйла ыңгайлуу келет.

Туризм комплексин калыптандыруу жана натыйжалуу өнүктүрүү рекреанттарды сапаттуу, жетиштүү өлчөмдөгү тамак-аш менен камсыз кылууга, билгичтикте уюштурулган соода-сатык ишине да тыгыз байланыштуу.

Кыргызстанга келүүчү туристтердин басымдуу көпчүлүгү

коомдук жана менчик тамак-аш жайларынан пайдаланып, бир катар товарлардын түрлөрүн сатып алуусу табигый көрүнүш. Узак жылдардан бери өз алдынча эс алуучу туристтердин айрым топторунун жумшаган каражаттарына атайын илимий-өндүрүштүк мекемелер тарабынан бир катар иликтөөлөр жүргүзүлгөн. Натыйжада, эс алууга саякатчылап келгендердин каражатынын 24,4% тамактанууга, 17,8% түнөк жайларга, 14,9% жер кыдырууга, көңүл ачууга, 6,4% жергиликтүү транспортко, 37,5% ар кандай товарларды, майда-барат буюмдарды сатып алууга керектеле тургандыгы аныкталган. Албетте каражаттын жумшалуусу келген туристтин көздөгөн максатына, барган жерине, баскан-турганына карата олуттуу айырмаланат. Мисалы, илимий жыйынга келген турист менен аңчылыкка байланыштуу каттаган саякатчынын жумшаган каражатынын өлчөмү, түпкү көздөгөн максаты эң эле түрдүүчө келет.

Кыргызстанга чет өлкөлөрдөн келген туристтердин саны жыл өткөн сайын көбөйүп жатат. Келечекте булардын саны дагы кыйла арбыйт. Анткени, республиканын ажайып кооз жаратылышы, кыргыз элинин улуттук үрп-адаттары, жасалгалары менен таанышууга куштар болгон туристтердин, экономика тармактарына жардам кылууга ынтызар чет өлкөлүк компания, фирмалардын, жекече илимпоз адистердин келиши күчөп жатат. Ушундай алыстан ат арытып келүүчү коноктордү, досторду, жалпы эле саякатчыларды ойдогудай тосуп алууга, тейлөөгө азыркы учурдагы тамак-аш жайлары, соода-сатык комплекстери жетишсиздик кылат. Ушундан улам келечекте агылып келүүчү туристтердин суроо-талаптарын эске алуу менен түрдүү, эл аралык талапка толук жооп бергидей тейлөөчү жайларды республиканын жаратылыш-рекреация байлыктары мол, тарыхый-маданий эстеликтери көп региондорунда жайгаштырууну эмитеден баштоо өтө зарыл болууда.

Келечекте туризм тармактары жакшы өнүккөн аймактарда соода-сатык иштерин жүргүзүүгө ылайыкталган, белгилүү өлчөмдө адистештирилген атайын жайларды жайгаштыруунун олуттуу мааниси бар. Азыр республиканын аймагында туристтерди тейлөөгө адистештирилген соода борборлору, ар кыл дүкөндөр, базарчалар эң эле аз. Ушундай тейлөө жагынан калпыстык Ысык-Көл курорт районунун аймагында даана байкалып турат. Ырас, соода жайларын жеткиликтүү адистештирүү экономикалык жактан кыйла натыйжа алып келгендигине карабастан, бир катар оош-кыйыштыктары дагы бар, Анткени, соода түйүндөрүн туристтердин агымына карата адистештирүүнү күчөтүп жиберүү белгилүү өлчөмдө товардын ойдогудай өтүшүнө кедергиси тийип, анын кошумча чыгашасын дагы күчөтүп жиберет. Анын үстүнө курорт комплекстери кеңири жайгашкан жерлерде соода түйүндөрүн анкере

адистештирип жиберүүнүн терс таасири кадимкидей сезилет. Мисалы, Чолпон-Ата шаарында улуттук жасалгаларды, буюм-тайымдарды сатууга адистештирилген дүкөндөрдү арбын жайгаштыруу жылдын жылуу мезгилинде келүүчү чет өлкөлүк туристтердин эсебинен кыйла пайда табылганы менен кышкысын мындай товардын түрлөрү жакшы өтпөй калгандыгы даана байкалат. Ошондуктан соода-сатыкка байланышкан жайларды жайгаштырууда ар тараптан жеткиликтүү иликтөө талап кылынат.

Кыргызстанда туризм индустриясын жеткиликтүү калыптандыруу жана ийгиликтүү өнүктүрүү үчүн эң алды менен туризм тармактарын тейлөөгө байланыштуу өнөр жай ишканаларын, соода комплекстерин жана коомдук тамактануучу жайларын бирин экинчисине шайкеш келгидей иштөөсүн камсыз кылуунун экономикалык жактан олуттуу мааниси бар. Ушундан улам курорт-рекреация комплекси дурус өнүккөн жерлерде соода түйүндөрү менен өнөр жай ишканаларынын карым-катышын учурдагы базар мамилелеринин талабына ылайык келгидей калыпка салуу талап кылынууда. Анткени, узак мезгилден бери карай өнөр жай ишканаларынан чыгарылган түрдүү товарлар, жасалгалар, буюм-тайымдар соода түйүндөрүнө өткөрүлгөндөн тартып жоопкерчиликтен четтеп келген эле. Мындай ыкма азыркы мезгилдин талабына ылайык келбей калууда. Ошондуктан чыгарылган товарларды тиешелүү кардарлар, туристтер сатып алганга чейин өзүнчө системага айландыруу маркетинг ишиндеги олуттуу маселе болууга тийиш.

Туризм тармактарын калыптандырууда коомдук — тамак-аш комплекстерин туура, талапка ылайык уюштуруунун өз алдынча регионалдык өзгөчөлүктөрү бар. Дүйнөнүн туризм тармактары эң мыкты өнүккөн айрым региондорунда эс алууга келген саякатчылардын саны жергиликтүү калктын санынан бир нече эсеге ашып кеткен учурлар кездешет. Келген туристтердин басымдуу көпчүлүгү өзүлөрү жайгашкан курорт, пансионат, мотель, эс алуу үйлөрү сыяктуу рекреация мекемелериндеги ашканалардан тамактанышат. Алардын белгилүү бөлүгү эртели-кеч ал жердеги кафе, ресторандарда тамактанып, казинолордо көңүл ачышат. Анын үстүнө өз алдынча келген туристтер жалаң көпчүлүккө тиешелүү курулган жайлардан тамактанышат. Келечекте Ысык-Көл курорт районунун айрым жерлеринде жергиликтүү калкка караганда туристтердин саны жайкысын кыйла арбып кетиши күтүлүүдө. Ошондуктан Кыргызстандын туризм комплексинин тармактары дурус өнүгүүчү аймактарда тамактануучу жайларды рекреация мекемелеринен башка жергиликтүү калк жайгашкан жерлерге дагы арбын куруу зарылчылыгы пайда болууда.

Кыргызстандагы туризм тармактарын өнүктүрүүгө ыңгайлуу жерлерде коомдук тамактануучу жайларды жылдын бардык мез-

гилинде иштегендей кылып жайгаштыруунун, иликтөөнүн социалдык-экономикалык чоң мааниси бар. Анткени, ушундай маанилде курулган тамак-аш жагынан тейлөөчү мекемелер кыш айларында аңгырап, бош калбастан жергиликтүү калктын, ошондой эле жуманын аяк ченинде жана майрамдарда келип эс алуучулардын, туристтердин муктаждыгын чечүүгө көмөктөшөт. Туристтерди тейлеген мындай коомдук тамак-аш жайларын долбоорлоо учурунда, аны чет өлкөдөн келген туристтердин, оору-сыркоолорунун, балдарынын талабын толук чечүүгө ылайыктуу кылып карап чыгуу зарыл.

Туризм тармактары өнүккөн дүйнөлүк маанидеги региондордо коомдук тамак-аш жайларын долбоорлоо, куруу жана пайдаланууга берүү тажрыйбасына ылайык мындай тейлөөчү жайлардын өтө чоң болушу тиешелүү арбын натыйжа бере албагандыгы ырасталган. Ошондуктан кийинки жылдары эң көп орундуу (1000—1500 орунга эсеп кылынгандары) ишкана, кафелер курорт жайларында анчалык курулбай калды. Келечекте Кыргызстандын рекреация байлыктары мол жерлерде туристтерди тейлөөчү тамак-аш жайларынын жалпы сыйымдуулугун 200—300 орунга ылайыктап салуу эл аралык талапка толук туура келип, белгилүү өлчөмдө экономикалык натыйжа бере тургандыгы практикалык жактан аныкталган.

Келечекте Кыргызстандын аймагында туризм комплексинин ар кыл тармактарын ийгиликтүү калыптандырууда эс алуучуларды, саякатчыларды тамак-аштын тиешелүү, сапаттуу түрлөрү менен камсыз кылуунун өтө зор мааниси бар. Анткени, курорт жайларына келген рекреанттарды тамак-аш жагынан талапка ылайык тейлөө эң олуттуу маселелердин бирине кирет. Курорт-рекреация өнүгүүчү аймактардагы туристтерди жетиштүү өлчөмдө жергиликтүү продуктулар менен камсыз кылуу үчүн республикалык деңгээлде айыл чарбасын, тамак-аш өнөр жайын жана буларга байланыштуу чарба комплексинин ар кыл тармактарын жеткиликтүү иликтеп, келечегин алдын ала илимий жактан утурулоо иши мамлекеттик масштабда комплекстүү жүргүзүлүүсү зарыл. Анын үстүнө чет өлкөдөн келүүчү туристтерди нукура улуттук ашканалардан ойдогудай тосуп алууга керектүү көп сандаган азык-түлүк түрлөрүн даярдоо жагын дагы аныктоо өтө жоопту жана далай эмгекти талап кылат. Алыстан келген сыйлуу туристтердин басымдуу көпчүлүгү кооз жерлерди, жаратылыш жана тарыхый эстеликтерди көрүү менен бирге эле, адатта жергиликтүү калктын ашканасынан даам татууну, эсте калгыдай бир жагымдуу нерселерди эңсейт. Атайын келген саякатчы көңүлү куунак болуп, көздөгөн максатына жетсе, ал кайрадан келүүгө аракет кылат да, көргөн билгенин, дурус тилегин айтып, өзүнчө эле реклама катары кызмат кылат. Ошондуктан алыстан келген чет элдик туристтердин ойдогудай кыдырып көрүп кетишине толук, болгон

шартты түзүү республикада туризм комплексин тез калыптандырууга олуттуу таасирин тийгизет.

Туризм комплексинин ар кыл мекемелерине келүүчү эс алуучуларды сапаттуу азык-түлүк менен жеткиликтүү камсыз кылуунун түпкү өзөгүн айыл чарбасынын олуттуу тармактарын сарамжалдуу жайгаштыруу жана өсүмдүктүн, мал чарбасынын белгилүү, зарыл түрлөрүнө адистештирүү ээлейт. Ырас, мындай учурда айыл чарбасын өнүктүрүү түздөн-түз ал жердин жаратылыш-климаттык шартына байланыштуу болот.

Кыргызстанда туризм комплексинин азырынча ойдогудай өнүгө албай жатышынын башкы себептеринин бирине тиешелүү өлчөмдөгү азык-түлүк даярдоонун али жетишсиздиги болуп саналат. Ошондуктан келечекте туризм мекемелери арбын жайгашуучу региондордо рекреанттарды жергиликтүү тамак-аш менен камсыз кылуу үчүн айыл чарбасынын керектүү тармактарын өнүктүрүүнүн социалдык-экономикалык зор мааниси бар. Алсак, Ысык-Көл курорт районунда келечекте бир эле учурда 100 миң туристти кабыл алуу белгиленип жатат. Ушундай шартта жалпы эс алуучу рекреанттарды жыл ичинде азык-түлүк менен камсыз кылуу үчүн кеминде 20 миң т ун, 7,5 миң т картошка, 51 миң т жер-жемиш, жашылча, 3,5 миң т кумшекер, 10,5 миң т май, 18 миң т сүт, 1,5 миң т сыр, быштак жана 35 млн. даана жумуртка керектелет. Ал эми республика боюнча келүүчү туристтерди кошуп жалпы эсептегенде жогорудагы азык-түлүктүн жалпы өлчөмү эң кеминде эки эсеге арбындык кылат.

Келечекте арбын келүүчү туристтерди азык-түлүк менен камсыз кылуу үчүн айыл чарба тармактары бир кыйла кеңейтилет. Ушундан улам данды, этти, сүттү жана жашылча-жемишти иштетүүчү тамак-аш өнөр жайынын бир катар ишканалары дагы пайда болот. Айрым рекреация райондорундагы ыңгайлуу жерлерге канаттуулар фабрикасын, сүт иштетүүчү, балмуздак жасоочу заводду, эт комбинатын, жашылча-жемиштен консерва, томат, сок жасоочу, минералдуу сууларды куйган ишканаларды жайгаштыруунун олуттуу мааниси бар. Мисалы, жергиликтүү эле калкты тоок эти менен толук камсыз кылуу үчүн 2010-жылдарга чейин республиканын аймагында эң кеминде 100—130 миң тоок кармоого ылайыкталган 5—6 канаттуулар фабрикасын жайгаштыруу зарылдыгы атайын адистер тарабынан эсептелип, такталган. Мындан тышкары жылкы чарбасын өнүктүрүүгө олуттуу көңүл бөлүнүп жатат. Азыр республика боюнча жылкынын саны 300 минден ашуун. Келечекте арбын келүүчү туристтерди казы, карта жагынан камсыз кылуу үчүн жылкынын башын көбөйтүү каралууда. Туристтерди ат менен тоо арасындагы капчыгай, кокту, төрлөрдү кыдыртуу максатында жылкынын асыл тукум түрлөрүн көбөйтүү маселеси дагы келип чыгууда.

Келечекте Кыргызстандын аймагында туризм комплексин калыптандырууда олуттуу орундардын бирин сувенирлерди чыгаруу чарбачылыгы ээлейт. Рекреация тармактары дурус өнүккөн мамлекеттердеги соода-сатыктан түшкөн кирешенин 30% чейинкиси чет өлкөлөрдөн келген туристтерден жыйналат. Бул кирешенин олуттуу бөлүгү сувенирлерди сатуудан түшөт. Мисалы, туризм комплекси дурус өнүккөн Европанын өлкөлөрүндө, биринчи кезекте Испания, Франция, Италия, Чехия, Словакия, мурдагы Югославия сыяктуу мамлекеттерде сувенир чыгаруу эң жакшы өнүккөн. Айрым чакан шаарларында калктын басымдуу бөлүгү туризмден, анын ичинде, майда-барат буюм-тайымдардан түшкөн кирешенин эсебинен жашайт. Жыл өткөн сайын туристтердин түрдүү сувенирге кызыгуусу, сатып алуусу артып жаткандыгын айгинелеген атайын материалдар дагы арбын чыгып жатат. Туризмдин мындай кирешелүү чарбачылыгы мындан ары карай да күчөп өнүгө тургандыгы алдын ала ырасталууда. Ушундан улам биздин республикада улуттук бай колориттин нугундагы сапаттуу сувенирлерди, ар кыл белек-бечкектерди даярдоо боюнча мамлекеттик деңгээлде иш жүргүзүү бышып жетилди. Албетте, чыгарылган сувенирлерди чет өлкөдөн келген туристтер, сыйлуу меймандар көңүл бөлгүдөй, сатып алгыдай кылып сапаттуу даярдоо талап кылынат. Эчактан дүйнөлүк деңгээлде калыптанып калган, өндүрүштүн өнүгүшүнө өбөлгө түзүүчү базар мамилелеринин анык табияты дагы ушундай.

Кыргызстанда сувенирлерди жана улуттук түркүн жасалгаларды чыгарууну туура калыптандыруунун социалдык-экономикалык жагынан да олуттуу мааниси бар. Туризмдин мындай чарбачылыгын жакшылап өнүктүрүү, бир жагынан туризм индустриясынын калыптанышын тездетип, экономикалык натыйжалуулугун арттырса, экинчи жагынан жергиликтүү калкты, көбүнчөсү аялдарды, иш менен камсыз кылууга көмөктөшүп, элдин турмуш-тиричилигинин кыйла жакшыруусуна өз үлүшүн кошот. Анын үстүнө кыргыз элинде сувенирлердин ар кыл түрүн кийизден, кездемеден, жыгачтан, таштан, темирден даярдоо эзелтеден бери карай калыптанып, бай тажрыйбага ээ болгон.

Сувенирлерди, түрдүү жасалгаларды даярдоо тармагы туристтердин келишин эле арбытууга көмөктөшпөстөн, ал региондун чарба комплексинин өнүгүшүнө тиешелүү салымын кошот. Анткени, республикадагы рекреация региондорундагы туризм комплексинин басымдуу тармактары жылдын жылуу мезгилинде эле иштейт да, кышкысын тескерисинче калктын белгилүү бөлүгү жумушсуз калат. Ушундай жагдайдан чыгуу максатында улуттук нуктагы сувенирлерди, белек-бечкектерди чыгарууга адистештирилген, эң жаңы жана ийкемдүү жабдуулар менен камсыз кылынган чакан ишканаларды жайгаштыруу зарыл. Ырас, сувенирди

чыгаруу туристтердин келишине жана белек, эстелик катары аларды сатып алышына тыгыз байланыштуу болот.

Кыргызстанда туризмдин өнүгүшүнө республиканын аймагындагы саясий кырдаалдын туруктуулугу жана экономикалык, социалдык абалдын акырындап жакшыруусу олуттуу таасирин тийгизет. Жер шарынын туризм комплекси дурус камтылган айрым региондоруна (мурдагы Югославия аймагы, Кавказдагы) куралдуу жаңжалдардын айынан чет өлкөдөн үстөкө-босток келүүчү саякатчылардын толук токтоп калышы да мындай саясий фактордун мааниси өтө олуттуу экендигин толук ырастайт.

Бир өлкөдөн экинчисине туристтердин катташына, алардын санынын өсүшүнө мамлекеттер ортосундагы дипломатиялык жылуу мамилелер, туризмге байланышкан түрдүү келишимдер, коммуникациянын айрым бөлүгүн жарнакташа пайдалануу, саякатчылыкка байланышкан рекламаларды алмашып туруу сыяктуу факторлордун жалпылай карым-катнашынын дагы таасири күчтүү. Булардын ичинен келген туристтердин кайрадан кеткенге чейинки убакытта алардын аман-эсендигин камсыз кылуу, түрдүү капыстыктан тарткан ыгым-чыгымын кайтарып берүү кепилдиги олуттуу орундардын бирин ээлейт. Каттаган туристтердин ушундай жеке кызыкчылыгын көздөгөн ыкма дүйнөнүн дээрлик бүт өлкөлөрүндө эчактан эле калыптанган.

Дүйнөнүн Кыргызстан сыяктуу тоолуу аймактарына келген туристтердин коопсуздугун камсыз кылуунун олуттуу мааниси бар. Анткени туристтер, бир жагынан тоонун ажайып кооз жаратылыш шартына, табигый байлыктарына кызыгып, келгендердин саны жыл өткөн сайын арбып жатса, экинчи жагынан тоо арасында табигый кырсыктын (жер титирөө, көчкү, селдин жүрүшү, абаырайынын тез өзгөрүлүшү ж. б.) ар кыл түрү эң эле арбын. Ушундан улам жыл бою келүүчү саякатчыларды, эс алуучуларды, туризмге тиешеси бар жеке компания, фирмаларды милдеттүү түрдө камсыздандыруунун социалдык-экономикалык, саясий мааниси өтө олуттуу.

# АЛТЫНЧЫ БӨЛҮМ

## КЫРГЫЗСТАНДА ЭЛ АРАЛЫК ТУРИЗМДИ ӨНҮКТҮРҮҮНҮН КОНЦЕПЦИЯСЫ

Кыргызстандын тоолуу аймагынын жаратылыш шарты жана ар кыл байлыктарынын нугунда эл аралык туризм индустриясынын бир катар келечектүү тармактарын калыптандырууга толук мүмкүнчүлүктөр бар. Белгилүү убакыт соңунан республикадагы жайгашкан курорт, санаторий, эс алуу жайлары, альпинизм комплекстери, аң уулоо жерлери дүйнөнүн түпкүрүндөгү мамлекеттерге чейин айкын болуп келген туристтердин саны кыйла арбый тургандыгында күмөн жок. Ушундай жагдайдын түптөлүшү өз учурунда жергиликтүү калктын белгилүү бөлүгүнүн туруктуу иш менен камсыз болушуна, экономиканын ыкчам өнүгүшүнө тиешелүү үлүшүн кошот.

Кыргыз Республикасынын Президенти өлкөбүздүн социалдык-экономикалык өнүгүү стратегиясында бул тууралуу учурунда эң таамай төмөндөгүдөй белгилеген: «туризм жана курорт-рекреация жагынан тейлөө иши жакынкы жылдары республиканын экономикалык структурасындагы валюта алуудагы башкы тармак болуп калууга тийиш». Чындыгында эле республиканын келечектеги олуттуу социалдык-экономикалык маселелеринин бирине туризмдин зарыл тармактарын калыптандыруу жана чет өлкөдөн келүүчү саякатчылардын валютаны арбын сарптоосуна колдон келген шарттын бардыгын түзүү керек. Экономикалык жагдайдан алып караганда туризмди чарба комплексинин маанилүү тармактарынын бирине айландыруу маселеси турат. Бирок, мындай олуттуу мамлекеттик деңгээлдеги туризмге байланышкан ишти ойдогудай, жеткиликтүү чечүү үчүн талыкпаган эмгек кылуу, арбын каражат табуу жана эл аралык чөйрөдө тиешелүү кадыр-баркка ээ болуу зарыл.

Кыргыз Республикасынын туризм жана спорт боюнча мамлекеттик комитети (азыр министрлик) тарабынан өлкөдө туризмди өнүктүрүүнүн башкы багыттары далай илимий электен өткөрүлүп такталган. Бул багыттагы маселелер негизинен эки топко бөлүнөт.

Бир бөлүгү учур талабына ылайык азыр чечүүнү талап кылса, калган кийинки орчундуу бөлүгүн келечекте, 10—15 жылдын ичинде ишке ашыруу туура болот. Ушундан улам китептин бул бөлүкчөсүндө негизинен туризмдин эртеңки стратегиялык маселелери каралат. Бул орчундуу, чечүүгө арбын күч талап кылуучу туризм индустриясына байланыштуу маселелер негизинен төмөндөгүдөй орчундуу принциптерге таяна тургандыгын адистер талыкпай иликтеп чыгышкан.

Биринчи принцип. Кыргызстандын туризм индустриясын экономикалык башкы багыттарынын бири катары иш жүзүндө жеткиликтүү бышыктоонун зарылдыгы. Анткени, туризм тармактарын калыптандыруу, жоопкерчиликтүүлүк күчөп турган маалда чарба комплексинин мындай тармагы негизинен мамлекеттин көзөмөлүндө болуу менен бирге бүтүндөй келип чыгуучу маселелер өкмөттүк деңгээлде такталып чечилгени табигый нерсе. Ушундай мамлекеттик баскычтагы ыңгайлуу жагдай түзүү аркылуу гана туризмди ыкчам өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлө тургандыгын дүйнөлүк бай тажрыйба толук ырастай алат.

Экинчи принцип. Туризм комплексин, ага карым-катнашы бар экономика тармактарын бир нече жылга чейин өткөөл учур катары аныктап, тиешелүү жеңилдиктерди так аныктоо. Мындай жагдайды кечиктирбей киргизүү, бир жагынан туристтердин келишине мамлекеттик деңгээлде кам көрүлүп, иштин ыкчам жылышына, башкаруунун ийкемдүү жолун табууга көмөктөшсө, экинчи жагынан чет өлкөлүк ишкерлердин каражаттарынын агылып келишине, дурус жагдай түзүлүп, жаратылыш-рекреация ресурстарынын туризм тармактарына чегерелишине олуттуу түрткү берет.

Үчүнчү принцип. Туризм тармактарын толугу менен азыркы эл аралык талапка төп келгидей индустриялаштырууга жетишүү. Себеби, туризмдин өзөгүн түзүүчү тармактарынан тартып көмөкчү, кыйыр чарбачылыгына чейин бирдиктүү, телегейи-тегиз келишкен, кубаттуу системага айландыруу эң татаал, өтө маанилүү иштердин бири катары эсептелет. Ушундай өтө жоопту маселени мамлекеттик баскычта туризмдин түрдүү мекемелерин кылдаттыкта топтоштуруу, адистештирүү аркылуу туура чечүүгө болот. Дүйнөлүк туризмдин басып өткөн бай тарыхы да муну жеткиликтүү аңкерелейт.

Төртүнчү принцип. Кыргызстан келечекте дүйнөдөгү туризм индустриясы мыкты өнүккөн өлкөлөрдүн катарынан орун алууга тийиш. Ушундай баскычка жетүү үчүн республикада туризм тармактарын өнүктүрүүнүн экономикалык түпкү максатын жана милдетин жеткиликтүү айгинелөөчү мамлекеттик деңгээлдеги комплекстүү иштерди жүргүзүүнү аныктап чыгуу талап кылынат.

Жогоруда көрсөтүлгөн туризмди өнүктүрүүнүн негизги принциптерин ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн эң алды менен мамлекет

тарабынан атайын туризм боюнча корпорация уюштуруу зарылчылыгы келип чыгууда. Бул мекеме республикадагы туризм тармактарынын калыптанышын, туризм инфраструктурасын жеткиликтүү, ар тараптан өнүгүшүн, экономикалык механизминин бышыкталышын, сапаттуу рекламаны чыгарууну жана дүйнөнүн көп өлкөлөрүнө таратууну иликтеп, жеке менчиктин нугундагы туризм ишин өркүндөтүүгө көмөк көрсөтөт. Ушул сыяктуу мамлекет аркылуу уюштурулган туризм алкагындагы мекемелер азыр дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө калыптанып, ийгиликтүү иш жүргүзүп жатат. Ырас, мындай мааниси олуттуу мекемелердин ээлеген орду, аткарган жумушу жана көлөмү жагынан бири экинчисинен кыйла айырмаланып турат.

Кыргызстанда эл аралык туризм тармактарын өнүктүрүүнүн мамлекеттик деңгээлдеги программасынын түпкү өзөгүн түзүүчү иштерди учурунда аткаруунун жана көзөмөлгө алуунун социалдык-экономикалык жактан олуттуу мааниси бар. Мындай орчундуу стратегиялык маселелерге, биринчи кезекте, туризмдин индустриялык негизин түптөөнү, тармактарын арбытууну, чет өлкөдөн келүүчү туристтердин келишин күчөтүүнү жана туризмден түшүүчү кирешенин натыйжалуулугун арттырууга байланышкан экономикалык маселелердин механизмин калыптандырууну кошууга болот.

Кыргызстанда туризм индустриясын ийгиликтүү калыптандыруу үчүн республикага келүүчү саякатчылардын географиясын аныктоону маркетинг нугундагы илимий иликтөөлөрдүн негизинде жүргүзүү кыйла үзүрлүү келет. Анткени, туризмди өнүктүрүү процессинде, бир жагынан жергиликтүү аймактын жаратылыш-рекреация потенциалы, калкынын социалдык экономикалык жагдайы эске алынса, экинчи жагынан ал жердин экономикалык-географиялык абалы, коңшулаш өлкөлөрдүн карым-катнашы, тышкы экономикалык байланышынын деңгээли олуттуу орунду ээлейт.

Кыргызстандын аймагынын басымдуу көпчүлүгүн бийик тоолор ээлеп жатат. Олуттуу туризм комплекстерин эл аралык талапка туура келгидей даярдоого арбын каражат керектелет. Эми жаңыдан калыпка түшө баштаган экономика тармактары мындай ири каражатты берүүгө али жарамсыз. Ушундан улам республикада жакынкы жылдары чет өлкөлүк туристтердин кызыгуусун пайда кылуучу, валюталарын жумшоого түрткү болуучу, капиталдык салымды салыштырмалуу аз талап кылуучу туризм жайларын курууга көңүл бөлүнүп жатат. Ушул өңүттөн алып караганда республиканын ыңгайлуу жерлеринде тоо арасына ылайыктуу (ат, топоз минип жана жөө кыдыруу туризми, треккинг ж. б.) туризм түрлөрүн, альпинизмди, суу туризмин (жел кайык, кол кайык, моторлуу кайык менен сейилдөө), спелеотуризмин, автотуризмин,

велотуризмин өнүктүрүү кыйла пайдалуу. Мындан тышкары чет өлкөлүктөрдү кыйла кызыктыруучу, уюштурууга мүмкүн болуучу зоология, ботаникалык орнитологиялык (коруктарда жана заказниктерде) туризмди, нукура улуттук маанайдагы (эзелтен калыптанып калган оюндар, үрп-адаттар, эпостор, музыкалык аспаптар менен таанышытыруу, сувенирлер, белек-бечкектер, кийим-кечектердин жарманкесин уюштуруу ж. б.) туризмдин тармактарын кеңейтүү зарыл болууда.

Туризм тармактарынын жогоруда белгиленген түрлөрүнүн ичинен чет өлкөлүк саякатчы, эс алуучулардын арасына кеңири тарала баштаган бүркүт таптап, куш салган аңчылык туризмин жана экологиялык туризмди, ошондой эле дүйнөгө кеңири таанымал, баалуу, сейрек кездешүүчү (аркар, кулжа, тоо эчки ж. б.) жаныбарларга аңчылык кылууну жагдайга ылайык кеңейтүүсүнүн экономикалык, социалдык мааниси кыйла терең. Ырас, тоолуу аймактарда, айталык Австрияда, Италияда, Францияда, Германияда эң мыкты өнүккөн жылгаяк тебүү спортун жергебизде ыкчам калыптандыруу, колдогу болгон азыркы курорт-санаторий, эс алуу мекемелериндеги тейлөө ишин талапка жооп бергидей абалга жеткирүү жана материалдык-техникалык абалын оңдоо учурдун эң олуттуу маселелерине кирет.

Туризм индустриясы Кыргызстанда жаңыдан эле калыптана баштаган шартта, али дүйнөгө анчалык тааныш эмес жерлерди кыдыргысы келген, кыйынчылыктан тайманбаган, каражатын сарптай билген, атүгүл өз керт башын тобокелге салуучу туристтердин тобун кабыл алууга адистештирүү каралууда. Туристтердин мындай топтору, адатта, инфраструктуранын эл аралык талапка төп келүүчү түрлөрүн үзүлүп-түшүп талап кылбайт да, анчамынча ыңгайсыздыктарга анчалык көңүл бөлбөстөн, (тигилген боз үйлөрдө, чатырларда же тоо арасындагы жупуну салынган имараттарда конуп-түнөп) ал жердин жаратылышын, элдин үрп-адатын, маданиятын, улуттук көрөңгөдө даярдалган жасалгалардын, буюм-теримдин түпкү сырын билүү нугунда көп убакыт жумшайт. Ушундай республика үчүн ыңгайлуу, белгилүү өлчөмдө валюта түшүүчү туризмдин түрлөрүн өнүктүрүү эң туура экендигин чет өлкөдөн атайын келип көмөк көрсөтүп жаткан эксперт-адистер дагы толук ырастайт. Кыскасы туризм индустриясы калыптандыруунун концепциясынын алгачкы баскычында тоо арасында, көл жээктеринде жер көрүүгө куштар туристтерге ылайыкталган чакан турбазаларды, кемпингдерди, мотелдерди куруу биздин тоолуу аймагыбызга ылайыктуу экендигине шек жок.

Келечекте Кыргызстан дүйнөнүн кайсыл бөлүгүнөн туристтерди арбын тартуу маселесин азыртадан туура, так чечүүсүнүн да олуттуу мааниси бар. Узак мезгилден берки бай тажрыйбага кайрылып, жеткиликтүү иликтөө соңунан Кыргызстанга дүйнөнүн

көп мамлекеттеринен, эң алды менен жер шарын экономикалык кубаттуулугу жагынан титиреткен жети өлкөнүн (АКШ, Япония, Германия, Франция, Италия, Улуу Британия жана Канада), Скандинавия аймагынын, Чыгыш, Түштүк-Чыгыш, Түштүк-Батыш Азиядагы чарба комплекси эң мыкты өнүгүп жаткан өлкөлөрдүн (Корея Республикасы, Малайзия, Гонконг, Тайвань, Сингапур, Түркия, Таиланд, Кувейт, Сауд Аравиясы ж. б.), ошондой эле аянты эң чоң өлкөлөрдүн (Кытай, Индия) туристтери келе тургандыгы такталган. Бул багыттагы айрым өлкөлөрдүн туристтеринин жыл өткөн сайын сыртка чыгуусу арбып жаткандыгын белгилей кетүү зарыл. Мисалы, 1993-ж. Тайвандан 3,5 млн., Гонконгдон 2,0 млн. жакын киши турист катары дүйнөнүн башка өлкөлөрүндө болуп келишкен. Келечекте мындай саякатчылардын, эс алуучулардын саны кыйла көбөйө тургандыгы белгилүү болууда. Мындан тышкары Россия, Украина, Казакстан жана Өзбекстан сыяктуу өлкөлөр менен Кыргызстандын, айрыкча Ысык-Көл курорт районунун эчактан калыптанып калган туризм нугундагы байланышы бар. Келечекте ушундай байланыш кыйла күч алуусу үчүн олуттуу көңүл бөлүүнү талап кылат.

Туризмдин эл аралык деңгээлдеги өнүгүшүнө жетишүү үчүн республика дүйнөнүн көп өлкөлөрү, олуттуу мекемелери менен тыгыз байланышта болушу табигый көрүнүш. Айрыкча, туризм боюнча жер шарына бүтүндөй таанымал Бүткүл дүйнөлүк туристтик уюм, турагенттерволордун дүйнөлүк федерациясынын ассоциациясы, Эл аралык туристтик альянс, Эл аралык мейманканалар ассоциациясы, Азия өлкөлөрүнүн жана Тынч океандын турассоциациясы сыяктуу ар кыл эл аралык туристтик уюмдардын ишине дайыма катышып, алака түзүүнүн зор мааниси бар. Анткени, дүйнөлүк алкакта турмуш элегинен өтүп, калыптанып калган базар мамилелери сыяктуу эле туризм базарынын өзүнө тиешелүү өзгөчөлүгү, купуя сырлары бар экендиги маалим. Туризм индустриясы жакшы өнүккөн өлкөлөр жана туристтерди тейлөөчү ар кыл мекемелер эл аралык уюмдарга мүчө болууга, дайыма байланыш түзүүгө болгон аракеттерин жасайт. Себеби, ушундай ыкма аркылуу гана, ар бири өз баркын көтөрүп, улам күч алып жаткан туристтер үчүн айыгышкан атаандаштык алкагында турушту берүүгө ыңгайлуу, ишенимдүү жагдай түзүлөт. Албетте, туризм нугунда иш жүргүзгөн фирма же компания, мамлекет жогорудагы белгиленген кадыр-барктуу уюмдарга мүчөлүккө эле катталып тим болбостон, финансылык жагынан дагы кызыкчылыгы келип чыгат. Тактап айтканда, уюмдарга мүчө болгон өлкөлөргө белгилүү өлчөмдө жардам көрсөтүлүп, транспорт комплексинде, тейлөө чөйрөсүндө тарифтерин жогорулатууга ыңгайлуу жагдайлар түзүлөт. Мындан тышкары ушундай уюмдар аркылуу туризм тармактарын тейлөөчү мыкты адистерди даярдоого, эл

аралык туризм алкагынан так маалымат алууга, рекламаларды таратууга, туризм ишине түздөн-түз байланыштуу жармаңкелерди өткөрүүгө, турбиржаларды, көргөзмөлөрдү уюштурууга да жеткиликтүү мүмкүнчүлүк түзүлөт. Ушундай туризмди өнүктүрүүгө эң зарыл жагдайлардан келечекте Кыргызстан дагы тиешелүү энчисин алууга карата комплекстүү иш-чараларды иштеп чыгып, түрдүү камылганы эмитен көрүшү табигый көрүнүш.

Кыргызстандын аймагынан орун алган алты областтын жаратылыш-рекреация ресурстары, туризм-курорт потенциалы жактан бири экинчисинен кыйла айырмаланат. Ошондуктан республиканын аймактары боюнча туризм индустриясын өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасын даярдап, аны ишке ашырууда ар бир аймактын тигил же бул өлчөмдөгү маселелерин толук эске алуу зарыл. Мисалы, туризмди өнүктүрүүдө ар аймактын потенциалдык мүмкүнчүлүгү, экологиялык жагдайы, келечекте түшүүчү кирешенин өлчөмү сыяктуу көрсөткүчтөрүнө карата капиталдык салымдарды бөлүштүрүү иштин илгерилеп кетишине өбөлгө түзөт.

Улуу жибек жолу өткөн жерлердин жаратылыш-рекреация потенциалын өздөштүрүү республиканын эл аралык туризмин өнүктүрүүнүн келечекте башкы өзөгүн түзөт. Дүйнөнүн түндүгү менен түштүгүндөгү, батышы менен чыгышындагы экономикасы мыкты өнүккөн өлкөлөрдү байланыштырууга көмөк көрсөтүп, туризм тармактары боюнча алака түзүлүп, келген-кеткен эс алуучулардын, саякатчылардын саны кыйла арбыйт. Мисалы, Улуу жибек жолунун Кыргызстан аркылуу өтүүчү Кашкар — Нарын — Балыкчы — Бишкек — Жамбул — Талас — Жалал-Абад — Ош — Самарканд бутакчасы азыркы туризм тармактарына төп келип, республикага миллиондогон кирешени алып келе тургандыгын эл аралык туризмде иши менен таанымал болгон эксперттердин чыгарган тыянагы толук ырастап олтурат. Ушундай дүйнөлүк деңгээлге чыгуучу туризмге тиешелүү саамалыкты ойдогудай калыптандырууда ПРООН, ЮНЕСКО сыяктуу эл аралык кадыры зор уюмдар менен тыгыз байланышта болуу, көмөгүн көрүүнүн олуттуу мааниси бар. Анткени, Улуу жибек жолунун бутакчаларын бирдиктүү системага салып, жалпы эл аралык масштабдагы программаны даярдоодо дүйнөдөгү бир катар мамлекеттер менен бирге жогорудагыдай олуттуу мекемелер катыша тургандыгы талашсыз иш. Мисалы, Кыргызстан, Кытай, Түркия, Иран, Казакстан, Өзбекстан, Түркмөнстан мамлекеттеринин тиешелүү туризм мекемелери менен чогуулай Улуу жибек жолунун кылым карытар долбоорун азыркы жагдайдын нугуна ылайыктап даярдоо, акырындап ишке ашыруу зарылдыгы келип чыгууда. Мындай зор, жоопту ишти аткаруу Кыргызстандын, Борбордук Азиянын же бүтүндөй Азиянын гана эмес, дүйнөлүк деңгээлдеги туризм индустриясынын өнүгүшүнө зор үлүшүн кошот.

Кыргызстанда туризм индустриясын калыптандырууга тиешелүү курулушту жүргүзүү, башкаруу ишин бир нукка салуу боюнча чет өлкөлөрдөн, айрым ири уюмдардан тиешелүү өлчөмдө инвестициянын агылып келишин камсыз кылуу боюнча жеткиликтүү иштерди аткаруу туризмге багышталган мамлекеттик программанын орчундуу бөлүгү болуп саналат. Туризмдин дүйнөлүк алкагындагы базар мамилелеринин шартындагы чексиз атаандаштыктын нугунда чет өлкөлөрдүн капиталдык салымдарын биздин республиканын аймагына оодарып келүү кыйла татаалдыгына карабастан тиешелүү шартты түзүү, мүмкүнчүлүк берүү эң олуттуу маселелердин бири. Ырас, Кыргызстандагы саясий кырдаалдын туруктуулугу, ушул багыттагы иштердин кыйла кеңейиши, республиканын тышкы экономикалык саясатынын туура нукта илгерилеши, кен байлыктын сапаттуу түрлөрүнүн орун алышы чет элдик инвестициянын келишине өз үлүшүн кошуп, башкы факторлордун өзөгүнө айланат.

Кыргызстандын туризм индустриясын калыптандырууга тиешелүү каражатынын белгилүү бөлүгүн чет мамлекеттик инвестициянын жардамы аркылуу жабдууга туура келет. Ушундай жагдайда инвестициянын агылып келишин экономикасы мыкты өнүккөн алыскы АКШ, Германия, Япония, Франция, Канада сыяктуу өлкөлөрдөн эле илиптебестен, ошондой эле Түштүк-Чыгыш Азиядагы (Сингапур, Гонконг, Таиланд, Индонезия, Малайзия сыяктуу) мамлекеттерден, коңшулаш Казакстан, Өзбекстан, Россиядан да акмалоонун түпкү көрөңгөсү жетиштүү. Ушул тапта бул багыт боюнча бир катар иштер аткарылып жатат. Алсак, өкмөттөр аралык кредиттин (25 млн. доллар) эсебинен «Ак-Кеме-Пинара» аттуу төрт жылдыздуу кыргыз-түрк мейманканасынын Бишкек шаарында салынышы, Италиянын «Кавитал» аттуу Консорциуму тарабынан «Кыргызстан» мейманканасын реконструкциялоо аркылуу үч жылдыздуу мейманканага айландыруу үчүн 25 млн. жакын доллар бөлүнгөндүгүн белгилей кетүү жетиштүү. Ошондой болсо дагы бул майданда али иштелүүчү иштер көп, баштан өткөн тажрыйба эң эле аз экендигин моюнга алуу керек. Туризм алкагында республиканын жүргүзгөн жумуштарынын басымдуу бөлүгү тилекке каршы, эл аралык практика менен шайкеш келбей калган учурлар кездешет.

Кыргыз Республикасынын экономика министрлигинин маалыматына ылайык туризм тармактарын өнүктүрүүгө эң кеминде 60 млн. доллар жумшала тургандыгы белгиленген. Ырас, бул табылуучу каражат негизинен туризм комплексине тиешелүү 910 орунга ылайыкталган (мейманканалар, капчыгайлардын ичинде салынуучу чакан эс алуучу жайлар, аңчылар түнөгү ж. б.) түрдүү жайларды камтыйт. Бул жумшалуучу каражат келечектеги кыргыз туризм индустриясын калыптандыруунун бир бөлүгүн гана

камсыз кылууга жарайт. Жалаң туризмдин инфраструктурасына тиешелүү тармактарды жакшыртууга жана жаңыларын курууга (аэропортторду, жолдорду, байланыш түйүндөрүн реконструкциялоого, авиация, автомобиль, темир жол парктарын жаңылоого, эң жаңы жабдууларды сатып алууга, тиешелүү өлчөмдө, базар мамилелерине шайкеш келгидей адистерди даярдоого) эле жүз миллиондогон доллар сарптала тургандыгы белгилүү.

Республика боюнча бүтүндөй туризм индустриясын калыптандырууга жумшалуучу каражаттын жалпы өлчөмү али белгисиз. Бул бир жагынан, туризмдин негизги багыттарынын айрым бөлүктөрүн өнүктүрүү боюнча кийинки кезде экономикалык саясаттын өзгөрүшүнө байланыштуу болсо, экинчи жагынан, туризм тармактарына багышталып даярдалган ар кыл долбоор иштери кыйла эскирип, объектиге белгиленген баасы да эскирип, эң башкысы дүйнөлүк стандартка төп келбей калгандыгында. Анын үстүнө убакыт илгерилеген сайын инвестиция берүүгө дилгир өлкөлөрдүн географиясы дагы улам өзгөрүлүп жатат. Анткени, эл аралык эксперттердин иштөөсү боюнча Кыргызстан калган шериктеш өлкөлөрдөй эле экономикалык пункттан алып караганда финансылык опурталдуу аймактарга кирет. Бул туризмди ийгиликтүү өнүктүрүүгө кедерги болуучу факторлордун бирин ээлейт. Эң башкысы азырынча республикага чет өлкөлүк инвестициянын келишин ийкемдүү теске салып туруучу, иштиктүү механизмдин али жоктугу болуп саналат. Туризм алкагында берилүүчү белгилүү өлчөмдөгү айрым жеңилдиктердин жоктугу албетте экономикалык механизмдин түпкү өзөгүн түзөт.

Туризм комплексин ийгиликтүү калыптандырууга чет өлкөлөрдөн, ошондой эле улуттук ишкерлерден инвестиция топтоонун ийкемдүү механизми дүйнөнүн бир катар мамлекеттеринде эчак эле иштелип чыккан. Алсак, Түркиядагы бул боюнча калыптанган ишти мисал катары белгилөөгө болот. Айтмакчы, мында мамлекеттик пландаштыруу органдары инвесторлорго «жеңилдетилген инвестиция сертификаты» аттуу атайын уруксат беришет. Мындай документтин эрежесине ылайык курулуучу мекеменин сыйымдуулугу 100 орундан кем эмес, жумшалуучу каражаттын наркы болсо 120 млн. лирден ашуун болууга тийиш. Ошол эле учурда Түркиянын туризм министрлиги тарабынан «Туризмдеги инвестиция тууралуу сертификат» документи берилет. Ушундай кагазга ээ болгон мекеме же жекече ишкер бул тармакты инвестициялоого мүмкүнчүлүк алат. Натыйжада, сырттан келүүчү инвестициянын өлчөмү кыйла арбыйт, атаандаштык күчөйт. Ал эми өкмөт тарабынан долбоору жактырылгандарына жана сертификаты бар инвесторлорго, адатта тиешелүү жеңилдиктер берилет. Тактап айтканда, долбоорунун маанилүүлүгүнө карата түшкөн кирешенин өлчөмү 30% тен 100% ке чейин жеткендери салык төлөбөйт, өлкө-

гө алынып келүүчү жабдууларга бажыканадан төлөөчү салыктан куткарылат; курулуш ишиндеги жана түрдүү мүлктөргө салынуучу салыктан бошотулат; жылына чогултулуучу валюта салыгынан (валюталык кирешенин 20%) дагы четтетилет. Мындан тышкары өкмөт тарабынан төмөндөгүдөй жеңилдиктерди берүү жагы да каралган: туризм жайларын курууга мамлекет тарабынан процентсиз жеңилдетилген же үчтөн он беш жылга чейинки мезгилди камтыган процентттүү кредит берүү; ишке чегерилген туристтик мекемени же ишкананы бир жылга чейин салыктын бүт түрүнөн бошотуу; туризм алкагындагы мекемелердин 49 жылга чейин жерге аренда төлөөсүн кыйла азайтуу; сууга жана энергияга жеңилдетилген тариф боюнча төлөтүү.

Түркиядагы ушундай так жана комплекстүү чаралардын ойдогудай ишке ашуусунан улам өлкөгө агылган чет өлкөлүк инвестициянын өлчөмү 1983—1987-жылдардын аралыгында эле 127 млн. доллардан 536 млн. долларга чейин жеткен. Бул Түркиядагы жалпы экономика алкагындагы көрүнүш. Ал эми туризмге чегерилген мындай инвестициянын көлөмү ушул жылдары 1,84 млн. доллардан 132,7 млн. долларга көбөйгөн. Бүгүнкү күнү бул өлкөдөгү бүтүндөй инвестициянын 25,0% үлүшү туризм индустриясына таандык. Түркиядагы ушундай ишке ашып жаткан бай тажрыйбаны Кыргыз Республикасындагы түптөлүп калган эл аралык туризминде ийгиликтүү калыптандыруу үчүн иликтеп-талдоо, регионалдык өзгөчөлүктөрдү эске алуу аркылуу колдонуу зарыл. Анткени, туризм комплексинин иштөө механизмин түзүүдө четтен келүүчү инвесторлорго белгилүү ченемде жеңилдик берүүнү киргизбей туруп, көздөгөн максатты ишке ашыруу өтө кыйын экендиги талашсыз.

Келечекте туризм индустриясынан түшүүчү кирешени көбөйтүүнүн натыйжалуулугун арттыруунун экономикалык механизмин түзүү мамлекеттик программанын олуттуу маселелеринен болуп саналат. Бул багыттагы дүйнөлүк бай тажрыйбага ылайык туристтердин келишин кыйла арбытуу аркылуу түшүүчү кирешенин (валютанын) үлүшүн арттыруу көпчүлүк учурда тышкы экономикалык базар мамилелериндеги айыгышкан атаандаштыкка туруштук берүүчү туризм тармактарын калыптандырууга тыгыз байланыштуу болот.

Экономикалык жактан караганда туризм комплексиндеги тейлөө ишине, ал өлкөдөгү товарларды чет өлкөлөргө экспорттоого колдонулган жеңилдетүүчү ыкмаларды кеңири киргизүү талап кылынат. Ушундай нуктагы ийкемдүү ыкмалар дүйнөдөгү туризм индустриясы жакшы өнүккөн мамлекеттерде кеңири керектелет, Мындан тышкары туристтердин арбын келишин, рекреацияга тиешелүү инфраструктуранын тез өнүгүшүн камсыз кылуу үчүн туризмден алынуучу салыктын өлчөмүн белгилүү мезгилге чейин

азайтып, андан түшүүчү каражатты толугу менен туризмдин материалдык-техникалык базасын чыңдоого, эл аралык талапка ылайык улам өзгөрүлүп туруучу сервистерди уюштурууга жумшоо бул тармактын натыйжалуулугун кыйла арттырмакчы.

Туризм индустриясы дурус өнүккөн Испания, Португалия, Греция, Мексика, Түштүк Корея, Тайвань, Гонконг, Италия, Сингапур сыяктуу дүйнө өлкөлөрүндөгү бай тажрыйбага ылайык республикадагы туризмге тиешелүү мекеме, ишканалардын басымдуу көпчүлүгүнүн келечекте жеке менчикке өтүшү базар мамилелеринин эң зарыл баскычы болуп саналат. Ушундай саамалыкты эң алды менен мейманканаларда, ресторандарда, кафелерде, транспорт комплексинде тейлөөдөн, сувенирлерди, улуттук маанайдагы жасалгаларды, белек-бечкектерди даярдоочу ишканалардан баштоо кыйла натыйжалуу келет. Мындан тышкары рекреация объектилериндеги тейлөө ишин эл аралык талапка толук жооп бергидей абалга жеткирүү үчүн алгач жылдары чет өлкөдөн атайын такшалган менеджерлерди чакырып, контракт аркылуу иштетүү үзүрлүү жыйынтык берет.

Туризм индустриясын ийгиликтүү калыптандырууга укук жана норматив базасын туура, ийкемдүү даярдоонун олуттуу мааниси бар. Туризм тармактары жакшы өнүккөн дүйнө өлкөлөрүнүн бардыгы ушундай олуттуу маселени учурунда басып өткөн жана айрым материалдары эл аралык туризм талабына ылайык өзгөрүлүп, жаңыланып турат. Ушундай өлкөбүз жаңыдан туризмдин дүйнөлүк алкагына аралаша баштаган жагдайда Кыргыз Республикасынын «Туризм жөнүндө» мыйзамын тиешелүү деңгээлде кабыл алуу зарылчылыгы келип чыгууда. Мыйзамдын негизги өзөгүн туризм индустриясынын алкагындагы мамлекет менен жеке менчик секторунун карым-катышы, келүүчү туристтердин тейлөнүүсү, жаратылыш байлыктарын пайдалануу, аларга төлөөнүн өлчөмү сыяктуу принциптери түзөт. Мындай зарыл мамилелердин түпкү тегин туризм индустриясынын белгилүү аймактарын уюштуруу жана булардын өз алдынча, үзгүлтүксүз иштеши үчүн юридикалык жактан бекемделген туруктуу механизмин даярдап чыгуу зэлейт. Мындан тышкары республиканын жаратылыш-рекреация байланыштары мол, келечеги кең аймактарында экономикалык эркин тилкелерин ачууну мыйзам ченеминде бышыктоонун дагы олуттуу мааниси бар. Туризм тармактарында эс алуучулардын, саякатчылардын кызыкчылыгын, коопсуздугун камсыз кылуу, тейлөө кызматынын сапатын жакшыртуу, тазалык, экологиялык жагдай боюнча тиешелүү ишти камсыз кылуу максатында лицензия жана сертификат системасынын омоктуу принциптерин ийге келтирүү зарыл.

Кыргызстандын туризм индустриясын бүткүл дүйнөгө жеткирүү, кеңири даңазалоо максатында маалымат ортомун уюштуруу-

нун да экономикалык жактан эң зор мааниси бар. Бул багытта ишти жылдыруу, көздөгөн мүдөөгө жетүү үчүн төмөндөгүдөй маселелерди чечүү талап кылынат. Эң алды менен, республиканын ажайып кооз жаратылышын, асман тиреген тоолорун, рекреация ресурстарын, элдик нукура улуттук түркүн жасалгаларын, үрп-адаттарын эл аралык туризм жаатындагы мекемелерге жетиликтүү кабардар кылуучу, жакшы ой калтыруучу өз алдынча программа даярдоо талап кылынат. Туризм комплексинин жалпы абалын, рекреация байлыктарын пайдалануу өзгөчөлүгүн, мекемелердин адистештирилишин, келечектеги өнүгүү потенциалын так, кыска баяндаган рекламаларды чыгаруу, таратуу ишин колго алуу базар мамилелеринин шартындагы олуттуу маселенин бири экендиги талашсыз. Ал эми эл аралык маанидеги, кадыр-барктуу туризм нугундагы көргөзмөлөргө, фестивалдарга, биржаларга, жармаңкелерге, илимий жыйындарга көбүрөөк катышуу республикага чет өлкөлөрдөн туристтердин көп келишине кыйла таасирин тийгизе тургандыгы бай тажрыйба аркылуу эчак эле аныкталган.

Дүйнөлүк туризм бизнесинде транспорт комплексинин экономикалык олуттуу мааниси бар. Жер шарындагы транспорт түрлөрү дурус өнүккөн региондордо жана мамлекеттерде туризм индустриясы да ойдогудай калыптангандыгы айкын.

Кыргызстандын туризм индустриясын ийгиликтүү өнүктүрүүгө транспорт комплексинин ичинен аба жолдору олуттуу мааниге ээ. Азырынча республикадан дүйнөнүн түрдүү өлкөлөрүнө каттаган туруктуу маршруттары дээрлик жокко эсе. Чет мамлекеттен келүүчү туристтердин басымдуусу азырынча Казакстан, Өзбекстандын туристтик мекемелери аркылуу тейленет, анткени, Ташкент — Лондон, Алма-Ата — Франкфурт-на-Майне сыяктуу туруктуу, түз каттоочу аба жолдору ачылган. Ушундан улам жакын арада «Манас» аэропортун эл аралык талапка толук жооп бергидей даярдап, Лондон — Бишкек — Пекин, Франкфурт-на-Майне — Бишкек — Гонконг сыяктуу «Аэробус» же «Боинг» классындагы самолёттор менен тейлөөчү туруктуу транзит авиарейстерин уюштуруу учур талабына төп келүүдө. Кийин Европадагы жана Азиядагы бир катар өлкөлөргө Бишкектен, Оштон, Караколдон түз, туруктуу каттай турган авиарейстерин ачууну турмуштун агымы өзү талап кылат. Албетте, мындай олуттуу маселени аягына чейин так, ойдогудай чечүү үчүн далай каражат, талыкпаган эмгек, чыгармачыл изденүүлөр, ар кыл байланыштар талап кылынат.

Кыргызстанда туризмди комплекстүү өнүктүрүүгө тиешеси бар чарбанын башка тармактарынын мекемелери менен карым-катнашты туура иликтөөнүн да олуттуу таасири бар. Анткени, туризм жаңыдан калыптана баштаганда түрдүү жана олуттуу маселелер боюнча министрликтин, ири мекемелердин деңгээлинде (экономика, финансы, транспорт, өнөр жай жана соода, байланыш, айыл

чарба министрликтери, мамкоминвест, бажыкана ж. б.) бир катар жумуштарды чогулай жасоого туура келет. Ушундай жагдайда Кыргыз Республикасынын туризм жана спорт министрлиги менен республиканын башка мекеме, ишканаларынын ортосунда, айрым келишпестик, түшүнбөстүк, тоготпостук, тоң мамилелер келип чыгышы табигый көрүнүш. Муну туризм жакшы өнүккөн өлкөлөрдүн өткөн тажрыйбасы да толук ырастайт. Мамлекеттин деңгээлиндеги ишти, туризм индустриясын калыптандыруунун маселелерин жеткиликтүү чечүү үчүн министрликтердин, ведомстволордун өкүлдөрүнүн катышуусу менен дасыккан чет өлкөлүк адистерди чакырып, ушул багыттар боюнча симпозиумдарды практикалык семинарларды өткөрүп туруу керек.

Кыргызстанда туризм индустриясынын калыптануусун жана экономиканын башка тармактарына анын тийгизген таасирин таамай чагылдырган жетиштүү сандагы маалымат али жок. Ушундан улам келечекте статистикалык так маалымат берүүнүн учур талабына шайкеш келгидей системасын түптөөнүн зор мааниси бар. Мындай ишти жандандыруу аркылуу туризм тармактарынын натыйжалуулугун аныктоого, иштиктүүлүгүн толук баалоого, кирешенин өлчөмүн так билүүгө, көзөмөлдөөгө, ошондой эле келечектеги негизги багыттарын аныктоого, өзгөртүүгө кыйла мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Туризм индустриясын ойдогудай калыптандыруу жана өнүктүрүү үчүн тиешелүү өлчөмдө адистерди даярдоонун, ошондой эле көп баскычтуу, үзгүлтүксүз системасын түптөөнүн социалдык-экономикалык олуттуу мааниси бар. Бул багытта мейманканалардагы тейлөө иштерин комплекстүү ийге келтирүүчү менеджерлерди, туризм индустриясынын тармактарына керектүү ар кыл кызматкерлерди (туризм боюнча мамлекеттик органдар үчүн турагенттерди, туроператорлорду, экономисттерди, финансисттерди, маркетинг боюнча адистерди ж. б.) даярдоо иштери жүргүзүлүшү керек.

Дүйнөлүк тажрыйбага ылайык Кыргызстанда туризм кадрларын даярдоону үч баскычта уюштуруу ыңгайлуу. Биринчи баскычында, адистештирилген мектептерди ачып, анда экономиканын бай тарыхы, коммерциянын өзөгү, чет тилдери сыяктуу сабактарга басым жасалат. Экинчи баскычында, коммерциялык нуктагы кесипчилик окуу жайларын уюштуруу. Мында эң керектүү адистерди (официанттарды, ашпозчуларды, туристтерди кабыл алуучу жана жөнөтүүчү кызматкерлерди ж. б.) даярдоого ыңгайлаштырылат. Ал эми үчүнчү баскычында болсо коммерциялык негиздеги университет ачуу туура болот. Окуу жайында негизинен мейманканаларга менеджер, транспорт комплексин тейлөөчү кызматчылар, экономисттер, финансисттер компьютер системасын тейлөөчүлөр сыяктуу эл аралык талапка жооп бергидей адистер даярдалат.

## КОРУТУНДУ

Дүйнөлүк экономика тармактарынын ичинен туризм комплекси келечекте кирешелүү тармак катарында эң алдыңкы орундардын бирин ээлей тургандыгы окумуштуулар, дасыккан адистер тарабынан эчак эле далилденген. Бирок, жер шарынын региондору менен өлкөлөрүндөгү туризмдин жаратылыш потенциалы азыркы абалы жана келечекте өнүгүшү боюнча олуттуу айырмаланат. Ушундай өңүттөн алганда Кыргызстандын тоолуу аймагынын жаратылыш шарттары, рекреация байлыктары туризм тармактарын өнүктүрүүгө тубаса ыңгайлуудай эсептелинет.

Ырас, жаратылыш-рекреация ресурстарынын молдугуна карабастан Кыргызстанда туризм комплексинин өнүгүү деңгээли али кыйла төмөн. Туризмдин тармактары жаңыдан калыптанып, тейлөө сапаты жагынан эл аралык талапка жооп бербейт. Бул багытта алдыда далай чымыркапган зор иштер күтүүдө. Ушундан улам бул чакан окуу китепчесинде туризмдин басып өткөн жолунан, илимий-теориялык өзөгүнөн тартып, республиканын туризмди өнүктүрүүгө ыңгайлуу шарттары, учурдагы абалы жана келечектеги негизги өнүгүү багыттары боюнча материалдар, ой толгоолор, сунуштар жыйынтыкталып берилди. Булардын ичинен Кыргыз Республикасынын аймагын рекреация жагынан райондоштуруу жана Ысык-Көл курорт, Чүй, Түштүк Кыргызстан, Тянь-Шань жана Талас сыяктуу рекреация райондорунун ар биринин жаратылыш потенциалынын нугунда туризмдин азыркы эл аралык талапка жооп бергидей борборлорун калыптандырууну иликтеген материалдар олуттуу орунду ээлейт. Албетте, республика боюнча туризмдин бүтүндөй инфраструктурасын дүйнөлүк талапка төп келгидей сапатта даярдоо, ошондой эле тоолуу аймакта эл аралык маанидеги туризмди өнүктүрүүнүн жалпысынан камтылган концепциясына багышталган материалдар окурмандарга белгилүү өлчөмдө таасирлүү маалымат берүүгө, ушул багыттагы алардын көз карашын калыптандырууга бир аз болсо дагы үлүшүн кошушу мүмкүн.

## ТУРИЗМГЕ ТИЕШЕЛҮҮ ОРУСЧА-КЫРГЫЗЧА АЙРЫМ ТЕРМИНДЕР

**Адаптация на курорте — Курортко ыңгайлануу** — курортко келген адамдын организминин жаратылыш шартына карата калыптануусу. Курорт аймагынын жаратылыш комплекси (тоо, чөл, токой, климат ж. б.) жана жашоо шарты эс алуучулардын көпчүлүгүнүн ден соолугуна олуттуу таасирин тийгизет. Ошондуктан курортко жиберүүдөн мурда адамдын ден соолугунун жалпы абалы, тийиштүү оорусу атайын изилдөөдөн өткөрүлөт. Мисалы, бийик тоолуу жерлерде жайгашкан курортторго эс алуучулардын же оорулуулардын бардыгын жиберүүгө болбойт.

**Альпинистский лагерь — Альпинисттик лагерь** — альпинисттерди машыктырууга ылайыктуу шарты бар окуу-спорт базасы. Бул тоолуу аймактарда жайгаштырылып, жайдыр-кыштыр мезгил-мезгили менен иштейт. Азыркы талапка жооп берүү үчүн жакшы жабдылган база, турак-жай, ашкана, альпинист шаймандарын берүүчү прокат жайы, методикалык жана медициналык жардам бөлүмдөрү болууга тийиш.

**Аэротерапия — Аэротерапия** — адамдарды дарылоо жана ден соолугун чыңдоо үчүн абанын касиетин пайдалануу. Кийинки мезгилде медицина тармагында оорулууларды сакайтууга табигый ресурстарынын кеңири колдонула баштаган ыкмаларынын бир түрү. Азыр рекреация курорт комплекстеринде көп колдонулуп, үзүрлүү натыйжа берүүдө.

**База отдыха — Эс алуу базасы** — калктын узак жана кыска мөөнөттүү эс алуусуна ылайыкташтырылып даярдалган мекемелер. Көбүнчө шаар айланасында, жаратылыш шарты дурус жерлерде жайгаштырылган. Мындай базаларда тамак-аш сатуу, спорт буюмдарын убактылуу берүү, түрдүү коомдук, маданий жана ден-соолук чыңоого байланышкан иштер жүргүзүлөт. Жаратылыш байлыктары (минералдуу суулар, дары баткактар ж. б.) кеңири керектелет.

**Водолечение — Суу менен дарылоо** — жаратылышта кездешкен

жер үстүндөгү, астындагы, минералдуу, жылуу, ысык сууларды дарылыкка, кишинин денесин чыңдоо максатында пайдалануу. Дене чыңдоодо сууну чачынуу, сүртүнүү жана душ, ванна сыяктуу ыкмаларды керектөө аркылуу жүргүзүлөт. Дарылоодо кычкылтек, көмүр кычкыл газы ж. б. кошулган суу толтурулган ванна керектелет. Табигый жол менен дарылоонун мындай түрү натыйжалуу болгондуктан азыр тез кеңейтилүүдө.

**География туризма — Туризм географиясы** — жаратылыш рекреация комплексине тиешелүү маселенин басымдуусун иликтөөчү социалдык-экономикалык география тармагы. Калктын социалдык-экономикалык жактан жашоо-тиричилигинин жакшырышы, бош убактыларынын арбышы, айлана-чөйрөнүн булганыуусу жана жаратылыштын кооз бөлүктөрүндө сейилдөө, эс алуу, ошондой эле саякатка чыгууга карата муктаждыктын кескин арбышы туризм географиясынын калыптанышына жана келечекте тез өнүгүшүнө олуттуу түрткү болууда.

**Гидрологический заказник — Гидрологиялык заказник** — жаратылышы бай, кооз көлмө, көл же дарыя. Мамлекет тарабынан булар атайын көзөмөлгө алынат. Айрымдарында илим изилдөө иштери жүргүзүлөт. Мындай жерлерге, саякатчылардын келүүсү жыл өткөн сайын тез көбөйүүдө.

**Горно-рекреационные районы — Тоо рекреация райондору** — тоо аймагында жайгашкан рекреация мекемелери, курулуштар тобу. Жер шарында мындай райондордун саны эң эле көп. Жаратылыш-рекреация байлыгы жеринин шарты, өздөштүрүлгөн өлчөмү жана келечеги жагынан кыйла айырмаланат. Тоодо рекреация комплекстерин калыптандыруу учурунда жаратылышын жеткиликтүү талдоону, экологиялык өзгөчөлүгүн, потенциалдуу мүмкүнчүлүгүн даана билүүнү талап кылат.

**Грязелечение — Баткак менен дарылоо** — жаратылыш байлыгын пайдалануунун бир түрү; түрдүү заттарга бай, дарылык касиети бар баткак түрлөрүн оорунун айрымдарын айыктырууга колдонуу. Көбүнчө оорукана, курорт, санаторийде сөөк, муун, ашказан, нерв, жүрөк ж. б. ооруга чалдыккан кишилерди дарылоодо кеңири таралган.

**Грязевое озеро — Баткактуу көл** — суу түбү баткакка бай көл. Баткактарда органикалык заттар арбын кездешкен курорттордо, санаторийде, оорукана дарылык үчүн кеңири жумшалат. Баткак кездешпеген райондор, аны башка жактан тартып келип керектешет.

**Дом отдыха — Эс алуу үйү** — калктын эс алуусуна жана ден соолугун чыңоосуна ыңгайлаштырылып жайгаштырылган мекеме. Көл, деңиз, көлмө, суу сактагыч, дарыя жээктеринде, тоо арасында же этегинде ж. б. жаратылыш-климат шарты дурус жерлерге

курулат. Биздин өлкөдө мындай үйлөр эң эле көп. Көлөмдөрү түрдүүчө. Негизинен жай мезгилинде иштейт.

**Емкость рекреационная — Рекреация сыйымдуулугу** — эс алуучуларды белгилүү өлчөмдө кабыл алууга жарамдуу жаратылыш рекреация аймагы. Токойдо, өрөөндө же деңиз, көл, суу сактагыч жээктеринде, жер шарттарына, алган орундарына карата рекреация сыйымдуулугу бири экинчисинен олуттуу айырмаланат.

**Емкость рекреационной территории — Аймактын рекреация сыйымдуулугу** — бир эле мезгилде белгилүү сандагы рекреанттарды кабыл алууга жарактуу өлчөмдөгү жаратылыш-рекреация ресурсу бар аймак. Бул атайын бекитилген нормативдердин негизинде аныкталат. Жаратылыш байлыгын баш аламан пайдалануу, эс алуучуларды ашыкча кабыл алуу, айлана-чөйрөнүн булгануусун, табигый шарттын жабыркашын тездетет.

**Зона отдыха — Эс алуу зонасы** — узак жана кыска мөөнөттүү эс алуучу, саякат же санатордук-курортту жайгаштыруучу жаратылыштын белгилүү аймагы. Көбүнчө жаратылыш шарты адам ден соолугуна жагымдуу жерлерден орун алат.

**Зона природного отдыха — Шаар айланасындагы эс алуу зонасы** — шаар четиндеги жаратылыш шарты дурус жерлерде эс алуу жайларын жайгаштыруу. Чоң шаарларда мындай зона шаардын башкы өнүктүрүүсүнө киргизилип, ал жерди өздөштүрүү райондун же ири ишканалардын жетекчилерине жүктөлөт. Эс алуу зонасын даярдоодо жаратылыш шарты, ресурстары, экологиялык абалы, келип-кетүүчүлөрдүн саны толук эске алынат.

**Кадастр рекреационный — Рекреация кадастры** — курорт рекреация, эс алуу комплекстерин жайгаштырууга ылайыктуу аймактарынын жаратылыш шарты жана курорт-дарылоого тиешелүү байлыгы тууралуу жыйналып, тартипке келтирилген маалымат.

**Карты туристическо-рекреационные — Туристтик-рекреация карталары** — туризм комплексинин өнүгүшүн, келечегин, курорт жана эс алуу жайларынын жайгашуу өзгөчөлүгүн камтыган карталар. Түрлөрү эң эле көп. Карталардын айрымдарында белгилүү региондун рекреация комплексине тийиштүү көпчүлүк объектилер, кооз жайлар, ресурстар камтылса, башкасында жалаң эле курорт мекемелерине тийиштүү же автомобиль туризмине байланыштуу белгилер көрсөтүлөт.

**Кемпинг — Кемпинг** — автотуристтерди жайгаштырууга жана маданий-тиричилик жактан убактылуу тейлөөгө ыңгайлаштырылып даярдалган атайын жайлар. Адатта кемпинг түнөк жай, автомобиль токтоочу аянт, ашкана, спорт аянтчасы, дүкөнү сыяктуу зарыл тейлөөлөрдү камтыйт.

**Климатотерапия — Климаттык дарылоо** — климат ресурстарын сыркоологон кишини дарылоого колдонуу ыкмасы. Медицина или-

минин келечектүү тармактарынын бири. Көбүнчө курорт райондорунда, ден соолук чыңоочу, эс алуучу жайларда көп кездешет.

**Комплекс рекреационных учреждений — Рекреация комплексинин мекемелери** — рекреация мекемелери адистештирилишинин жагынан тектеш же түрдүүчө, маданий-тиричилик жагынан тейлөөчү, көмөкчү чарбачылыгы, жашыл тилкелери, инженердик-тиричилик системасы чогуу жайгашкан комплекс. Жекече жайгаштырылган рекреация мекемесине салыштырмалуу мындай комплекстин артыкчылыгы көп.

**Коттедж — Коттедж** — шаар айланасында, курорт зоналарында жайгаштырылган бир же эки кабаттуу, жанында чакан жери бар үй. Курорт аймактарында коттедж көбүнчө үй-бүлөсү менен эс алууга ыңгайлуу кылынып курулат.

**Курорт — Курорт** — эс алууга жагымдуу жаратылыш ресурстары (минералдуу суу, ылай, климат ж. б.) жана аларды пайдаланууга керектүү дарылоочу шарты бар имарат. Пайдаланган ресурстарына жана жайгашкан географиялык абалына карата адистештирилет. М.: орун алышы жагынан деңиз жээгиндеги, тоо арасындагы жана түздүктөгү курортторго бөлүнөт.

**Курортная зона — Курорт зонасы** — курорт жайгаштырууга жаратылыш шарты, рекреация ресурстары жетиштүү, үй салууга ыңгайлуу келген жерлер. Ич ара санаторий-курорт, эс алуу, саякат, жалпы курортту тейлөө, спорт аянтчаларын жайгаштырууга ажырайт. Жаратылыш шартына жана ресурстарынын өлчөмүнө, сапатына жараша курорт зонасы рекреациянын тигил же бул түрүнө адистештирилет.

**Курортные леса — Курорт токойлору** — курорт, санаторий айланасында эс алууга, дарыланууга ыңгайлуулугу жагынан айырмаланган биринчи топко кирүүчү токой аянттары. Курорт токойлорунун арасына рекреация комплексине тиешеси жок мекеме, ишкананы жайгаштырууга, кыркып жок кылууга, ыпластоого, жол курууга тыюу салынат.

**Курортные поселки — Курорт кыштактары** — шаар калкы жайгашкан элдүү пункттардын бир түрү. Рекреация тармактарына тийиштүү иштерди тейлөөгө адистештирилет. Адатта, 2 миңден ашуун адам жашаган жана эс алуучулар арбын келүүчү элдүү пункттар таандык.

**Курортология — Курортология** — медицина илиминин өлүттүү тармактарынын бири. Курортология жаратылыш-рекреация ресурстарынын өзгөчөлүгүн, алардын адам ден соолугуна тийгизген таасирин, дарылоо, пайдалануу ыкмаларын изилдейт.

**Курортные факторы — Курорт факторлору** — курорттордо ден соолукту чыңоо жана оорулууну сакайтууга кеңири пайдаланылуучу жаратылыш шарты. Табигый минерал суулары, дары баткактар, ландшафт — климат шарттары, бийик тоолуу зоналар, түз

кени казылып алынган үңкүрлөр курорт факторлорунун өзөгүн түзөт.

**Лекарственные заказники — Дары-дармек заказниктери** — дары даярдалуучу өсүмдүктөр өскөн жер аянтын сактоо жана чөптү учурунда жыйнап алуу максатында корукка алуу. Заказниктерде дарылыкка жарамдуу чөптөр атайын көзөмөл нугунда жыйналып, ал жердин жаратылыш комплексине зыян тийбегидей чара көрүлөт.

**Лес рекреационный — Рекреация токою** — курорт имараттарын салууга, эс алууга, дарылоо ишин уюштурууга жарактуу табигый же атайын өстүрүлгөн токой тилкелери. Мындай жер толугу менен корукка алынып, өнөр жай ишканаларын жайгаштырууга, карагай кыркууга толук тыюу салынат.

**Лечебные грязи — Дары баткактар** — суу түбүнө чөккөн, саздак жерлерде чым көң түрүндө жыйналган дарылык касиети бар заттар. Сапаты, көлөмү жана медициналык жактан керектүүлүгү боюнча бир-биринен айырмаланат.

**Минеральные воды — Минералдуу суу** — адам ден соолугуна дарылык касиети бар жер астында арбын учураган табигый суу. Сууда күкүрт, иод, бром, темир сыяктуу элементтер жана көмүр кычкыл, күкүрттүү водород газдары арбын кездешет. Химиялык жана газ составы жагынан булар ич ара ажырайт. Булак катары жер бетине табигый түрдө агып чыгат же бургулоону талап кылат. Курорт-рекреация мекемелеринде кеңири керектелет.

**Парк рекреационный — Рекреация паркы** — эс алууга жана саякатчылардын тыныгуусуна ыңгайлаштырылып даярдалуучу табигый же атайын өстүрүлгөн токой тилкелери. Жаратылыштын түрдүү байлыктарынан тышкары маданий, тарыхый эстеликтерди кошо камтыйт. Бул ээлеген аймакта жаратылышты комплекстүү пайдалануу максатында рекреацияга тиешелүү айыл чарба тармактарын өнүктүрүү, чакан гидроэлектр станцияларын жайгаштыруу, балык көлмөлөрүн уюштуруу, көчөттөрдү отургузуу кеңири каралат. Ич ара эс алуу, спорт жана табият таануу болуп ажырайт.

**Природно-рекреационный заказник — Жаратылыш-рекреация заказниги** — жаратылыштын табигый өзгөчөлүгүн сактоо жана белгилүү өлчөмдө калктын эс алуусуна, туристтердин келишине жана саякат жасоого пайдаланылуучу заказник. Буларга кооз жерлер, жаңгак токойлору, үңкүрлөр, мөңгүлөр, шаркыратмалар, көл же дарыя жээктери жана башкалар кирет. Буга жыл өткөн сайын калктын кызыгуусунун күчөшүнөн улам, алардын аянты кеңейтилип, ыңгайлуу шарттар түзүлүүдө.

**Рекреант — Рекреант** — курорт, санаторий ж. б. рекреация жайларында дарыланып, эс алып же жаратылыштын кооз жерлеринде тарыхый эстеликтерге бай шаар, сейилдерде саякатта жүрүүчү

адам. Убакыт өткөн сайын жер шары боюнча рекреанттардын саны тез көбөйүп жатат.

**Рекреационная дигрессия — Рекреациялык дигрессия** — рекреация комплексин интенсивдүү, көбүнчө калыс өнүктүрүүнүн кесепетинен жаратылыш комплексинин жабыркашы. Рекреациялык дигрессиясы эс алуу зоналарында, шаар же өнөр жайдын тегерегиндеги токойлордо, токойлуу парктарда арбын кездешет. Анткени, эс алуучулардын басымдуусу жаратылыш байлыгын баалай албай, ага өгөй мамиле жасап, өсүмдүктөрүн тебелеп-тепсеп, жулуп, өрт чыгарып, жаныбарларын чочутушууда. Натыйжада рекреацияга жарактуу, ажайып кооз жерлер акырындап куту кетип, жаратылыш комплекси бүтүндөй жабыркап жатат.

**Рекреационная отрасль — Рекреация тармагы** — эл чарба комплексинин калыптануу нугундагы тармагы. Калктын курорт, санаторий, эс алуу жайларына карата болгон керектөөсүнүн артышы, жер кыдырып саякатка чыгуучу адамдардын тез көбөйүүсү рекреация комплексинин эл чарба тармактарынын ичиндеги ээлеген орду азыр кыйла бекемделүүдө. Курорттор, эс алуу, саякатка ылайыктуу жерлер, шаар айланасындагы эс алуу аянттары, токой тилкелери, рекреанттарды тейлөөгө адистештирилген ишкана, чарбалар кирет.

**Рекреационные ресурсы — Рекреация ресурстары** — калктын рекреацияга карата талабын камсыз кылууга жарактуу жаратылыш байлыгынын түрлөрү. Буларга минералдуу суулар, дарылык касиети бар баткактар, кумдуу жээктер, климаттын адамга жагымдуу элементтери, жаратылыштын түрдүү эстеликтери сыяктуу байлыктар кирет.

**Рекреационный центр — Рекреация борбору** — рекреация комплексин тейлөөгө тиешелүү түрдүү мекемелер. Үзгүлтүксүз иштөөчү рекреация борборунун карамагына мейманкана, ресторан, ашкана, суу бассейни, спорт сарайы, түрдүү оюн-шоокторго ыңгайлаштырылган жайлар кирет. Эс алуучуларды тейлөө боюнча адистештирилиши жагынан булар ич ара универсалдуу, спорт-эс алуу маданий, оюн-шоок жана балдарга ылайыкталган мекемелер болуп бөлүнөт.

**Рекреация — Рекреация** — эс алуу; белгилүү убакыт ичинде адамдын акыл эмгегине же кара жумушка чегерген күч кубатын калыбына келтирүү, жакшыртуу. Рекреациянын адамга тийгизген таасиринин натыйжалуулугу, анын иштеген ишине, ден соолугунун абалына жана жалпы эле социалдык-демографиялык факторлорунун өзгөчөлүгүнө жараша болот.

**Санаторий — Санаторий** — жаратылыш-рекреация ресурстарынын нугунда дарылоого ыңгайлаштырылып курулуучу жана тиешелүү жабдуулар менен жабдылуучу мекеме. Ич ара чоң кишилерди жана өспүрүмдөрдү тейлөө болуп ажырайт. Медициналык

жагынан адистештирилүүсү рекреация ресурстарынын түрүнө, өлчөмүнө сапатына тыгыз байланыштуу.

**Санитарно-курортные зоны — Санитардык-курорт зоналары** — дарылоо-курорт мекемелерине пайдаланууу үчүн атайын бөлүнүп берилүүчү жер аянты. Булар жер, токойго тиешелүү чыгарылган закондордун нугунда коргоого алынат. Мындай зоналарга курорт ресурстары жайгашкан эс алууга ыңгайлуу, жаратылыш-климаты ден соолукка жагымдуу жерлер кирет. Калктын дарылануусуна жана эс алуусуна, рекреация байлыктарын сактоо максатында бардык курорттордо санитардык коргоо боюнча тийиштүү чаралар көрүлөт.

**Территория рекреационная — Рекреация аймагы** — адамдардын эс алуусуна, ден соолуктарын жакшыртуусуна ылайыктуу кургак же суу аянтынын белгилүү шарты жана жайгашкан абалы боюнча ич ара ажырайт.

**Туризм — Туризм** — эс алуу, көңүл ачуу, жер кыдыруу максатында саякатка чыгуу. Ич ара кыска же узак мөөнөттүү; жергиликтүү же алыска; жекече же чогуу; спорттук же саякаттык болуп ажырайт. Эл аралык туризм саякаттын бир түрүнө кирет. Бийик тоо, чокуларга чыгуу туризми альпинизмге таандык. Бүт дүйнө жүзү боюнча туризм иши тез өнүгүүдө. Тарыхый эстеликтерди, жаратылышы кооз жерлерди, айрыкча тоо, мөңгү, шаркыратма, көл, үңкүрлөргө кызыккандардын саны улам барган сайын көбөйүп жатат.

**Туристическая индустрия — Туристтик индустрия** — туризмдин материалдык-техникалык базасын камсыз кылууну көздөөчү чарба тармактарынын бири. Булар аймак же өлкөнүн жаратылыш, материал, байлыктарынын нугунда калыптанат. Рекреация тармактарына салыштырмалуу бул туристтерди тейлөө, эл чарба тармактары менен тыгыз байланыштуулугу жагынан айырмаланат.

**Туристические ресурсы — Туристтик ресурстар** — туризм ишине пайдаланууга жарактуу тарыхтын, маданияттын, жаратылыштын баалуу эстеликтери, түрдүү кооз жерлер. Туристтик ресурстар жайгашкан жери, сапаты ж. б. көрсөткүчтөрү боюнча бааланат. Көбүнчө тарыхый чеп, эстелик, сепил же шаар менен жаратылыштын түркүн кооз жерлери, байлыктары шейкеш келүүчү аймактарда туризм иши ойдогудай өнүгөт.

**Туристический комплекс— Туристтик комплекс** — туризм ишине тиешелүү жана аны тейлөөчү имарат, мекеме жана ишканалар. Меймангкана, мотель, ресторан, кафе, бар, пляж, стадион, спорт аянты, суу бассейни, кинотеатр ж. б. кирет. Комплекстин мындай түрүн жайгаштырууда жаратылыш ресурстары жана шарттары эл чарбасынын өнүгүү өзгөчөлүктөрү толук эске алынат.

**Учреждения рекреационная — Рекреация мекемелери** — рекреация боюнча тейлөөнү камсыз кылууга адистештирилген меке-

мелер. Буларга санатордук-курорттордо дарылоо, эс алуу үйлөрү жана саякат ишине байланышкан түркүн мекемелер кирет.

**Центр природно-рекреационный — Жаратылыш-рекреация борбору** — рекреация ишин тейлөөгө тиешелүү мекемелердин белгилүү аянтта чогуу жайгашуусу. Негизинен тамактануу, түнөк, маданий массалык жактан тейлөө, туристтердин шаймандарын берүү бөлүмү, ошондой эле соода-сатык, саякат, административдик-чарба жайларын камтыйт. Ич ара адистештирилүүсү жагынан бир нече түргө бөлүнөт.

**Центр туристический — Туристтик борбор** — туристтерди тейлөөгө ылайыкталуучу ишкана, мекеменин очогу. Көбүнчө турист маршруттары кеңири таралган жаратылышы кооз, тарых, архитектура, табигый эстеликтери көп аймактардагы кыштак же шаарда орун алат.

**Экология рекреанта — Рекреант экологиясы** — рекреация аймактарында дарылануучу жана эс алуучу адамдарга айлана-чөйрөнүн тийгизүүчү таасирин иликтеген илим тармагы.

# МАЗМУНУ

Кириш сөз . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3
**БИРИНЧИ БӨЛҮМ. Туризмдин өнүгүшү жана туризм географиясынын экономикалык география тармагы катары калыптануусу** 5
1.1. Туризм географиясы тууралуу жалпы түшүнүк . . . . . . 5
1.2. Туризмдин өнүгүү жолу . . . . . . . . . . . . 10
1.3. Туризмди өнүктүрүүнүн башкы факторлору . . . . . . 16
1.4. Туризмди калыптандыруунун регионалдык өзгөчөлүгү . . . . 23
1.5. Туризм индустриясынын экономикалык мааниси . . . . . 29
**ЭКИНЧИ БӨЛҮМ. Туризм географиясынын илимий-теориялык өзөгү** . . 35
2.1. Туризмди өнүктүрүүнүн илимий-методикалык өзгөчөлүгү . . . 35
2.2. Жаратылыш-рекреация ресурстарын экономикалык баалоонун методикасы . . . . . . . . . . . . . . 39
2.3. Туризм индустриясын классификациялоо . . . . . . . 45
**ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ. Кыргызстанда туризмди өнүктүрүүнүн негизги шарттары жана азыркы абалы** . . . . . . . . . . 53
3.1. Туризмди өнүктүрүүнүн жаратылыш шарттары . . . . . 53
3.2. Рекреация ресурстары . . . . . . . . . . . 60
3.3. Туризмдин азыркы абалы . . . . . . . . . . . 67
3.4. Туризмди өнүктүрүүнүн келечеги . . . . . . . . 73
3.5. Туризм алкагындагы рекламанын орду . . . . . . . 80
3.6. Туризм жана экология . . . . . . . . . . . 85
**ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ. Кыргызстандын аймагын рекреациялык жактан райондоштуруу жана туризмдин келечеги** . . . . . 92
4.1. Рекреациялык райондоштуруу . . . . . . . . . 92
4.2. Ысык-Көл курорт районунун келечеги . . . . . . . 97
4.3. Чүй рекреация районун калыптандыруу өзгөчөлүгү . . . . 105
4.4. Түштүк Кыргызстан рекреация районунун келечеги . . . . 110
4.5. Тянь-Шань рекреация району . . . . . . . . . 115
4.6. Талас рекреация району . . . . . . . . . . . 117
**БЕШИНЧИ БӨЛҮМ. Кыргызстандын туризм инфраструктурасын дүйнөлүк талапка ылайык келгидей өнүктүрүү маселеси** . . 119
**АЛТЫНЧЫ БӨЛҮМ. Кыргызстанда эл аралык туризмди өнүктүрүүнүн концепциясы** . . . . . . . . . . . . . . 131
**КОРУТУНДУ** . . . . . . . . . . . . . . . . . 143
**Туризмге тиешелүү орусча-кыргызча айрым терминдер** . . . . . 144

**Атышов К.**

## КЫРГЫЗСТАНДЫН ТУРИЗМ ГЕОГРАФИЯСЫ

Редактору *У. Суракматова* Тех. редактору *М. Курбанбаева*
Корректору *Т. П. Громова*

Терүүгө берилди 26. 04. 96 ж. Басууга кол коюлду. 6. 06. 96 ж. Форматы 60×84 1/16. Кагазы офсет № 1. Физ. б. т. 9,5, шарттуу басма т. 8,83. Нускасы 1000. Заказ № 16.

«Акыл» мамконцерни
«Шам» басмасы, Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, Бишкек шаары, Т. Суванбердиев көчөсү, 102.

**ТҮЗӨТҮҮ** **Заказ 16.**

| Бети | Басылганы | Сабы | | Туурасы |
|---|---|---|---|---|
| | | үстүнөн | астынан | |
| 25-б. | регииндорун | 8-сап | | региондорун |
| 30-б. | Гааго | 16-сап | | Гаага |
| 37-б. | комплекстерин | 11-сап | | комплекстеринде |
| 40-б. | практикасына | | 7-сап | практикасында |
| 81-б. | Белгия | | 19-сап | Бельгия |
| 93-б. | З. А. Қаменова | | 10-сап | З. А. Қаменева |
| 105-б. | илгерилген | 6-сап | | илгерилеген |
| 106-б. | дагы бир | 2-сап | | дагы бири |
| 106-б. | юштуруугa | | 20-сап | уюштуруугa |
| 107-б. | орундарын | | 4-сап | орундардын |
| 132-б. | чегерелишине | | 19-сап | чегерилишине |
| 150-б. | Учреждения рекреационная | | 2-сап | Учреждения рекреационные |